Ч.К. Найманова, А.О. Кулубекова

Монография

Англис, кыргыз жана орус тилдериндеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялары

Бишкек 2019

УДК 80/81
ББК 81
Н 20

Рецензенттер: филология илимдеринин доктору, профессор М.А. Атакулова; филология илимдеринин кандидаты, доцент Калыгулова С. Ш.

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Редакциялык-басма иш кеңешини тарабынан басмага сунушталат (токтом № 6. 1819, 29.03.2019ж.)

Найманова Ч.К., Кулубекова А.О.

Н 20 Англис, кыргыз жана орус тилдериндеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялары. – Б.: 2019. - 173 б.

ISBN 978-9967-08-803-0

Монографияда тилдин грамматикалык бирдиктери бири-бири менен белгилүү бир мамиледе болушу, жакын турган мамиледеги бирдиктердин ырааттуу кенен жайылган, чынжыр түрүндөгү катар байланыштары, ошол грамматикалык класстын чегинде, бири-бири менен тыгыз байланышта болгон мамилелердин бирдиктери же системалуу түр өзгөртүүчү кандайдыр бир бирдиктер (модификация), б.а., бир сызыктуу эмес мамилелердин да болуусу каралат. Бир сызыктуу мамиле синтагматикалык, ал эми бир сызыктуу эмес мамилелер парадигматикалык экендиги белгиленет. Ошол эле бирдиктердин ар түрдүү грамматикалык маанилери сөздөрдүн формаларынын парадигматикалык мамилелеринде же синтаксистик конструкцияларында ачык-айкын көрүнүшү такталат.

Бул изилдөөнүн келечектүүлүгү (перспективасы) тилдин түзүлүшү аналитикалык-синтетикалык түзүлүшкө ык койгон флективдүү англис тилиндеги, флективдүү синтетикалык орус тилиндеги жана морфологиялык түзүлүшү боюнча агглютинативдүү тилдерге кирген кыргыз тилиндеги грамматикалык категориялар системаларынын функционалдык-семантикалык талааларын түзүүгө өбөлгө түзүүсү көрсөтүлөт. Монография өз кезегинде жалпы тил илимине, салыштырма-типологиялык, тарыхый тил илимине айрым материалдарды берип, эки тилдүү сөздүктөрдү түзүүгө, окуп-үйрөнүүгө да көмөк көрсөтүүгө арналат.

Н 4602000000-19

ISBN 978-9967-08-803-0

УДК 80/81
ББК 81
@Найманова Ч. К.,
Кулубекова А. О., 2019

МАЗМУНУ

МАЗМУНУ 2
КИРИШҮҮ 3
1-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ 8
1. 1. Тектеш эмес тилдерди типологиялык изилдөөнүн жалпы маселелери 8
1.2. Тектеш эмес тилдердеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн типологиясы 14
1.3. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялары 28
Биринчи бап боюнча корутунду 40
2-БАП. АНГЛИС, ОРУС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ МААНИ БЕРҮҮЧҮ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮНҮН ГРАММАТИКАЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН СТРУКТУРАЛЫК ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТАРЫ 42
2. 1. Зат атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары 42
2. 2. Этиштин грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары 89
2. 3. Сын атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары 128
2.4. Тактоочтун грамматикалык категориясынын өз ара байланышы 138
2.5. Ат атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары 147
2. 6. Сан атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары 156
Экинчи бап боюнча корутунду 163
КОРУТУНДУ 169
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ 173

КИРИШҮҮ

Кубулуштардын өз ара байланышы курчап турган дүйнөнүн жашашынын жалпы мыйзам ченеми болуп саналат. Ага ылайык чындыктагы бардык предметтер жана кубулуштар өз ара байланышта болуп, ар бир кубулуш башка көптөгөн мамилелер, айлануулар жана таасир этүүлөр ж.б. менен өз ара тыгыз катнашта болушат.

Грамматикалык категориялар системасындагы тилдик өз ара байланыштар, таасир этүүлөр кубулуштардын универсалдык өз ара байланыштарынын өзүнчө, жеке көрүнүшү болуп, тил бирдиктеринин байланыштарынын жана шартташууларынын динамикалык жана статистикалык процесстеринде көрүнөт. Тил илиминде грамматикалык категориялардын байланыштарын белгилеп көрсөтүүдө тил бирдиктеринин жалпылык жана өзгөчөлүк мамилелерин да аныктайт. Мисалы, зат атооч менен сын атоочтун категорияларынын өз ара байланыштарын аныктоо үчүн лингвисттер алардын дифференциялоочу жана интеграциялоочу белгилерине басым коюшат: зат атооч предметти атайт, ал эми сын атооч предметтин белгисин көрсөтөт. Бул сөз түркүмдөрүнүн диахрондук өнүгүшү алардын интеграцияланышын ачык көрсөтөт. Генетикалык жактан бул эки топтогу сөздөр предметти жана белгини бөлүп көрсөтпөгөн жалпы предметтик категорияга биригет. Алар реалдуу чындыктагы предметтердин жана процесстердин өз ара мамиледе болуу фактыларын туура чагылдыргандыктан өз ара байланыштарды дифференциациялардын жана интеграциялардын диалектикалык биримдиги катары кароо жөндүү.

Азыркы лингвистикалык изилдөөлөрдө тил бирдиктеринин жана категорияларынын өз ара байланышын аныктоодо өзгөчөлүктөрдү жана жалпылыктарды белгилөө маанилүү. Тилдик байланыштар лингвистикалык объектилердин көп кырдуулугу жана татаалдыгы менен шартталган ар түрдүү формаларда көрүнөт. Грамматикалык категорияларды камтыган байланыштардын жана мамилелердин көп түрдүүлүгү ал байланыштарды ар түрдүү негиздерде классификациялоонун зарылдыгын аныктап турат. Бирдиктердин тилдик жана кептик деңгээлдердеги кызматына жараша алардын парадигматикалык жана синтагматикалык байланыштары ажыратылат. Тил системасындагы ар түрдүү

деңгээлдерди жана подсистемаларды бөлүп көрсөтүү - ал деңгээлдердин жана подсистемалардын бирдиктеринин өз ара аракеттерин аныктайт. Ушундан улам тил бирдиктеринин бири-бирине маңыздуулук/маңызсыздык, туруктуулук/туруксуздук, тике/кыйыр тийгизген таасирлери такталып, иерархиялык байланыштарынын чектери көрсөтүлөт. Натыйжада, тилдин фоносемантикалык, лексикалык, лексика-грамматикалык, грамматикалык жана синтаксистик подсистемаларындагы лексикалык, грамматикалык, тексттик денгээлдердеги бирдиктердин байланышы аныкталат. Тилдик иерархиялык байланыштардын маанилүү түрү болуп, тилдик бирдиктердин, категориялардын же подсистемалардын элементтеринин ортосундагы ички деңгээлдик байланыштар эсептелет. Алар тилдик бирдиктердин же категориялардын компоненттеринин ортосундагы маанилүү, мыйзам ченемдүү жана алда канча туруктуу мамилелерди көрсөтүп турат, б.а., терең жана көмүскө байланыштарды көрсөтөт. Ар түрдүү деңгээлдердеги тил бирдиктеринин сырткы же деңгээлдер аралык байланышы да мааниге ээ. Алар бүтүндөй тил системасынын жана анын ар түрдүү бөлүктөрүндөгү бирдиктердин өз ара таасир этүүлөрүн шарттап турат.

Грамматикалык категориялар өз ара тыгыз байланышта болуп, өз ара жуурулушуп кетүүгө чейин барышат. Мисалы, этиштин түр категориясы чак категориясы менен; зат атоочтун сан категориясы башка сөз түркүмдөрүнүн сан категориялары менен; жак категориясы этиштерди жана ат атоочторду байланыштырса; жөндөмө категориясы атооч сөздөрдү этиштер менен этиштин атрибутивдик формасы – атоочтук аркылуу байланыштырат. Ошентип, грамматикалык категориялардын байланышы бир сөз түркүмүнүн алкагында да, ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн ортосунда да боло тургандыгы байкалат. Натыйжада, бул комплекстүү изилдөө тил кубулуштарынын өз ара таасир этүү, дифференцияланууу жана интеграцияланууу теориясынын өнүгүшү, тилдин сөздүк курамынын мындан ары өзгөрүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн актуалдуулукка ээ.

Изилдөөнүн объектиси – англис, орус жана кыргыз тилдериндеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялары катары: сан, род, жөндөмө, белгилүүлүк/белгисиздик, чак, ыңгай, мамиле, жак жана салыштырма даражалар эсептелет.

Изилдөөнүн предметин – англис, орус жана кыргыз тилдериндеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категорияларынын өз ара таасир этүү процесси, алардын ортосундагы мамилелердин типтери түзөт.

Изилдөөнүн негизги **максаты** – англис, орус жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык категориялар системасындагы өз ара байланыштарды, өз ара таасир этүүлөрдү изилдөө болуп саналат. Коюлган максатка ылайык изилдөөдө төмөнкүдөй милдеттер аткарылды:

- изилдөөгө байланыштуу эмгектерди терең өздөштүрүп, каралып жаткан тилдердеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн өз ара байланышын, карым-катышын, таасир этүүлөрүн грамматикалык категориялар системасында типологиялык изилдөө жүргүзүү;

- тилдериндеги зат атоочтордун сан, род, жөндөмө, белгилүүлүк/белгисиздик грамматикалык категорияларын иликтөө;

- салыштырылып жаткан тилдердеги этиштердин сан, род, жак, чак, ыңгай жана мамиле грамматикалык категорияларына типологиялык талдоо жүргүзүү;

- англис, орус жана кыргыз тилдердеги сын атооч, тактооч, ат атооч жана сан атоочтордун грамматикалык категорияларын иликтөө;

- каралып жаткан тилдердеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялар системасындагы өз ара байланыштарды, өз ара аракеттерди типологиялык талдоого алуу.

Изилдөөнүн **илимий жаңылыгы** ар түрдүү системалардагы тилдердин грамматикалык категорияларынын ортосундагы байланыштарды жана көз карандылыктарды алардын диалектикалык биримдигинде жана өз ара таасир этүүлөрүн комплекстүү изилдөөгө болгон аракет менен аныкталат. Мындай мамиле каралып жаткан категориялардагы семантикалык байланышты аныктоого, бир катар компоненттердин семантикасындагы жалпылыкты жана алардын семантикалык өнүгүүсүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн, о.э., өзгөчөлүктөрүн тактоого өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн материалы катары: англис, америкалык, орус жана кыргыз авторлорунун көркөм чыгармаларынан, окуу китептеринен мисалдар иргелип талдоого алынды. Талдоого ар бир тилден 2000ден ашык тил бирдиктери, бардыгы 6000ге жакын бирдиктер материалдар катарында кызмат аткарды.

Изилдөөнүн **теориялык маанисиментрограммалык** иште аткарылган изилдөөлөр жана алар боюнча чыгарылган корутунду-тыянактар тил кубулуштарынын системасын когнитивдүү сыпаттоого, англис, орус жана кыргыз тилдеринин функционалдык грамматикасына кызыккандарга жана изилдөөчүлөргө керектүү маалыматтарды бере алышы менен аныкталат.

Салыштырылып жаткан ар бир тил үчүн өз ара байланышкан жана өз ара аракеттешүү аркылуу грамматикалык категориялардын функционалдык-семантикалык талааны түзүүгө негиз болгон этиштик категориялардын түшүнүктүк-семантикалык жана лексика-грамматикалык системаларынын өз ара шартташууларга ээ экендиги жөнүндөгү жобо теориялык баалуулукка ээ.

Илимий изилдөөнүн **практикалык маанисиментрограммалык.** Изилдөөнүн материалдары, корутундулары жалпы тил илими, теориялык жана практикалык грамматика, салыштырма типология предметтери боюнча өтүлүүчү лекциялык курстарда, практикалык сабактарда, атайын курстарда колдонулуп, курстук, дипломдук иштерди жазууда, окуу куралдарын иштеп чыгууда керектүү материал катары пайдаланылышы мүмкүн.

Коюлган милдеттерди ишке ашыруу изилдөөнүн жалпы багытына жана принциптерине жана алынган илимий натыйжаларга негизделген теориялык комплекстүү базада жүргүзүлдү. Иштин теориялык базасы катары теориялык грамматика, семантика жана когнитивдик лингвистика багытындагы эмгектер, ата мекендик жана чет элдик А.В. Бондарко, Т.В. Булыгина, Ю.Д. Апресян, А.Д. Аракин, Е.С. Кубрякова, А. А. Бекбалаев, Дж. Буранов, А.И. Смирницкий, С. Давлетов, Д. Исаев, М.Я. Блох, З.К. Дербишева, А.Джолдошбеков, К. Дыйканов, А. Жапар, Дж. Лакофф, Х. Сунт, К. Бакеев, Ч.К. Найманова, Э. Рош ж.б. көптөгөн лингвисттердин жалпы теориялык жана атайын эмгектери алынды.

Алдыга коюлган милдеттерге жараша бул монографиялык иште өз ара бири-бири толуктаган методдордун комплекси, т.а., алынган натыйжаларды талдоону жана аларды тиешелүү теориялык концепциянын нугунда сыпаттоого өбөлгө түзгөн сыпаттама-аналитикалык метод; жөндөмө грамматикасынын элементтерин тартуу менен семантикалык талдоо методу; каралып жаткан бирдиктер өзүнчө каралбастан тексттин фрагментинин курамында каралган контекстуалдык талдоо методу; сандык эсептөөлөрдү жүргүзүү методу ж.б. колдонулат.

Монографиялык иштин түзүлүшү изилдөөнүн логикасына жана жалпы принциптерине ылайык киришүүдөн, эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

1-БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

1. 1. Тектеш эмес тилдерди типологиялык изилдөөнүн жалпы маселелери

Азыркы тил илиминдеги актуалдуу багыттардын бири - тилдерди салыштырып изилдөө эсептелет. Биздин өлкөдө жана чет өлкөлөрдө да салыштырып изилдөөнүн ар түрдүү аспектилерине арналган конкреттүү изилдөөлөрдүн саны өсүүдө. Тилдерди лингвистикалык теориялык (тилдин тектештигин, ар түрдүүлүгүн табуучу лингвистикалык фактылар) жана лингвистикалык колдонмо планында (чет тилди эне тилине таянуу менен үйрөнүү) салыштырып изилдөө байыркы мезгилдерден башталат.

В.Г. Гак өзүнүн “Новое в зарубежной лингвистике” деген китебинде белгилегендей “тилдерди салыштыруу тилдердин вавилондук аралашуусунан кийин дароо эле пайда болгон жана уламышка ылайык бирдиктүү тилдин ордуна тилдик ар түрдүүлүк келип чыккан” [36:5]. Бирок, тил жөнүндөгү илимдин өзгөчө бөлүгү катары тектештирме лингвистика салыштырмалуу кийинчерээк пайда болгон б.а., ал өзүн “жыйырма жыл мурун” изилдейт, өзүнүн методикасын коргоого жана негиздөөгө, өзүн көрсөтүп жана пайдалуу экендигин далилдөөгө умтулат” [36:5].

Тилдерди салыштыруу идеясы мурда эле пайда болгон. Алгачкы француз грамматиктери: Ж. Дюбуа 1531-жылы өз тилин латын тили, А. Этьенн 1579-жылы грек тили менен салыштырган. Бирок, тил илиминин өзгөчө бөлүгү катары типология ар түрдүү тилдер боюнча билимдин топтолушу менен XIX кылымда өнүгө баштаган. Типологиянын биринчи тажрыйбасы морфология бөлүмү боюнча жүргүзүлгөн. Ф. Шлегель (1809) тилдерди аффиксалдуу жана флективдүү деп бөлгөн. Кийин В. Гумбольдт жана башка окумуштуулар тарабынан морфологиялык типология алда канча алгылыктуу иштелип чыккан. В. Гумбольдт, тилдеги сөздүн тигил же бул типтеги морфеманы өзүнө кошуп алуу жөндөмдүүлүгүнө жараша тилдерди типологиялык классификациялоону сунуш кылган.

А.И. Смирницкийдин аныктамасында “морфема – бул тилдин эң кичинекей бирдиги, ал тилдин дээрлик маанилүү, б.а., бардык сырткы (үндүк) жана ички (маанилик) белгилерине ээ” [108:103].

В. Гумбольдт бардык тилдерди элементтеринин татаалдык даражасына жана структурасына карай: агглютинативдик, флективдүү, инкорпоративдүү, изоляциялуу деп төрт класска бөлгөн. В. Гумбольдттун окуучусу жана ишин улантуучу немис тил изилдөөчүсү Г. Штейнталь (1823 - 1899), айрым сөздөргө эмес, алардын арасындагы синтаксистик байланышына көңүл бөлүп, дагы бир типологиялык белгини толуктоо менен, морфологиядан синтаксиске өткөн.

Америкалык лингвист Э. Сепир (1884-1939), тилдердин түзүлүшүнүн эволюциясын карап, примитивдүү изоляциялык типтен бир кыйла татаал флективдүү типти сунуш кылган. Ал тилдин аналитикалык тибин бөлүп көрсөткөн. Ошентип, тилдердин типологиялык классификациясы тилдин морфологиялык жана синтаксистик системасына негизделет жана мындан тилдин: аморфтуу, агглютинативдүү, синтетикалык жана аналитикалык деген төрт тиби келип чыкканын белгилөөгө болот.

Прага лингвистикалык кружогу тилдин эволюциясын үйрөнүүдө ар түрдүү системадагы тилдерди изилдөөнүн зарылчылыгын белгилейт. Б. Трнка “аналитикалык салыштыруу” деген түшүнүктү алып чыгып негиздеген [158:31] жана ал түшүнүк башка прагалык окумуштуулар В. Матезиус, Н.С. Трубецкойлор тарабынан синхрондук жана структуралык салыштыруунун процедурасы катарында түшүндүрүлгөн. Ошого байланыштуу “аналитикалык салыштыруу” Прага лингвистикалык мектебинин терминдеринде статистикалык (синхрондук) методдун процедурасы катарында интерпретацияланган, ал эми тарыхый салыштыруу диахроникалык методдун түшүндүрүлүшүнө тиешелүү катары каралат.

Типологиялык жана салыштырма тил үйрөнүү эки жалпы милдетти камтыйт. Тилдерди салыштырма үйрөнүүнүн жалпы милдеттерин төмөндөгүдөй аныктоого болот:

-ар түрдүү тилдердеги тилдик каражаттарды колдонуу окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктайт;

-ар бир салыштырылуучу тилдин өзгөчөлүгүн жакшы аныктоого шарт түзөт [36:9].

Тектештирме-тарыхый, салыштырма жана типологиялык тил илими тил жөнүндөгү илимдин бөлүгүнүн аралаш багыттагы маңызы болуп эсептелет. Ф. де

Соссюр тилдерди мындай айырмалоонун негизинде синхрония-диахрония принциптери жатат деп белгилеген.

Тил илиминин салыштырма (тектештирме-тарыхый) багыты байыркы традицияга ээ. Анын теориясы, обьектиси жана усулу XIX кылымда эле анын негиз салуучулары Ф. Бапп, Р. Раск, Я Грим, А. Востоковдор тарабынан толугу менен негизделген. Бул багыт тил илиминде, тилдерди диахронияда (көбүнчө индоевропалык тилдерди), алардын генетикалык келип чыгышын тектеш жана өтө жакын тектеш тилдерде изилдейт. Мындай изилдөөнүн акыркы максаты индоевропалык тилдердин түпкү тегин табуу болуп эсептелген [50:3-4].

Ал эми тил илиминдеги тектештирүү багыты (тектештирме-типологиялык) бир кыйла жаш. Анын теориясы, обьектиси жана изилдөө усулу В.Д. Аракин, В.Н. Ярцева, В.Г. Гак ж.б. сыяктуу окумуштуулар тарабынан негизделген. Бул багыт бири-бирине тектеш эмес же бири-биринен алыскы тектештикте турган тилдерди синхронияда изилдейт. Бул -тил илиминин тилге болгон системалуу мамилесин мүнөздөйт. Мында айрым тилдик фактылар эмес, салыштыруулучу тилдердин класстары, системалары, анын ичинде, фонетика-фонологиялык, морфологиялык, лексикалык, сөз айкаштык жана синтаксистик системалары териштирилет [131:110].

Контрастивдүү изилдөөнүн теориялык багытында тилдин жалпы планында жана айрым деңгээлдеринде алынган соңку натыйжалар В.Г. Гак, В.Н. Ярцева, В.Д. Аракин жана башкалардын эмгектери менен тыгыз байланыштуу.

Герман-түрк тилдерин салыштырып изилдөөнүн башатында З.З. Гатиатуллин, Д. Буранов, У.К. Юсупов жана башка лингвисттер турат. Окумуштуулар герман жана түрк тилдеринин лингвистикалык, лингвоусулдук *перспективаларын* көрсөтүштү жана милдеттерин аныкташты. Ошентип, лингвистикалык милдеттердин негиздеринин бири катары, “салыштырылуучу тилдердин туура келүү жана туура келбөө системаларын аныктоо”, ал эми лингвоусулдук милдети катары “тилдер аралык салыштыруунун жол-жобосун иштеп чыгуу аркылуу бөтөн тилди үйрөнүүнүн жолун аныктоо” [129:135] эсептелет.

Герман жана кыргыз тилдерин салыштырып изилдөө биздин республикада 60-жылдардын аягынан башталган. Бул негизинен, ар түрдүү системадагы тилдердин грамматикалык түзүлүшүн изилдөөгө арналган. Англис жана кыргыз тилдеринин

материалдары боюнча илимий эмгектер В.М. Карпов, Ж.К. Сыдыков, Н. Ирсалиева, А.К. Шаменова, Т. Турсуналиев, Б. Исмаилова, Ч.К. Наймановалар, ал эми немис-кыргыз тили боюнча А.А. Бекбалаев, А. Жолдошбеков, К. Умаров, Р. Чойбеков, К. Жумабаевдер тарабынан иштелип чыккан.

Биз салыштырып жаткан тилдер (англис, кыргыз, орус) түрдүү тилдик тайпаларга жана топторго тиешелүү. Англис тили индоевропалык тобундагы, герман тилинин батыш бутагынын тайпасына [24:92], “кыргыз тили алтай тили менен чогуу түрк тилдеринин чыгыш-хунн бутагынын кыргыз-кыпчак тайпасына” [15:266] киргендиктен, бул тилдердин эч кандай генетикалык катыштыгы жок экенин көрүүгө болот. Англис, орус, кыргыз тилдеринин ар түрдүү системада экендигин белгилөө менен ал тилдердин морфологиялык системасына ылайык аталган тилдер ар түрдүү структуралык-грамматикалык системага тиешелүү экендигин көрсөтөбүз.

Англис жана орус тилдери флективдүү тилдерге кирип, сөздөрдүн өзгөрүүсүндө флективдүүлүк мүнөздүү, башкача айтканда, сөздүн өзгөрүшү флексиянын натыйжасында жүрөт; флексия бул жерде бир канча категориалдык формаларда болот. Кыргыз тили өзүнүн морфологиялык системасы боюнча агглютинативдүү тилдерге кирет. Мында сөздүн формасы флексиянын өзгөрүүсү менен эмес, агглютинация жолу менен түзүлөт жана ага ылайык уңгуга кошулган ар бир мүчө бир гана грамматикалык мааниге ээ болот [16:267].

Демек, каралып жаткан тилдер ар түрдүү системаларга жана топторго киришет. Англис тили аналитикалык типтеги тилдердин катарына кирип, андагы грамматикалык мамилелер синтетикалык тилдер сыяктуу сөздүн өзгөрүшү, башкача айтканда, сөздүн формасынын аймагында морфеманын грамматикалык орун алмашуусу менен эмес, кызматчы сөздөр, сөз тартиби, интонациясы менен туюндурулат. Кыргыз тили бир маанилүү, стандарттуу мүчөлөрдүн туруктуу уңгуларга белгилүү ырааттуулукта улануусу аркылуу сөз жасалган агглютинативдүү тилдерге кирет. Орус тилинде грамматикалык маани сөздүн өзүнүн ичинде (аффиксация, ички флексия, басым, супплетивизм ж.б.), көрсөтүлөт, б.а., ал сөздүн өзүнүн формасы аркылуу туюндурулган синтетикалык тилдердин тибине кирет. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн маанилерин түшүндүрүүдө аналитикалык

түзүлүштүн (кызматчы сөздөр, маани берүүчү сөздөрдүн тартиби, интонация ж.б.) элеметтери колдонулушу мүмкүн.

Синхрондук-салыштырма тил илиминин акыркы он жылдыкта ар түрдүү өлкөлөрдөгү интенсивдүү өнүгүшү, анын ичинде, англис тилинин орус, жана кыргыз тилдери менен салыштырылуусу, таанып билүүчүлүк гана эмес практикалык мүнөздөгү мааниге да ээ. Информациялык революциянын азыркы доору жана калыптанып жаткан “маалыматтык коом” маанилүү деңгээлде көптөгөн тармактардагы жашоолордун өнүгүшүн, калыптанышын артка тарткан маалыматтык кризиске болгон реакциянын натыйжасы болуп эсептелет.

Ошентип, салыштырма тил илими өз алдынча багыт катары, өзү жөнүндө жарым кылым мурда билдирип, азыркы мезгилде активдүү өнүгүүсүн улантууда. Окумуштуулардын тилди салыштырып изилдөө проблемаларына болгон кызыгуулары жаңы усулдар, методикалар менен толукталган изилдөөлөрдүн методологиялык базасын кеңейтүүдө тилдин ар түрдүү деңгээлинде, тилдик айрым негиздердин ортосундагы себептик изилдөө байланышын табуу, болумуштун талдоочу жаратылышын түшүнүүгө гана мүмкүндүк бербестен, салыштырылуучу тилди алып жүрүүчүлөрдүн ойлоо иш-аракеттеринин жыйынтыктарын объектилөөдөгү мүмкүн болгон тилдердин ортосундагы асимметриянын да себептерин териштирет. Бул пикир англис, орус, жана кыргыз тил илимдериндеги салыштырып изилдөөнүн натыйжаларында тастыкталып турат. Англис, орус, жана кыргыз тили сыяктуу тектеш эмес тилдердеги грамматикалык категориялардын семантикалык, структуралык мамилесиндеги бирдей эмес функционалдык кызматтары, көп тараптан бытиенин онтологиялык категориясын тилдик жамааттар аркылуу таанышты руунун түрдүү жолдорун жана статистикалык, динамикалык дүйнөнүн образын түзүүнү түшүндүрөт. Бул жерде эң маанилүү орунду белгилүү сөз бөлүктөрүнүн грамматикалык категорияларын салыштырып изилдөө турат. Мисалы, салыштырылып жаткан тилдердеги грамматикалык категориянын санынын, структурасынын окшоштугуна карабастан, орус тили англис жана кыргыз тилдерине караганда көбүрөөк плюралдуулукка ээ. Орус тили дистрибутивдүү көп сандуулукка, бардык учурларда көптүк сандын формасына артыкчылык берет.

Орус, англис жана кыргыз тилдериндеги динамикалык дүйнөсүн объективдештирүү жолдорундагы айырмачылыктарды табууда, ыңгайдын формаларынын функционалдык кызматтарын салыштырып изилдөөнүн жыйынтыктары жакшы натыйжа берет. Модалдык маанилердин ар түрдүү палитрасы орус тилинде дифференцияланган мааниге ээ, т.а., шарттуу жана буйрук ыңгайдын, инфинитивдин формалары түрдүү грамматикалык категориялардын формасын колдонуу жолу менен көрсөтүлөт. Ал эми англис тилинде болсо, ошол эле маанилердин палитрасы дифференциялуу эмес, башкача айтканда, кондиционалдын формасы менен түшүндүрүлөт. Ошентип, тилдик каражаттар ой жүгүртүүнүн чагылдыруучу ишмердигине өзүнүн шарттарын коет.

1.2. Тектеш эмес тилдердеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн типологиясы

Ата мекендик окумуштуу-лингивисттердин көпчүлүгү, сөз түркүмдөрүн негизги жана кызматчы деп салттуу түрдө экиге бөлүшөт. Кызматчы сөз түркүмдөрү грамматикалык функцияга ээ болгон затка тике катышынын жоктугу менен айырмаланган сөз түркүмү катары аныкталат. Кызматчы сөздөр катары жардамчы (же жарым-жартылай жардамчы) этиштер, ошондой эле байламтанын кызматын аткаруучу кээ бир ат атоочтор жана тактоочтор болушу мүмкүн. Бардык окумуштуулар “негизги” сөз түркүмдөрү катары: этишти, зат атоочту, сын атоочту жана тактоочту бөлүп көрсөтүшөт. Англис тилинде сөз түркүмүнүн мындай классификациясы өтө көп кеңири тараган. В.Н. Жигадло, И.П. Иванов, Л.Л. Иофик сөз түркүмдөрүнүн үч белги боюнча бөлүнөөрүн белгилөө менен, синтаксистик белгинин азыркы англис тилиндеги ролун жогору коюшат, кээ бир сөз түркүмдөрүн эки белгинин негизинде бөлүп көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн белгилешет [55:49].

Категориалдык жана грамматикалык маанилер лексикалык маанилердин негизинде жашайт, эң орчундуу болуп анын маани берүүчү белгиси эсептелет. Ал эми морфологиялык белгилер англис тилиндеги сыяктуу, башка тилдердеги бардык эле сөз түркүмдөрүндө кездеше бербейт. Ошондуктан морфологиялык белгилери жок айрым сөз түркүмдөрүнө тиешелүү болгон омоним сөздөрдүн синтаксистик белгилерин эсепке алуу маанилүү (мисалы: *since, before, after* - тактооч, предлог,

байламта). Бул грамматиканын авторлору сөз түркүмдөрүнүн ортосунда өтүүгө болбой турган чек ара жок, бир сөз түркүмүнөн экинчи сөз түркүмүнө өтүп кетүү мүмкүнчүлүгүнө гана ээ болбостон, бир сөз түркүмү аткарган кызматты экинчиси да аткарууга жөндөмдүү деп эсептешет. Жүргүзүлгөн практикалык классификацияларда авторлор өздөрү кабыл алган принциптерди дээрлик иреттүү сакташат. Алар 13 сөз түркүмүн бөлүп көрсөтүшөт, алардын ичинен тогузу – маани берүүчү же негизги, ал эми төртөө - кызматчы. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө: зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, абал категориясын билдирген сөздөр, тактооч, модалдык сөздөр, сырдык сөздөр киргизилген. Кызматчы сөз түркүмдөрү болуп предлогдор, байламталар, бөлүкчөлөр, артиклдер эсептелет.

Ошондой эле, 70-жылдардын башында жазылган эмгектердин биринде белгилүү англис лингвисттери (R. Quirk, S. Greenbaum, G. Leech, J. Svartrik) тарабынан берилген система да бар [160:16]. Авторлор сөз түркүмдөргө өздөрүнүн классификациясын антикалык мезгилден бери индоевропалык тайпалардын тилдерине карата колдонулган традициялык терминдердин негизинде беришет деп жазышат. Сөз түркүмдөрүн тайпаларга бөлүү Ч. Фриздин “формалдуу сөз” жана “позициялык класстарынын” таасири аркылуу жүргүзүлөт. Биринчи тайпага зат атоочтор, сын атоочтор, тактоочтор, этиштер кирсе, экинчи тайпага артикль кирет. Шилтеме ат атооч (өзүнчө сөз түркүм катарында бөлүнгөн) жана мындан башка ат атоочтор, предлогдор, байламталар, сырдык сөздөр өзүнчө сөз катары кирген. Экинчи тайпадагы сөз түркүмдөр “жабык системанын элементи” деп аталат, себеби алардын саны башкаларга салыштырмалуу көп эмес жана алардан жаңы элементтер сейрек пайда болот.

Ат атооч, артикль сыяктуу сөз түркүмдөрүнөн кандайдыр бир катардын уланышын күтүү кыйын. Биринчи тайпанын сөз түркүмдөрү “ачык класстын” элементтерин түзөт. Бул сөз түркүмдөр “ачык” болгондуктан алардын катарлары чексизге чейин улана бериши мүмкүн. Жабык системанын элементтери төмөндөгүдөй бинардык оппозицияда тура албайт: *a – the, this – that*. Бул “жабык” жана “ачык” системалар Ч. Фриздин “ачык” позициялык классын жана анын функционалдык сөздөрүнүн “жабык” тайпасын эске түшүрөт, бирок мындагы чектөөлөр традициялык бөлүнгөн сөз түркүмдөрүнүн жалпы системасынын чегинде жүргүзүлөт.

Ф.Ф. Фортунатов сөз түркүмдөрүнүн классификациясын морфологиялык принциптин ыраатуулугунда иштеп чыккан жана лексемалардын (сөз түркүмдөрүнүн) классын формалдуу класс деп атаган. Ал бардык эле сөз түркүмдөрү морфологиялык критерийдин базасында бөлүнбөстүгүн көрсөтөт, себеби алардын көпчүлүгү (тактоочтор, байламталар, предлогдор, бөлүкчөлөр, модалдык сөздөр, сырдык сөздөр ж.б. сүйлөмдүн эквиваленттери) флективдүү белгилерге ээ эмес, т.а., бул сөз түркүмдөрү үчүн морфологиялык критерий релеванттуу эмес [121:158, 166].

А.М. Пешковский жети сөз түркүмүн бөлүп көрсөтөт: этиш, зат атооч, сын атооч, тактооч, атоочтук, чакчылдык этиш жана инфинитив. Бул окумуштуу сөз түркүмдөрүн “өздөрүнүн примитивдүү жалпы элдик өнүгүү стадиясында ой жүгүртүүнүн негизги категориясы катары аныктайт” деген [99:74]. Анын ою боюнча ат атооч өз алдынча сөз түркүмү боло албайт. Сан атоочтор жана кызматчы сөздөр окумуштуу тарабынан синтаксистик планда гана каралат.

А.А. Потебня бардык лексемаларды заттык жана формалдуу деп бөлөт. Биринчилерин ал маани берүүчү сөз түркүмдөрү деп атаган да, буларга зат атоочту, сын атоочту, сан атоочту, этишти, жана тактоочту киргизет. Экинчилерин, кызматчы сөз түркүмдөрү: байламта, предлог, бөлүкчө жана жардамчы этиштер деп эсептейт. Инфинитив жана атоочтукту арадагы сөз түркүмдөрүнө киргизет. Ал өзүнө лексикалык жана формалдык сөз белгилерин камтыган жалпылама, шилтеме сөздөрдү алардын категориясы деп эсептеп, ат атоочту башка сөз түркүмдөрүнөн бөлөк караган [100:36].

А.А. Шахматов сөз түркүмдөрүн бөлүүнүн негизине морфологиялык белгилерди эсепке алуу менен синтаксистик принципти койгон. Ал сөз түркүмдөрүн төмөндөгүчө бөлөт: маани берүүчү сөз түркүмдөрү (зат атооч, сын атооч, этиш, ат атоочтук жана сан атоочтук эмес тактоочтор), маани бербөөчү сөз түркүмдөрү (сан атооч, атоочтук зат атоочтор, атоочтук сын атоочтор, атоочтук тактоочтор), кызматчы (предлог, байламта, префикс, бөлүкчө) жана сырдык сөздү өзүнчө бөлүп, 14 сөз түркүмүн атаган [124:53].

Л.В. Щерба сөз түркүмдөрүн морфологиялык, синтаксистик, семантикалык белгилеринин биримдиги боюнча класстарга бөлүүнү сунуш кылган. Семантикалык белгилерге биринчи даражадагы маанини берген. Окумуштуунун

ою боюнча сөз түркүмдөрүн классификациялоодо дүйнөнүн бардык тилдерине бирдей болгон заттуулук, кыймыл-аракет, сапат категориялары негиз болуп эсептелет. Л. В. Щерба “ар бир сөздү (лексеманы) тигил же бул “сөз түркүмүнүн” категориясына киргизип, биз өзүнчө сөздүн классификациясына ээ болобуз, бирок, сөз түркүмдөрдүн ар түрдүүлүгүн “сөздөрдү илимий классификациялоонун” жыйынтыгы деп эсептесек мүмкүнбү” деп жазат [127:78]. Бул окумуштуу бардык сөз түркүмдөрдү “лексикалык категория” деп атайт, тагыраак айтканда, сөздөрдүн лексика-грамматикалык топтору деп, аларды “маани берүүчү жана кызматчы сөздөрдүн категорияларына” бөлөт. Маани берүүчү сөздөрдүн катарына ал этиштерди, зат атоочту, сын атоочту, тактоочту, сандык сөздөрдү (сан атооч), абал категориясын же предикативдүү тактоочту кошот. Ал эми кызматчы сөздөргө байламталарды, предлогдорду, бөлүкчөлөрдү, “байланыштыруучу байламталарды, же ширешкен байламталарды, катыштык сөздөрдү (же багыныңкы байламталар) киргизип, сырдык жана тууранды сөздөрдү өзүнчө караган [127:188].

Сүйлөм мүчөлөрү болгон сөздөрдү гана сөз түркүмдөрүнө киргизүү менен В. В. Виноградов орус тили үчүн сөз түркүмдөрдүн көп баскычтуу классификациясын сунуш кылган. Автор азыркы орус тилин төмөнкүдөй структуралык-семантикалык категорияларга бөлөт: 1) сөз түркүмдөр (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч жоюлуу абалында, этиш, тактооч, абал категориясы); 2) сөз бөлүкчөлөр (жеке маанисинде турган бөлүкчөлөр, бөлүкчө-байланыштыргыч, - связка, предлог, байламта); 3) модалдык сөздөр; 4) сырдык сөздөр [34:29-38].

Азыркы кыргыз тилинин нормативдүү грамматикасында сөз түркүмдөрү маани берүүчү (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, атоочтук, тактооч, чакчыл) жана кызматчы (жандооч, байламта, бөлүкчө, модалдык сөздөр) сөз түркүмдөрү болуп бөлүнөт. Сырдык жана тууранды сөздөр өзүнчө каралат. Бул классификацияда кызматчы аттар деп аталгандарга орун жок. [81:301].

“Азыркы кыргыз тилинин грамматикасы ” деген китебинде С. Давлетов жана С. Кудайбергеновдор сөз түркүмдөрүн маани берүүчү же негизги жана кызматчы сөз түркүмдөрү деп бөлүшөт. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө алар зат атоочту, сын атоочту, сан атоочту, ат атоочту, этишти, атоочтук түрмөктү, тактоочту кошушат. Кызматчы сөздөрдүн катарына авторлор байламталарды, бөлүкчөлөрдү,

жана жандоочтордорду киргизишкен. Ал эми модалдык сөздөрдү өзгөчөлөнгөн тайпа катарында карашат. [45:47,49].

“Кыргыз адабий тилинин грамматикасында” сөз түркүмдөрүнө мындайча аныктама берилет: бири-биринен семантикалык, морфологиялык, синтаксистик, кээде морфологиялык жана фонетикалык белгилердин топтолмолору менен айырмаланган сөздөрдүн структуралык-семантикалык класстары сөз түркүмдөр деп аталат. Тилдеги бардык лексемалар: маани берүүчү сөздөр (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш, тактооч) жана кызматчы сөздөр (жандооч сөздөр, байламталар, бөлүкчөлөр жана кызматчы сөздөр) болуп эки чоң топко бөлүнөт, о.э., өзгөчө тайпа катары модалдык сөздөр, тууранды сөздөр жана сырдык сөздөр бөлүнөт [39:105,113].

Зат атооч – толук маанилүү лексемалардын классы, ал жандуу жана жансыз заттардын аттарын атап, сүйлөмдө көбүнчө ээнин жана толуктоочтун милдетин аткарат [85:499].

Азыркы англис тилинин теориялык грамматикасынын авторлору зат атоочко төмөндөгүчө аныктама беришет: “Зат атооч – бул заттын атын билдирген маани берүүчү сөз түркүмү. Заттуулук – бул грамматикалык маани, ал заттарды жана зат эместерди (абстрактуу түшүнүктөрдү, кыймыл-аракеттерди жана сапаттарды) билдирет да, тилде ошолорго жакын маанилер менен түшүндүрүлөт” [64:21].

Л.В. Щерба зат атоочтун маанисин заттык жана субстантивдүүлүк деп түшүндүрөт. Анын ою боюнча зат атоочтун формалдуу белгилери катары: жөндөмөлөр боюнча өзгөрүүчү жана ага дал келүүчү мүчөлөр системасынын; зат атоочтун бир катар сөз жасоочу суффикстеринин (мүчөлөрү) бардыгы; сын атооч аркылуу аныкталган, ошол сөздүн сын атооч менен ээрчишүүсү; зат атооч менен ээрчишүүнүн жоктугу, чыныгы же тикеден-тике божомолдуулук; ошол сөзгө таандык этиш же байламтанын жеке формасынын болушу [127:188] эсептелет. В.В. Виноградовдун пикири боюнча: “Атоочтуктардын грамматикалык өзөгү болуп зат атоочтун категориялары эсептелет. Бул категорияга роддун, сандын жана жөндөмөнүн формаларында турган, заттын атын билдирген сөздөр кирет” [127:189].

И.А. Батманов зат атоочко төмөнкү аныктаманы берет: “зат атоочтун категориясы деп биз бир гана заттардын аталышын билдирген сөздүн негиздерин

атабайбыз, ал ушундай негиздер, зат жөнүндөгү түшүнүктөр менен бирге сүйлөмдө белгилүү бир позицияны ээлеп, заттын атын билдирген түшүнүктү жана башка заттардын сын-сыпатын да көрсөтөт, мисалы, “*мектеп үйү-школьное здание”*, мында ‘*мектеп*’ бир гана заттын өзүн билдирбестен анын ‘*үйү*’ деген сын-сыпатын да камтыйт” [17:36].

Кыргыз тилинин окуу китебинде Д. Исаев зат атоочко мындай аныктама берген: “бул сөз түркүм буюмдардын, окуялардын жана жаратылыштагы кубулуштардын аталыштарын билдирет жана ‘*ким* ?, *эмне*?’ деген суроолорго жооп берет” [66:75].

К. Бакеевдин окуу китебинде зат атоочко төмөндөгүдөй аныктама берилет: “зат атоочтор – бул сөздөрдүн түрлөрү, алар заттардын жана окуялардын аталыштарын көргөзөт” [13:63].

Кыргыз тилиндеги зат атоочторго К. Дыйкановдун атайын изилдөөсү арналган, анда ал төмөнкү аныктаманы берген: “Кыргыз тилинде зат атооч – заттын маанисиндеги сөз түркүмү. Алар менен жандуу заттар, предметтер, чындыктагы реалдуу кубулуштар, алардын мамилелери жана абалдары, абстрактуу түшүнүктөр белгиленет” [49:101].

Изилденип жаткан тилдерде семантикалык, морфологиялык, синтетикалык белгилердин (сын-сыпаттардын) бар болгондугу зат атоочту өз алдынча, башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланган грамматикалык категория деп эсептөөгө өбөлгө түзөт. Салыштырылып жаткан тилдерде алардын семантикалык өзгөчөлүгү болуп анын заттын атын билдиргендиги саналат. Морфологиялык жактан алганда зат атоочтор изилденип жаткан тилдерде сөз жасоочу аффикстерге жана ар кандай категорияларга ээ экендиги менен мүнөздөлөт. Синтетикалык жагынан алганда зат атоочтор сүйлөмдө ээнин жана толуктоочтун милдетин аткарганга көбүрөөк мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде орус тилинде зат атооч: 1) алты жөндөмөдөн турган, жөндөлүү парадигмасын көрсөткөн жөндөмө категориясы; 2) жекелик жана көптүк түрдөн турган сан категориясы; 3) үч роддон турган грамматикалык род категориясы (мужской, женский жана средний) деген үч грамматикалык категория менен мүнөздөлүп, морфологиялык көрсөткүчтөргө ээ болсо, ал эми англис тилинде зат атооч: 1) жекелик жана көптүк түрдөн турган сан категориясы; 2) детерминативдик категория (белгилүүлүк/белгисиздик) деген эки грамматикалык

категория менен мүнөздөлөт. Алар зат атоочтордун алдында туруучу артиклдер (препозицияда болуучу) менен белгиленет. Кыргыз тилинде зат атооч үч гана грамматикалык категорияга ээ: 1) жөндөлүү парадигмасын көргөзгөн, алты жөндөмөдөн турган – жөндөмө категориясы; 2) жекелик жана көптүк түрдөн турган – сан категориясы; 3) зат атоочтун таандык категориясы – *ум* (*ым*) мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалат.

Сөздүктөрдөгү жана окуу китептердеги этиштин дефинициялары на кайрылсак, *этиш* – грамматикалык мааниси боюнча кыймыл-аракетти билдирген сөз түркүмү (б.а., кандайдыр бир убакыт ичиндеги кыймыл-аракеттин белгисин билдирет), сүйлөмдө дайыма баяндоочтун милдетин аткарат [85:104].

Л.В. Щерба: “Этиштин категориясынын негизги мааниси албетте, кыймыл-аракет алгачкы грамматикаларда айтылгандай эч качан абалды билдирбейт...” деп жазат. [127:75]. Анын ою боюнча этиш сөз түркүмү бир гана ‘*быть-болуу*’ деген байланыштыргыч этишке ээ, ал сүйлөмдө ээ менен баяндоочтун логикалык мамилесин көргөзүп турат. Калган байламталардын бардыгы аздыр-көптүр маани берүүчү, б.а., этиш менен байламтанын өз ара мамилесин билдирет жана этиштик маани бир кыйла ачык-айкын көрүнүшү мүмкүн... [127:78].

Азыркы англис тилинин теориялык грамматикасынын авторлору И.П. Иванова, В.В. Бурлакова, Г.Г. Почепцовдор кыймыл-аракеттин грамматикалык маанисин өтө кеңири мүнөздөп: бул сөздүн жеке маанисиндеги жөн гана кыймыл-аракет эмес, ал тек гана тигил же бул предметтин бар экендигин көргөзүп турган абал жана белгилүү бир заттардын классына таандык деп эсептешет. Эң негизгиси, этиштин белгиси заттарга тиешелүү өзгөчөлүктөрдөй статистикалык эмес кадимки белги, ал милдеттүү түрдө кандайдыр бир убакыттын бөлүгүндө болуучу (же болбосо чексиз убакытта) кыймыл. Бул белги, авторлордун ою боюнча – конкреттүү кыймыл-аракеттин аталышы, этиштин негизги формасы (жак, чак, сан жана ыңгай боюнча өзгөрүүчү формасы – *Finite form*) дайыма кыймыл (агенс) аркылуу берилет, ошондуктан этиштин негизги формасынын синтаксистик функциясы тутумдаш; алар сүйлөмдө дайыма баяндоочтун милдетин аткарат [64:47].

“Кыргыз адабий тилинин грамматикасында” этишке төмөндөгүчө аныктама берилет: “Этиш - процессуалдуулукта болгон кыймыл-аракетти, ал-абалды

билдирген сөздөр. Процессуалдуулук этиштин семантикасында база катарында анын негизинде түптөлгөн, ушуга байланыштуу этиштин негизи *той "тоюу-насыщаться"* жана *той "пир"* сыяктуу анча көп эмес омонимдерден сырткары башка сөз түркүмдөрүндө окшоштугу жок, ошондой эле этиштен башка сөз түркүмдөрүнө өтүү же башка сөз түркүмдөрүнөн этишке кошумча сөз жасоочу каражаттарысыз өтүү мүмкүн эмес. [39:207].

Англис тилиндеги этиштер грамматикалык түзүлүшү өтө татаал грамматикалык категорияларга ээ экендиги менен мүнөздөлөт. Алар: 1) жак категориясы, учур чакта – *(e)s* морфемасы, ал эми башка жактар нөл морфемасы менен көрсөтүлөт; 2) сан категориясы; 3) чак категориясы үч формадагы чактар аркылуу берилет: учур чак, өткөн чак, келер чак; 4) түр категориясы: жалпы түр, узартылган чак түрү; 5) ыңгай категориясы алты морфологиялык формасы менен берилген: жай ыңгай, буйрук ыңгай, шарттуу ыңгай – 1, шарттуу ыңгай – 2, божомолдуу жана шарттуу ыңгай; 6) этиштин мамиле категориясы: морфологиялык көрсөткүчкө ээ болгон анык жана туюк түрдөгү мамилелерге ээ.

Орус тилинин этиш системасы төмөндөгү грамматикалык категорияларга ээ: 1) жак категориясы, жактама мүчөлөр аркылуу көрсөтүлөт; 2) сан категориясы, жак мүчөлөрү менен жасалат; 3) грамматикалык род категориясы жекелик санда, өткөн чак формасында; 4) түр категориясы, морфологиялык бүткөн жана бүтпөгөн түрлөр менен берилет; 5) чак категориясы, беш чактык формада көргөзүлөт – үч формасы этиштин бүтпөгөн түрүндө, эки формасы бүткөн түрүндө берилет. 6) ыңгай категориясы: үч ыңгай формасы менен берилет – жай ыңгай, буйрук ыңгай, шарттуу жана шарттуу-ниет ыңгай; 7) мамиле категориясы морфологиялык көрсөткүчкө ээ болгон анык, өздүк-орточо жана туюк мамилелер түрүндөгү формалары менен берилет.

Ал эми кыргыз тилинде этиштер төмөндөгү грамматикалык категориялар менен мүнөздөлөт: 1) жак категориясы, жактама мүчөлөрүнүн жардамы менен берилет; 2) сан категориясы; 3) чак категориясы, үч чактык формада берилет – учур чак, өткөн чак, келер чак; 4) ыңгай категориясы, беш морфологиялык формада берилген – баяндагыч ыңгай, буйрук ыңгай, шарттуу ыңгай, тилек жана ниет ыңгай; 5) мамиле категориясы беш морфологиялык формага ээ – негизги, өздүк, кош, аркылуу жана туюк мамилелер.

Белгилүү болгондой, сын атооч – баяндоочтук (предикаттык) сөздөрдүн лексика-семантикалык классы, ал заттын процессуалдык эмес белгисин (өзгөчөлүгүн, сыпатын), окуянын же заттын сын-сыпатын, жана башка белгилерин көрсөтөт. Сын атооч өзүнүн башка заттарга окуяга же белгиге болгон мамилесинен сырткары башка предметтерге болгон заттын сапаттык же катыштык сын-сыпатын, өзгөчөлүгүн, өзүнүн мамилеси аркылуу билдирет. Традициялуу грамматикалык мүнөздөмөлөрдө сын атооч сөз түркүмү катары, өзүнө төмөндөгү морфологиялык белгилерди кабыл алат – салыштырма даражаны түзүү жөндөмдүүлүгүнө, жаңы сөздөрдү түзүүчү аффикстерге, синтаксистик белгилер – сын атоочтордун милдетин аткаруучу айкындагыч – баяндоочтук касиеттерге ээ. Ал эми семантикалык белгилерин карап көрсөк, сын атооч айрыкча маани берүүчү (негизги) сөз түркүмү, заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, башкача айтканда, анын сапатын же өзгөчө касиеттерин аныктайт жана туюндурат.

Сын атооч сын-сыпаттык, придикаттык бирдиктердин эң көрүнүктүүсү болуп саналат, “сапаттык сын атоочтор жогорку деңгээлдеги предикаттын бардык белгилерине ээ” [11:153]. Сын атоочтун сапат категориясы “чындыктын тигил же бул объектисине багытталган, ал адамзаттын ой жүгүртүүсүнүн пайда болушунун таанып-билүү иш-аракетинин башталыш этабы менен бирге түзүлгөн. Таануунун жыйынтыгында дал ушул объект кадимки сапаттык аныктагыч болуп бөлүнүп чыгат” [98:3].

Кыргыз тилинде сын атоочтун өз алдынча сөз түркүмү катары бөлүнүшү алардын формалдуу түрдө зат атоочтор жана тактоочтор менен дал келүүсү татаалдантат. Көптөгөн түркологдор сын атоочтун өз алдынча сөз түркүмүнө бөлүнүп чыгышынын негизин сын атоочтун заттын сын-сыпатын көргөзүү жана салыштырма даражасын түзүү жөндөмдүүлүгү менен байланыштырышат [88:37].

Каралып жаткан тилдердеги сөз түркүмдөрдүн арасында сын атооч өзгөчө орунду ээлейт жана өз алдынча сөз түркүмү катары каралат. Семантикалык, морфологиялык, синтаксистик белгилеринин болушу жана алардын өз ара айкалыш критерийлери изилденип жаткан тилдерде сын атоочту өз алдынча, башка сөз түркүмдөрүнөн обочолонгон грамматикалык категория деп бөлүүгө негиз болот. Салыштырылып жаткан тилдерде алардын семантикалык касиети катары заттын сын-сыпатын көргөзүүсү эсептелет. Морфологиялык жактан сын атоочтор тилде

сөз жасоочу аффикстердин болушу, аныктоочтун функциясында өзгөрүлбөстүгү жана сын атоочтун салыштырма даражаларын түзүү жөндөмдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Синтаксистик жактан алганда сын атоочтор каралып жаткан тилдерде атрибуттук-предикативдүү кеп тизмегинде аракет кылуу мүмкүнчүлүгү аркылуу көрсөтүлөт.

Англис тилинде сын атооч зат атооч менен ээрчишүүгө ээ болбойт, ал ушул жагы менен агглютинативдик кыргыз тилине жакындашат, анткени зат атооч менен ээрчишүүнүн жоктугу типологиялык мүнөздү алып жүрөт. Орус тилиндеги сын атоочко зат атооч менен род, сан жана жөндөмө аркылуу ээрчишүү мүнөздүү. Каралып жаткан тилдерде сын атоочтун салыштырма даражасы грамматикалык категория катары каралат.

Тактооч англис, орус жана кыргыз тилдеринде өз алдынча сөз түркүмү катары эсептелет. Ар бир тилдин структуралык айырмачылыктары тактоочтун ар түрдүү критерийлерин аныктоо менен анын өз алдынча сөз түркүмү экендигине өбөлгө түздү.

Дж. Несфилд тактооч менен сын атоочту жакындаштырат, анын ою боюнча бул же тигил сөз түркүмү – аныктоочу сөздөр, зат атоочту бир гана сын атооч, ал эми тактооч – зат атоочтон башка бардык сөз түркүмдөрүн аныктайт. Автор түзүлгөн далилдөөгө карабастан төмөндөгүлөргө да көңүлдү бурат: тактооч бардык сөз түркүмдөрдү этишти, сын атоочту жана тактоочту гана эмес, предлогдорду жана байламталарды да аныктайт. Дж. Несфилд тактоочтордун үч түрүн бөлүп көргөзүү менен аларды семантикалык белгилери боюнча классификациялайт [150:470].

Англис тили боюнча орус адистеринин эмгектеринде тактоочту аныктоодо, орус тилиндеги тактоочторду изилдөөдөгү жогоруда көргөзүлгөн үч белгилерден экөө же бирөө эске алынат. Бул орус жана англис тилдериндеги сөз түркүмдөрүн бөлүүдө бирдей мамилелердин болгондугун көрсөтөт. Б.А. Ильиш редакциялаган англис тилинин грамматикасында семантикалык жана функционалдык белгилердин негизинде тактоочторго аныктама берилет. Анын аныктамасына ылайык, тактооч кыймыл-аракет жана абал менен бирге болуучу бышыктоочту, айрыкча кыймыл-аракетти жана сапатты көрсөтөт [65:341].

Е.М. Гордон жана И.П. Крылованын грамматикасында, тактоочту бөлүп көрсөтүүдө негизги критерийлерден болуп синтаксистик критерий эсептелет. Авторлор тактоочту ар түрдүү лексикалык мааниге ээ болуучу жана бири-биринен структурасы боюнча айырмаланган, бир өңчөй эмес сөздөрдүн классы деп аныкташат. Жалпысынан алганда, алар бөлөк класстагы лексемаларга байланыштыруучу болот жана алар этиштерди, сын атоочторду жана башка тактоочторду аныктоочу кызматты аткарышат [138:205].

Орус тил илиминде дагы сөз түркүмдөр системасында тактоочту бөлүп көрсөтүү критерийи боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Ф.Ф. Фортунатов тактоочту сөз түркүмү катары бөлүп көрсөтүүчү морфологиялык жолду иштеп чыккан [121:471]. Тактоочко болгон морфологиялык көз карашка орус тил илиминде карама-каршы коюлган синтаксистик көз караш бар, бул көз карашты А.А. Потебня, А.А. Шахматов, А.М. Пешковский да колдошкон. Булардан тышкары, морфологиялык, синтаксистик жана семантикалык белгилерди бириктирген концепциялар да бар, мисалы, академик В.В. Виноградов тактоочту морфологиялык, синтаксистик жана семантикалык белгилери менен бирдикте аныктаган. Автор мындай деп жазат, “тактооч – бул грамматикалык категория, анын алдында жөндөлбөгөн, жакталбаган жана ээрчишүүгө ээ эмес сөздөр турат, алар этишке, абал категориясына, зат атооч, сын атооч жана алардын туундуларына ыкташышат (мисалы, ошол эле тактоочторго) жана сын-сыпат аныктоочтун же бышыктоочтун мамилелеринин синтаксистик функциясынан чыгуусун көрсөтөт. Тактоочтор морфологиялык жактан зат атооч, сын атооч, этиш, ат атооч жана сан атоочтор менен өз ара байланышат” [34:604].

Тактооч маселесине көптөгөн эмгектердин арналгандыгына карабастан, түркологияда бул категория толугу менен иштелип чыккан эмес. Биринчи эмгек И.А. Батманов тарабынан түзүлгөн “Кыргыз тилинин грамматикасы” болгон, анда тактооч кыргыз тилиндеги өзгөчө класстагы сөздөр катары көрсөтүлөт. Бирок, бул эмгекте тактоочтор эмненин негизинде өз алдынча сөз түркүмү катары бөлүнгөндүгүнүн аныктамасы жана критерийлери берилген эмес. Автор тактоочторго терең түшүндүрмө берүү менен аларга өзүнчө маани берүүчү жана маани бербөөчү сөздөрдү киргизген [17:67].

С. Кудайбергенов “Тактоочтор жөнүндө” деген эмгегинде тактоочко төмөнкүдөй аныктаманы берет: “Этиштер аркылуу кыймыл-аракеттин болушун чагылдырган жана ал кыймыл-аракет менен бирге мезгил, орун бышыктоочту шарттаган сөздөр тактоочтор деп аталат” [82:32, 35]. Лексика-семантикалык белгилерди эсепке алуунун негизинде тактоочко аныктама берүү бул класстагы сөздөрдүн курамынын негизсиз көбөйүшүнө алып келди. Тактоочторго, айрыкча, модалдык сөздөр (*албетте, арийне*), ошону менен катар сын атоочтор (*жакшы, жаман*) ат атоочтор (*баары, бүт*) киргизилди [82:81].

С. Давлетов тактоочту аныктоодо морфологиялык, семантикалык жана синтаксистик критерийлерди эске алат. Автор, тактооч семантикалык жактан сын-сыпатты (кыймыл-аракетти, сапатты, абалды) билдирет деп эсептейт. Морфологиялык жактан, кээ бир салыштырма даража категориясын жана атайын сөз жасоочу аффикстерден башкасын эсепке албаганда тактооч өзгөрүлбөстүгү менен мүнөздөлөт. Синтаксистик жактан тактооч бышыктоочтук жана аныктоочтук функцияларында колдонулат, жана этиштерге, сын атоочторго жана башка тактоочторго ыкташуу жолу менен баш ийет [43:79].

Азыркы англис тилинде тактоочторду аныктоонун негизги критерийи болуп синтаксистик критерий саналат. Мында тактооч ар түрдүү бышыктоочтордун ролун аткарат; ал эми орус тилинде негизги критерийлер катары синтаксистик жана семантикалык критерийлер эсептелет. Бирок, синтаксистик критерий кыргыз тили үчүн негизги критерий боло албайт, себеби, бул жерде сүйлөмдөгү сөз түркүмдөрдүн синтаксистик функциясында дифференциалдуу белгинин жоктугу менен түшүндүрүлөт. Демек, тактоочту салыштырмалуу планда алганда өз алдынча сөз түркүмү катарында кароодо синтаксистик белгилерге таянууга мүмкүн эмес. Морфологиялык категорияны алсак, ал тактооч үчүн релеванттуу эместиги белгилүү, себеби алар флективдүү белгилерге ээ эмес.

Ошентип, морфологиялык да, синтаксистик да критерийлер салыштырылып жаткан тилдер үчүн тактоочту сөз түркүмү катары аныктоодо релеванттуу боло албайт. Каралып жаткан тилдерде тактоочтун эң эле ачык-айкын таануу белгиси болуп сөздөрдүн лексикалык мааниде болгондугу эсептелет, бул тилдерде тактоочтор грамматикалык категориядагы салыштырма даражага ээ.

Ат атоочтор өзүнүн семантикалык, синтаксистик формалары, грамматикалык категорияларынын болушу менен өзгөчө сөз түркүмүн түзөт. Түзүлгөн традициялар жана сөз түркүмдөрүнүн теориясынын маселелеринин бир канча жолу талкууланышы анын изилденишине орчундуу салым кошту. Англис тилиндеги ат атоочторго болгон кызыгууларга, ар тараптуу изилдөөлөргө карабастан, анын бардык маселелери али толук чечиле элек. Ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр шилтеме ат атоочтор *this, that* жана *it* жактама ат атоочун тандоо маселесине кайра-кайра кайрылышкан. Ар кандай гипотезаларды сунуш кылуу менен алардын тиешелүү чөйрөдө колдонулушун изилдешкен.

Ат атоочтор тилдик бир кыйла көрүнүктүү универсал болуп эсептелет. Ат атоочтор бардык тилдерде кездешет жана бардык тилдерде аларды болжол менен бирдей эле түрдө бөлүштүрүшөт. Өзүнүн семантикалык жана морфологиялык ар түрдүүлүгү менен англис тилиндеги ат атоочтордун классы тил илиминин бүткүл өнүгүү мезгилдеринде изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган. Узак убакыт бою ат атоочтордун өз алдынча сөз түркүмү катарындагы статусу жөнүндө талаш-тартыштар болуп келген. Бул класстагы сөздөрдүн морфологиялык жана функционалдык бир өңчөй эместиги, жеке грамматикалык маанисинин болбогондугу, зат жана сын атоочтордун грамматикалык маанилеринин өз ара айырмачылыгы жана бир гана ат атоочко тиешелүү, өзгөчө синтаксистик функциялардын жоктугу менен түшүндүрүлөт. Дал ушул себептен аларды ички разряддарына ылайык ат атоочтук зат атооч, ат атоочтук сын атооч, ат атоочтук тактооч деп бөлүү менен аларды кээде зат атоочторго, сын атоочторго жана тактоочторго киргизишкен.

Каралып жаткан тилдерде ат атоочтор өтө жалпыланган мааниге ээ: алар бардык заттардын, тирүү жандардын жана абстрактуу түшүнүктөрдүн аттарын атабастан жалпысынан көрсөтөт. Ат атоочтор шилтеме жана жардамчы сөздөрдүн ролун аткарып, семантикалык кыйла сыйымдуулукка ээ болуу менен, кеңири маанилерди камтыйт жана тилде абдан жыш колдонулат. Орус жана кыргыз тилдеринде ат атоочтор бир катар морфологиялык өзгөчөлүктөргө, о.э., алар жөндөлүү касиетине да ээ, мындан тышкары, кыргыз тилинде, алар кээ бир послелогдор менен колдонулат. Ат атоочтор синтаксистик жактан зат атооч менен сын атоочтордой эле милдет аткарат. Ат атоочтор ар түрдүү лексикалык мазмуну,

морфологиялык формасы, синтаксистик функциясы жана башка сөз түркүмдөрү менен ээрчишүүсү боюнча: жактама, шилетме, сурама, белгисиз, тангыч, аныктама, ж.б. болуп бир катар класстарга бөлүнүп кетишет.

Орус тил илиминин классиктери (Потебня А.А., Фортунатов Ф.Ф., Пешковский А.М.) сан атоочторду өзгөчө сөз түркүмү катары грамматикалык белгилери жок деп эсептешкен. Сан атоочтор менен ат атоочтор өздөрүнүн синтаксистик өзгөчөлүктөрү боюнча грамматикалык категориялар болгон зат атооч, сын атооч жана тактоочторго жакын деп белгилешкен [34:614].

Англис тилиндеги сан атоочтор жөндөмө сан ж.б. морфологиялык категорияларга ээ эмес [65:341]. Сан атоочтор конкреттүү лексикалык мааниге ээ болуу менен затты эсептөөдө анын санын же иретин көрсөтөт. Ошондой эле алар өздөрүнө гана таандык морфологиялык белгилерге ээ, сүйлөмдө алар баш жана айкындооч мүчөлөрүнүн милдеттерин аткарышат, алар тез-тез субстантивдешип турушат. Ушул өзгөчөлүктөрдүн бардыгы сан атоочту өз алдынча өзгөчө сөз түркүмү катары баса белгилейт.

1.3. Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категориялары

Жаңы дисциплиналардын пайда болушу лингвистика, философия, психология, социология ж.б. илимдерди синтездештирүүгө, анын ичинде, тилди категоризациялоо проблемасына жаңыча мамиле кылуунун жолдорун пайда кылды. Алардын эң эле келечектүүсү когнитивтик жол болуп саналат. Категория – бул лингивистика илиминде татаал түшүнүктөрдүн бири. Лингвистикалык теориялар тилдик элементтерди бир системага келтирүүдө ар түрдүү принциптерге негизделип, алар кандайдыр бир жалпы касиеттин негизи менен класстарга, тайпаларга бөлүштүрүлөт. Категориялар жана категоризация боюнча салттуу түшүнүктөрдө категориялар жалпы касиеттери менен аныкталат деп түшүнөбүз. Аристотелдин убагынан тартып Витгенштейндин кийинки эмгектерине чейин категориялар өзүнө өзгөчө проблемалары болбогон, абстрактуу түшүнүктөрдү ичине камтыган, түшүнүктүү, ачык конструктор катары жаралган кээ бир нерселер категорияга кирсе, кайсы бирлери андан сырткары болот. Кээ бир заттар кандайдыр бир касиет болгондо гана белгилүү бир категорияга кирет деп эсептеген

жана бул касиеттер бүтүндөй категорияны аныктайт. Буга карабастан, категоризация кубулушу жалпылоонун негизинде ишке ашырылат, изилдөөчүлөр категоризация процессинин түзүлүшү татаал деген тыянакка келишкен.

Когнитивдүү моделдерге болгон кыймыл Людвиг Витгенштейндин кийинки философиясынан башталат да, Элеонора Рош жана анын кесиптештеринин психологиялык изилдөөлөрү аркылуу улантылат. Дал ошол Роштун эмгектеринин натыйжасында, категоризация когнитивдүү психологияда изилдөөнүн эң маанилүү сферасы болуп калды. Категоризациянын жаңы теориясы – прототиптер теориясы пайда болду. Адамга мүнөздүү болгон категоризация классикалык теориядагы мыйзамченемдүүлүктөрдөн бир кыйла артта калган принциптерге таянгандыгын көрсөтөт. Рош жана анын кесиптештеринин изилдөөлөрү, категорияларга эң мыкты көрсөткүчтөрдүн (“прототип” деп аталган) мүнөздүү болушу жана категориялаштыруу процессинде адамзаттын жөндөмдүүлүгүнүн реалдуу түрдө катышын көрсөтөт [155:98].

Дж. Лакоффдун пикири боюнча, дал ушул категоризация адамдын ой жүгүртүүсүн, кабыл алуусун, эмгекке жөндөмдүүлүгүн жана сүйлөө кебинин нормалдуу иштешин камсыз кылат. Адам качан гана нерселердин класстары (*things*)—улут, оору, эмоция, телевизор дегеле, ар кандай заттардын түрлөрү жөнүндө ой жүгүрткөндө алар категорияларга кайрылышат. Адам категоризацияга жөндөмсүз болсо, ал материалдуу дүйнөдө да, социалдык жана интеллектуалдык жашоодо да иштөө жөндөмдүүлүгүнө ээ боло алмак эмес. Адам кандай ойлонот жана ал кандай кыймыл-аракет жасай тургандыгын (*function*) түшүнүү үчүн категоризация процесстерин изилдөө керек, демек, мунсуз бизди кандай нерсе адам кылганын түшүнүүгө мүмкүн эмес. Бирок, ой жүгүртүү категориясынын көпчүлүк бөлүгүн нерселер категориясына киргизүүгө болбойт, алар абстрактуу неселердин категориясы болуп саналат. Биз окуяларды, кыймыл-аракеттерди, эмоцияларды, мейкиндик жана социалдык мамилелерди, ошондой эле ар түрдүү типтеги абстрактуу түшүнүктөрдү: өкмөттү, ооруларды, илимий жана илимий эмес теориялардын элементтерин, ошондой эле электрондорду, муздактыкты, газды, суюктукту жана башкаларды категориялаштырабыз. Адамзаттык тажрыйбанын бардык адекваттуу моделдери, сөзсүз теорияга негизделиши керек, ал бардык категорияларды — конкреттүү да жана абстрактуу да так, даана сүрөттөйт. Дж.

Лакофф сунуш кылган прототиптер теорияларына болгон мамиле божомолдоолорго негизделет, адамзатка тиешелүү акыл-эс процедурасынын категоризациясы адамдык тажрыйбага жана кыялдарга, бир жагынан алганда, кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө, мотордук активдүүлүккө жана маданиятка, башка жагынан караганда, метафоранын, метонимиянын жана акыл-эс касиеттерине олуттуу даражада таянат [146:72].

Ошол эле учурда когнитивдик лингивистиканын жактоочулары категорияны менталдык акыл-эстин негизи катары карашса, структуралдык лингвистиканын жактоочулары категорияны өзүнчө бөлөк, адамзаттын тажрыйбасынын бардык сфераларында ачык-айкын аныкталган конструкт түрүндө көрсөтүшөт. Ушуга байланыштуу структуралисттер тилде грамматикалык (морфологиялык) лексикалык, семантикалык ж.б. бир катар категорияларды белгилешкен. Грамматикалык категориялар классификациялоочу (лексика-грамматикалык) жана форма жасоочу (сөз өзгөртүүчү) болушу мумкүн. Грамматикалык категория грамматикалык мазмундун жана грамматикалык маанинин биримдигинен түзүлөт. Грамматикалык категориянын болушу тилде ошол грамматикалык маани жана анын формалдуулук жолдорунун ортосундагы бир калыптагы дал келүүлөр болсо жана бул учурда классификациялоочу категориялары же форма жасоочу эки формадагы категориялар үчүн жок дегенде эки мүчө-эки класстагы сөздөр карама-каршылыкта келишине байланыштуу болот. Аристотелдин убагынан тартып биринчи жолу философияга жана логикага киргизилген категория деген түшүнүктүн өзү көп өзгөрүүлөргө дуушар болду. Ал эми лингивистикада категория аныктамасы ар кандай түшүндүрүлүп келген [27:33].

Орус тилинин академиялык грамматикасынын авторлору аларга төмөндөгү аныктаманы беришкен: “Тилдин түзүлүш тибин же мүнөзүн аныктаган сөз өзгөртүүнүн мыйзамдары жана эрежелери катары сөздөрдүн өз ара айкашуусу жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби, айкашуулары аркылуу өзүнүн бар экендигин айкындаган жалпы грамматикалык түшүнүктү, адатта, грамматикалык категориялар деп аташат” [40:8].

А.А. Реформатскийдин аныктамасы боюнча: “...грамматикалык категория – бул грамматикалык жол менен туюндурулган, грамматикалык маанилери менен

бириккен тилдик элементтердин (сөз, сөздүн маани берүүчү бөлүгү жана сөз айкаштары) жыйындысы” [106:255].

Сөздөрдүн классын же сөз түркүмүн мүнөздөөчү парадигмалардын жыйындысы грамматикалык сөз айкаштарынын өтө жалпыланган касиети болуп саналат. Грамматикалык жагынан алганда сөз түркүмү, ошол тилдин структурасы ээ болгон өзгөчөлүктөрдү көрсөтөт. Аталган касиеттер же бөтөнчөлүктөр кээ бир жалпы грамматикалык түшүнүктү түзөт же грамматикалык категорияны билдирет [10:53].

И.П. Иванованын пикири боюнча грамматикалык категория — бул грамматикалык мааниге мамилелеш же карама-каршы коюлган эки же андан көп грамматикалык формалардын биригүүсү. Грамматикалык маани берилген формалардын (парадигмалардын) жыйындысы аркылуу бекитилген. Грамматикалык категория өз ичине экиден кем эмес карама-каршы коюлган формаларды камтыйт, айрым учурда анын саны көп болушу да мүмкүн [64:11].

Ушундай эле пикирди А.И. Смирницкий да айтат: “Ар кандай грамматикалык категорияда кеминде экиден кем эмес категориалдык форма болуш керек, андай болбосо ал жашай албайт, башкача айтканда, өзгөчөлүктөрдүн ичинде жалпылык бар. Мисалы, жеке гана грамматикалык жагы же жөндөмөсү бар бир дагы тил болушу мүмкүн эмес” [110:8].

“Грамматикалык категория” деген түшүнүк өз ичине ар түрдүү эки түшүндүрмөнү камтыйт, – деп жазат проф. В.Д. Аракин, бир жагынан алганда бул жалпы грамматикалык түшүнүк, берилген тилде жашайт жана эң эле жалпыланган белгилерди чагылдырат же ошол тилди өзгөчө система катары мүнөздөйт. Экинчи жагынан, бул грамматикалык белгилерге ээ болгон өзгөчө класстагы сөздөр. Ошентип, сан категориясы дегенибиз, биринчиден, ал жалпы грамматикалык түшүнүк, предметти атаган ошол сөз көп предметтерди бөлүштүрүү катарында кабыл алынат; экинчиден, сандык мамилени көрсөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон өзгөчө класстагы зат атооч сөздөр ” [10:53].

В.Г. Адмони грамматикалык категорияга төмөндөгүчө аныктама берет: “алар ар дайым системалуу болуп, кандайдыр бир формалдуу түрдө семантикалык же функционалдык белгилерди көрсөткөн, аздыр-көптүр жалпылыкка ээ болгон грамматикалык кубулуштардын биригүүсү. Формалдуу каражаттар өтө ар түрдүү

болушу мүмкүн, анын үстүнө ал өз-өзүнчө жана о.э., өз ара аракетте колдонулат” [2:66].

Морфологиялык категория бардык тилге тиешелүү, ал лексема менен сөз формасынын ортосундагы айырмачылыгына жараша болот. Сөз формаларынын маркировкасы лексеманын варианты болуп ар түрдүү грамматикалык каражаттардын жардамы менен жасалышы мүмкүн. Флективдүү жана агглютинативдүү тилдерде көптөгөн градацияларга карабастан, морфологиялык категориялар өтө күчтүү ажыратылат. Негизги бөлүмдөрү болуп сөз түркүмдөрдүн категориясы эсептелет, алар лексикалык катмарга ээ болгон, жалпыланган грамматикалык маанинин негизинде бөлүнөт. Сөз түркүмдөрүнүн категориясы, негизинен, классификациялануучу категория болуп эсептелет. Ар бир сөз өзүнчө бир сөз түркүмгө таандык (орус тилинде чакчыл жана атоочтуктардан сырткары, булар этиш менен сын атоочко жана тактоочко ооп кетишет), ошондуктан сөз түркүмдөрүнүн категориясы – эң жогорку даражадагы морфологиялык категория. “Экинчи даражадагы морфологиялык категория болуп формалдуу түрдө көрсөтүлгөн жалпыланган маанидеги ар түрдүү модификациядагы, грамматикалык мааниге жандашкан (умтулган) сөз түркүмдөрү эсептелет. Көпчүлүк учурда бул категориялар классификацияланбайт, алар вариативдүү, башкача айтканда, алар лексеманын бүтүндөй курамын өз кучагына алат жана ошол сөз түркүмүнө кирет” [2:66].

В.Г. Адмони вариативдүү категорияларга зат атоочтун жөндөмө жана сан категорияларын; этиштин сан, чак, ыңгай категорияларын; сын атооч менен тактоочко салыштырма даражалар категорияларын ыйгарат. Зат атоочтун род категориясы классификацияланат, ал эми сын атооч вариативдүү.

Кыргыз тилинде башка агглютинативдик тилдердей эле, грамматикалык категория эң негизги грамматикалык түшүнүктөрдүн бири болуп саналат. З.К. Дербишева кыргыз тилиндеги грамматикалык категорияны талдап жатып, алардын спецификалык карым-катнашын баса көрсөтөт: “Сөз түркүмдөрдүн семантикалык потенциалы автономиялуу жайгашкан, грамматикалык категорияларга көз каранды болбойт. Кээ бир грамматикалык категориялар белгилүү бир сөз түркүмүнө тиешелүү болгон учурлары жок. Сөз түркүмдөрү грамматикалык чөйрөнүн

башкаруусуна өтөт да, ушул жерде гана тигил же бул грамматикалык белгилерди аныкташы мүмкүн” [47:147].

Кыргыз тилиндеги грамматикалык категориялар грамматикалашкан даражасы боюнча бирдей эмес, ушуга байланыштуу аларды үч тайпага бөлүүгө болот. Грамматикалаштыруунун биринчи даражасын жак, таандык категориялары түзөт, булар тилдин флективдүү тибинин сөз өзгөртүүчү категориясынан эч нерсеси менен айырмаланбайт. Морфологиялык көрсөткүчтөрдүн флективдүү мүнөздөмөсүнөн агглютинативдүү мүчөлөрдүн бир маанилүү деген аныктаманын четке кагылганы ачык көрүнүп турат, анткени алар бир нече грамматикалык маанини алып жүрүүчүлөр болуп саналышат. Чак жана ыңгай категориялары, жөндөмө жана сан категориялары төмөнкү грамматикалык даражада мүнөздөлөт. Бул багытта форма жасоочу мүчөлөрдүн оппозициясы, тилдик жабдылыш азыраак даражада унификацияланган. Бул жерде бир форма башка формалардан пайда болгону көрүнүп турат, башкача айтканда айтылган грамматикалык категориялардын мүчөлөрү туунду мамилелерде мүнөздөлөт. Ошентип, мамиле категориясы грамматикалык чакан мүнөздөмөлөргө ээ. Бул түзүлүштөргө өз ара карама-каршылык мамилелери мүнөздүү эмес, бирок маанилүү белгиси бар, ал грамматикалык оппозицияны грамматикалык эместен айырмалап турат [47:151].

Грамматикалык категория – бул бири-бирине карама-каршы коюлган грамматикалык маанилердин туюк системасы, ал кеңири тараган сөз формаларынын биригүүсү (же анча чоң эмес жогорку жыштыктагы сөз формаларынын абстрактуу типтеги маанилеринин топтору) жана маанилери бири-бирине өтпөгөн класстагы сөздөр, алардын айырмачылыгы тексттин грамматикалык даражадагы тактыгына таасир берет. Мисалы, граммемалар, ‘жекелик’ жана ‘көптүк’ сандардын биригиши грамматикалык сан категориясын түзөт. Карама-каршылык төмөндөгү касиеттерге ээ, ар кандай грамматикалык категория көптөгөн грамматикалык маанилерден турат, алар бир эле учурда бир сөздүн формасында боло албайт (бирок бир сөздүн формасы бир канча грамматикалык категориялардын граммемаларына ээ боло алат). Демек, орус тилиндеги сан категориясы бири-бирине карама-каршы граммемаларды ‘жекелик’ жана ‘көптүк’ сандарды өз ичине камтыйт: алар бир формадагы сөздөргө биригиши

мүмкүн эмес. Граммема “курал жөндөмө” бул категорияга таандык эмес, ошондуктан ал анын ар кайсы граммемалары менен бирге эркин боло алат.

Ошентип, грамматикалык категория деп, грамматикалык маниси боюнча карама-каршы коюлган же өз ара байланышта турган эки же андан көп грамматикалык формалардын биримдиги аталат. Берилген грамматикалык маани ошол берилген топтордун формалары менен туюндурулат. Грамматикалык категория туруктуу формалдык көрсөткүчтөрдөн сырткары боло албайт. Грамматикалык категория өзүнө экиден кем эмес карама-каршы турган формаларды камтыйт, бирок алар андан көбүрөөк санда болушу да мүмкүн. Демек, этиштик чактардын үч формасы бар: учур, өткөн жана келер чак; этиштин: негизги, узартылган, перфект жана узартылган-перфект деген төрт формасы бар; зат атоочтун эки сандык формасы, эки мамиле ж.б. бар. Бир гана формага ээ болгон категориялар жок: бир артикль, бир мамиле жана башкалары болушу мүмкүн эмес. Бинардуу болбосо да, категориянын ичинде карама-каршылык болушу зарыл.

Грамматикалык категорияларды билдирген маанилеринин мүнөзүнө карата төмөндөгүдөй классификацияласа болот:

1) мазмундуу (номинативдүү, семантикалуу, референциалдуу) грамматикалык категориялар, алар тикеден-тике тилден тышкаркы чындыктын туюнтулушунда катышышат;

2) формалдуу (асемантикалык, формалдык-структуралуу) категориялар, алар сөздүн формаларынын айкалышын гана көрсөтүү менен чектелет (мисалы, ээрчишүү грамматикалык категориясы ээрчишүү мамилелерин жасоого катышат: мисалы, сын атоочтун род, сан жана жөндөмө; этиштин (лингвистика), сан, род жана жак; “формалдуу структуралык” лексемалардын морфологиялык мүнөздөмөсү болуп жөндөмө жана жактама түрлөрү сыяктуулар).

Өз кезегинде мазмундуу грамматикалык категорияларды төмөнкү түрлөргө бөлсө болот:

(1а) номинациялуу (объективдүү, номинативдүү, дикталдуу, мис., зат атоочтун сан, жандуу зат атоочтун род, зат атоочтун жандуулугу, сын атоочтун салыштырма даражасы, бир жагынан этиштин түрү, экинчи жагынан өтмө/өтпөс жана жактама/жаксыз этиштер, конкреттүү/ универсалдык референция);

(1б) субъективдик-объективдүү, алар катышуучулардын көз карашы боюнча объекттин кептик аракетин жана мамилесин көрсөтөт. Субъективдик -объективдүү грамматикалык категориялар, өз учурунда, актуалдаштуулукка бөлүнөт (дейктикалык, шифтердүү, индексиалдуу), (мис., этиштин чактары, ат атоочтун жак категориялары); модалдык, (мис., этиштин ыңгай, референттүү/референттүү эмес синтагмалары); коммуникативдүү (мис., белгилүүлүк/белгисиздик жана синтагмалардын коммуникативдик ролу); баалоочулук, б.а., баасын көрсөтүүчү; (мис., предикаттуу сөздөрдүн сын-сыпатынын күчөтмө даражасы, зат атоочтордун субъективдүү баасы); интерпретациялык, байкоо жүргүзүүчүнүн субъективдүү көз карашынын чагылдырылышы (этиштин мамилелери, бир жагынан этиштин түрлөрү, экинчи жагынан зат атоочтун сандары, жандуу зат атоочтордун роддору, зат атоочтун жандуулугу);

(1в) реляциялуу (синтаксистик) (зат атоочтун жөндөмөсү, сын атоочтун атрибутивдүүлүгү/предикативдүүлүгү, этиштин репрезентациясы, коммуникативдик ролу). Реляциялуу грамматикалык категориялар, өз учурунда активдүү (валенттүүлүктү көрсөтүүчү, башкача айтканда, жанындагы сөздөр менен синтаксистик байланышта болууга жөндөмдүү, мис., өтмө/өтпөс, жактама/жаксыз, бир жагынан мамиле жана диатеза); пассивдүү (кепте сөздөрдүн синтаксистик ролунун көрсөтүлүшү, мис., зат атоочтун жөндөмө, сын атоочтун предикативдүүлүк/атрибутивдүүлүк, этиштин репрезентация категориялары) болот.

Грамматикалык категорияларды мүчөлөргө ажыратуудагы категориялдык белгилерне карата классификацияласа болот.

1) форма жасоочу (жеке, коррелятивдү, модификациялуу грамматикалык категориялар), алар менен лексема өзгөрүлө алат (мис., зат атоочтун жөндөмө, сын атоочтун род, сан жана жөндөмө, этиштин чак жана ыңгай категориялары). Коррелятивдүүлүк деңгээли боюнча форма жасоочу грамматикалык категориялардын арасында сөз өзгөртүүчү (ырааттуу түрдө коррелятивдүү, флексиялуу), модификациялоочу (башкача айтканда, корреляциянын бар болушун божомолдоочу) берилген сөз түркүмдөрдүн бардык сөздөрү үчүн (зат атоочтун жөндөмө, этиштин чак жана ыңгай, этиштердин жана сын аточтордун ээрчишүү грамматикалык категориялары); деривациялуу (ырааттуу түрдө эмес

коррелятивдүү, уңгу жасоочу, лексика-грамматикалык категориялар), алар берилген сөз түркүмүнүн кээ бир гана маанилүү подкласстары үчүн корреляциянын бар болушун божомолдогон категориялар (мисалы, жандуу зат атоочтордун род (лингвистика), зат атоочтордун сан, этиштин түр жана мамиле, сын атоочтун салыштырма даражасы, диатеза).

2) классификациялоочу (классификациялоочу, коррелятивдүү эмес грамматикалык категория), бүтүндөй лексемага тиешелүү жана туруктуу (мисалы, сөз түркүмдөр, жансыз заттардын род, жандуу/жансыз заттардын көптүгү, өтмө жана өтпөс, жактама жана жаксыз этиштердин көптүгү).

Синтаксистик грамматикалык категориялар:

Синтаксистик синтагматикага структуралуу-синтаксистик грамматикалык категориялар б.а., синтсаксистик мамилелердин түрлөрү: баш ийүү (синтаксис), сочинение (синтаксис), предикация (баяндооч), атрибут, актант тиешелүү.

Синтаксистик парадигматикага сүйлөмдүн грамматикалык категориясы (коммуникативдүү, же фразаларды өзгөртүүчү грамматикалык категориялар) б.а., сүйлөмдөрдү ажыратып туруучу белгилер (максаттуу түзүлгөн сүйлөм, макул/макул эмес, модалдык ж.б.), ошондой эле синтагмалардын грамматикалык категориясы (сүйлөм мүчөлөрүн, сөз айкалыштарын түзүүчү), атоочтук тайпалардын грамматикалык категорияларындай (белгилүүлүк/белгисиздик, род, сан, жак), баяндоочтун (диатез) грамматикалык категориясы, атрибуттун грамматикалык категориясы, (салыштырма даражасы жана интенсивдүүлүк) ж.б. тиешелүү болуп эсептелет.

Грамматикалык категорияларга мүнөздүү өзгөчөлүгүнө категориялоочу белгисинин модификациялоочу тиби (нерсенин түрүн, формасын өзгөртүүчү) кирет, анын синтаксиске тиешелүүлүгү “милдеттүүлүк” анын маанилеринен бирөөнү категориялоочу бирдиктерден сөз формасы үчүн тандап алуу жана анын дайыма көрсөтүү ыкмасынын болушу эсептелет. Бул өзгөчөлүктөрдүн бардык жыйындысы, көпчүлүк учурда, грамматикалык мүнөздөгү категориялар үчүн милдеттүү түрдө негиз болот, алардын ар биринин катышуусу зарыл эмес жана грамматикалык категриянын жетишээрлик белгиси боло албайт.

Сөз түркүмдөрү боюнча артыкча көрсөтүлгөн грамматикалык категориялар: атоочтук (зат атооч, сын атооч, ат атоочторго мүнөздүү: жөндөмө, ээрчишүү

классы ошону менен катар род, белгилүүлүк, жандуулук) жана этиштик (этишке мүнөздүү: чак, түр, жак, ыңгай, мамиле) болуп бөлүнүшөт. Бул категориялардын типтеринин ортосунда так чектер жок (чакты атоочтук менен көрсөткөн тилдер бар ж.б.).

Ар бир грамматикалык категория грамматикалык формалар менен грамматикалык маанинин биримдигин көрсөтөт, б.а., грамматикалык категория грамматикалык формага туура келген грамматикалык маанини бириктирет. “Грамматикалык маани дегенде, объективдүү чындыкты чагылдырган, жалпыланган абстрактуу маанилердин карым-катынашын, мамилелерин түшүнөбүз. Грамматикалык форма дегенде биз грамматикалык маанилерди көрсөткөн ыкмалардын биримдигин түшүнөбүз” [32:102].

Грамматикалык маанинин үзгүлтүксүздүгү, өтө эле чектелген каражаттардын топтору аркылуу ишке ашат. Ошентип, грамматикалык маани деп, берилген класстагы сөздөрдүн чегинде жана ошол шарттарда көрсөтүлбөй кое албаган гана маанилер эсептелет. Бул жобо грамматиканын теориясында жана салыштырма типологияда эң бир маанилүү теориялардан деп саналат, себеби ар түрдүү тилде бир эле маани грамматикалык жана грамматикалык эмес болушу мүмкүн. Мисалы, зат атоочтун сан категориясы кытай тилинде грамматикалык деп эсептелбейт; ал эми орус тилинде бул категория грамматикалык болуп эсептелет, себеби ар кандай зат атооч өзүнө дайыма жекелик жана көптүк сандын маанисин камтыйт.

Е.А. Земская, В.Б. Касевич ж.б., грамматикалык маанинин үч белгисин көрсөтүшөт. В.Б. Касевич грамматикалык маанинин милдеттүүлүк белгисин талдап жатып, кээ бир учурларда “грамматикалык маани” сөзсүз түрдө туюндурууну талап кылат жана “милдеттүү туюндуруунун” үч даражасы же үч деңгээли бар деп эсептейт:

1) берилген класстагы сөздөргө туура келген маанилер көмүскөдө калышы мүмкүн эмес жана бул үчүн дайыма атайын формалдуу каражаттар колдонулат;

2) маани милдеттүү түрдө болот, бирок атайын формалдуу каражаттар тилдин системасында сөзсүз болушу керек болсо дагы алар ар бир конкреттүү учурларда сөзсүз түрдө боло бербейт, мында ылайык келүүчү семантиканы берүүнүн каражаты контекст болуп саналат;

3) бул же тигил формалдуу каражаттар, контексттер аркылуу көрсөтүлгөн бул семантика менен катар жагдай дагы, өзгөчө грамматикалык маанилерди нейтралдаштырат, мында белги боюнча маалымат белгисиз, маанисиз болот деп белгиленет [71:140-141].

Көпчүлүк типологдордун пикири боюнча милдеттүү туюндуруу тилдик универсалия болуп эсептелбейт [111:9,10]. Түрк тилдериндеги көпчүлүк грамматикалык категориялар милдеттүүлүккө ээ боло албайт, бул көбүнчө европалык тилдердин грамматикалык категорияларына тиешелүү [47:144].

Бул контекстте милдеттүүлүк деген түшүнүк эки аспектиден турат:

1) белгилүү топтогу сөздөрдүн жалпы грамматикалык мүнөздөмөлөрү катары грамматикалык категориянын милдеттүү түрдө болушу;

2) грамматикалык категориялардын формалдуу ишке ашышынын милдеттүү түрдө болушу.

Грамматикалык маани тилде жекеме-жеке жашабайт: ал башка грамматикалык маанилер менен байланышта жана карама-каршылыкта гана болот, б.а., семантикалык оппозициялардын системасына кирет. Карама-каршы маанилерден жок дегенде экөө болуш керек.

Грамматикалык маанилердин карама-каршылыгы бир негизде жүргүзүлөт. Бир өңчөй системадагы бири-бирине карама-каршы коюлган системалар алардын көргөзгөн каражаттарынын системалары менен биригип, грамматикалык категория деп аталат.

Грамматикалык категориянын жана мазмундун пландары биримдикти түзөт жана алар комплекстүү каралыш керек [95:6-7]. Грамматикалык категориялар катары род, сан, жөндөмө, белгилүүлүк, жак, ыңгай, чак, мамиле, салыштырма даража ж.б. кызмат кылат. Грамматикалык маанинин типтерине ылайык категориялар классификациялоочу жана сөз өзгөртүүчү болуп экиге бөлүнүшөт. Жогорудагы пикирлерге таянуу менен категорияларды толук маанидеги жана толук эмес маанидеги лексемалар деп атасак да болот, себеби каралып жаткан тилдердеги зат атооч жана этиш сөз түркүмдөрү аз дегенде төрттөн кем эмес категорияларга ээ, ал эми башка маани берүүчү сөз түркүмдөрү категорияларга абдан эле жарды, т.а., бир же экиден көп эмес. Каралып жаткан тилдердеги мындай кубулуш жогорудагыдай бүтүм чыгарууга өбөлгө түзөт.

Биринчи бап боюнча корутунду

Биз салыштырып жаткан тилдер ар түрдүү системаларга жана топторго бөлүнөт; англис тили аналитикалык тилдердин тибине кирет, грамматикалык мамиле кызматчы сөздөр аркылуу, сөздөрдүн тартиби интонация менен белгиленет, бирок ал сөздөрдүн өзгөрүшү менен белгиленбейт, башкача айтканда, синтетикалык тилдерге окшоп сөз формалардын чегиндеги морфемалардын грамматикалык алмашуусу жок. Бирок аналитизм ар түрдүү грамматикалык деңгээлдерде көрсөтүлүшү мүмкүн. Кыргыз тили агглютинативдик тил болуп эсептелет. Анын негизин өзгөрбөгөн уңгуга бир маанилүү, стандарттуу мүчөлөрдүн белгилүү бир тартипте механикалык жалгашуулары түзөт. Орус тили синтетикалык тилдердин тибине кирет, анын грамматикалык мааниси ошол сөздүн чегинде, б.а., сөздөрдүн өздөрүнүн формасында көрсөтүлөт (аффиксация, ички флексия, басым, супплетивизм ж. б.). Сөздөрдүн ортосундагы мамилелерди көрсөтүш үчүн сүйлөмдө аналитикалык түзүлүштөгү элементтер колдонулушу мүмкүн (кызматчы сөздөр, айрыкча маани берүүчү сөздөрдүн тартиби, ыргак ж.б.).

Лингвисттер тарабынан сөз түркүмдөрдүн негизинде болуучу иерархиянын белгилери ар түрдүүчө түшүндүрүлөт. Бир принципке негизделген тил классификациясынын биримдигин түзүүгө болгон аракеттер жемиштүү болгон жок. Сөз түркүмдөрүнүн толук мүнөздөмөсү ар бир сөз түркүмдүн морфологиялык, синтаксистик жана семантикалык бардык белгилери боюнча толук мүнөздөмөлөрдү талап кылат.

Бул үч принциптин комплекстүү колдонулушу сөз түркүмдөрүнүн традициялык системасынын талаптарына жооп берет. Бирок бул гетерогендик критерийлерди ордунан жылдыруу болуп эсептелбейт, ал иерархиялуу жана иреттүү колдонууну талап кылат, башкача айтканда, ар бир сөз түркүмүндө бул принциптердин бирөө же экөө негизги болуп саналат, мисалы, зат атоочту бөлүп алууда негизги критерий катарында семантикалык, ал эми этишти бөлүүдө-морфологиялык белгилер туура келет.

Морфологиялык категориялар бардык тилдерге таандык болсо да, кандайдыр бир деңгээлде лексема менен сөз формасынын ортосунда айырмачылык бар. Сөз формасынын маркировкасы лексеманын варианты болуп, ар түрдүү

грамматикалык каражаттардын жардамы менен жүзөгө ашырылат. Өзгөрбөөчү сөздөргө лексема жана сөз форма дал келет. Көптөгөн градациялардын болгондугуна карабастан флективдүү жана агглютинативтик тилдерде морфологиялык категориялар бир кыйла айырмаланып турат. Негизги бөлүктөр катары бул жерде сөз түркүмдөр эсептелет, алар лексикалык мааниге жакындаштырылып, жалпыланган грамматикалык маанинин негизинде ажыратылат. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүүдө сөздүн мааниси менен бирге формасына да көңүл бөлүнөт. Сөз түркүмдөрүнүн категориясы негизинен классификациялоочу категория болуп эсептелет. Ар бир лексема белгилүү бир сөз түркүмүнө таандык (орус тилинде атоочтук жана чакчылдардан башкасы, этишке, сын атоочко жана тактоочко жакындашат), ошондуктан сөз түркүмдөрүнүн категориясы – бул эң жогорку деңгээлдеги морфологиялык категория.

Грамматикалык категория – бул бири-бирине карама-каршы коюлган же грамматикалык мааниси жакын болгон, эки же андан ашык грамматикалык формалардын биримдиги. Берилген грамматикалык маанилер белгилүү бир формалар аркылуу туюндурулат. Бир лексеманын сөз формаларынын топтому ал сөздүн парадигмасы деп аталат. Кээде парадигма деп бир лексеманын бир же бир нече категория боюнча өзгөргөн түрлөрү да айтылат. Мисалы, лексеманын жөндөлүш парадигмасы, лексеманын жакталыш, таандык ж.б., парадигмалары. Грамматикалык категория туруктуу формалдык көрсөткүчтөрүсүз жашабайт. Грамматикалык категория өз ичине экиден кем эмес карама-каршы коюлган формаларды камтыйт, айрым учурларда андан да көп болушу мүмкүн. Карама-каршы коюлган грамматикалык маанилер бир негизде түзүлөт. Бир өңчөй системалардын бири-бирине карама-каршы болгон грамматикалык маанилери, системалардын каражаттары менен биригип грамматикалык категория деп аталат. Грамматикалык категориянын маанисинин жана көрсөткүчтөрүнүн планы биримдикти түзөт жана комплекстүү каралыш керек. Грамматикалык категориянын мисалы катары род, сан, жөндөмө, белгилүүлүк жак, ыңгай, чак, мамиле жана салыштырма даражалар ж. б. кызмат кылат.

Грамматикалык маанинин типтерине ылайык категориялар классификациялоочу жана сөз өзгөртүүчү болуп экиге бөлүнүшөт.

2-БАП. АНГЛИС, ОРУС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ МААНИ БЕРҮҮЧҮ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮНҮН ГРАММАТИКАЛЫК КАТЕГОРИЯЛАРЫНЫН СТРУКТУРАЛЫК ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШТАРЫ

2. 1. Зат атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары

1. Зат атоочтун жөндөмө грамматикалык категориясы

Д.Е. Розенталдын аныктоосу боюнча жөндөмөлөрдүн категориясы - бул зат атоочтун белгилүү бир предметтин экинчи бир предметке болгон мамилесин түшүндүргөн грамматикалык категория [107:193,194]. Индоевропалык тилдердин тарыхый тектештигинин натыйжасында, англис тилиндеги жөндөмөлөр системасы башка индоевропалык тилдердин, ошонун ичинде орус тилинин да жөндөмөлөр системасында жалпылыктар бар. Ошол эле жалпылыктын өзүндө тилдердин өз алдынчалуулуктары да көрүнүп турат [101:245-246]. Мындай өзгөчөлүктөр жөндөмөлөрдүн санында жана ар бир жөндөмөнүн маанисинин колдонулушунан байкалат. Жөндөмө заттык маанидеги сөздөрдү сүйлөмдүн курамындагы же сөз айкашындагы башка сөздөр менен болгон мамилесин билдирген форма. Мисалы: *отпереть дверь ключом, ключ от двери, связка ключей, обзавестись ключами* деген сөздөр төрт жөндөмөнүн формасында туруп, *ключ* деген лексемадан алынып, *отпереть, отпери, связка, обзавестись* деген сөздөргө ар түрдүү мамилесин көрсөтөт. Бул мамилелер бүтүндөй ар түрдүү болушу мүмкүн жана ар бир жөндөмөнүн формасы бир нече мааниге ээ болот.

Карама-каршылыгы так көрсөтүлгөн сан категориясы (жекелик жана көптүк сандардын карама-каршылыгы) англис тилинде жөндөмө барбы деген суроого алып келет. Бул суроого жооп берүү үчүн жөндөмөнү бул же тигил каражаттар менен берилген форма же мазмун катары кароого байланыштуу болот. Жогорудагыларга негизделсек, жөндөмө сүйлөмдө заттын мамилесин билдирүүчү морфологиялык категория. Натыйжада, жөндөмө аркылуу берилген бул же тигил мамиле ошол заттын өзүнүн формасы менен берилиш керек экендиги аныкталат. Заттын формасына кирбеген (предлогдор, сөз тартиби) башка бардык каражаттар морфологиялык кубулуш боло албайт, ошондуктан алар жөндөмөнүн формасы катары каралбайт.

Ушундан улам жөндөмө экиден кем болбошу керек деген кортунду келип чыгат. Ошентип, зат атооч жана заттык маанидеги лексемаларды сүйлөм ичиндеги же сөз айкашындагы башка лексемалар менен байланыштырып, алардын ортосундагы синтаксистик катышты жөнгө салып туруучу грамматикалык категория *жөндөмө категориясы* деп аталат.

Алты жөндөмөлүү орус тилинен айырмаланып, англис тилинде зат атоочтун эки жөндөмөсү жөнүндө сөз кылуу адатка айланган: жалпы (Common Case) жана таандык (Possessive Case) жөндөмөлөр бар деп эсептелет жана бул маселе англис тилинде азыркы мезгилге чейин толук чечиле элек. Изилдөөчүлөрдүн бул маселеге болгон мамилесине жараша, англис тилинде жөндөмөлөрдүн саны ар түрдүүчө берилет. М. Дейчбейн, жөндөмө түшүнүгүн зат атоочтун баштапкы формасынын предлог менен айкашуусу катарында түшүндүрүү менен англис тилинде төрт: атооч, илик, барыш, табыш жөндөмөлөрү бар деп белгилеген. Бирок, жөндөмө тууралуу мындай түшүнүк берүү туура эмес, андыктан англис тилиндеги ***`s*** жөндөмөлүк морфема төп келген сөз формасы жөндөмө деп аталат. Кеңири тараган көз караштарга таянсак, зат атоочтун курамында эки жөндөмө боюнча өзгөрүүчү класстагы сөздөр бар, алар *`s* морфемасы менен жасалган – жалпы жана таандык жөндөмөлөр болуп эсептелет. Бул жандуу зат атоочтун классы жана семантикалык “убакыт” талаасы. Ошентип, зат атоочтун жөндөмө категориясынын типологиялык мүнөздөмөлөрүнүн көз карашында англис тилиндеги бардык зат атоочтор эки класска бөлүнөт деп белгилесек болот: жансыз заттарды билдирген, жөндөмө категориясына ээ болбогон жана жандуу заттарды жана убакытты билдирген – эки, жалпы жана таандык жөндөмөлөргө ээ болгон сөздөр. Таандык жөндөмөгө тиешелүү маанилер төмөндөгүлөр: предметтик, жандуулук, таандыктык, субъективдүүлүк жана обьективдүүлүк.

Англис тилиндеги бардык зат атоочтор, атооч жана жалпы жөндөмөлөрдө (The Nominative Case) колдонулушу мүмкүн, ушул формада алар сөздүктөрдө берилген. Жалпы жөндөмө зат атоочтун сөздүк формасындагы жекелик же көптүк санын көрсөтөт:

s*tudent - students - студент- студенты, man – men – мужчина - мужчины;*

I am a student. I have a friend. My friend is a student too. We are students.

Я студент. У меня есть друг. Он тоже студент. Мы оба студенты.

Жалпы жөндөмөдөгү предлогсуз зат атооч сүйлөмдө ээлеген ордуна жараша орус тилинде атооч, табыш, барыш жөндөмөлөрүн көргөзгөн зат атоочтордун мамилелерин билдирет:

The student answered well. (Этот) студент отвечал хорошо. The teacher asked the student about his work. (Этот) преподаватель спросил (этого) студента о его работе.

Таандык жөндөмө (The Possessive Case) заттын башка бир нерсеге же бир адамга таандык экендигин көрсөткөндө колдонулат. Зат атооч таандык жөндөмөдө дээрлик белгилүү артикль же кайсы бир белгилүү жана таандык ат атоочтордун бири менен коштолуп жүрөт: *my son's birthday - день рождения моего сына, the book's name - название книги.* Таандык жөндөмө жөнөкөй эле сөздүн негизине апостроф` жана ***s*** суффиксинин улануусу менен түзүлөт, эгерде зат атооч көптүк сандагы жөндөмөдө турса, суффикс - *s* бар болот, анда апостроф ошол суффикстен кийин коюлат. Таандык жөндөмөнүн формасы негизинен зат атоочтордун предметтик маанисине ээ, мисалы, *the Earth, the Moon, the Sun, a ship* деген сөздөр, бирок *"счастье, музыка, свет"* сыяктуу зат атоочтор таандык жөндөмөдө колдонулбайт.

Таандык жөндөмөнүн белгиси зат атоочтордун бардык тайпаларын тейлейт. *The Prime Minister of England's residence*. *Англиянын премьер министринин резиденциясы.* Орус тилиндеги чыгыш жөндөмөдөгү зат атооч көбүнчө илик жөндөмөдөгү зат атоочко туура келет: *The Earth's rotation. Вращение Земли. Marx's works. Труды Маркса*. Таандык жөндөмөдөгү зат атооч орус тилине сын атооч болуп которулат: *Workers' parties- рабочие партии. Today's level- современный уровень*. Таандык жөндөмөдөгү зат атоочтор төмөнкү маанилерди билдирүүдө колдонулат: a) жактар: *your friend's name- имя вашего друга (3-жак)*; b) жаныбарлар: *the dog's head- голова собаки*; c) убакыт жана эсептөө бирдиктери: *a month's term- срок одного месяца*; d) өлкөлөрдүн, ай, жыл мезгилдеринин, астрономиялык түшүнүктөрдүн аттары: *Great Britain's territory- территория Великобритании*. Жансыз нерселерди түшүндүргөн зат атоочтор эреже боюнча таандык жөндөмөдө колдонулбайт.

Суффикс *s (es)* менен келген зат атооч өзүнөн кийинки келген зат атооч менен таандык жөндөмөдөгү конструкцияны түзөт, мында суффикс *s (es)* менен келген

зат атооч өзүнөн кийинки келген зат атоочко аныктагыч болот да, мындай суроолорго жооп берет: кимдики? кимдин? эмненин? *Jack's room- комната (Whose?) Джека.*

Таандык конструкция колдонулган типтүү учурлар: 1) Белгилүү бир буюмдун бир адамга таандык экендигин көрсөткөн: *Ivanov's pen- ручка Иванова*. 2) Ойдун, теориянын, чыгарманын кимдир бирөөгө таандык экендигин билдирген, ж.б.: *George Byron's poems-стихи Джорджа Байрона* 3) Кыймыл-аракетти, касиетти, ал-абалды түшүндүргөн жана аларга катышуучуну кадимки аткаруучу же өкүл катары көрсөткөн сөздөр: *The doctor's arrival- прибытие врача, The old woman's story - рассказ старухи, The ship's departure- отход судна*.

Орус тили морфологиялык типтеги флективдүү тил болгондуктан, мындагы жөндөмөлөр атайын мүчөлөр аркылуу көрсөтүлөт. "Флективдүү" жөндөмө бир кыйла күчтүү, тар форманттагы түшүнүктө, дүйнөлүк тилдерде айтылгандай, сегменттик аффикстер – суффикстер же мүчөлөр менен көрсөтүлөт [85:355]. Азыркы орус тилинде белгилүү болгондой *алты* жөндөмө бар, алардын ичинен атооч жөндөмө *тике,* ал эми андан башкалары *кыйыр* деп аталат: буларга илик, барыш, табыш, курал (творительный) жана предлогдуу (предложный) жөндөмөлөрү кирет. В.В. Виноградовдун пикири боюнча азыркы орус тилинде *алты* жөндөмөнүн ичинен илик жана предлогдуу (предложный) жөндөмөлөрүнүн маанилеринин өтө кеңирилигине байланыштуу ар биринде жок дегенде эки жөндөмөнүн биримдиги бар деп кароого болот [34:204]. Азыркы учурдагы илик жөндөмөсүндө сапаттык-аныктагыч (же собственно-родительный – жеке-илик жөндөмө) жана сандык-ажыраткыч (же отложительно-достигательный – бөлүнүп-жетүүчүлүк) болуп бөлүнөт**.** Жеке-илик жөндөмөсү сапаттык-аныктагычтын маанисин бириктирет: *девушка редкой красоты, человек большого ума, стол красного дерева;* таандыктык: *книга сестры, дом отца;* субъект*: подарок матери, сочинения Пушкина, тормоз Матросова;* объект: *чтение Маяковского (когда читают стихи Маяковского; но чтение Маяковского, б.а*., *чтение самим Маяковским* – мында субъект бар) [126:287]. Бул маанилер предлогдор менен бирге колдонулушу да мүмкүн, мисалы: *у него была красивая дочь, у этой книги кожанный переплет, у чемодана двойное дно ж.б.* Сандык-ажыраткыч заттын сандык маанисинде көрсөтүлөт (көбүнчө сан атоочтор жана этиштерден кийин):

пять лет, три кило гороху, начитаться книг, наговорить дерзостей, попить водицы; обочолонуу, ажыроо: *избегать опасности, лишиться места*, *остерегаться обмана;* максатка жетүүчүлүк: *добиться успеха, просить помощи.* Бул маанилер предлогдордун жардамы менен көрсөтүлөт, көбүнчө: *из, от, до, около: уехать из города, происходить из крестьян, сшить из лучшей материи, от края и до края, плащ от дождя, услышать от знакомых, добраться до постели, охотник до книг*. Бул жөндөмөнүн предлогдор менен бирге себеп-максат маанисин көрсөткөндүгүн айрыкча белгилеп кетүүгө туура келет: *с радости, со страху, от горя, (похудеть от горя).* Сандык-ажыраткыч илик жөндөмөсүндөгү мужской роддогу зат атоочтор сейрек кездешүүчү өзгөчө ***-у*** мүчөсүнүн болушу менен айырмаланат, бул демейде жеке-илик жөндөмөсүндө колдонулбайт. Азыркы предлогдуу (предложный) жөндөмөсү кээ бир илимпоздор тарабынан экиге бөлүнөт: аныктоочу (изьяснительный) *о хлебе, о саде, о лесе* (*говорить, думать, рассуждать* деген этиштерден кийин ж. б.) жана орун (местный) (*в, на* предлогдору менен) – *в саду, в лесу, на полу, на корню* [34:299]. Предлогдуу жөндөмөсүнүн маанисинде зат атоочтун мужской родунда *-у* мүчөсү басым менен кеңири колдонулат.

“Предложный” деген аталыштын өзү М.В. Ломоносов тарабынан киргизилген, себеби бул жөндөмө бир предлогдор менен гана бирге келгендиктен XVII кылымда аны “сказательный” деген аталышта колдонушкан. Байыркы орус жана эски славян тилдери үчүн бул жөндөмө “орун” – местным (эң негизги маанилердин бири) деп аталган; ал эң алгачкы учурда башка бардык кыйыр жөндөмөлөр сыяктуу эле предлогсуз колдонулган: *НовЪгород'Ь “в Новгороде”* дегенди түшүндүргөн.

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн илик жана предлогдуу (предложный) жөндөмөлөрүн экиге бөлүүдөгү ойлору так илимий мааниге ээ экендигин белгилеп кетүүгө туура келет. Курал (творительный)жөндөмөсүнүн маанилерине бир кыйла кененирээк токтолобуз. Этиштик курал жөндөмөсү, б.а., курал жөндөмө этиштен көз каранды дегенди билдирет, ал сүйлөмдө толуктооч же бышыктоочтун, өтө сейрек баяндоочтун милдетин аткарат жана ал төмөндөгүлөрдү билдириши мүмкүн: 1) курал, шайман же каражаттар: *пишу пером; ветром оторвало лодку;* мында курал жөндөмөсүнүн мааниси жаксыз түрмөккө жакындашат: 2) туюк

мамиледеги этиштин кыймылын аткаруучу: *биздин илимпоздор тарабынан керектүү маселелер иштелип чыгууда;* 3) кыймыл-аракет таркалган объект же тармак (курал жөндөмөсүнүн маанисинде): *заниматься русским языком, интересоваться искусством, любоваться природой;* 4) убакыт, орун жана кыймыл-аракет жасоо жолу (курал жөндөмөсү бышыктоочтук мааниде): *а) он работает целыми днями, б) ехать лесом, в) говорить шепотом.* Курал жөндөмөсүн колдонуунун өзгөчө учуру болуп предикативдүү курал жөндөмө деп аталуучу, башкача айтканда, баяндоочтун курамын түзгөн (байламта менен же байламтасыз) формасы эсептелет, мисалы, *он стал опытным инженером; студенты будут учителями и научными работниками* [112:145–150]. Бул мааниге жана курал жөндөмөнүн маанисине жакын, ээлеген ордун, абалды, адамдын же предметтин өзгөчөлүктөрүн билдирген, өтмө этиштер менен келген, табыш жөндөмөсүндө турган аталыштар эсептелет *называть, назначать, считать, признавать (кого? кем?).*

Тике мамилени туюк мамиле менен алмаштырган учурда мындай курал жөндөмө жөнөкөй предикативдүү курал жөндөмө болуп калат: *его избрали председателем, он избран председателем, его считают руководителем, он считается руководителем ж. б.* [126:336]. Этиштик курал жөндөмөдөн сырткары, атоочтук курал жөндөмө дагы бар б.а., ал зат атоочтон же сын атоочтон көз каранды болуп эсептелет: (чындыгында этиштин негизине жакын: *удар кулаком, ср. ударить кулаком, езда шагом, ср. ехать шагом*) же *известный своими трудами, сильный духом, слабый глазами.* Табыш жана барыш жөндөмөлөрдүн негизги мааниси бул обьектти билдирүү; табыш жөндөмө көп учурларда өтмө этиштерден кийин колдонулат жана түз объектти көрсөтөт, тактап айтканда тике толуктооч болот (*студент составляет доклад*); барыш жөндөмө адамга же предметке жасалган же багытталган кыймыл-аракеттин кыйыр маанисин түшүндүрөт (*студенту предоставили путевку в дом отдыха; помощь брату* этиштик айкаштыктын үлгүсү боюнча *учитель помогал брату*). Бул эки жөндөмөнүн дагы башка маанилери бар: мисалы, табыш жөндөмө убакытты жана мейкиндикти *(работал целую неделю, пробежал километр,* ал эми барыш жөндөмөдө адамдын – кандайдыр бир кубанычтын белгисин көрсөткөн абалдагы маанини билдириши мүмкүн *(ему было радостно*). Кыйыр жөндөмөлөрдүн маанилеринин өтө

көптүгүнүн натыйжасында кээ бир маанилери бир гана жөндөмө мүчөлөрү аркылуу гана көрсөтүлбөстөн, предлогдордун кошулушу менен да көрсөтүлөт: мисалы, илик жөндөмө предлогдор менен мейкиндик мамилени (*от дома, до школы, с гор, из городов*) жана максатты (*для здоровья, для успеха*); барыш жөндөмө предлогдор менен багытты *(к отцу, по дорогам);* табыш жөндөмө предлогдор менен мейкиндик мамилени *(на улицу, в дом, по колено)* жана убакытты *(в год, в час);* курал (творительный) жөндөмө предлогдор менен биргелешип мамилени *(с другом)* жана мейкиндик мамилени *(под водой, за огородами, между деревьями);* азыркы орус тилинде бир гана предлогдуу (предложный) жөндөмө предлогдор менен колдонулат (ар түрдүү маанилерде).

Зат атоочтун сүйлөмдөгү башка сөздөр менен грамматикалык байланышы төмөндөгүдөй жолдор менен жүзөгө ашат:

1. Орус тилинде атооч жөндөмөсүндө турган, ээнин милдетин аткарган зат атоочтун мамилеси, англис тилиндеги сүйлөмдө биринчи орунду ээлеген сөз жалпы жөндөмөдөгү зат атооч менен берилет. *The nurse brought him a glass of water. Медсестра принесла ему стакан воды.*

2. Орус тилинде илик жөндөмөдө турган зат атооч менен берилген таандыкты, бүтүндүн бөлүгүн ж.б., көрсөткөн мамиле, англис тилинде көбүнчө *of* предлогунун зат атооч менен айкашышы аркылуу аныктоочтун милдетин аткарган мамилени туюндурат. *The face of the clock циферблат часов; The hands of the clock стрелки часов.*

3. Орус тилиндеги барыш жөндөмөдө берилген зат атоочтун мамилеси, англис тилинде зат атооч *to* предлогу менен айкалышта берилет. *Give the newspaper to Father. Отдай газету отцу. I am often invited to him. Меня часто приглашают к нему.*

4. Орус тилинде табыш жөндөмөдө берилген зат атоочтун мамилеси, англис тилинде зат атооч көбүнчө өтмө этиштен кийин берилет. *The boy is writing a letter. Мальчик пишет письмо. Take the skates to my brother. Отнеси эти коньки моему брату*.

5. Орус тилинде курал (творительный) жөндөмөдө берилген зат атоочтун мамилеси, англис тилинде *by* же *with* предлогдору зат атооч менен айкалышта

туюндурулат. Зат атооч *by (with)* менен келгенде предлогдуу толуктооч болот: *The dishes were washed by Mary. – Посуда была вымыта Мэри.*

6. Орус тилинде предлогдуу жөндөмдө берилген зат атоочтун мамилеси, англис тилинде зат атоочтун айкалышында ар түрдүү предлогдор менен көрсөтүлөт. (*in, on, at, from., etc.*): *The ship was sailing in the ocean. – Судно плыло в океане. The teacher put the books on my desk. – Учитель положил книги на мою парту.*

Англис тилиндеги зат атоочтордун предлогсуз берилиши, орус тилинде төмөндөгүчө жүзөгө ашырылат:

1. Сүйлөмдө биринчи орунду ээлеген предлогсуз зат атооч негизги этиштин алдында турса аны менен грамматикалык байланышта болот жана орус тилинде атооч жөндөмөсү аркылуу берилип, ким? эмне? деген суроолорго жооп берет: *The work advanced well. – Работа продвигалась хорошо.*

2. Сүйлөмдө үчүнчү орунду ээлеген предлогсуз зат атооч, негизги этиштен же өтмө этиштен кийин туруп, грамматикалык байланышта болсо, ал орус тилинде табыш жөндөмөнү көрсөтөт жана кого? чего? деген суроолорго жооп берет: *He stopped the car. – Он остановил машину.*

3. Өтмө этиштердин же башка зат атоочтордун ортосунда турган предлогсуз зат атооч, орус тилинде барыш жөндөмөсүнүн мамилесин көрсөтөт жана кому? чему? деген суроолорго жооп берет: *The teacher showed the student the map. – Преподаватель показал студенту карту.*

Ошентип, орус тилиндеги кыйыр жөндөмөлөр (б.а., атооч жана табыш жөндөмөлөрүнөн сырткары) менен берилген зат атоочтордун алдында туруучу предлогдор грамматикалык мамилени көрсөтөт.

Англис тилинде жактама жана сурама ат атоочтор *who* атооч жөндөмөсүнөн сырткары объективдүү жөндөмөгө да ээ боло алат: *whom, me, you, him, her, it, us, them.*

Азыркы кыргыз тилинде алты жөндөмө бар: атооч, илик, барыш, табыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөр. Атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр зат атоочтун баштапкы жөндөмө формасы болуп эсептелет жана дал ушул формада зат атоочтор сөздүктөрдөн орун алат. Атооч жөндөмөсүнүн мааниси адамдарды, предметтерди жана кубулуштарды атаганыбызда, зат атоочторду ушул формада

колдонгонубуздан көрүнөт. Бул маани менен атооч жөндөмөсү аркылуу жасалган сүйлөм мүчөлөрү – ээ, баяндооч жана каратма сөздөр байланышкан. 1. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч ээнин милдетин аткаруу менен заттарды жана кубулуштарды атайт: *Кыш келди. - Зима пришла.* 2. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч сөздөр баяндоочтун милдетин аткаруу менен ээ аркылуу көрсөтүлгөн, затка таандык болгон же теңдешкен роддун же предметтер менен кубулуштардын түрлөрүн атайт: *Менин атам мугалим. - Мой отец учитель.* 3. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч ошондой эле атама сүйлөмдөрдө каратма сөз катарында колдонулат: *Студенттер, эртең митинг болот- Студенты, завтра будет минтинг.* 4. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч аныктоочтун милдетин аткарат, мында ал зат жасалган материал менен предметти атайт, бул эки сөз тең эркин конструкциянын жардамы менен байланышат жана эч кандай грамматикалык аффикстерге ээ эмес: *темир жол, жыгач стол*, *жибек жоолук* 5. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч бирөөнүн ээлеген ордун же кесибин билдирет, мында ал дайыма этиштин чакчылдык формасы "*болуп*" деген сөз менен бирге колдонулат: *Менин агам мектепте мугалим болуп иштейт. - Мой старший брат работает учителем в школе.*

6. Атооч жөндөмөсүндөгү зат атооч жандооч сөздөр *(менен, үчүн, жөнүндө, тууралуу, болгончо)* менен кошо колдонулуп, илик жөндөмөсү менен башкарылат: *Ал кыз тууралуу мен маалымат уккам. – Имею сведение об этой девушке.*

Илик жөндөмөсүнүн негизги мүчөсү – *нын.* Анын он эки варианты бар – *нын: -нин, -нун, -нүн, -дын, -дун, -дин, -дүн, -тын, -тин, -тун, -түн*; кыскартылган түрү: – *ын, -ин, -ун, -үн.*

Зат атоочтун илик жөндөмөсү төмөнкү маанилерди билдирет:

1. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч сүйлөмдө заттын кимге, эмнеге таандык экендигин көрсөтөт: *Атамдын машинеси короодо турат. – Машина моего отца стоит во дворе.* 2. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч тууганчылык, тектештик жолдоштук түшүнүктөрдү билдирет: *Атай – энемдин агасы - Атай – старший брат матери*. 3. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч кесибин, кызмат ордун жана кылган ишин көрсөткөн маанини билдирет: *Ал киши – мектептин директору. – Это человек – директор школы.* 4. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч бүтүн предметти, же заттын бир бөлүгүн аныктоочу сөз болот: *Токойдун бактары –*

деревья леса. 5. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч предмет жасалган материалдын маанисин билдирет, ал аныктагыч сөз болот: *Апам будайдын унунан нан жасады. – Мать испекла хлеб из пшеничной муки.* 6. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч предметтин же адамдын касиетин, белгисин билдирген мааниге ээ жана ал аныктоочу сөз болот: *Студенттин билими терең болушу керек. – Знания студента должны быть глубокими.* 7. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч орунду көрсөткөн, аныктоочу сөзгө тиешелүү болгон мейкиндик маанисине ээ: *Шаардын окуучулары каникулга чыгышты. – Городские ученики вышли на каникулы.* 8. Илик жөндөмөсүндөгү зат атооч убакытты билдирген мааниге да ээ боло алат: *Кыштын шамалы урду. – Подул зимний ветер.* Эгерде кандайдыр бир заттын, сапаттын, белгинин кимге, эмнеге таандык экендиги ачык, так жана баса көрсөтүлсө, же болбосо өзү жалганган сөз энчилүү аттардан, заттык маанидеги башка түркүмдөгү сөздөрдөн болсо, иликтин жөндөмөсүнүн мүчөсү негизинен сакталып айтылат: *Шамалдын ышкырыгы, көз адамдын күзгүсү, акындын ыры* ж. б.

Барыш жөндөмөдө *–га, -ге, -го, -гө, -ка, -ке, -ко, -кө* деген 8 варианттагы толук жана кыскартылган *–а, -е, -о, -ө* мүчөлөрдүн жардамы менен түзүлөт. Зат атоочтун барыш жөндөмөсү төмөндөгү маанилерди билдирет: 1. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атооч кыйыр маанидеги кыймыл-аракет багытталган объектти билдирет: *Бул гезитти сен мугалимге бер. – Эту газету ты отдай учителю.* 2. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атооч конкреттүү мейкиндик маанисине ээ, белгилүү кыймыл-аракет болгон багытты көрсөткөн маанини түшүндүрөт: *Алар айылга кетишти. – Они уехали в аил*. 3. Барыш жөндөмөсүндөгү зат атооч адамдын же предметтин маанисин билдирет, ал тигил же бул кыймыл-аракеттин болгондугун көрсөтөт: *Биз мектепке китептерди жыйнадык. – Мы собрали книги для школы.* 4. Зат атоочтор барыш жөндөмөсүндө турганда бул же тигил кыймыл-аракеттин качан болоор убактысынын чегин көрсөтөт: *Кечкиге тамак бышырып кой. – Свари еду к вечеру.* 5. Зат атоочтор барыш жөндөмөсүндө аткарган иш аракеттин түрлөрүнүн маанисине ээ, алар субъекттин аталыштарын өзүнө тартат: *Ал заводго ишке орношту. – Он устроился на работу на завод.* 6. Зат атоочтор барыш жөндөмөсүндө дайыма мейкиндик маанисиндеги жандоочтор менен колдонулат (*чейин, каршы, карай* жана башкалар): *Балдар айылга чейин барышты. – Дети дошли до села.* 7. Зат атоочтор барыш жөндөмөсүндө (ичине бир нерсе бата,

бүктөлө, куюла, ыргытыла турган), бир кыйла чектелген көлөмдүк, сыйымдуулук маанисине ээ ж.б.): *Унду капка сал. - Положи муку в мешок.*

Кыргыз тилинде табыш жөндөмө 12 варианттуу мүчөнүн жардамы менен жасалат ***–ны:*** *-ни, -ну, -нү, -ды, -ди, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү;* кыскартылган түрү *–ы, -и, -у, -ү.* Табыш жөндөмөнүн негизги мааниси болуп жакты же нерсени билдирген тике толуктооч болуп саналат, алар кыймыл-аракеттин тикеден-тике объектиси болот. Тике толуктоочтун табыш жөндөмөсү өтмө этиштер аркылуу башкарылат. Зат атоочтор табыш жөндөмөдө турганда төмөнкүдөй негизги маанилерге ээ: 1. Зат атоочтор табыш жөндөмөдө конкреттүү жакты көрсөтө алат, бул учурда ал энчилүү аттар менен көрсөтүлөт: *Мен Айнурду таптым.* 2. Зат атоочтор табыш жөндөмөдө турганда мейкиндик, мезгилдик маанидеги объектти билдирет: *Балдар шаарды кыдырышты. Бакыт быйылкы жайды айылда өткөрдү.* 3. Зат атоочтор табыш жөндөмөдө тике толуктоочтун милдетин аткарат жана сандын, баанын маанисине ээ болушу мүмкүн: *Мен беш сомду алдым.* 4. Зат атоочтор табыш жөндөмөдө түз объектини төмөнкү учурда, "…эгерде ал грамматикалык же логикалык белгилүү затты билдирген сөз менен бирге болгондо" гана көрсөтө алат. Эгерде зат белгисиз болсо, анда тике толуктооч "атооч жөндөмөсү" менен берилет: *Бул машинаны биз мингенбиз* [8:43].

Жатыш жөндөмө кыймыл-аракеттин аткарылыш ордун, мезгилин, кандайдыр бир заттын же анын белгисинин кимде, эмнеде экендигин билдирип, кимде? эмнеде? качан? кайда? кайсы жерде? деген суроолорго жооп берет. Жатыш жөндөмө кыргыз тилинде 8 варианттуу *–да, -де, -до, -дө, -та, -те, -то, -тө* мүчөлөр менен түзүлөт. Жатыш жөндөмөнүн негизги мааниси – заттын белгилүү локалдык чекиттеги процесстин, кыймыл-аракеттин статикалык мейкиндик орду болуп саналат. Жатыш жөндөмө мезгилдик маанилерди да туюндурушу мүмкүн, бирок бул учурда убакыт түшүнүктү көрсөтүш үчүн айрым чектер аныкталат (мейкиндик чек): *кечинде –вечером, бир саатта – в течение одного часа.* Зат атооч жатыш жөндөмөдө турганда төмөнкү маанилерге ээ: 1. Зат атооч жатыш жөндөмөдө мейкиндик маанисине ээ болот: бул же тигил кыймыл- аракеттин болгон ордун, башкача айтканда, заттын ордун көрсөтө алат: *Ун кампада жыйылган. –Мука сложена в амбаре.* 2. Зат атооч жатыш жөндөмөдө турганда убакытты билдирген мааниге да ээ, бул же тигил кыймыл-аракеттин жасалган

убактысын көрсөтөт: *Кышында мал сарайга кыштайт. –Зимой скот зимует в хлеву.* 3. Зат атооч жатыш жөндөмөдө турганда конкреттүү гана эмес, абстрактуу заттын ордун, жасалган кыймыл-аракетин да көрсөтөт: *Касиет карыда. – Достоинство в старости.* 4. Зат атооч жатыш жөндөмөдө дайыма *бар* жана *жок* деген сөздөр менен колдонулат: *Окуучуда бул китеп жок. – Этой книги нет у ученика.*

Чыгыш жөндөмө кыймыл-аракеттин башталыш ордун, мезгилин, заттын же анын белгисинин пайда болуу булагын билдирип, кимден? эмнеден? кайсы мезгилден? сыяктуу суроолорго жооп берет. Чыгыш жөндөмө 8 варианттуу мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:– *дан, -ден, -дон, -дын, -тан, -тен, -тон, -тын.* Зат атооч чыгыш жөндөмөдө төмөнкү маанилерди көрсөтө алат: 1. Заттын мейкиндиктен башталыш ордун билдирет, мында аталган жак же зат бөлүнөт, же жоюлуп кетет: *Ал мугалимден келди. – Он пришел от учителя.* 2. Кыймыл-аракеттин болушунун себеби жак жана предмет болуп саналат: *Базардан ал уй сатып алды. – Он купил корову на базаре* (сөзмө сөз: *с базара*). 3. Убакыттын башталыш чегин билдирет: *Саат алтыдан бери балдар ойноп жатышат. – С шести часов дети играют.* 4. Зат аркылуу кыймыл-аракет жасалат: *Бала арыктан секирди. - Мальчик перепрыгнул через арык.* 5. Кээ бир кыймыл-аракеттин же абалдын аткарылыш себебин билдирет: *Ал сууктан келбей калды. – Он не пришел из-за холода.* 6. Заттын кайсы бир материалдан жасалгандыгын көрсөтөт: *Балта темирден жасалган. – Топор изготовлен из железа. 7.* Кайталанып айтылган татаал сөздүн биринчи түгөйү чыгыш жөндөмөдө болуп, күчөтүү маанисин билдирет: *Назгүл күйөөсүнүн кылык жоругуна ачыктан ачык каршы турду.*

Жогоруда айтылгандардан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот. Каралып жаткан тилдердеги жөндөмө системасына мүнөздүү болгон төмөнкүдөй жалпы белгилерди көрсөтүүгө болот: 1. Жөндөмө системасында тике атооч жөндөмөсү өзгөчө бөлүнүп көргөзүлөт, ал калган кыйыр жөндөмөлөргө карама-каршы коюлат. Ал парадигманын баштапкы формасы, заттын же кубулуштун аталышы катары колдонулат, сүйлөмдө баш мүчөнүн милдетин аткарат, ошондуктан башка сөздөр менен эч качан башкарылбайт. 2. Кыргыз жана орус тилдеринде кыйыр жөндөмөлөр сүйлөмдө айкындооч мүчөлөрүнүн б.а., бышыктоочтук, аныктоочтук жана толуктоочтук милдеттерди аткарышат. Зат атооч этиш, зат жана сын атоочтор

менен башкарылышы мүмкүн. 3. Бышыктоочтук, аныктоочтук жана толуктоочтук мамилелер зат атоочтун кыйыр жөндөмөлөрүнүн предлогсуз же болбосо кыйыр жөндөмөнүн жана предлогдун айкашы менен көрсөтүлөт, ушуга жараша жөндөмөлөрдүн колдонулушу предлогдуу жана предлогсуз болуп айырмаланат. 4. Англис, кыргыз жана орус тилдериндеги жөндөмө системасындагы жалпылык маанилердин окшоштугунда жана айрым жөндөмөлөрдүн колдонулушунда байкалат. Демек, англис, кыргыз жана орус тилдеринде атооч жөндөмө ээнин негизги формасы болуп эсептелет; илик жөндөмө таандык маани менен байланышта ж. б. Бирок, жөндөмөлөрдүн бир канча маанилеринин окшоштугун биз маанилердин жана башка жөндөмөлөрдүн колдонулушун бирдей деп түшүнбөшүбүз керек. Ар бир тилдин жөндөмө системасынын спецификасындагы сырткы көрүнүшү болуп жөндөмөлөрдүн санындагы айырма эсептелет. Кыргыз жана орус тилдеринде алар алты, ал эми англис тилинде экөө. Ушуга жараша алардын кызматтары да ар түрдүүчө бөлүнгөн жана алардын маанилеринин чөйрөлөрү да ар түрдүү. Орус жана англис тилдериндеги сөздөрдүн семантикалык эквиваленттеринде айырмалар бар.

Орус тилинде жөндөмөлөр флексиялар менен белгиленет жана алардын дифференциалдуулугу жетишерлик так, даана болгону менен зат атоочтордун жөндөмө парадигмасында омонимикалык формалар кездешет: жекелик санда *стол* (атооч жана табыш жөндөмөлөр), *коня* (илик жана табыш жөндөмөлөр), *двери* (илик, барыш жана табыш жөндөмөлөр), *соседке* (барыш жана предлогдуу жөндөмөлөр), *времени, пути* (илик, барыш жана предлогдуу жөндөмөлөр); көптүк санда; *столы* (атооч жана табыш жөндөмөлөр), *соседок* (илик жана табыш жөндөмөлөр). Англис тилинде илик жөндөмөсүнө ‘*s* жалгануусу менен көрсөтүлөт. Орус жана кыргыз тилдеринде жөндөмө категориясы төмөндөгү семалар менен мүнөздөлөт: заттуулук, род (түр), сан, жандуу/жансыздык. Жалпы жөндөмөнүн маанисин мүнөздөгөн семалардан тышкары, салыштырылып жаткан тилдердин жөндөмөлөрү жеке, өзүнө гана таандык болгон семалар менен мүнөздөлөт. Мисалы, орус тилиндеги табыш жөндөмөсү үчүн “кыймыл-аракет багыты” деген сема мүнөздүү; илик жөндөмөсүнүн семаларынын бири болуп “таандыктык” семасы эсептелет ж.б. Англис тилинде таандык жөндөмөсүнүн семалары

төмөндөгүлөр: заттуулук, жандуулук, таандыктык, субъективдүүлүк жана объективдүүлүк.

2. Зат атоочтун сан грамматикалык категориясы

Англис тилинин жалпы тенденцияларынын өнүгүшүн изилдөөчүлөр бара-бара бузулууга алып бара турган негизги тенденциялардын ичине формалдуу же рефлективдүү категорияларды (этиштин жак, ат атоочтун сан категорияларын) киргизишет жана тескерисинче, заттар менен чыныгы кубулуштардын ортосундагы концептуалдуу же имманенттик категориялардын (этиштин чак категориясы жана зат атоочтун сан категориясы) бекемделишин белгилешет [29:9].

Зат атоочтун грамматикалык сан категориясы базалык, имманенттүү категориялардын тобуна кирет, демек, “сан” же “аздык-көптүк” концепти базалык же тилдик базалык концептуалдуу структуралдык системаны түзүүчү жана грамматикалык көрсөткүчтөр бардык тилдерде же көпчүлүк тилдерде болуучу эң маанилүү концепттерден болуп эсептелет. [115:92].

Бул концепттин базалык статусу психологиялык маалыматтар менен такталат. Ошентип, С. Пинкер өзүнүн *“The Language Instinct”* деген эмгегинде психологдор менен бирдикте жашы беш айга чейинки бөбөктөргө жүргүзүшкөн тажырыйбасынын жыйынтыктарын мисалга келтирген. Бул тажырыйба бөбөктөргө көрсөткөн предметтердин санынын өзгөргөндүгүнө алардын маани бере тургандыгын белгилеген [152:68-69], бул бизге “аздык-көптүк” концептинин ой жүгүртүүнүн довербалдуу этабында пайда болду деп божомолдоого негиз түзөт.

Айрым лексемаларда: туура санды атоочу сан атоочтордо, жекелик /көптүк маанидеги зат атоочтордо (*multitude, singularity* ж. б.), сөз жасоочу морфемаларда, ал лексикалык бирдиктеги семантикада имплициттүү (көмүскөдө) катыша алат *(to scatter to permeate* ж.б.), бул тилдеги жекелик/көптүктүн репрезентациясынын маселелерин функционалдык-семантикалык талаа позициясынан кароого негиз түзөт [109:23], бул толугу менен далилденип көрсөтүлөт, анткени бул концепт өзүнүн вербалдуу репрезентациясын тилдин бардык деңгээлдеринен көрө алат.

Бирок бул концепттин бир кыйла системалуу берилиши зат атоочтун грамматикалык сан категориясында учурайт. Сан категориясынын багыты боюнча зат атоочтун грамматикалык мүнөздөмөлөрү зат атоочтун конкреттүү жана

абстрактуу, саналуучу жана саналбоочу субклассификациянын негизинде жатат; зат атоочтордун сандык кыймылы, зат атоочтун мүнөздөмөлөрү саналуучу/саналбоочу формасына карата зат атоочту жана анын мааниси менен бирге болуучу детерминативди тандоосун аныктайт.

Зат атоочтун сан категориясынын маселелерине көп сандагы адабияттар арналган, аларда бул татаал жана көп кырдуу проблемалардын ар түрдүү аспекттери каралган.

Ушуну менен бирге лингивистикада жаңы парадигмалардын пайда болушу, калыптанышы жана биринчи иретте когнитивдик парадигмалар, алардын ичинде көңүлдүн борборунда, изилдөөлөрдүн фокусунда дүйнөнү бардык жагынан жана таануунун вербалдашкан жыйынтыктарын тааныган адам турат жана ал өзүнүн кептик аракетинин өнүгүүсүндө дүйнөнү жеке кабыл алуусу, лингивистиканын көптөгөн традициялуу маселелерине “жаңы концепциялардын позицияларынан” кароого мүмкүндүк берет. Жаңы мамилелерди колдонуунун зарылчылдыгы мындай фактылар менен шартталат, тилдик чындык, көп учурларда зат атоочтордун сандык стандарттуу эместиги, зат атоочтордун сан категориясына болгон эрежелерине карама-каршы жүрүшү көптөгөн изилдөөчүлөрдү зат атоочторду саналуучу жана саналбоочу деп бөлүүгө жана бул өзгөчөлүктү алардын колдонулушуна жараша кароо туура деген ойдон баш тартууга түрткү берет. Мындай обочолонуунун мисалы болуп Аллан Кейстин эмгеги эсептелет, ал саналуучу/саналбоочу форма зат атоочтун *per se* касиети болуп эсептелбейт деп далилдейт, башкача айтканда, зат атооч тил бирдиги катарындагы мүнөздөмөсүн колдонулганда алат (in syntagmata) [132:546].

Зат атоочторду саналуучу/саналбоочу деп классификациялоодон баш тартуу максатка ылайыксыз, себеби, алар тилдик системанын бирдиктери болуп эсептелет жана системалык мүнөздөмөлөргө ээ. Ошону менен бирге зат атоочтордун нетривиалдык санынын жүрүм-турумун түшүндүрүүдө, биздин көз карашыбызда, концептуалдашуунун тигил же бул маанисинин өзгөчөлүгү, адам тарабынан аны кабыл алуу спецификасы негизги ролду ойнойт жана сүйлөөчүнүн зат атоочтун грамматикалык сан формасын тандап алуусун туюндуруп турат. В.фон Гумбольдттун көптөгөн идеялары когнитивдүү лингивистикада андан ары өнүккөн, ал “грамматикалык түзүлүш бизге ой-жүгүртүүнүн ички уюму жөнүндө элес берет”

деп белгилейт [42:345]. В. фон Гумбольдттун ушул оюн өнүктүрүү менен сүйлөөчүнүн репрезентациясы тигил же бул маанинин саналуучу же саналбоочу нерсе экендигин, сүйлөөчүнүн кабыл алуусуна жана ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрүнө жараша аныкталат деп эсептесек болот. Мисалы: *I may be nobody's father but I've got a lot of dad in me (Mark H. Masse).*

Бул мисалда зат атооч "*father*" жана анын коллокуалдык (ооз эки сүйлөшүүдөгү) синоними "*dad*" колдонулган. Эки зат атоочтун тең семантикасы окшош, алар болгону функционалдык тиешелүүлүктөн гана айырмаланышат жана алардын грамматикалык мүнөздөмөлөрү да бирдей, бул эки зат атооч бирдей системалык деңгээлде саналуучу заттарга кирет. Бирок, берилген мисалда зат атоочтор саналуучу заттар болуп колдонулган, башкача айтканда, өздөрүнүн системалуу сандык мүнөздөмөлөрүн ишке ашырат, ал эми "*dad*" зат атоочу бул жерде саналбоочу зат катарында колдонулган. *Dad* зат атоочунун семантикалык түшүндүрмөсү берилген сүйлөмдүн контекстинде көргөзүлгөндөй биринчи планга анын предметтик мамилеси кирбестен, анын сыпаттык мааниси кирген: бул жерде денотатка оогон, белгилүү бир чектеги маданияттын сапаты жөнүндө сөз болуп жатат. Дал ошол концептуалдык мааниси бул учурда "*father*" белгилүү сыпатты алып жүрүүчү катарында турат (б.а., бала жөнүндө камкордук, ж.б.), сүйлөөчү өзү заттын грамматикалык формасын тандагандыгын жана аны саналбоочу зат катарында колдонгондугун аныктайт. Биздин көз карашыбыз боюнча, айтылгандар төмөндөгүнү далилдейт, когнитивдүү мамиленин мааниси тилдин грамматикасы жөнүндөгү түшүнүктү формулировкалайт: грамматика – бул өзүнө гана тиешелүү болгон, бир гана грамматикалык формалардын жана эрежелердин жыйындысы эмес, ал биздин дүйнөгө болгон көз карашыбызды чагылдырат жана грамматикалык формаларга болгон биздин тандообузду аныктайт.

Концептуализация жөнүндөгү түшүнүк когнитивдүү лингвистикадагы борбордук түшүнүктөрдүн бири катары зат атоочтордун жүрүшүндөгү стандарттуу эмес сандык фактыларды түшүндүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Сан категориясы жандуу жана жансыз заттардын сандык катышын көргөзөт. Сан категориясынын негизги мазмуну болуп заттын реалдуу бирдик маанисинин карама-каршы коюлушу жана ошол эле көптөгөн заттардын реалдуу бөлүнүш маанилери эсептелет.

Англис тилинде сан категориясы реалдуу турмушта кездешүүчү, ошол тилдин өкүлүнүн аң-сезиминде чагылдырылган жана тилдин формаларына ылайык келген морфологиялык сөз айкаштарга ээ болуучу сандык байланышты көрсөтөт [10:254]. Азыркы англис тилинде сан категориясы жекелик жана көптүк сандарында берилет. Жекелик сан формасы заттын жалгыз экендигин билдирүү үчүн кызмат кылат, ал эми көптүк сан – заттын эки же андан көп экендигин билдирет. Байыркы англис тилиндеги атоочтук жөндөмөсүндө көптүк сандын перегласовкалар менен бирге 25 тен кем эмес түрү болгон, биздин күнгө чейин алардын жети түрү келип жеткен: *feet* – ноги, *geese* – гуси, *teeth* – зубы, men – мужчины, *women* – женщины, *lice* – вши и *mice* – мыши. “Күчсүз жөндөлүү” деп аталган азыркы англис тилинде төмөндөгүлөргө окшогон *brethren* – агалар, *children* – балдар жана *oxen* – өгүздөр сыяктуу сөздөрдүн түрү да таралган (көптүк санда уңгуга –*n* уланышы менен).

Зат атооч өзүнүн баштапкы негизине жараша “күчтүү” же “күчсүз” үлгүсү боюнча жөндөлөт. Азыркы англис тилиндеги зат атоочтордун көптүк саны жекелик сан формасына –*s* мүчөсүнүн улануусу менен түзүлөт жана ал жумшак үнсүздөрдөн жана үндүүлөрдөн кийин [z], ал эми каткалаң үнсүздөрдөн кийин [s] болуп айтылат: *hand* – кол – *hands, machine* – машина – *machines*. Жекелик сандагы *s, ss, x, sh, ch*, тыбыштары менен, б.а., ышкыруучу же шыбыштуу тыбыштар менен аяктаган зат атоочтордун көптүк саны –*es* мүчөсүнүн жекелик санга улануусу аркылуу түзүлөт, –*es* мүчөсү [iz] болуп окулат: *Class* – класс – *classes, Box*- коробка – *boxes*. Жекелик сандагы –*y* менен аяктаган, өзүнүн алдында үнсүздөр келүүчү зат атоочтордун көптүк саны –*es* мүчөсүнүн улануусу менен жасалат, ал эми –*y* тыбышы –*i* болуп өзгөрөт: *city* – шаар – *cities, army* – армия – *armies*. Эгерде –*y* дын алдында үндүү тыбыш турса, анда көптүк сан жалпы эреже боюнча –*s* мүчөсүнүн улануусу аркылуу түзүлөт. Бул учурда –*y* тыбышы –*i* га өзгөрбөйт: мисалы, *day* – күн – *days, boy* – уул бала – *boys*. Кээ бир зат атоочтордун көптүк саны –*s* мүчөсүнүн улануусу менен пайда болбойт, алар уңгудагы тыбыштардын өзгөрүшү аркылуу жасалат: *man* – эркек киши – *men* – эркек кишилер, *woman* – аял – *women* – аялдар. *People* зат атоочу дайыма көптүк сан формасында колдонулат: *there were many people there*, бирок, качан *people эл, улут* дегенди билдиргенде ал жекелик сан жана ошондой эле көптүк сан катарында колдонулат: *The Russian people is invincible – Орус эли женилбес.* Бир катар зат атоочтор жекелик санга ээ эмес, алар

жалаң гана көптүк санда колдонулат (ушундай зат атоочтордун артынан келүүчү этиштер көптүк санды көрсөтүш керек): *tidings* – кабар, *thanks* – ыраазычылык. Көптүк санда бир гана –*police* зат атоочу колдонулат.

Орус тилиндеги сан категориясынын жекелик жана көптүк санынын жөндөмө формаларынын карама-каршы белгилери бар жекелик жана көптүк санынын грамматикалык маанилери түзөт. Жекелик сан формалары жалгыз предметти (Мальчик *читает книгу*), жана көптөгөн предметтерди билдирет (Человек *предназначен для любви*). Сан категориясы боюнча бардык зат атоочтор эки тайпага бөлүнөт: эки сандын тең жана бир эле сандын формасында колдонулуучу зат атоочтор. Сан категориясы эсептөөгө жөндөмдүү болгон, реалдуу бирдиктин же реалдуу көптүктүн маанисин билдирген конкреттүү гана зат атоочторго ээ.

Башка зат атоочтор кандайдыр бир сандын грамматикалык формасына ээ, бирок сандык мааниге ээ эмес. Ошентип, энчилүү, материалдык, абстрактуу жана жамдама зат атоочтор жекелик сан гана формасына ээ (*Амур, Виктор, золото, шелк, синь, радость, агентура, тряпье*). Жекелик сандын формасы айрым гана предметти атоого кызмат кылбайт, ал формалдуу түрдө алардын сандык карама-каршылыкка катышуусуна мүмкүнчүлүк берет, бирок көптүк сандын формасын түзүүдө лексикалык мааниде өзгөрүү болот. Көптүк сандын формасындагы энчилүү аттар үй-бүлө мүчөлөрүнүн же туугандарды (*братья Макаровы, семья Петровых*), ар түрдүү окшош ысымдуу адамдарды атоодо да колдонулат. Көптүк сандын формасындагы материалдык зат атоочтор материалдардын ар түрдүү сортторун же маркаларын, өсүмдүктөрдүн түрлөрүн, буюмдардын типтерин же түрлөрүн билгизет. Кээ бир көптүк сандын формасындагы абстрактуу зат атоочтор ар түрдүү касиеттердин конкреттүү көрүнүштөрүн, сапаттарын же абалдарын (жашоонун кубанычтарын) же узак убакыттын жана мүнөзү боюнча адамдын интенсивдүү физикалык же нравалык абалын (коркунуч, оору, кайгы) билдирет. Орус тилиндеги зат атоочтун көптүк санынын жасалышы зат атоочтордун жөндөлүш типтери менен байланыштуу. Зат атоочтордун женский жана мужской роддорунун биринчи типтеги көптүк санынын жөндөлүшү *-и, -ы* мүчөлөрүн кабыл алат: *страна – страны, земля – земли.* Мужской жана средний роддордогу зат атоочтордун экинчи типтеги жөндөлүшү *-ы, -и* (мужской роддо), *-а, -я* (средний роддо): *дело – дела, село – села, гений – гении* мүчөлөрүн кабыл алат ж. б. Бирок,

кээ бир мужской роддогу зат атоочтун көптүк саны *–а (-я)* мүчөлөрүнө ээ: *год – года, дом – дома.* Средний роддогу зат атоочтордун көптүк саны – *и* мүчөсүнө ээ болот: *яблоко – яблоки, ухо – уши.* Үчүнчү типтеги женский роддогу зат атоочтор, биринчи типтеги жөндөлүштөй эле, көптүк санда – *и* мүчөсүнө ээ: *ночь-ночи.* Бирок, кээ бир зат атоочтордун үчүнчү типтеги жөндөлүшүнүн көптүк санын жасоодо сөздүн негизине форма жасоочу аффикс – *ер* уланат: *мать-дочь, матери-дочери.* Орус тилинде мындан башка түрдүү жөндөлүүчү, средний роддогу – *мя* мүчөсүн кабыл алуучу он зат атооч бар *(время, темя, стремя, семя, племя, пламя, имя, знамя, вымя, бремя).* Алардын кээ бирөөсүнүн көптүк саны – *а* мүчөсүнүн жана форма жасоочу суффикс *–ен* аркылуу жасалат: *стремя-стремена, имя- имена, время- времена.* Ошондой эле орус тилинде жөндөлбөй турган зат атоочтор да бар, алар эч кандай көптүк сандын формасына ээ боло албайт – булар башка тилдерден кирген сөздөр: *пальто, метро, кино, кофе, кафе* ж.б.

Кыргыз тилин алып көрсөк, традициялуу формалардан тышкары жекелик жана көптүк сандардын формаларын колдонууда кыргыз тили төмөнкү зат атоочтордун сан категориясынын иш аракеттерине мүнөздүү болгон бөтөнчөлүктөргө ээ экендигин белгилеп кетүүгө болот: 1) зат атоочтордун жекелик сан формасын колдонуудагы бөтөнчүлүктөр; 2) жекелик санда гана колдонулуучу зат атоочтордун болушу; 3) морфологиялык-синтаксистик жол менен түзүлүүчү, жамдама атоочтордун маанисиндеги, көптүк санда гана колдонулуучу зат атоочтордун болушу эсептелет.

1) *Зат атоочтордун жекелик санда колдонулушу:* “Зат атоочтордун жекелик сандагы формасы кыргыз тилинде эки негизги мааниге ээ: жалгыз зат жана бөлүнбөй турган көптөгөн бир өңчөй заттар же түрдүк (роддук) түшүнүк” [39:128]. Жалгыз предметти билдирген зат атоочтордун көптүк сан формасы – *лар* мүчөсүнүн жана анын варианттарынын (*-лер -лор -лөр -дар -дер -дор -дөр -тар -тер -тор -төр)* уланышы жана традициялуу жекелик сан менен көптүк санга карама-каршы коюулуу маанисине дал келет. Бирок, кыргыз тилинде “...жекелик сан формалары бир өңчөй заттардын көптөгөн маанилерин же түрдү (родду) жана түрдүү билдирүү үчүн кеңири колдонулган” зат атоочтор бар [39:128]. Буларга адамдардын топторун белгилеген, алар кайсы улутка, урууга жана урукка таандык экендигин көрсөткөн зат атоочтор кирет, алар жеке улутка, урууга кирет (*орус,*

кыргыз, баргы, солто, уйгйр, кытай, бугу, сарыбагыш); жекелик сан формасындагы жаныбарлардын аттарын жана алардын көптөгөн топтук жакындык маанисин көрсөтөт (*эчки, уй, ат, сайгак, канаттуу*); жекелик сан формасындагы жалпылоочу семантикадагы көптөгөн бөлүнбөй турган зат атоочтор (*эл, калк, журт, мал, жырткыч, куш, бак*); адамдын же жаныбарлардын денесиндеги жуп мүчөлөрдү билдирген жекелик сан формасындагы зат атоочтор бир объектти жана ошондой эле көптүк маанини да билдирет (*кулак, кол, бут, канат*). Бул зат атоочтор көптүк сандын - *лар* аффиксин жана анын вариантарын өзүнө кабыл алат, бирок бул учурда саналбай турган түрдүк (роддук) таандыктыктын маанисин жоготот жана зат атоочтор аталган аффикстер менен бөлүнүүчү топтордун көптүк маанисине ээ болот.

2) *Жекелик санда гана колдонулуучу зат атоочтор*. Кээ бир зат атоочтор бир гана жекелик санда колдонулат, бул алардын семантикасы менен шартталат. Аларга айлардын аталышы, дүйнөнүн төрт тарабын билдирген зат атоочтор кирет: *август, апрель*, *батыш, чыгыш* ж.б.; географиялык жана астрономиялык объектилерди, ошондой эле ааламдагы жалгыз предметтерди билдирген зат атоочтор: *Койташ, ай, күн, асман, Жер, Жетиген* ж.б.; материалдык жактан саноого мүмкүн болбой турган заттар: *айран, сүт, жарма, кымыз, каймак, ун* ж.б.; энчилүү аттар – зат атоочтор: *Азиз, Дастан,* ж.б., энчилүү аттар көптүк сандын аффикси менен колдонулушу мүмкүн, мисалы: *Айгүлдөр, Азиздер* ж. б.; бирок, бул учурда алар башка семантикага ээ, тактап айтканда, аталган адам дал ошол үй-бүлөнүн мүчөсүнө таандык экендигин билдирет (бирок мындай аталыштар менен көптөгөн адамдар аталбайт), абстрактуу семантикадагы зат атоочтор: *балалык, жарык, суук* ж.б.; орунду, мейкиндикти жана бир нерсенин аралыгын билдирген зат атоочтор: *баш, аяк, орто, ара* ж.б.; адамдын ички абалын, ой-сезимин билдирген зат атоочтор ж.б.; *таарыныч, ойлонуу* ж.б.; белгилерди, кыймыл-аракеттерди жана ал-абалды билдирген зат атоочтор: *акыл, ой, жалкоолук* ж.б. [49:73-74; 8:28,29].

3) *Морфологиялык-синтаксистик жол менен, жамдама көптүк санда гана колдонулган зат атоочтор.* Бул зат атоочтор көптүк сандын аффикстери менен түзүлбөйт, алар татаал же жуп болгон сөздөр жана алар мында белгисиз көптүктүн семантикасын билдирет. Буларга төмөндөгү зат атоочторду киргизсе болот: а)

мындай татаал зат атоочтордун эки компоненти тең антоним сөздөр болот: *эне-ата же ата-эне, эрди-катын, кары-жаш* ж.б.: б) семантикасы боюнча жакын, эки компоненти тең эркин сөздөр менен көрсөтүлгөн зат атоочтор: *идиш-аяк, ит-куш, мал-жан, той-топур* ж.б., в) өзүнүн семантикасын өзгөртпөстөн туруп, бир эле сөз эки жолу кайталанып, сөзгө көптүк маанини билдирет: *кой-кой, жылкы-жылкы* ж.б., г) биринчи компонент өз алдынча сөз болуп, ал эми экинчиси анын рифмаланган, өз алдынча эмес кайталанган заттар эсептелет: *эт-мет, уй-пуй, кой-пой*, *кыз-кыркын, мал-сал* ж.б. М.: *Кечээ кыз-кыркын келип кетишкен.* Көптүк сандын – *лар* мүчөсү жана анын фонетикалык түрлөрү жогоруда көрсөтүлгөн морфологиялык-синтаксистик жол менен жасалган зат атоочторго биригип, стилистикалык көркөмдүк үчүн колдонулат, *–лар* мүчөсү уланган мындай зат атоочтордун семантикасы топтордун көптүгүн туюнтат.

Сан категориясы каралып жаткан тилдердин системасы үчүн мүнөздүү жана типологиялык формалар катары ошол эле морфологиялык, лексикалык жана синтаксистик бирдиктери тилдин иерархиясы болуп эсептелет. Англис жана кыргыз тилдериндеги сан категориясы орус тилине караганда бир кыйла чектелген мүнөзгө ээ экендигин белгилеп кетүү зарыл. Орус тилинде сан боюнча ээрчишүү кеңири таркалган, ал эми бул англис тилинде жок.

3. Зат атоочтун род грамматикалык категориясы

Род категориясын үйрөнүүнүн эзелки салты бар. Тирүү организмдердин айырмачылыктарын тил илиминде түшүндүрүү көптөгөн окумуштууларды кызыктырат. Англис тилинде род категориясынын проблемасына арналган эмгектердин арасынан А.И. Смирницкийдин, Б.А. Ильишанын, Н.Ф. Иртеньеванын, В.С. Сидоровалардын изилдөөлөрүн бөлүп көрсөтүү зарыл. Бул окумуштуулардын ою боюнча азыркы англис тилинде грамматикалык же морфологиялык туюндурулган түр (род) категориясы жок. Ошону менен бирге эле азыркы англис тилинде түр (род) категориясын окуп-үйрөнүү маанилүү жана актуалдуу маселе бойдон калууда.

Орус тилиндеги род категориясына арналган эмгектердин арасынан В. В. Виноградов, Р.А. Будагов, В.А. Белошапкова ж.б. изилдөөлөрүн белгилеп кетүү зарыл. Аталган эмгектерде орус тилиндеги зат атоочтордун түрдүк (роддук)

таандыктык маселеси боюнча грамматикалык түр (род) категориясы орус тилине тиешелүү, ал ар түрдүү жолдор менен жандуу жана жансыз зат атоочтордо көрсөтүлөт деген жалпы пикир бар. Жансыз зат атоочтордо түр (род) категориясы таза формалдуу жана грамматикалык, ал тилдин грамматикалык түзүлүшү менен гана шартталат.

Жандуу заттарда ал формалдуу – грамматикалык гана болбостон, семантикалык жактан аныкталган, адамдардын жана реалдуу жаныбарлардын, ошондой эле башка реалдуу заттардын биологиялык жынысын чагылдырган мазмунга ээ. Бул орус тилинин грамматикалык түзүлүшүндө жандуу заттардын категориясына киргизилет. Кыргыз тилинин грамматикасынын проблемаларын изилдеген бардык кыргыз илимпоздору кыргыз тилинде түр (род) категориясы жок деген пикирди бир добуштан далилдешет [49:101; 8:43; 96:76].

Грамматикалык түр (род) категориясы – эң бир кичине логикалуу жана баарынан көп күтүлбөстүктөрдү камтыган грамматикалык категориялардын бири. Грамматикалык түр (род) деген сөз адатта аталган заттын жынысы менен байланышат, бирок түр (род) жана жыныс айрыкча грамматикалык түр (род) көрсөтүлгөн тилдерде көбүнчө дал келбейт. Советтик Энциклопедиялык Сөздүк грамматикалык түргө (родго) төмөндөгүчө аныктама берет: грамматикалык түр (род) – бул зат атоочтордун сын атоочтор, этиштер ж.б. менен ээрчишүү ыкмасына карата бөлүнгөн традициялуу бир тайпанын аталышы (муж., жен. жана ср. род, кээ бир тилдерде – муж. жана жен. род, жана дагы мүмкүн жалпы род). Род категориясы семантикалык классификациясынын “жандуу-жансыз” жана “эркек-аял жынысынын” алгачкы базасында өнүккөн. Кээ бир тилдерде род категориясы жок [113:142]. Род (түр) категориясы – индоевропалык тилдердин грамматикалык түзүлүшүнө мүнөздүү өзгөчөлүк болсо да, аларда түрдүн (роддун) сакталышын ар түрдүү даражада жана сөз өзгөртүү системасындагы туруктуу синтетизмге түздөн-түз көз каранды [85:684]. Грамматикалык түр (род) “палентологиялык” категориялардан деп эсептелет, алардын башаты мифологиялык ой жүгүртүү учурунан башталат. Индоевропалык тилдердеги үч роддук системаны көпчүлүк лингвисттер өтө байыркы эки класстагы системадан келип чыккан жыйынтык катары карашат.

Түр (род) категориясынын пайда болушу жөнүндө ар түрдүү көз караштар бар. А. Мейе түр (род) категориясы жандуу-жансыз оппозициясынын негизинде өнүккөн деп эсептейт [89:48], айрым лингвисттер аны активдүүлүк-пассивдүүлүк оппозициясынан ажыратып карашат [76:51]. Түр (род) категориясынын өнүгүшүнө ички лингивистикалык тилдик аналитизмдин өнүгүшү жана синтетизмдин алсырашы сыяктуу себептердин таасири бар. Грамматикалык түр (род) көпчүлүк учурда адамдын жынысы менен дал келет, буга мындай сөздөр мисал боло алат: (*учитель - учительница, агай - эжей*). Бул, биринчи кезекте, адамдарды ажыратып белгилөөдө колдонулат. Грамматикалык род категориясынын семантика-символикалык функциясы сөздүн грамматикалык теги жыныс катары түшүндүрүлүшү менен аныкталат. Орус тил маданиятында *смерть* деген сөз (аялдык образды) женский родго, ал эми немис тилинде бул сөз мужской родго таандык (*der Tod*).

Тилди феминисттик сынга алуучулар биологиялык жынысы белгисиз болгондо же ал контекстте мааниси анчалык ачык болбосо женский родго караганда мужской род көбүрөөк колдонулат деп белгилешет. Айрым эмгектерде (144:310) ушул көз карашты негиздеген маалыматтар алынган. Ошону менен бирге акыркы изилдөөлөрдө ар түрдүү тилдердин өкүлдөрүнүн сезиминде грамматикалык түр (род) менен жыныстын ортосундагы психологиялык байланыштын бирдей эместиги жөнүндөгү маселелер коюлууда [145:317]. Мисалы, испан тилине караганда, немис тилинде грамматикалык түр (род) менен жыныстын ортосунда психикалык жактан чоң байланыш боло тургандыгы жөнүндө маалыматтар бар. Азыркы учурда грамматикалык түр менен жыныстын өз ара байланышы жөнүндөгү маселе тил илиминде актуалдуу бойдон калууда [76:53].

Жогоруда көргөзүлүп кеткендей, түр категориясын иликтөөдө калыптанган салттар бар. Бул маселе байыркы грамматиктерди да кызыктырган. Мисалы, рим философу жана грамматистти Варран Марк Теренций жаныбарларды туюндурган тигил же бул зат атоочтордун грамматикалык түрүн түшүндүрүүдө аларды адамзаттын турмушунун практикалык маанисинен алган. Ал ар бир айтылган сөздө табигый түшүнүк камтылат, эгерде сөздүн ал түшүнүгү практикалык жактан колдонулбаса, зарыл болбосо, түр (род) ажыратылбайт деген. Мисалы, *equus ‘жеребец’-айгыр, жана equa ‘кобыла’- бээ* деп айтылат, себеби буларды

айырмалоонун практикалык маниси бар, ал эми *corvus 'ворон'- "карга"* жана *corva "ворона"- карга*, бул жерде табигый айырмачылык практикалык мааниге ээ эмес [46:133].

Цезарь Шесно Дюмарсэ (XVIII кылым) кээ бир учурларга формалдуу күчтүү позициясында турган. Ал зат атоочтун род менен жыныстын айырмачылыгынын ортосундагы байланыштарды толугу менен жокко чыгарган. Илимпоз түрдүн (роддун) маанисиздигин, англис тилиндеги зат атоочтордо морфологиялык түрдүн (роддун) жок экендигин, кээ бир тилдерде роддун дал келбестигин, ошондой эле француз тилинде эки тур (род), ал эми грек жана латын тилдеринде үч роддун болушу менен далилдешке аракет кылган [46:179].

Англис грамматистти, индоевропалык тилдерди изилдөөчү Дж. Хэррис, жансыз зат атооч сөздөрдүн роддук формасын алардын реалдуу тилден тышкаркы маанилери менен байланыштырган. Мисалы, ал "*күн*" деген зат атоочту мужской родго, ал эми "*ай*" деген зат атоочту женский родго таандык экендигин мындайча түшүндүргөн: күндүн нуру бир кыйла күчтүрөөк (эркектин сапатындай), ал эми айдын нуру бир кыйла жумшак жана назик (аялдын сапатындай) [Хэррис].

Эң байыркы адамдар жансыз заттарды жандууларга окшоштурган, ошондуктан мындай ой жүгүртүүлөр эң түшүнүктүү болуп эсептелет. Индоевропалык тилдерде грамматикалык роддун болушу, негизинен, морфология менен байланышкан, башкача айтканда, сөздөр родго мүчөлөрдүн ошол сөздөргө туура келүүсүнө карата бөлүнгөн. [46:204]. XVIII кылымга чейинки грамматиканын ономасиологиялык багытындагылар жыныс боюнча айырмачылыгы бир гана морфологиянын жардамы менен эмес, тилдин лексикалык каражаттары аркылуу да берилерин белгилешкен [46:265-266].

Гюстав Гийом (XX кылымдын башы) "семиологиялык" жана "психикалык" категорияларды ажыраткан. Анын ою боюнча, англис тилинде зат атоочтордун семиологиялык түр (род) категориясы жок, бирок психикалык категория бар. Женский, мужской жана средний роддордун субстанциясын айырмалоо англиялыктардын ой жүгүртүү деңгээлине жараша болот [46:310].

Азыркы лингвистикада англис тилинин түр категориясынын маселелерине арналган көптөгөн адабияттар бар. Мурда зат атоочтун мааниси менен түрдүн (роддун) ортосундагы байланышы сыяктуу грамматикалык түр маселелеринин ар

түрдүү аспектилери изилденген [147:407], түрдүн мазмун жана туюндуруу жагынан дал келүүсү [141:74-79], синтаксистик жана контекстуалдык байланыштардын көз карашында [58:25-40; 70:61-76] роддун пайда болушу жана эволюциясынын көз карашында, башкача айтканда, диахроникалык аспектте [139:15], ошондой эле түр маселеси синхрондуу үйрөнүлгөн [87:122-144; 104:39].

О. Есперсен тилдик жана “табигый” категориялардын дал келбестигин көрсөткөн. Анын эмгектеринде “Тил жана жыныс” темасына көп көңүл бурулган [142:193]. Аталган проблемага арналган бардык иштердин мазмунун толугу менен келтирүү мүмкүн болбосо да грамматикалык түрдүн пайда болушу жана аны изилдөөлөр жөнүндөгү ар түрдүү гипотезаларды белгилөөгө болот. Грамматикалык түрдүн (роддун) пайда болушу жөнүндө үч негизги гипотеза бар: семантикалык, морфологиялык жана синтаксистик. Семантикалык концепцияны жактоочулардын (И.Г. Гердер, Я. Гримм, В. Гумбольдт, Т. Якоби ж.б.) пикири боюнча грамматикалык түрдүн (роддун) негизинде жынысы боюнча карама-каршылык турат; жыныстык белгини айырмалоо байыркы индоевропалыктар тарабынан жаратылыштын жансыз предметтерине ооштурулган деп эсептешет. Бирок бул ооштуруу принцип боюнча болуп өткөн: бардык чоң, тез, активдүү нерселер эркектик түргө (родго), бардык кичине, жай жана пассивдүүлөр аялдык түргө (родго), ал эми бардык жасалма жана чогуу болгон нерселер нейтралдык түргө (родго), киргизилет [38:93]. Дагы бир семантикалык концепциянын жактоочусу Г. Корбетт грамматикалык түрдүн (роддун) системасын морфологиялык система деп тааныйт, б.а., лингвистикалык түр (род) категориясы “биологиялык жыныстын экстралингвистикалык категориясы” менен байланышкан деп эсептейт. Бул семантикалык негиз кайсы бир түр (род) адамды туюндурган сөз менен дал келгенде анык билинет (б.а., аял адамды билдирген сөздөр эреже боюнча, аялдык (женский) түргө (родго) кирет) [137:62].

Морфологиялык концепцияны жактагандар түрдү (родду) формалдуу категория катарында, башкача айтканда, анын маниси субстантивдердин классификациясында камтылган, мында тилден сырткаркы реалдуулук чагылдырбайт деп эсептешкен. Ал эми жынысы боюнча карама-каршылык жеке морфологиянын кийинки жыйынтыгынын туюндурулушу катарында кабыл алынат [38:74].

Синтаксистик концепцияны жактоочулар (Г. Штейнталь, Дж. Фодор, В. В. Йоффе) түр синтаксистик байланышы бар, б.а., ээрчишүү болгон гана тилдерде болушу мүмкүн деп эсептешет. Эгерде тилде зат атооч род категориясына ээ болсо, анда бул категория сөзсүз сын атоочко да ээ болот, башкача айтканда, род тарыхы – бул ээрчишүүнүн тарыхы, ал эми түрдүн (роддун) жыныс менен байланышы – экинчи планда калат. Грамматикалык түрдүн пайда болушундагы үч гипотеза изилдөөчүлөргө түрдү ар түрдүү тилдерден, ар тараптан кароого мүмкүндүк бергендигин белгилеп кетүү зарыл, себеби грамматикалык род ар бир тилде тигил же бул функцияны чоң же кичине даражада көрсөтөт, лингвисттер түрдүн пайда болушундагы үч гипотезасына дал келген грамматикалык түрдүн (роддун) үч негизги функциясын бөлүп көрсөтүшөт. Түр (род) категориясынын үч негизги: семантика-символикалык, синтаксистик (ээрчишүүчүлүк) жана морфологиялык (ар түрдүү типтеги жөндөлүштөр) функциясы бар. М.Я. Блох теоретиктердин жана практиктердин түр (род) категориясы боюнча ар түрдүү көз караштарда экендигин көрсөтөт. Теориялык планда түр (род) категориясы лексикалык же “семантикалык” болуп эсептелет [110:203], бирок практиктер [37:64], грамматикалык түрдүн (роддун) бар экендигине каршы болуу менен англис тилиндеги зат атоочтордун түрдүк айырмачылыгын кашкайта көрсөтөт (А.И. Смирницкий, М.Я. Ганшина, Н.М. Василевская). М.Я. Блох А.И. Смирницкийдин оюн колдойт жана түр (род) категориясы семантикалык мааниге ээ болуу менен грамматикалык категориялардын курамына кирет деген ойду айтат[23:52].

Тилчи М. Тимпко А.И. Смирницкий, П.А. Ильина, Н.Ф. Иртеньева жана В.С. Сидоровалардын ойлоруна кошулуу менен англис тилинде грамматикалык же морфологиялык жактан көрсөтүлгөн түр (род), категориясы жок деп далилдейт. Ал А.И. Смирницкий менен пикирлеш болуп, лингвистикалык категорияларды изилдөөдө жеке гана грамматикалык категориялардын чегинде калууга болбойт, грамматикалык түрдүн (роддун) – “табигый” түрдүн (роддун), социолингвистикалык, б.а., табигый жана тилдик категориялардын же жынысы боюнча биологиялык бөлүнүштүн ортосундагы дал келүүлөргө изилдөөлөрдү жүргүзүү керек деп белгилейт [117:6].

Социолингвистика жана психолингвистиканын өнүгүшү менен түр (род) категориясын изилдөөгө жаңы перспективалар, анын ичинде, лингвистикалык

каражаттарын көрсөтүүгө шарт түзүлдү. Көпчүлүк илимпоздор род менен жыныстын байланышы бар деп белгилешет. Практикалык шарттуулукта род категориясын көрсөтүүчү (жаныбарларда) аттардын бар болушу жөнүндөгү ой бизге жөндүү көрүнөт. Англис тилинде "*чочко*" деген зат атоочтун мужской жана женский роддору "*hog*" жана "*sow*" лексемаларынын жардамы аркылуу көрсөтүлөт. Род категориясы жыныстын айырмачылыгын белгилөөдө пайда болгон деген бир жактуу пикир күмөндүү болуп саналат. Грамматикалык түр (род) морфология жана синтаксистик позицияда өзгөчө каралган. Бирок, грамматикалык түр (род) категориясынын жоктугу, биздин көз карашыбыз боюнча эркек жана аял адамынын жынысын белгилөөдө лексикалык (семантикалык) же "психикалык" род категориясынын колдонулушун жокко чыгарбайт. Род категориясын жана тил категорияларын үйрөнүүдөгү жаңы багытты, когнитивдик мамилени белгилебей коюу мүмкүн эмес. Когнитивдик лингвистиканын позициясында род категориясынын маселелерине кайрылууну көптөгөн чет элдик жана орус илимпоздору: Дж. Лакоффа, А.В. Кирилина, В. Васюк жана башкалардын эмгектеринен тапсак болот. Алар (когнитивдүү моделдер) "аял" жана "эркек" деген түшүнүктү изилдешет. Дж. Лакоффанын эмгектери тилдик андроцентрикалык жана дүйнөнүн тилдик көрүнүшүндө аялдын образынын төмөндөшүнө негизделген гендердик лингвистикага негиз салды [146:19]. Тилдин түзүлүшү катары, тил өкүлдөрүнүн өзгөчөлүктөрү род категориясында да так калтырат. Тилдин гендерлик аспектилерин изилдөөчү А.В. Кирилина байыркы жана көп убакыттан бери түр категориясынын иш аракеттеринин жана пайда болуу себептеринин жалгыз гипотезасы символикалык-семантикалык болуп калгандыгын белгилейт. Анын жактоочулары грамматикалык түрдүн (роддун) пайда болушун адамдардын ар түрдүү жыныста болушу менен түшүндүрүшөт. Бул гипотеза мифологиялык ой жүгүртүүнүн анимизм жана антропоморфизмине негизделген деген ойду айтышат[77:57].

И.Г. Кошевая түр категориясынын пайда болуу теориясын карап чыгып, Я. Гриммдин жана К. Бругмандын теорияларын бөлүп көрсөтөт. Биринчиси, грамматикалык род табигыйлык менен байланышат, б.а. табигыйлык сапат заттарга "өтөт" деп эсептейт. Бругмандын теориясына ылайык, род сырткы формалардын таасириндеги механикалык процесс [80:199-200]. Бул гипотезаны жактоочулар

(Гердер, Гримм, В. Гумбольдт жана башкалар) өздөрүнүн тилден сырткаркы тажрыйбалары менен род категориясын экстралингивистикалык мотивация деп түшүндүрүшөт. Ошону менен бирге Я. Гримм жасаган талдоодо мужской роддогу сөздөр чоң күчтүн, ылдамдыктын, активдүүлүктүн, энергиянынын, жаратуучулуктун, биринчиликтин семантикасына ээ, ошол эле учурда женский роддогу сөздөр пассивдүүлүктү, жумшактыкты жана экинчиликти билдиргендиги менен мүнөздөлөт деп көрсөткөн (Гримм Я.). Грамматикалык роддогу сөздөрдүн өз ара байланышын көрө билүү Кирилинанын ою боюнча род категориясын талдоого, аны баалоонун пайда болушуна, мужской род биринчи даражада болушуна алып келди [77:57]. Род категориясы жок тилдердин болушу символикалык-семантикалык гипотезанын чындыкка анча шайкеш эмес экендигин айкындады.

Байыркы англис тилинде түр морфологиялык жол менен белгиленген, ошондуктан аны белгилөө зат атоочтун классификациясынан сырткары сөздөрдүн ортосундагы род боюнча ээрчишүүсү синтаксистик байланыштар аркылуу да көрсөтүлгөн. Ал эми азыркы англис тилинде морфологиялык түр (род) категориясынын көрсөткүчтөрү негизинен жоюлуп кеткен. Англис тилинде роддун мааниси төмөндөгүчө берилет: а) сөздүн лексикалык маанисинде: мужской род – *man, boy*; женский род – *woman, girl*; средний род – *table, house*; б) жактама ат атоочтор менен: – *he, she, it;* в) сөздөрдүн структурасындагы суффикстердин жардамы менен: –- *ess, -ine, -er: an actress, a heroine, a widower, a tigress;* г) курама зат атоочтор аркылуу: *a woman-doctor; a he-wolf - a she-wolf.*

Бул же тигил роддордун өз ара катышы аларды грамматикалык родго бөлүүгө караганда байыркы болуп саналган зат атоочтордун негизи боюнча бөлүнүшүнө байланышат. Ошондуктан, грамматикалык роддун табигый сөз менен байланышы зат атоочторду түр боюнча бөлүүдөгү негизги критерийлерден боло албайт. Кээ бир учурларда байыркы англис тилинде кездешкен грамматикалык род жана жыныстын ортосундагы ажырым ушуну менен түшүндүрүлөт, мисалы: зат атооч – *woman (да. wofman)* мужской род; *maiden (да. magden)* средний род болгон. Ушунун негизинде көпчүлүк илимпоздор көбүнчө грамматикалык род менен жыныстын дал келбестигинде маанини эмес, форманы чечүүчү фактор деп эсептешет, бирок бул азыркы англис тили үчүн релеванттуу болбойт. Башка көптөгөн тилдердей эле, англис тилиндеги род категориясы зат атоочтордун

жандуу/жансыз нерселер категориясы менен тыгыз байланыштуу, бирок зат атоочтун жансыз нерселер категориясы бүт бойдон средний род категориясына дал келет. Мындан азыркы англис тилинде сөздөр “род боюнча” туура келген предметтер аркылуу классификацияланат деген корутунду чыгарууга болот. Бул формалдуу түрдө ар түрдүү жактама ат атоочторду талдоодон көрүнөт. Бул талдоо негизинен жандуу/жансыздык белгисине негизделет. Ошону менен бирге англис тилинде бардык “жансыз” зат атооч сөздөр *–it*, ал эми жандуу зат атооч сөздөр *–he* же *she* ат атоочтору менен дал келүүчүлүккө мүмкүндүк түзгөн жөнөкөй дихотомия жок деген ойду айтышат Л. Ельмслев жана О.В. Емельяновалар. Жандуу заттардын средний род менен дал келишпестиги орус тилинен айырмаланып, англис тилинде жаныбарлардын, канаттуулардын жана башка тирүү жандыктардын атын билдирген, жалпы түр (род) менен туура келген *it* ат атоочуна ээ болгон зат атоочтун бүтүндөй бир классы бар. Бирок орус тилинде аттын негизги белгиси - жынысы болбостон, таксономикалык мамиле болуп эсептелет, ошондуктан, бул жерде алардын түр категориясы ырааттуу туюндурулган эмес. Мындан сырткары, алгач эки жыныстын айырмачылыгына негизделген оппозиция тилде бинардуу эмес: тирүү жандыктарды атоочу средний роддогу сөздөр бар (*дитя, животное, насекомое*). Грамматикалык түрдүн шарттуулугуна ылайык категорияга таандык болгон бардык өзгөчөлүктөрдүн көрсөтүлүшү ыраттуу эмес. Орус тилинде род чындыгында абдан таза түрдө колдонулуучу грамматикалык категория, ал эми азыркы англис тилинде род категориясы жок; тарыхый өнүгүү процессинде род лексика-грамматикалык категория катары англис тилинде өзүнүн жарым-жартылай маанисин жоготкон. Ушунун негизинде азыркы англис тилинде табигый род өзгөчө чоң мааниге ээ, б.а., тилдик категория жана табигый род же жынысы боюнча биологиялык бөлүнүүнүн ортосундагы болжолдуу дал келишүү бар. Бирок табигый род менен грамматикалык роддун ортосундагы формалдуу өз ара байланыштын жаратылышы толук бирдей болушу мүмкүн эмес, мисалы, эгерде обочолонгон сөздөрдү сүйлөм катары алсак, анда алардын баары мужской родго, жана ошондой эле женский родго дагы таандык болот. Мында грамматикалык род актуалдуу болбой калат [117:2].

Бул пикир грамматикалык роддун синтагматикалык мүнөзүн жана анын олуттуу түрдө контекстке көз каранды экендигин ачык көрсөтөт. Англис тилинде

род категориясынын бирден бир милдети семантикалык жана лексикалык мамилелерди көрсөтүү болуп саналат. Ошондуктан, тилдин азыркы этаптагы өнүгүүсүндө лексика-семантикалык род категориясы жөнүндө жалпы жонунан сөз кылууга болот. Азыркы учурдагы бардык авторлордун грамматикалык род категориясынын татаал жаратылышын изилдөөдөгү бир гана семантикалык критерийлери жетиштүү болбойт, бул категорияга тиешелүү болгон бардык лингивистикалык фактыларды колдонуу максатка ылайык деген пикирлеринде жалпылык бар. Бул жөнүндө Ельмслев мындайча жазат: “Биз түшүнүүгө жана кабыл алууга оор жана көбүнчө ар түрдүүчө кабыл алынган семантикалык аныктамаларга артыкчылык беребиз. Мунун эң сонун мисалы болуп грамматикалык род эсептелет. Мында семантикалык аныктоолор жетишсиз, атүгүл мүмкүн эмес. Ал көз караштарды ишенимдүү кылып көрсөтүүнүн функционалдык аныктамасы гана боло алат” [62:44].

Азыркы англис тилинде род категориясы, синтаксистик категория катарында өзгөчө чоң мааниге ээ, б.а., лингивистикалык категория катары, кепте бир сөз экинчи бир сөздөн көз каранды экендигин билдирет [117:3]. Англис тилиндеги грамматикалык родго арналган эмгектер төмөндөгүлөрдү белгилөөгө мүмкүндүк берет. Түр категориясы англис тилинде салтка айланган эки көрүнүшкө карата жүргүзүлөт: жыныска бөлүп көрсөтүү жана прономиналдык-субстантивдүү өз ара мамилелер. Зат атоочторду белгилүү бир тайпаларга бөлүүдөгү классификациялоочу негиз салттуу түрдө род менен аталат. Ал эми биологиялык классификациясы түрдү (родду) аныктоодо дайыма тигил же бул ат атоочтун үчүнчү жагы жекелик саны менен дал келишпейт (*she, he* жана *it)***.** Бул зат атоочтун бир нече ат атоочко дал келүү жөндөмдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Ошол эле мезгилде дифференциациянын шарты боюнча *she, he* жана *it* ат атоочторунун өз ара мамилелеринин женский род, мужской род, средний роддорго туура келүүсү мүмкүн. Азыркы англис тилинде атайын белгиленген тартип болбогондуктан, прономиналдык-субстантивдүү дал келүү зат атоочтордогу түрдүн кыймылдуулугуна алып келет. Түрдүн (роддун) кыймылдуулугу көпчүлүк изилдөөчүлөрдү кээ бир дифференциациянын кабыл алынган нормасынан чегинүүгө алып келет жана түрдүк ат атоочтун өзүнөн сырткаркы сферасында иштөө позициясын ар түрдүү түшүнүктөрдү берүүгө түртөт [142:193-196].

Зоонимдерге карата бул же тигил ат атоочту тандап алуу себептери кеңири түшүндүрүлөт; изилдөөчү Е.Н. Пушкина буларды фаунонимдер деп атайт [102:23], *child* жана *baby* зат атоочторун жансыз аттардын катарына кошот.

Мында сүйлөөчүнүн эмоционалдык маанайына жана айтылып жаткан объективдүү реалдуулукка болгон мамилесине өзгөчө маани берилет. Тигил же бул ат атоочтун бир нече жолу колдонулушу объекттин өлчөмү, формасы, келип чыгышы, активдүүлүгү же аткарган кызматы менен байланыштуу болот. Эгерде сөз жаныбарлар дүйнөсүнүн өкүлү жөнүндө болсо, анда кылган кесибинин түрү, сүйлөөчүнүн жаратылышка жакындыгы, алардын темпераменттеринин өзгөчөлүктөрү жана башка себептери менен түшүндүрүлөт. Ошентип, спецификалык грамматикалык функциясынан ажыратылып, азыркы англис тилинде ар түрдүү тарыхый-маданий мүнөздөгү категорияны көрсөтүү үчүн род категориясы күчтүү каражатка айланып, социолингивистикада бөтөнчө кызыгууну туудурат [117:4].

К. Дыйканов мындай деп жазат: “Грамматикалык түрдүн (роддун) жок болушу кыргыз тилинде мужской жана женский роддорго таандык болгон жандуу заттарды көрсөтүүчү каражаттар жок дегенге жатпайт” [49:18]. Англис тилиндегидей эле, кыргыз тилинде да жандуу заттарды атаган лексика-семантикалык дифференциациясы бар, буларга адамдардын гана аталыштарын киргизишет: *эркек-аял, бала–кыз, ата-эне, кемпир-чал, эрди- катын ж. б.*

Ошондой эле жансыз заттардын тайтасында, т.а., жаныбарлардын аттарынын подгруппасында, биринчи кезекте, үй жаныбарларынын аттарында айырмачылыктар бар. Бул айырмалоо лексика-семантикалык жактан аныктоо болуп саналат.

Мисалы: *бука-кунаажын, короз-тоок, эчки-теке, кой-кочкор, дөбөт-канчык, айгыр-бээ ж.б.*

Англис, кыргыз жана орус тилдериндеги грамматикалык роддун типологиялык айырмасы мындайча көрсөтүлөт: орус тилинде түр категориясы морфологиялык жана синтаксистик категория болуп эсептелет, ал эми англис жана кыргыз тилдеринде түр категориясы семантикалык-синтаксистик мүнөзгө ээ. Мисалы, англис тилинде эгерде, сөздүн семантикасына кандайдыр бир эркектин

мүнөздөмөсү кирип калса, анда бул сөз мужской род менен дал келишет (социалдык же биологиялык) [154:97].

Англис жана кыргыз тилдериндеги биологиялык жана социалдык түр бири-бирине көз каранды болгон түр категориясынын семантикалык деңгээлдери болуп саналат. Шапиро англис тилинде түр (род) категориясынын семантикалык эки деңгээлин төмөндөгүчө карайт: табигый түр менен (биологиялык белгилер) социалдык түр тең келет (социалдык, психикалык жана маданий курамдар). Мындан каралып жаткан тилдерде жаныбарларды билдирүүчү сөздөрдүн роддук категоризациясы ар түрдүүчө болот деп жыйынтык чыгарсак болот: эгерде орус тилинде жаныбарларды билдирүүчү сөздөр тигил же бул род менен уланган мүчөлөрүнө жараша дал келишсе, анда англис жана кыргыз тилдеринде зоонимдердин роддук категоризациясы эркин, себеби, тигил же бул зоонимдердин кандайдыр бир родго таандык экендигинин формалдуу мүнөздөмөлөрү болбойт (качан гана жаныбарлардын аталыштарын алардын жынысы боюнча бөлүүдө абдан керек болгон учурларды эсепке албаганда). Андыктан, орус тилинде түр (род) категориясы таза грамматикалык жана ал морфологиялык жол менен көрсөтүлгөн, орус тилиндеги бул же тигил лексеманы роддордун бири менен оңой байланыштырууга болот. Англис лингивисти Гревилл Корбетт адам баласынын сөздөрдү белгилүү грамматикалык түр (род) менен байланыштыруу жөндөмдүүлүгүн белгилүү бир тилде сүйлөгөн адамдардын табылгасы деп атаган (native speaker`s competence). Башкача айтканда, тил өкүлдөрүнүн компетенциясына кандайдыр бир сөздү кайсы бир род менен байланыштыруу жөндөмдүүлүк “тандоосу” кирет [137:62]. Тил сүйлөөчүлөрдүн компетенциясы сөздөрдүн белгилүү бир түр менен байланышында аныктагандыгынын далили болуп, кандайдыр бир башка жактан кирген сөздөрдү грамматикалык роддордун бири менен байланыштырууда тил өкүлдөрүнүн көйгөйлөрү болбогондугу эсептелет. *Зебра, кенгуру же коалага* окшогон сөздөр орус тилинин грамматикасынын эрежелери менен байланышта болгон белгилүү грамматикалык родго ээ болот, мында *кенгуру* деген сөздүн кайсы родго киришин айтуу кыйыныраак болот. Мында чечүүчү ролду ошол лексема катышкан контекст ойнойт. Адабий чыгармада ошол сөз менен белгилүү грамматикалык роддун байланышындагы чечүүчү ролду табигый род жана автордун интенциясы ойнойт.

Белгилүү болгондой, илимде жаныбарлардын аталышынын бул же тигил түр менен байланышы жөнүндөгү маселе бир нече жолу көтөрүлгөн, бирок ал, негизинен, жалпы теориялык планда гана каралган. Мисалы, Р. Квирк өзүнүн англис тилинин университеттик грамматикасында үчүнчү жак жана жекелик сандагы ат атоочтордун зоонимдер менен дал келүү классификациясын берет [153:391]. Квирк, жогорку жаныбарлардын аттары тигил же бул ат атоочтор менен, (*he* же *she*), биринчиден, жаныбарлардын жынысына жана анын адам баласы үчүн практикалык маанилүүлүгүнө жараша дал келет, себеби көптөгөн жаныбарлар үчүн эркектин жынысын, ошондой эле аялдын жынысын да туюндуруучу сөздөр бар деп белгилейт (мисалы, *bull – cow, stallion – mare, tiger – tigress*, *hen-cock* ж.б.); ал эми Квирктин классификациясы боюнча өтө майда жаныбарлар, средний роддогу *it* ат атоочу менен дал келишет. Бирок, бул классификация жалпылаштырылган мүнөздө болот жана ал адабий жомоктордун авторлору жаныбарлардын белгилүү аталыштарын туюндурган жактама ат атоочтор менен белгилүү жаныбарлардын катышы болбойт. Башкача айтканда, ушул учурга аздыр-көптүр, тигил же бул жандуу заттарга тиешелүү ат атоочтор менен туруктуу түрдө дал келген жаныбарлардын аттарынын толук тизмеси жок. Англис тилиндеги жомоктордо адамдардын сыпаттары аркылуу көрсөтүлгөн кээ бир жаныбарлар (жансыз заттар категориясына кирүүчү) мужской же женской род катарында берилет, же тескерисинче, ал сөздөр родго карата нейтралдуу кабыл алынат жана *it* ат атоочу аркылуу көрсөтүлөт, кээде окшоштурулат да, *he* жана *she* ат атоочтору менен берилет. Англис жана кыргыз тилдеринде бир эле жаныбар женский роддогу (“*аял гендериндеги”*) жана мужской роддогу (“эркек *гендериндеги”*) ат атооч менен дал келиши мүмкүн, бул дагы автордун интенциясына же жомоктордо кабыл алынган традициялар менен нормаларга байланыштуу болот. Белгилей кете турган нерсе, бул жерде кыргыз тилинде роддун жоктугуна байланыштуу средний род колдонулбайт, биз аны “*нейтралдык же арсар гендер*” деп атасак туура болот го деп ойлойбуз.

Ошондой эле англис тилинде жаныбарлардын жынысын кыйыр түрдө көрсөтүү үчүн бүтүндөй бир катар ыкмалар колдонулат. Мисалы, *мышыктын, ургаачы мышык эмес эркек мышык* экендигин көрсөтүш үчүн англичандар аны *he-cat* же *tom-cat*, ал эми сөз ургаачысы жөнүндө болсо, анда *she-cat* же *pussy-cat* деп

аташат. Англис сөзү *"sparrow"* жалпы жонунан таранчыны билдирип, анын роду көргөзүлбөйт. Эгерде эркек таранчы жөнүндө сөз болсо, аны "*cocksparrow*" деп аташат. Кыргыз тилинде конкреттүү жынысы көргөзүлбөстөн эле родго (“*гендерге”*) ажыратылат: *ит, суур, кой, эшек, өрдөк, каз, ак-куу* ж.б. Орус тилинде жаныбарлардын эркек жана ургаачы жыныстарын билдирген жуп сөздөр бар (*петух – курица, бык – корова*), мында биринчи планга жаныбардын биологиялык роду коюлат (бул жуп сөздөр жыныс белгилери боюнча маркировкалуу болуп калды), ошондой эле мужской жана женский роддогу мындай жуп сөздөр да бар (*кошка – кот, собака – пес*), бул жерде негиз болуучу ролду сөздөрдүн морфологиялык көрсөткүчтөрү ойнойт (жыныстын белгиси боюнча жуп сөздөрдүн бири маркировкалуу болуп калат) жаныбардын жынысы табигый түрдө берилбейт. Мисалы, *У меня есть собака,* деп айтуу менен бул жерде адам жаныбардын жынысын же ургаачы экендигин ойлогон жок. Муну менен бирге дайыма эле женский роддогу же мужской роддогу жуп зат атооч сөздөрдү терип алуу мүмкүн эмес. Азыркы орус тилинде үч негизги родго ылайык келбеген да зат атоочтор да кездешет. Аларга төмөндөгү сөздөрдү киргизүүгө болот: *ножницы (кайчы), очки (көз айнек), сани (чана), часы (саат), брюки (шым, коньки* ж.б. Жогорудагы зат атоочтор жекелик санда колдонулбайт, ошондуктан алар грамматикалык түрдүн бирине да таандык эмес, ал эми грамматикалык түр, жогоруда белгиленгендей, заттардын жекелик саны боюнча гана аныкталат. Айрым окумуштуулар бул сыяктуу сөздөрдү зат атоочтордун роддорунун өзгөчө тобу катары бөлүп чыгууну сунуш кылышат [123:78]. Жуп түргө (родго) кирген зат атооч сөздөр тек гана жансыз заттарга таандык экендигин баса белгилейт [20:261].

Демек, англис, орус жана кыргыз тилдериндеги түр категориясын изилдөө бизге бир нече жыйынтыкты чыгарууга мүмкүндүк берет: Род (түр) чыныгы грамматикалык категория катарында азыркы англис тилинде жок, себеби тарыхый өнүгүү процессинде бул категория өзүнүн маанисин жарым-жартылай жоготкон. Тилдин азыркы өнүгүү этабында түр (род) категориясында лексика-семантикалык маанисинин бар экендиги жөнүндө сөз кылсак болот. Англис тилинде түр категориясы традициялуу эки кубулушка байланыштуу бөлүнөт: жыныстын айырмасын көрсөтүүчү жана прономиналдык-субстантивдүү дал келүүчүлүк. Орус тилинде род категориясы биринчи учурда грамматикалык категрия катарында

көрсөтүлгөн, ошону менен катар менталдык категория болуп да эсептелет, себеби, бул тилдик чөйрөдө роддук категориялаштыруунун маданий концепти маанилүү роль ойнойт. Каралып жаткан тидерде категориялаштыруу принциптеринин дал келишпестиги – тилдердин ортосундагы типологиялык айырмачылыкты көрсөтөт. Кыргыз тилиндеги род категориясынын жоктугу пикир алышууда жана түшүнүүдө эч кандай тоскоол болбойт, ошондуктан, лексика-семантикалык айырма аталган объекттин роддук-жыныстык дифференциясынын болушуна дайыма мүмкүндүк берет. Грамматикалык түр (род) категриясынын жоктугу биздин көз карашыбызда, эркек жана аял жынысын көрсөтүү үчүн англис жана кыргыз тилдеринде лексикалык (семантикалык) же “психикалык” род категориясынын бар экендигин жокко чыгарбайт.

4. Зат атоочтун белгилүүлүк/белгисиздик грамматикалык категориясы

Азыркы лингивистикада белгилүү/белгисиз артиклдерди лингвистикалык кырдаалдарды түзүүчү катары түшүндүрүүчү, бирдиктүү грамматикалык мейкиндикти түзүүчү номинативдүү элементтердин комплексин чагылдырган багыт өнүгүүдө. Тектеш эмес тилдердеги белгилүүлүк/ белгисиздик категорияларын салыштыруу типологиялык гана планда өтө маанилүү болбостон, ошондой эле бир тилден экинчи бир башка тилге которуу практикасында да маанилүү болуп эсептелет. Белгилүүлүк/ белгисиздик категориясын талдоо – тилди сүрөттөөдөгү эң бир татаал суроолордун бири менен байланышкан коммуникативдүүлүк проблема болуп саналат. Биз салыштырып жаткан тилдерде зат атоочту актуалдаштыруу түрдүү жолдор менен жүзөгө ашкандыгы белгилүү. Бул ар түрдүүлүк белгилүүлүк/белгисиздикти көрсөтүү чөйрөсүндө айрыкча күчтүү бөлүнүп турат.

Англис тилинде белгилүүлүк/белгисиздик категориясы ачык болуп эсептелет жана ал ырааттуу түрдө белгилүү же белгисиз артиклди жана (жарым-жартылай) ат атоочторду тандоонун жардамы менен белгиленет. Белгилүү/белгисиз артиклдерди англис тилинде белгилүүлүк/белгисиздик категориясынын көрсөткүчү катары

кароо менен бул категориалдык жагдайды белгилүүлүк/белгисиздиктин жагдайы катары классификациялоо максатка ылайык болот.

Белгисиз/белгилүү артиклдери зат атоочтун детерминативдер классынын семантикалык бириккен элементтерине кирет жана сүйлөмдүн синтаксистик структурасынын компоненти катары атоочтук синтагманын линиялык структурасында четки сол тараптуу позицияны ээлейт. Мында элементтердин жайгашкан орду катуу тартипке салынган жана курамындагы ар бир элементтин категориалдык тиешелүүлүгү аныкталган. Артиклдин жана тилдеги белгилүүлүк ачык категориясынын болушу, белгилүүлүк жөнүндө түшүнүк ошол тил өкүлдөрү үчүн дүйнөнү түшүнүүнүн маанилүү элементтеринен болуп саналат. Англис тилинде белгилүүлүк/белгисиздиктин ФСТсы, аттын артиклдик формасы менен көрсөтүлгөн күчтүү борборлошкон талаанын бирдиктүү морфологиялык ядросу болуп эсептелет. Артикль (латын тилинен алынган, *articulus* “байланышруучу элемент”), бул – детерминациянын көрсөткүчтөрүнүн шарттуу аталышы, ал зат атоочтун эң татаал ж.б. айырмаланган грамматикалык категорияларынын бири. Дүйнөлүк тилдерде детерминацияны (же “артиклдик системаларда”) көрсөтүү системасынын эки негизги тиби бар. Биринчи типте негизги ролду карама-каршылык б.а., референттүү жана референттүү эмес деп аталган атооч сөздөрдүн статусу, экинчи типте – белгилүү жана белгисиз статустарынын карама-каршылыгы ойнойт. Биринчи тип түрк, иран, африка жана башка тилдерге таандык. Детерминацияны көрсөтүү системасынын экинчи тиби европа тилдерине таркаган. Бул система белгилүүлүк жана белгисиздик маанилеринин карама-каршылыгына негизделген. Бул өзү карама-каршылык референттүү зат атоочтор үчүн болушу мүмкүн; мында сүйлөөчү ошол объектти адресатка белгилүү же белгисиз деп эсептейби дегенге алып келет. Демек, “Х” зат атоочунда белгилүүлүктүн көрсөткүчү төмөндөгү маанилерге ээ:

The *photograph was taken on* ***the*** *last day of our fatal summer and just* ***a*** *few minutes before we made our second and final attempt to thwart fate – Фотография была снята в последний день нашего рокового лета, всего за несколько минут до нашей второй и последней попытки обмануть судьбу* [149:71].

Белгисиздиктин көрсөткүчү – “Х, объекттердин кайсынысын айтайын дегеним сага белгисиз деп ойлойм”

*A short slim girl passed me at **a** rapid, high-heeled tripping step. – Тоненькая девушка небольшого роста прошла мимо меня скорым тропотком на высоких каблучках* [149:21].

Биз көрүп тургандай, дал ушул маанилер көпчүлүк учурларда кызматчы сөздөрдүн жардамы менен, б.а., “белгилүү” жана “белгисиз” деп аталган артиклдер аркылуу көрсөтүлөт. Мындай системаларда зат атоочтун референттүү эмес статусу албетте белгиленет, бирок атайын көрсөткүч менен эмес, артиклдин жоктугу менен белгиленет (“нөлдүк” артикль): *She wrote poetry. - Она писала стихи* [149:18].

Демек, англис тилинде белгилүүлүк/белгисиздик өзү менен бирге борборунда белгилүү жана белгисиз артиклдер орун алган талааны көрсөтүүчү, жогорку функционалдуу кызматка ээ болгон, өтө специализацияланган жана белгилүүлүк/белгисиздикти билдирүүчү көп колдонулган каражаттардан болуп саналат. Калган бардык каражаттар ошол талаанын перифериясына кирет. Анын ичинен төмөнкүлөрдү белгилесе болот:

1) *one* – жеке белгисиздик мааниси менен бирге ат атооч да болот;

(а) *certain, some, any, much, many, few, a few, little, a little, several:*

A little money that had come my way after my father death, in addition. - Небольшое имущество, доставшееся мне после кончины отца – в придачу…[149:17].

2) Белгисиздик менен гана айкашкан предетерминативдер, *such (a), many (a), (a) most:*

In a word, before such an Amazing Offer, before such an vastness and variety of vistas, I was as helpless Adam at the preview of early oriental history. – Словом, перед этакой сенсационной офертой, перед столь широкими и разнообразными перспективами, я был податлив как Адам перед… [149:13].

Кийинки периферияга белгисиздик көрсөткөн төмөнкүдөй каражаттарды киргизсе болот:

1) *One, something, anything, nothing* ж. б. субституттар.

I cannot say he behaved insolently or anything like that. – Не то, чтобы он вёл себя нагло, или что-нибудь в этом роде [149:36].

2) Ат атоочтук айкаштары *some, any, many, none+other* (жана ошондой эле *of* предлогу менен).

They were misshapen, bare-necked, very swarthy and of them wore dark glasses. – Были они какого-то кривого сложения, с голыми шеями, чернявые; один из них был в тёмных очках [149:36].

Англис тилинде белгилүү жана белгисиз артиклдер энчилүү аттар менен да колдонулат. Айрым изилдөөчүлөр артиклдер энчилүү аттардын жалпы аттарга айланышы жөнүндө белги берет деп эсептешсе, башкалары артиклдердин колдонулушу менен сүрөттөөчү жана чек коюучу аныктамалардын байланышы, фразаны бөлүп көрсөтүү зарылдыгы, аспекти, объектинин жагдайы жөнүндө айтышат [75:14; 128:61]. Белгисиз артикль номинациясынын алгачкы учурунда аттын экстралингивистикалык фонго ээ болбостугун көрсөтөт: *An advertisement in a lewd magazine landed me, one brave day, in the office of a Mlle Edith. – По объявлению в непристойном журнальчике я очутился в один предприимчивый день в конторе некоей Млле Эдис* [149:31].

Белгилүү артиклдин энчилүү ат менен айкалышы өзүнчө спецификага ээ: мында оң же терс баа берүүчү фон актуалдашат:

Despite my natural vigor, I am no pugilist, while the short but broad-shouldered Maximovich seemed made of pig iron. – Несмотря на природную мою силу, я вовсе не боксёр, меж тем как низкорослый, но широкоплечий Максимович казался вылитым из чугуна [149:56].

Жалпысынан белгилүү артикль адамдын туруктуу, ситуативдүү мүнөзүн көрсөтөт, алардын стабилдүүлүгүнүн натыйжасында аларды адресатка белгилүү нерсе катары караса болот.

Орус тилинде, көп эмгектерде [30:25], белгилүүлүк/белгисиздик категориялары көмүскөдөгү категория же криптотип катарында белгиленет (ошол эле жерде, көмүскө категориялар жөнүндө, караныз). Орус тилинде белгилүүлүк/белгисиздик категориясы функция үчүн атайын каражаттарды иштеп чыгуучу тилдердей, б.а., мында артикль эксплицирленген эмес. Орус жана кыргыз тилиндеринде артиклдин жоктугу англис тилин үйрөтүүдө орус жана кыргыз тилдүү аудиторияларда бир топ кыйынчылыктарды туудурат, аларга маани бирдей эле артиклдин колдонуу эрежелери түшүнүксүз. Ошондой болсо да артиклдер аркылуу көрсөткөн маанилер, чындыгында бардык адамдарга таанышы, бирок алар каралып жаткан тилдерде ар түрдүүчө көрсөтүлөт. Мисалы, орус жомогунда биринчи айтылган жак этиштен

кийин орун алат: *Жил старик со своею старухою у самого синего моря.* Англис тилиндеги котормолордо биринчи жолу айтылган жак белгисиз артикль менен колдонулат: *An old man lived with his good wife by the shore of deep-blue ocean.* Жомоктун кийинки айтылыштарында анын аты сүйлөмдө биринчи орунда турат: *Старик ловил неводом рыбу.* Ал эми англис тилиндеги котормосунда жактын аты сүйлөмдө ордун алмаштырбайт, бирок экинчи айтылышында белгилүү артикль менен колдонулат: *The old man netted fishes*.

Албетте, артикль менен көрсөтүлгөн биринчи/биринчи эмес маани жалгыз эмес. Адатта белгилүүлүк/белгисиздикти көрсөтүүчү каражаттардын арасынан орус тилинде төмөнкүлөрдү белгилешет:

- ат атоочтор (шилтеме, белгисиз) *этот, эта, это, эти, тот, та, то, те, кое-кто, кто-то, кто-нибудь* ж. б.;
- *один* сан атоочу, ал өзүнүн аткарган функциясы боюнча англис тилиндеги белгисиз *a (an)*; артиклине туура келет;
- сүйлөмдө ээлеген позициясы: *Книга* (белгилүү) *лежит на полке* жана *На полке лежит книга* (белгисиз). *Дверь открылась, и в комнату вошел мальчик* (кандайдыр бир белгисиз бала). *Дверь открылась, и мальчик вошел в комнату* (белгилүү бала);
- зат атоочтун грамматикалык категориялары: Салыштырабыз, жөндөмөгө мисал: *Дай воды* (*воду*).

Жогоруда айтып кеткендей түрк тилдеринде, атоочтун референттүү жана референттүү эмес статусу деп аталган карама-каршылык негизги ролду ойнойт. Референция категориясына кызыктуу түшүндүрмөнү биз В.Г. Гактын конкреттүү материалдарынан көрөбүз, ал француз тилиндеги белгисиз артикль бир маанилүү эмес жана аны белгисиз "*кандайдыр-бир, кандайдыр*" ат атоочтору катарында түшүнүү мүмкүн деген ойду айткан (В.Г. Гак боюнча референтүү жана референтүү эмес атоочтук тайпа) [35:832]. Ушундай эле көз карашты Е.В. Падучева колдойт жана *-нибудь*, *-либо* ат атоочтору жалпысынан алганда белгисиздик эмес, алар жөн гана референттик статуска ээ эмес, ошол эле учурда, "...эки түрдүү карама-каршылык, белгилүүлүк/белгисиздик сүйлөөчү жана угуучу үчүн (белгилүүлүк) жана референттүүлүк/ референттүүлүк эмес" бар деп эсептейт [97:210].

Азыркы кыргыз тилинде артиклдерге окшогон белгилүүлүк/ белгисиздик категориясы атайын көрсөткүчтөргө ээ эмес жана орус тилиндегидей эле ал англис

тилиндеги артиклдерге туура келген башка атайын эмес бирдиктер менен туюндурулат:

- сан атооч, *бир;*
- зат атоочтор, *бала-чака, мал-жан, ит-куш ж.б.*

Белгилүүлүк/белгисиздик категорияларынын симметриялык эмес мамилелерин жана референцияларын төмөндөгүчө көрсөтө алат:

Белгилүүлүк	белгисиздик	
Белгилүү артикль, Таандык жана шилтеме ат атоочтор	Белгисиз артикль, Белгисиз ат атооч *-то* менен	Белгисиз ат атоочтор *-нибудь, -либо* менен, жалпы аттар
Референтүүлүк		референттүүлүк эмес

Демек, каралып жаткан тилдер гетерогендик түзүлүшүнө ылайык бир нече мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ:

1) дифференциялоочу өзгөчөлүк болуп англис тилинде артиклдин болушу жана алардын орус жана кыргыз тилинде жоктугу эсептелет;

2) англис тилиндеги белгилүү жана белгисиз артиклдери кыргыз жана орус тилдеринде атайын эмес (перифериялуу) лексика-грамматикалык белгилүүлүк/белгисиздик көрсөткүчтөр менен туюндурулат жана белгиздик зат атоочтун жекелик сан категориясы менен тыгыз байланышат.

Ошентип, англис, кыргыз жана орус тилдеринде жөндөмө системасындагы жалпылык маанилердин окшоштугунан жана айрым жөндөмөлөрдүн колдонууларынан көрүнөт.

Демек, англис, кыргыз жана орус тилдеринде атооч жөндөмө ээнин мүнөздүү формасы болуп эсептелет; илик жөндөмө таандыктык маани менен байланышын көрсөтөт ж.б. Бирок, бир катар жөндөмөлөрдүн маанилеринин окшоштугун кээ бир жөндөмөлөрдүн колдонулушунун жана маанилеринин окшоштугундай түшүнүү мүмкүн эмес. Айрым тилдердин жөндөмө системасынын өзгөчөлүгү катары жөндөмөлөрдүн санындагы айырмачылык эсептелет. Кыргыз жана орус тилдеринде жөндөмөлөр – алты, англис тилинде – эки. Ушуга жараша алардын милдеттери да ар түрдүүчө бөлүштүрүлөт, алардын маанилик топторунда

айырмачылыктар бар. Жөндөмөлүк башкарууда орус жана англис тилдериндеги сөздөрдүн семантикалык эквиваленттеринде айырмачылык болушу мүмкүн. Орус тилинде жөндөмөлөр флексиялар менен маркировкаланат, англис тилинде алар жетишээрлик так дифференциялашкан илик жөндөмөсүнүн *'s* мүчөсү аркылуу көрсөтүлгөн. Орус жана кыргыз тилдеринде жөндөмө категориясы төмөндөгү семалардын болушу менен мүнөздөлөт: предметтүүлүк, түр (род), сан, жандуу/жансыздык. Жалпы жонунан алганда, жөндөмөнүн маанисин мүнөздөөчү семалардан сырткары, салыштырып жаткан тилдердеги жөндөмөлөрдүн ар бири жеке, өздөрүнө гана тиешелүү семалар менен мүнөздөлөт. Англис тилинде таандык жөндөмөнүн семалары төмөнкүлөр: предметтүүлүк, жандуулук, таандыктык, субъективдүүлүк жана объективдүүлүк.

Сан категориясы биз карап жаткан тилдердин системасына мүнөздүү жана типологиялык формалар катары ошол эле морфологиялык, лексикалык жана тил иерархиясынын синтаксистик бирдиктеринде көрсөтүлөт. Орус тилине караганда, англис жана кыргыз тилдеринде сан категориясы абдан эле чектелген мүнөздү алып жүргөндүгүн айтып кетүү зарыл. Орус тилинде сан боюнча ээрчишүү кеңири таркаган, ал эми англис тилинде ал таптакыр жок.

Түр (род) - чыныгы грамматикалык категория катарында азыркы англис тилинде жок, себеби бул категория тарыхый өнүгүү процессинде жарым-жартылай өзүнүн маанисин жоготкон. Тилдин азыркы өнүгүү этабында род категориясынын лексика-семантикалык маанисинин болушу жөнүндө сөз кылсак болот. Англис тилиндеги түр категориясы традициялык түрдө: жыныстык айырманы жана прономиналдык-субстантивдүү мамилени көрсөтүүчү эки кубулушка байланыштуу ажыратылат.

Орус тилинде род категориясы биринчи кезекте грамматикалык категория катарында көрсөтүлөт, ушуну менен бирге ал менталдык категория болуп да саналат, себеби родду категориялаштырууда маанилүү ролду ушул тил чөйрөсүндөгү маданий концепт ойнойт.

Каралып жаткан тилдерде категориялаштыруунун принциптеринин дал келишпестигин ушул тилдердин ортосундагы типологиялык айырмачылыктар көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги род категориясынын жоктугу коммуникацияда жана түшүнүүдө эч кандай тоскоолдук жаралбайт, анткени, лексика –семантикалык айырмачылык аталган объекттин роддук-жыныстык дифференциациясынын дайыма болушуна мүмкүндүк түзөт. Биздин көз карашыбыз боюнча, англис жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык роддун жоктугу лексикалык (семантикалык) же “психикалык” род категориясынын эркек жана аял жынысындагы жактарды белгилөө үчүн колдонулгандыгын жокко чыгарбайт. Гетерогендик структураларга байланыштуу каралып жаткан тилдер бир катар спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ: дифференциациялык өзгөчөлүк болуп англис тилинде артиклдердин болушу жана алардын орус жана кыргыз тилдеринде жоктугу эсептелет; англис тилиндеги белгилүү жана белгисиз артиклдер орус жана кыргыз тилдеринде атайын эмес (перифериялуу) лексика-грамматикалык белгилүүлүк/белгисиздик көрсөткүчтөр аркылуу берилет.

Зат атоочтун грамматикалык категориялары өздөрүнүн категориалдык мүмкүнчүлүктөрү боюнча бирдей эмес. Алардын мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чоң жана кичине категориялар деп ажыратса да болот. Биз аларды кең, орто жана тар парадигма деп белгилейбиз.

1-таблица. Зат атоочтун грамматикалык категорияларынын парадигмасы.

Грамматикалык категория	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
Кең парадигма	Сан	сан	Сан
		жөндөмө	Жөндөмө
			Түр (род)
Орто парадигма	Белгилүүлүк/ белгисиздик		
Тар парадигма	Түр (род)	Түр (род)	
	жөндөмө		
		Белгилүүлүк/ белгисиздик	Белгилүүлүк/ Белгисиздик

2. 2. Этиштин грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары

1.Этиштин жак, сан жана род грамматикалык категориялары

Функционалдык грамматикада жак категориясы жекелүүлүктүн кеңири категориясынын эң маанилүү компоненти катары түшүндүрүлөт [27:41]. Англис тилинде жекелүүлүк категориясын билдирүүнүн жолу катары этишти жөндөөнүн флексиясы эсептелет (жалпы түрдөгү учур чактын жекелик санынын үчүнчү жагы) жана "*быть*" этишинин парадигмасынын супплетивдүү формасы, жеке жана таандык ат атооч, о. э. маанисинде жекелүүлүк белгиси бар лексемалар эсептелет. Жекелүүлүк-статустук маани статустун субстанционалдык мүнөздөмөсүндө ачык көрүнөт.

Этиштин семантикалык субъектиси англис тилинде жандуу, жансыз жана дифференциациаланган эмес болушу мүмкүн. Жандуу субъект жак катары (*thank* – ыраазычылык) же жандуу нерсе катары көрсөтүлөт (*calve* - "музоолоо"). Жансыз субъект нерсе, буюм, көрүнүш, окуя катары билдирилет (*vaporize* – "буулануу", *consist* – "түзүлүү, туруу, бир нерседен"). Дифференциалдуу эмес субъект кыйла кеңири (*be* – "быть*", become* – "становиться" – болуу) же потенциалдык-жекече болушу мүмкүн (*break* – "сындыруу", *change* – "өзгөрүү"). Элестетүүдөгү семантикалык жылышуу жандуу нерсе катары ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, *thaw* - 1) (*of a frozen substance) to increase in temperature to above freezing point and so become liquid, soft or bendable, 2) (of a person) to become friendlier, less formal.* Туунду маанисинде *thaw* – "таять" – " эрүү", экинчисинде " досторчо, ынактарча, бир кыйла формалдуу болуу" дегенди түшүндүрөт ж. б. Бул жерде жандуулук белгисинин системалык берилишине жол берилет. Бул белги о. э. ситуативдүү жана көрсөтмөлүү болушу мүмкүн: *This visitor connotes troubles* – "Этот посетитель означает неприятности". Жогоруда келтирилген мисалда зат атоочтун мааниси кеңейтилет, заттуулуктан окуялуулукка өтөт.

Жандуулук белгисинин берилиши жана бар болуу критерийи деп адамдын мамилесин, кебин ж.б. мүнөздөмөлөрүн түшүндүрүүчү этиштердин сөздөргө болгон тематикалык катышын эсептейбиз жана ошондой эле "адам жөнүндөгү" сөздүктөгү белгилеништер сөздөрдүн туунду маанисинде, адамды билдирүүчү зат

атоочтордун этиш менен айкашуусунда семантикалык тыюу салуулардын жок болушу саналат. Сөздүк аныктамалардын талдоосу көрсөткөндөй, жандуулук белгиси этиштин маанисинде камтылышы типтүү же семантикалык субъекттин мүмкүн болгон мүнөздөмөсү катары катышат. Бир караганда адаттан тыш катары көрүнгөн жаксыз конструкцияда колдонулган этиштер бар: *It ill behove you to refuse* – “Вам не подобает отказываться”. Мындай этиштер сүйлөп жаткан адамдын билдирген маалыматы үчүн жеке жоопкерчиликти алып салуунун бирден бир тилдик жолу болуп саналат.

Орус тилинде этиштин жак формасы сүйлөп жаткан адамга карата этиш менен туюндурулган кыймыл-аракеттин мамилесин билдирет. Этиштин үч жагын айырмалоого болот: биринчи, экинчи, үчүнчү. Жекелик сандын биринчи жак формасы сүйлөп жаткан адамдын кыймыл-аракетин билдирет: *пою, иду, играю, зайду*. Көптүк сандын биринчи жак формасы, сүйлөөчү өзү катышкан адамдардын тобунун кыймыл-аракетин билдирет: *поешь, идёшь, играешь, зайдешь*. Көптүк сандын экинчи жак формасы пикир алышуучунун өзү катышкан адамдардын тобунун кыймыл-аракетин билдирет: *поете, идёте, играете, зайдете*. Жекелик жана көптүк сандын үчүнчү жак формасы маектешүүгө катышпаган тигил же бул жактын кыймыл-аракетин билдирет: *поет, зайдет, идёт, играет, поют, зайдут, идут, играют*. Этиштин сан жана жак категориялары жай жана буйрук ынгайлардын учур жана келер чагында болот жана алар менен тыгыз байланышат. Өткөн чактагы жана шарттуу ынгайдагы этиштер жак категориясына ээ эмес, бирок сан жана род боюнча өзгөрөт: *(Я, ты, он) вёл* – мужской род, *(Я, ты, она) вела* – женский род. (*Я, ты, оно) вел-о* – средний род (*мы, вы, они*) *вел-и* – көптүк санда турат. Орус тилиндеги бардык эле этиштер жекелик форманын бүтүндөй топторуна ээ эмес.

Орус тилинде кемтик жана ашыкча деп аталуучу этиштер бар. Кемтик этиштер тигил же бул себеп менен форманын толук турпатына ээ эмес. Кээ бир этиштер 1-жактын толук формасына ээ эмес, себеби ал сөздөрдү айтууда кыйынчылык туулат: *победить, убедить, переубедить, разубедить, очутиться, ощутить, затмить, дерзить* ж.б. Эгерде бул этиштердин 1-жагын колдонуу зарылчылыгы келип чыкса, ал төмөндөгүдөй формада колдонулат: *должен победить, хочу убедить, могу очутиться*.

Ошондой эле кээ бир этиштер маанилүү себептин натыйжасында 1-жактын жана 2-жактын формаларында, жекелик жана көптүк сандарда колдонулбайт (бул этиштер жаратылышта же жаныбарлар дүйнөсүндө болуучу процесстерди билдирет:) *телиться, щениться, ржаветь, брезжить, белеться, светлеться, раздаться (о звуке), разгореться* ж.б. Азыркы орус тилинде качан гана кээ бир этиштердин учур (же жөнөкөй келер чак) чактагы жак формаларынын түзүлүшү эки түрдүү жол менен жасалганда, окшош эмес көрүнүштөргө да орун берилет: *брызгать — брызжет/брызгает, капать — каплет/капает, плескать — плещет/плескает, тыкать — тычет/тыкает, махать — машет/махает* ж.б.

Жак белгилери сандын категориалдык белгиси менен байланышкан.

Этиштин грамматикалык сан категориясы – бул бири-бирине карама-каршы коюлган бир катар формалардын системасы болуп, кыймыл-аракеттин бир же бир канча субъекттерге, б. а., кыймыл-аракеттин жекелик же көптүктө пайда болушунун карама-каршы коюлуу мамилесин туюнтат.

Санды көрсөтүүнүн жолдору тилдик типтин өзгөчөлүктөрү менен аныкталат. Салыштырылып жаткан тилдердин системасы үчүн көптүк санын билдирүүнүн төмөндөгүдөй негизги жолдорун тактоого болот: 1) аффиксалдуу, 2) суплетивдүү, 3) жекелик сандын маркировкалуу формасы менен көптүк сандын маркировкаланбаган формасын карама-каршы коюу жолдору.

Англис тилиндеги этиштер үчүн көптүк сандын формасын суплетивдүү ыкма менен түзүү мүнөздүү б.а., ар түрдүү уңгулардан түзүлөт. Мисалы: англис тили үчүн *to be* этишин атасак болот. Бул этиште жекелик сандын формасы көптүк сандын формасына учур жана өткөн чактарында карама-каршы коюлат: *am -are, is -are, was -were.*

Этиштерде көптүк саны эки түрдүүчө берилет: морфологиялык көрсөткүчтөрдүн жардамы менен жана көптүк сандын атайын көрсөткүчү жок. Биринчи ыкма англис тилинде чектүү таркалууга ээ. Экинчи ыкма англис тилиндеги этиштерге мүнөздүү, себеби этиштик негиздер өзүнүн жаратылышында тигил же бул категориалдык түшүнүк менен байланышкан. Бул жерде этиштик негиздер көптүктүн маанисин алып жүрүүчү болуп эсептелет. Көптүктү билдирүүчү этиштердин көпчүлүгү башка топтордогу сөздөрдөн конверсия жолу менен түзүлөт: *join, list, pair, total, triple, teem, people, multiply, repeat* ж. б.

Орус тилиндеги грамматикалык сан категориясы эки катар этиштик формалардын жекелик жана көптүк сандарынын маанилеринин бири-бирине карама-каршы коюлуусунун негизинде түзүлөт. Биринчи катардын мүчөлөрү (жекелик сан) бир кыймыл-аракетти жасоочуга болгон катышты билдирсе, экинчи катардын мүчөлөрү (көптүк сан) бирден көп кыймыл-аракетти жасоочу менен болгон катышты көрсөтөт. Кыймыл-аракетти жасоочу болуп адам (1,2,3 жак, жекелик жана көптүк сан) жана зат (3 жактын формасы, жекелик жана көптүк сан) эсептелет. Форманын мүнөзүнө жараша (жеке жана роддук формалар) жекелик жана көптүк сандын маанисин көрсөтүүнүн эки ыкмасына ээ: өздүк формаларда (учур чак жана буйрук ыңгай) сандын көрсөткүчү жеке көрсөткүч менен бирге флексияга камтылат: *берег-у, игра-ю, береж-ешь, игра-ешь, береж-ет, игра-ет; береж-ем, игра-ем, береж-ете, игра-ете, берег-ут, игра-ют;* түрдүк (роддук) формаларда (өткөн чак, шарттуу ыңгай) жекелик сандын мааниси роддук флексия менен берилет: нөлдүк, *-а* жана *-о: берег, играл, берегл-а, играл-а, берегл-о, играл-о.* Көптүк сандын мааниси *и* – флексиясы менен туюндурулат мында сөздүн негизиндеги акыркы үнсүз (*л*) жумшак айтылат: *берег|л`-и|*, *игра|л`-и|*.

Көптүк сандын мааниси жекелик санга салыштырганда бир топ айкын, ал чыныгы көптүүлүк менен тыгызыраак байланышкан. Бул жекелик жана көптүк түрдүн формаларын колдонгондо даана көрүнөт. Демек, биринчи жана экинчи жактын көптүк саны тилек ыңгайда чындыгында мындай өтмө мааниге же колдонууга ээ эмес, анда алар негизги категориалдык мааниден кескин айырмаланып калмак. Көптүк сандын 1-чи жак формаларында стилистикалык нейтралдуу эмес колдонуу да кездешет. Көптүк сандын үчүнчү жак формалары өзүнүн бардык маанилеринде жана колдонууларында субъектилеринин кыймылынын көптүүлүк маанисин сактайт. Жекелик сандын формалары семантикалык жактан анча ачык эмес: алардын маанилери ар дайым эле чыныгы жекелик менен байланыштуу болбойт. Бул биринчиден, жекелик сандын 2-3-жактарынын маанилери семантикалык жактан алыс турган жекелүүлүк маанилеринин өнүгүшүнө тоскоол болбойт, б.а., жалпыланган-жактама (2-жактын формасында) жана жаксыз (3-жактын формасында) формаларда болот; экинчиден, буйрук ынгайдын жекелик санынын 2-жагы стилистикалык көркөмдүүлүккө ээ

болгон контексттерде бир канча адамга кайрылууда колдонулушу мүмкүн: *стой, братцы, стой! – кричит Мартышка. – Погодите!* (Крылов).

Көптүк формаларынын колдонулушу стилистикалык нейтралдуу же стилистикалык көркөмдөлгөн болушу мүмкүн. Стилистикалык нейтралдуулукка көптүк сандын 3-жагынын ушундай колдонулушу жана өткөн чактагы көптүк санынын формалары белгисиз-жеке маанисинде, качан кыймыл-аракет белгисиз адам же адамдар аркылуу (белгисиз, аныкталбаган же атайы аныкталбаган) көрсөтүлгөндө ишке ашат: *В доме играют (играли) на рояле.* Стилистикалык көркөмдөлгөн, китептик стилге таандык болгон көптүк сандын 1-жак формасы жана өткөн чактын көптүк сан формасы жекелик сан формасынын ордуна колдонулат (автордук “биз”): *Мы утверждаем.* Көптүк сандын 3-жагынын формасы жана өткөн чактын көптүк санынын формасынын кыймыл-аракети бир адамга тиешелүү болушу мүмкүн: субъекттин кыймыл-аракетти – сүйлөөчү болгондо, булар мындай айкаштарда *говорят тебе (вам)* жолугат.

Кыргыз тилиндеги этиштерде көптүк сандын формаларынын кеңири өнүккөн системасы бар. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, этиштердин көптүк сан формаларын түзүүнүн бир канча жолдору бар. Кыргыз тили үчүн аффиксалдуу жол мүнөздүү. Кыргыз тилинде этиштердин жекелик жана көптүк санынын оппозициясы өнүккөн системага ээ. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, этиштерде көптүүлүк эки түрдүүчө билдирилет: морфологиялык көрсөткүчтөрдүн жана көптүүлүктүн өзгөчө эмес көрсөткүчтөрүнүн жардамы менен берилет. Кыргыз тилинде этиштин көптүк санынын формасы көптүк сандын атайын морфемасынын жардамы менен түзүлөт: *мен келдим - биз келдик, сен келдиң - сиз келдиңиз.* Кыргыз тилиндеги этиштерге экинчи ыкма да мүнөздүү, себеби этиштик негиздер өзүнүн табиятынан тигил же бул категориалдык түшүнүк менен байланыштуу, бул жерде этиштик негиздер көптүүлүктүн маанисин алып жүрүүчүлөр болуп эсептелет. Көптүүлүктүн этиштик лексемалар аркылуу берилиши – лексикалык ыкма болуп саналат. Этиштер кыймыл-аракеттин же процесстин көптүүлүгүн көрсөтөт. Семантикасы боюнча алар кеңейүүнү, таркалууну, бөлүнүүнү, биригүүнү, созулууну, кыскарууну, топтолууну, кысылууну ж.б. да туюндурушат: *биргелеш, кошокто, коштолуш, бириктеш, созулуш, кыскарыш, кысыкта, кысылыш, топто, топтолуш* ж.б.

Демек, англис жана кыргыз тилдеринде этиштердин түр (род) грамматикалык категориясы жок болгондуктан, түрдүн (роддун) маркировкаланган белгисин өзүнө камтыган этиштик маанилердин типологиясы, биологиялык функциялардын маанилеринен жана социалдык-бекемделген жүрүм-турумдун мүнөздөмөлөрүнөн түзүлөт. Маанилердин биринчи тиби тривиалдуу, ал адамдарды, жаныбарларды мүнөздөйт. Адамдын социалдык статусун билдирүүнүн англис тилдик спецификасын көрсөтүү жагынан алганда, экинчи типтин маанилери бир кыйла кызыктуураак. Мисалы, *elopel – (esp of woman) to run away secretly with a lover purr- (esp of woman) to express (a pleasant feeling or wish) in a low continuous sound as if produced in the throat by a pleased cat mince – (derog) to walk in an unnatural way, taking little short steps esp.(of a man) in a womanlike way. Elope* сөзүнүн мааниси – *«сүйгөнү менен качып кетүү», purr-«акылмандуулук», mince – «тыпылдап басуу»* - мында аялды жана эркекти мүнөздөөчү белгилер көрүнөт. Бул сөздөрдүн маанилеринин коннотативдүү – жүктөлгөн мүнөзүн белгилейбиз. Айтылгандар роддун белгисин өзүнө камтыган сын атоочторго тиешелүү: *fey - (derog) (of a person, or his behaviour, used esp. of women) silly in a sensitive, artistic way, not practical; lecherous - (of men) having a desire for continuous sexual pleasure.* Англиялыктар келтирилген мисалдардан көрүнүп тургандай, кээ бир аялдардын жүрүм-турумунан дуйнөгө болгон шаттанган-түркөй мамилесин, ал эми эркектердин жүрүм-турумунан – бузукулукту бөлүп көрсөтөт. Түрдүн (роддун) белгиси кээ бир сөздөрдүн маанисинде жаш өзгөчөлүктүн мүнөздөмөсүнө жараша тактала. Демек, мисалда келтирилген *lecherous* – “бузуку, жаман кылык жорук” сөзүнүн мааниси көрсөтмөлүү мисалдардын негизинде сөздүктөрдө *a nasty lecherous old man* – “кары адам” деген белгини бөлүп көрсөтөт, *giggle- “кыткылыктоо”* этишинин мааниси, түшүндүрмө сөздүктөрдө “кыздарга” мүнөздүү сапатты билдирет.

Орус тилиндеги этиштин род(гендер) грамматикалык категориясы – бул женский, мужской, средний роддордогу зат атоочтордун ошондой эле эркек, аял жынысындагы жактарга (нерсеге) болгон кыймыл-аракеттин бири-бирине карама-каршы коюлган бир катар өткөн чактын же шарттуу ыңгайдын жекелик сан формаларынын системасы эсептелет. Этиштин категориясы мужской, женский жана средний роддордогу морфологиялык маанилерди бириктирет. Бул маанилер:

а) эркек же аял жынысындагы жактардын кыймыл-аракетинин мамилесин (*Я играл - Я играла; ты писал - ты писала; он пришел- она пришла*); б) жана зат атоочтун грамматикалык родун камтыган жогорудагыдай эле жактардын мамилелерин билдирет (*студент вернулся – студентка вернулась*), же в) атооч менен синтаксистик гана байланыш – заттын аталышы грамматикалык түр менен бул аттын туура келишин көрсөтөт (*стол стоял, книга упала, море шумело*). *Дитя играло, Появилось чудовище,* сыяктуу айкашуулар этиштик форманын атооч менен болгон синтаксистик байланышын чагылдырат жана жактын жынысы жөнүндө белги бербейт. Роддун (гендердин) морфологиялык мааниси флексиялар менен билдирилет; мужской (эркек гендердин) роддун мааниси – флексиясыз, женский (аял гендери) род *–а* флексиясы менен, средний (нейтралдуу же арсар гендер) род –о флексиясы менен берилет. Роддун (түрдүн) формалары бир эле мезгилде жекелик сандын маанилерин билдирет. Аларда жактын маанисинин көрсөткүчү жок. Этиштин көптүк санынында түрдүк (гендердик) айырмачылык болбойт.

2. Этиштин чак грамматикалык категориясы

Азыркы мезгилде англис, орус, кыргыз тилдеринде чак грамматикалык категориясынын репрезентациясын стандарттуу жана стандартсыз изилдөө өтө эле актуалдуу болуп эсептелет. Изилдөөчүлөр бул маселеде көңүлдүн борборуна тексттин структуралык жана маанилик бүтүндүгүн шарттаган мезгилдик катыштарды, чактардын жардамы менен берилген мезгилдик каражаттарды коюшат. Мезгилдик көрсөткүч биздин жашообуздун ажырагыс мүнөздөмөсү болуп эсептелет жана ал адамдын (автордун, персонаждын, окуучунун) аң сезим-туюулары аркылуу өтүү менен сүйлөмдөрдө жана тексттерде чагылдырылат. Ошол эле учурда ар бир автор мезгилди стандарттуу жана стандарттуу эмес каражаттарынын жардамы менен өзүнчө түшүнүп, өзүнчө сүрөттөйт.

Стандартуу (грамматикалык) каражаттар – грамматикалык чак категориясынын чегинде жаткан убакытты билдирүүнүн каражаттары. Алар чакты репрезентациялоонун синтаксисттик, морфологиялык, лексикалык каражаттары болуп бөлүнөт. Көркөм дүйнөнүн окуялык сүрөттөлүшүнүн грамматикалык фиксациясы бардык көркөм чыгармалардын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Дүйнөнүн динамикалык көрүнүшү алгачкы, бирок элементардык эмес өзүнүн

категоризациясын грамматикалык каражаттар менен морфологиялык категориялардын системасы аркылуу алат. Базалык морфологиялык категориялар багытталган “окуялардагы чактар” көркөм тексте чак, түр, (эгер ал тилде бар болсо) жак, сан ж. б. болот. [56:110].

Демек, темпоралдуу структураны куруунун негизги каражаты болуп этиштик формалар кызмат кылат. Азыркы англис тилинде этиш башка сөз түркүмдөрүнө карганда сөз өзгөртүү жана форма түзүү каражаттарынын бир топ өнүккөн системасына ээ. Этиштин морфологиялык категориясы катары жак, сан, түр, чак, ыңгай жана мамиле эсептелет.

Чактык маани менен байланышкан англис тилиндеги формалардын системасы өзүнө төрт топту камтыйт: белгисиз (жөнөкөй), узартылган, перфекттүү, узартылган-перфекттүү чактар. Этиштин грамматикалык чак категориясы деп кыймыл-аракеттин аткарылыш мезгили менен биз сүйлөп жаткан убакыттын ортосундагы карым-катышты билдире турган грамматикалык категорияны атайбыз.

Чак категориясы азыркы англис тилинде, баарынан мурда, өткөн жана учур чактын формалары менен аныкталат, анткени чактын бул формалары синтетикалык болуп эсептелет (*he works, he writes- he worked, he wrote*) [55:342]. Келер чактын категориалдык формасы дайыма аналитикалык болуп эсептелет, кээ бир этиштерде бул таптакыр кездешпейт (*can, may, must, etc*.) Келер чак көп учурларда модалдуулук менен байланыштуу, себеби ал кандайдыр бир жүзөгө аша элек нерсени билдирет. Бул айырмачылык келер чакты түзүү үчүн модалдык мүнөздөгү этиштердин (*shall, will*) колдонулушу менен да ишке ашат.

Англис тилиндеги дал ушул түрдүк-чак формалар аркылуу чак морфологиялык репрезентациясы жаралат. Демек, англис тилиндеги этиштердин түрдүк-чак формалары тексттин чактык параметрлерин түзүүдөгү негизги каражат болуп эсептелет.

Грамматикалык чактар менен бирдей өзгөчө мааниге ээ болгон этиштин түрдүк-чак формалары адабий көркөм чыгармалардагы чоң ролду чактар репрезентациясы үчүн кызмат кылган лексикалык каражаттар ойнойт. Бул сөздөрдүн жалпы тексттик функциясы – сүрөттөлгөн окуянын кыймыл-аракетинин болгон убагын көрсөтүү б.а., сөздөрдүн функционалдык-тексттик бир

парадигмасына биригүүсүнө негиз болот. Тексттик чактын лексикалык негизин төмөндөгүдөй сөздөр түзөт: *time, epoch*; жыл мезгилдеринин аталышы (*January, May*), жуманын аталышы (*Monday, Thursday*), күндүн аталышы *(morning, day, evening, night): minute, second, yesterday, today, to-morrow, eternity, season, period, moment* адамдын жаш өзгөчөлүктөрүнүн аралыктарынын аталыштары (*childhood, manhood, youth*) темпоралдык маанидеги лексемалар: *degore, aster, for, in, within* предлогдору түзөт. Дал ушул лексика, биринчиден, көркөм тексттин темпоралдык мейкиндигин калыптандырат [12:464].

Азыркы англис тилиндеги чактын репрезентациясы үчүн морфологиялык, лексикалык, синтаксисттик каражаттардын өз ара катышы мүнөздүү. Синтаксистин бирдиги болуп модалдуулуктун категориясына жана синтаксистик чактарга ээ болгон сүйлөм эсептелет. Модалдуулук жана синтаксистик чак, предикативдүүлүктү билдирип, өзүнүн түшүндүрмөсүндө атайын тилдик каражатка ээ. Мындай каражаттардын катарына чак формалары кирет. Эгерде сүйлөмдө этиш жана этиштик байламталар болсо анда мындай мааниле төмөндөгү формалардын жардамы менен берилет.

He reads. He read. He will read. He would read. Let him read.

Эгер сүйлөмдө этиштер жана этиштик байламта жок болсо анда сүйлөм учур чакты билдирүүчү нерсенин чындыкта жашоосунун жалпы маанисине ээ. *Rain. Night. Spring.*

Англис тилиндеги темпоралдуулукту билдирүүнүн бирден бир каражаты болуп, *when* байламтасы менен берилген мезгил багыныңкы сүйлөм катышкан татаал багыныңкы сүйлөм эсептелет. Татаал багыныңкы сүйлөм – бул баш жана багыныңкы бөлүктөрдөн турган синтаксистик бирдик. Багыныңкы бөлүгү мезгил бышыктооч катары милдет аткарат. Ал жагдайлар ортосундагы мезгилдик байланышты чагылдырат. Мезгил синтаксистик багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн кыймыл-аракетин аткарып, баяндоонун чактык тегерегинде темпоралдуу локалдашуунун милдетин аткаруу менен мезгил бышыктооч болот [108:17-18]. Демек, *when,* байламтасы колдонулган мезгил багыныңкы сүйлөм менен болгон татаал багыныңкы сүйлөм аркылуу биз чакты тааныйбыз:

His bag was packed when we arrived.

When she entered the room he pretended sleeping.

Англис тилиндеги чактын репрезентациясы стандарттуу каражаттардын жардамы менен гана эмес, мааниси кеңири болгон стандарттуу эмес каражаттар аркылуу да ишке ашат, себеби алар индивидуумдун чак категориясынын репрезентациясында маанилүү роль ойнойт. Чактарды репрезентациялоонун стандарттык эмес каражаттары – бул чактардын грамматикалык чегинен сырткары жайгашкан ар түрдүү аспектердеги учур, өткөн жана келер чактардын аныкталып карама-каршы коюлган формаларын көрсөтүүчү каражаттар болуп эсептелет. Буга метафорикалык жана узуалдык чактарды репрезентациялоо каражаттары тиешелүү.

Чактардын грамматикалык категориясы орус тилиндеги эң татаал категориялардын бири. Бул категория башка көптөгөн категориялардай эле чыныгы турмушта болуп жаткан мамилелердин булагына ээ. Ал өз формаларында көрүнүштөрдүн ортосундагы чактык карым-катнаштарды чагылдырат. Бир абалдан экинчи абалга өтүү, өзгөрүү, алмашуу сыяктуу аракеттер белгилүү бир мезгилде ишке ашат. Негизги – өткөн, учур жана келер чактар үчүн баштапкы абал катары учур чак кызмат кылат.

Философиялык мааниде учур чак түшүнүгү өтө эле шарттуу. Анын чеги абдан эле туруксуз (кыймылдуу). Учур чак азыркы болуп жаткан убакыттын бир бөлүгү катары кабыл алынат, *мен жазам* же *сүйлөйм*, бүгүнкү күн, ай, ушул жылы, белгилүү бир жашоо мөөнөтү жана ошондой эле чектелбеген узак (*земля вращается вокруг солнца; рыбы дышат жабрами*), же чексиз созулган убакытты камтыйт. Демек, биздин эң эле кыска убакыт бирдигибиз болгон – секундадан биз учур чактын чексиз кыска “бөлүктөрүн” теориялык жактан белгилей алабыз.

Грамматикалык форма эки жактуу. Мазмуну жактан алганда, ал белгилүү грамматикалык маанини берет, сүйлөм катары алганда ал өзүнүн маанисине карата көрсөткүч жана формант катары белгиленет. Грамматикалык формада биз анын келип чыгышы менен байланышкан баштапкы генетикалык маанисин айырмалап билебиз жана мазмуну функционалдуу б.а., пикир алышууда форма мазмунга ээ болот. Грамматикалык чак – бул категорияга таандык өзүнүн философиялык же кептик кабыл алууларга болгон дифференциациясына ээ эмес. Бирок ал кепте, андагы жагдайга, сүйлөө контекстке, ошондой эле, этиштин лексикалык маанисине жараша такталат. Мисалы, *жаздым* сөзүнүн формасы кептен сырткары алынат, жөнөкөй, дифференциацияланбаган өткөн чакты билдирет. Бирок пикир

алышуунун жагдайына жана контекстке карата төмөндөгүлөрдү билдириши мүмкүн: а) узартылган өткөн (*я писал это письмо весь день*); б) үзүлүп-үзүлүп узартылып өткөн (*я много раз писал ему об этом*); в) анын узактыгынын даражасын көрсөтпөгөн, кайталанбаган өткөн (*я уже писал ему об этом*) чактар. Акыркы мисалда *писал* формасы аористикалык мааниде берилет, мисалы салыштыралы, *я уже говорил ему об этом.* Кептен сырткары алынган грамматикалык формадагы чактын мааниси бул дифференциацияланбаган өткөн, учур жана келер чактар болуп саналат.

Азыркы орус тилиндеги этиштик чактар өздөрүнүн тике колдонулушунда, окуяны тикеден-тике сөз сүйлөнүп жаткан учурга карата (учур чак), мурда болуп өткөн (өткөн чак) жана кийинки чактар (келер чак) катары аныкталат. Салыштырмалуу колдонулушта, мисалы, ойлоонун, сезимдин жана пикирлешүүнүн маанисиндеги этиштерден көз каранды болгон багыныңкы сүйлөмдөрдө окуя баш сүйлөмдөгү чактын кыймыл-аракетине карата багытталат: *Ему показалось, что в доме кто-то ходит. Он сказал, что приедет.*

Кыргыз тилинде этиштин грамматикалык чак категориясы – этиш сөз түркүмүнүн негизги категорияларынын бири катары саналат. Чак категориясы сүйлөп жаткан учурдун жана кыймыл-аракет болуп жаткан убакыттын ортосундагы мамилени көрсөтөт. Ал жай ыңгайга гана мүнөздүү болуп, чыныгы аткарылган кыймыл-аракетти чагылдырат. Грамматикалык чак кыймыл-аракеттин б.а., фактынын кеп айтылганга чейин болгондугун (өткөн чак), кеп айтылып жатканда (учур), же кеп айтылгандан кийин боло тургандыгын (келер чак) көрсөтөт. Ар бир чактык форма өзүнүн семантикасы, өзгөчө чактык көрсөткүчтөрү жана жактама аффикстери менен мүнөздөлөт. Кыргыз тилиндеги этиштин ар бир чактык формасына белгилүү бир кошумча модалдуулук, жана ошондой эле анын модалдуу мүнөздөмөсүнө таасир этүүчү кызматчы сөздөр жана аффикстер менен айкашуу жөндөмдүүлүгү таандык. Азыркы кыргыз тилинде чактардын грамматикалык категориясы бир далай кеңири грамматикалык категориалдуу чактык формалардын катышында берилген.

Азыркы кыргыз тилинде бири-биринен кошумча сапаттагы маанилери жана түзүлүш жолдору менен айырмаланган учур чактын бир нече формалары бар. Жөнөкөй учур чак этиштин негизине чакчылдык аффикс *–а (-е, -о, -й)* жана

жактама аффикстердин I тибинин улануусу менен жасалат (толук ат атоочтук аффикстер); терс формасы этиштин негизине терс маанидеги *–ба* аффиксинин уланышынын эсебинен түзүлөт. Жөнөкөй учур чак бир нече маанилерди билдирүү үчүн колдонулат: 1) сүйлөп жаткан учурдагы кыймыл-аракетти билдирүү үчүн; 2) адаттагы кыймыл-аракет, учурдагы кыймыл-аракет чактын кичине бир бөлүкчөсүн ээлеп, убакыт боюнча улантылган, же мезгил-мезгили менен болуучу кыймыл-аракет, узартылган чак сүйлөп жаткан учурда такыр болбошу мүмкүн; 3) белгилүү бир затка тиешелүү, жактын бир касиети катары же жаратылышта, коомдо болуп өтүүчү жактын, предметтин мүнөздүү өзгөчөлүгү болгон туруктуу кыймыл-аракет; 4) мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу кыймыл-аракет сүйлөмдүн курамында мезгилдүүлүктү баса белгилеген чактык мааниге ээ болуучу сөз болот; 5) алда качан башталып, азыркы учурда улантылып жаткан кыймыл-аракет; 6) жөнөкөй учур чак өткөн чактын маанисинде сүйлөмгө олуттуу жандуулук берүү жана дагы өткөн чакта болгон окуяны учур чак менен жакындатуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Татаал учур чак аналитикалык жол менен чакчылдык формадагы маани берүүчү этишке, жардамчы этиштердин учур чак формасынын кошулуусунун жардамы менен түзүлөт. Жардамчы этиштердин катарына төрт этиш кирет: *жат, отур, жүр, тур,* алар грамматикалык форманттын функциясын аткарат, ошондой эле ээнин санын жана жагын көрсөтөт. Жөнөкөй өткөн чак этиштин негизине *–д (-ди, -ды, -ду, -дү, -ты, -ти, -ту, -тү)* аффикстеринин улануусу жана жактама аффикстеринин II таандык тибинин жардамы менен түзүлөт.

Жөнөкөй өткөн чактын негизги грамматикалык мааниси кыймыл- аракеттин болуп өткөндүгүн көрсөтөт, ал эми мында сүйлөп жаткан адам бул кыймыл-аракеттин күбөсү же катышуучусу болот, же сүйлөөчүнүн көз карашы боюнча бул кыймыл чыныгы факты болуп саналат. Ушуну менен бирге сүйлөп жаткан учурга окуялардын алыстыгын же жакындыгын тактоо керек болбойт, бирок кыймыл-аракет дайыма белгилүү бир өткөн чактагы мамилени билдирет. Терс формасы аналитикалык (атоочтук терс тангыч, *эмес, жок* деген сөздөрдүн жардамы аркылуу постпозицияны ээлеп, жак аффикстери *албагамын, алган, эмесмин, жокмун ж. б.* менен айкашат) жана синтетикалык (терс *–ба (ал-ба-ган* аффиксинин жардамы) жолдор менен түзүлөт. Узартылган өткөн чак этиштик негизге эки варианттуу

–чу/чү аффикстери жана ат атоочтун 1-типтеги жактама аффикстеринин улануусу менен жасалат: *алчумун, алчубуз, алчусуң, алчусуңар ж.б.*, ал эми терс формасы аналитикалык жол менен (атоочтук терс тангыч, *эмес, жок* деген сөздөрдүн жардамы аркылуу постпозицияны ээлеп, жак аффикстери *алчу эмесмин, жокмун ж.б.* менен айкашат) түзүлүт. Өткөн чактын бардык татаал формалары аналитикалык жол менен жөнөкөй формалардан түзүлүп, эчаккы өткөн, же өткөн чакка тиешелүү мурда болуп өткөн кыймыл-аракеттин мамилесин көргөзөт.

Азыркы кыргыз тилинде келер чакты көргөзүү үчүн эки грамматикалык форма: белгилүү жана белгисиз келер чак колдонулат. Белгилүү келер чак жөнөкөй учур чак түзүлгөн каражаттар аркылуу түзүлөт, атап айтканда, бул чактык форманы жөнөкөй учур чактын функционалдуу формасы катары кароого болот. Чактын маанисин аныктоо, контекстин, этиштик семантиканын, этиш менен айкашуучу негизги сөздүн жана мезгил бышыктоочтун эсебинен болуп өтөт. Келер чак үчүн сүйлөмдө башкаруучу сөздүн барыш жөндөмөсүндө турушу мүнөздүү, ал эми татаал сүйлөмдөрдө мезгил багыныңкы сүйлөмдүн бар болушу эсептелет. Белгилүү келер чактын формасы бир канча кошумча мааанилерге ээ: жакын арада болуп өтүүчү кыймыл-аракетти көргөзөт жана сүйлөөчү мында бул кыймылга шек санабайт.

Белгилүү келер чак татаалданган сүйлөмдүн формасына ээ, аны колдонгондо кыймыл-аракеттин өзгөчө модалдык белгини билдирет: ал маани берүүчү этиштин чакчылдык формасы *–ганы* жана жардамчы *жат, тур, жүр, отур* этиштеринин бири; кызматчы *эле, экен* сөздөрү менен айкашуу аркылуу берилет. Белгисиз келер чак кыймыл аракеттин чексиздик, божомолдуулук мааанилерине ээ жана ал келечекте болуп өтөт же кыймыл аракеттин болбошу мүмкүн.

Демек, чак грамматикалык категориясы төмөндөгү оппозициялардан турат: 1) үч чактык планды айырмалаган абсолюттук чактар: өткөн, учур жана келер чактар; 2) чактардын өз ара байланышы кыймылдын мурда болгондугун, бир мезгилдүүлүктү жана ээрчишүүнү камтыйт.

3. Этиштин ыңгай грамматикалык категориясы

Этиштин морфологиялык категориясы бул – бири-бирине карама-каршы коюлган, кыймыл-аракеттин чындыкка болгон мамилесин жана реалдуулук

маанисине ээ болуучу (жай же баяндагыч ыңгай), каалоону, ниетти (буйрук ыңгай) же божомолдуулукту, мүмкүнчүлүктү (шарттуу ыңгай) көрсөтүүчү бир нече формалардын системасы болуп саналат. Баяндагыч ыңгай чак категориясы менен тыгыз байланышта: бул ыңгайдын мааниси учур, өткөн жана келер чактардын формаларында айкындалат. Буйрук жана шарттуу ыңгайлар чактык формаларга ээ эмес.

Англис тилиндеги ыңгай категориясы карама-каршы коюлган төмөндөгү бир нече формалар аркылуу тартипке келтирилет: баяндагыч ыңгай, буйрук ыңгай жана шарттуу ыңгай формалары.

Англис тилиндеги баяндагыч ыңгай учур, өткөн жана келер чактарга тиешелүү болгон кыймыл-аракетти чыныгы факт катарында карайт. Англис тилиндеги баяндагыч ыңгайдын негизги өзгөчөлүктөрү болуп: биринчиден, фразалардын так түзүлүшү, мында ар бир сүйлөм мүчөсү милдеттүү түрдө өз-өз ордунда турушу керек; экинчиден, жаксыз сүйлөмдү түзүүнүн мүмкүн эместиги, б.а., англис тилинде баяндагыч ыңгайда сүйлөм ээсиз болушу мүмкүн эмес дегендикти билдирет. *Eg: The Prime Minister and his cabinet were discussing the matter on that fateful day in 1943* [166].

“Чактардын ээрчишүүсү**”** деген аталыш – маектешип жаткан адамга бир сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин чактар боюнча өз ара жайгашуусун көрсөтүү, бул англис тилиндеги баяндагыч ыңгайдын үчүнчү өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Калган эки ыңгай тигил же бул чактардын чөйрөсү менен так байланышты божомолдой албайт, ошондуктан бир дагы кыймыл-аракет чактардан сырткары болушу мүмкүн эмес.

Англис тилинин буйрук ыңгайы сүйлөөчүнүн эркин, кыймыл-аракетке болгон каалоосун, суранычын же буйругун жана ушуну менен бирге али боло элек, келечекте милдеттүү түрдө болуучу кыймыл-аракеттин ички маанисин билдирет, бирок, дал ушул кыймыл-аракетти болтуруудагы каалоо жана ниет гана көрсөтүлөт, бул форма келер чактын формасы боло албайт. Англис тилиндеги буйрук ыңгайдагы маектешкен адамга тикеден-тике кайрылган сүйлөм *ээни* камтыбайт. Англис тилиндеги буйрук ыңгайдагы үчүнчү жакка кайрылган сүйлөмдөрдүн өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. *Eg: Keep your eyes on the prize, hold on [166].*

Белгилүү бир шарттарда кандайдыр бир кыймыл-аракеттин боло тургандыгын көрсөтүү шарттуу ыңгайдын милдети болуп саналат. Ошондуктан, англис тилиндеги шарттуу ыңгай божомолдоо үчүн кызмат кылат, реалдуу эмес кыймыл-аракетти билдирет. Англис тилиндеги шарттуу ыңгайдын формаларында сүрөттөлүүчү окуялардын чыныгы эместигин баса белгилөө үчүн жана алар реалдуу боло ала турган шарттарды көрсөтүү үчүн чыныгы чактардын грамматикалык формаларынын дал келбестиги колдонулат. Шарттуу ыңгай каалоону, божомолдоонуу, күмөндөөнү же кыймыл аракеттин анык эмес түрдө аткарылышын билдирет. Эгерде баяндагыч ыңгайда чындыгында эмне болуп өттү, болуп жатат же боло тургандыгы жөнүндө сөз болсо, анда шарттуу ыңгайда элестетүү, божомолдоо, каалоонун ар түрдүү абалдарынын анык болушу же болбой тургандыгы көрсөтүлөт. Орус тилинде шарттуу ыңгайды билдирген бир гана форма бар, ал этиштин өткөн чагы жана "*бы*" бөлүкчөсү аркылуу түзүлөт: *хотел бы, узнал бы, ждал бы.*

Англис тилиндеги шарттуу ыңгай өзүнүн типтүү конструкцияларынын үч айырмачылыкка ээ болгондугуна карабастан комплекстүү түрдө каралат:

1. Шарттуу ыңгай (*Subjunctive Mood*) мүмкүн болбогон (таптакыр же ушул учурда) же элестетилген кыймыл аракетти көрсөтөт. Бул форма ошол эле *Past Indefinite* (жана *Past Perfect Indefinite*) тин формаларында колдонулган этиштик формалар аркылуу түзүлөт.

e.g. You ***wished*** *she would arrive the next day.I* ***wish*** *she would change her mind. He* ***will wish*** *we would join him the following week [166].*

2. Шарттуу ыңгай (*Conditional Mood*) болуп жаткан же болуп өткөн кыймыл аракетти жана ага туура келген шарттардын жоктугу же бул шарттардын дал ушул абалдарда ишке ашпастыгын, башкача айтканда, анык эместигин билдирүү үчүн колдонулат. Бул ыңгай жардамчы этиштер *would/should/...* жана негизги этиштин инфинитивинин жардамы менен түзүлөт. *e.g.* ***If*** *I* <u>*were*</u> *braver, I would challenge him.* <u>*Were*</u> *I braver, I would challenge him[166].*

3. Болжол ыңгай (*Suppositional Mood*) кыймыл-аракеттин келер чакта өтүү мүмкүнчүлүгүн билдирүү үчүн колдонулат, бирок чындыгында бул кыймылдын анык болушуна ишеним жок экендигин билдирет. Ал бардык жактар үчүн *should* жардамчы этишинин жана инфинитивдин жардамы менен жасалат.

Үч чакты билдирген баяндагыч ыңгайдан айырмаланып, шарттуу ыңгайдын формалары эки чакка бөлүнөт: а) биринчисине учур жана келер чактагы окуялар кирет, мында этиштин перфект эмес формалары колдонулат; б) экинчисине окуянын сүйлөп жаткан учурда болгондугу кирет, мында этиштин перфект формалары колдонулат.

Англис тилиндеги шарттуу ыңгайды көрсөтүү үчүн эки типтеги формалар колдонулат: синтетикалык жана аналитикалык. Синтетикалык же жөнөкөй формалар жардамчы этиштин жардамысыз жана өзү менен бирге байыркы англиялык доордогу эски калдыктар – эзелки, байыркы формалар аркылуу түзүлөт. Аналитикалык формалар азыркы англис тилинде бир кыйла көп колдонулат. Булардын баары *would/should* жардамчы этиштер же *could/might* модалдык этиштер менен жөнөкөй же перфектүү негизги этиштердин *to* бөлүкчөсүз инфинитиви аркылуу түзүлөт. Синтетикалык жана аналитикалык формалар өзүнчө түрлөргө ээ:

Синтетикалык формалар (*Subjunctive I*)

1. *Present Subjunctive* – этиштин I формасы же инфинитивдин формасы менен туура келет (этиш сөздөргө эч кандай *–s* уланбайт; эч кандай *is, was, were* болуп өзгөрбөйт; *to be* дайыма = *be* боюнча колдонулат).

2. *Past Subjunctive* – Past Indefinite формасына же этиштин II формасына туура келет.

3. Past *Perfect Subjunctive* – Past Perfect формасына туура келет жана had + III формасы менен түзүлөт. *e.g. If I <u>were</u> rich, I <u>would travel</u> around the world. If he <u>had been</u> here, he <u>would have been</u> glad to see you [166].*

Аналитикалык формалары (*Subjunctive II*)

1. W*ould (should*) + инфинитив формасы**,** *would (should), could/might + этиштин* I формасы аркылуу түзүлөт. Анын кыскача формасын *would* менен атаса, анда бул бир кыйла универсалдуу болот.

2. *Should* + инфинитив жана *should* + этиштин I формасы менен түзүлөт. Анын кыскача формасын *should* менен атаса – бул бир кыйла специалаштырылган болот. Төмөндөгүлөр ушундай эле формалар, бирок алар перфекттүү болушат.

3. *Would (should) + Perfect* инфинитив формасы, *would (should), could/might + have III* формасы менен түзүлөт.

4. *Should* + Perfect инфинитив формасы, *should + have* III формасы менен жасалат.

Орус тилиндеги ыңгай категориясы төмөндөгү бир катар формаларды карама – каршы коюу аркылуу уюштурулат:

1. Баяндагыч ыңгайдын курамына этиштин бүтпөгөн түрүнүн учур, өткөн жана келер чактарынын (*играю, играешь, играет, играем, играете, играют, играть*) жана этиштин бүткөн түрүнүн өткөн жана келер чактарынын (*сказал, сказала, сказало, сказали, скажу, скажешь, скажет, скажем, скажете, скажут*) формалары кирет.

2. Буйрук ыңгайдын формалары (*скажи, скажите, скажем(те), пусть скажет, пусть скажут*).

3. Шарттуу ыңгайдын формалары (*сказал бы, сказала бы, сказало бы, сказали бы*) кирет.

Бул формалардын ар бир катары категориалдык маанилердин биримдиги жана билдирүүнүн белгилүү каражаттарына ээ болушу менен мүнөздөлөт. Бул каражаттарга төмөндөгүлөр кирет:

1. Аффикстер, флексиялар жана постфикстер – алардын буйрук ыңгайдын формаларында болушу.

2. Форма жасоочу бөлүкчө: *бы* – шарттуу ыңгайдын формаларында (инфинитив менен айкалышта) – буйрук ыңгайдын биргелешкен кыймыл аракеттин формаларында болушу.

3. Чак формаларынын бардык системасынын баяндагыч (жай) ыңгайда болушу.

Морфологиялык ыңгайлардын ар бири өзүнүн категориалдык маанилерине ээ. Баяндагыч (жай) ыңгайдын мааниси чыныгы кыймыл- аракет катарында, б.а., мында кыймыл-аракеттин анык болуп өткөндүгү, болуп жаткандыгы жана боло тургандыгы көрсөтүлөт; буйрук ыңгайдын мааниси – сүйлөөчүнүн кимдир бирөөнүн кандайдыр бир кыймыл-аракетти аткаруусуна түрткү болуусун көрсөтүү болуп саналат; шарттуу ыңгайдын мааниси – кыймыл аракеттин мүмкүн жана божомолдуу болушун билдирет. Этиштин ыңгайынын реалдуулук, тилек, каалоо жана божомолдоо маанилери боюнча эки негизги карама-каршылыктар түзүлөт. Бул биринчиден, баяндагыч (“тике”) ыңгайдын буйрук жана шарттуу ыңгайларга болгон карама-каршылыгы, (“кыйыр”), экинчиден, буйрук ыңгайдын каалоосун, ниетин көрсөтүүчү маанини баяндагыч жана шарттуу ыңгайлардын маанилерине

каршы коет, негизинен өздөрүнүн маанилеринде эркин билдирүүчү маанини көрсөтпөйт.

Шарттуу ыңгай этиш аркылуу чагылдырылган, кыймыл-аракеттин анык эмес, тескерисинче эңсөө, божомолдоо, мүмкүндүк (мүмкүн эместик) маанилеринин белгилүү бир шарттарда боло тургандыгын көрсөтөт: *Вы бы многое знали, если бы читали книги. Если бы у меня были деньги, я бы купил эту книгу.* Орус тилиндеги шарттуу ыңгайдын абдан кеңири таркалган, объективдештирилген формасы – бул “л” менен аяктаган этиштердин “бы” бөлүкчөсү менен болгон айкашы эсептелет. Ошол эле учурда, этиштин шарттуу ыңгайына мүнөздүү болгон кубулуш көптөгөн тилдерге таандык, дүйнөлүк тилдердин типологиясын түзүү аракеттери ал тилдерде аталган категория барбы, эгерде болсо, анда алар кайсы каражаттар аркылуу ишке ашырылышына көз каранды экендигине байланыштуу изилденет. Мисалы, орус тилинде жогоруда көрсөтүлгөндөй шартуу ыңгайды көрсөткөн чактык планга ээ эмес жалгыз гана ыкма бар, ошол эле учурда англис тилинде – шарттуу сүйлөмдөрдүн аналитикалык формаларында чектелгендик байкалат, алардын бири учур жана келер чактар, ал эми башкасы – өткөн чак менен өз ара байланышат.

Кыргыз тилинин грамматикасында этиштин ыңгайынын саны ар түрдүүчө түшүндүрүлөт. Азыркы кыргыз тилинде ыңгайдын төмөндөгү түрлөрү бар деп эсептелет: 1. баяндагыч (жай) ыңгай, 2. буйрук ыңгай,
3. шартуу ыңгай, 4. тилек ыңгай, 5. ниет ыңгай.

З.К. Дербишованын көз карашы боюнча аныктыкты көрсөтө ала турган 6 форма бар. 1) – *са* мүчөсү менен бүткөн шарттуу ыңгайдын формасы;
2. – *мак* менен бүткөн шарттуу (2) ыңгайдын формасы; 3. *-гын, -гыла, -сын* мүчөлөрү менен аяктаган буйрук ыңгайдын формалары; 4. тилек ыңгайдын формасы; 5. *–айып* менен бүткөн ниет ыңгайдын формасы; 6. – *макчы* мүчөсү менен аяктаган милдет ыңгайдын формасы [47:184].

Баяндагыч ыңгай көп кырдуу жана көп колдонулган ыңгай болуп саналат. Мунун ичинде чактык мамилелерди билдирген этиштин грамматикалык формалары бар, анда формаларды көрсөтүүчү жана чактык грамматикалык категориялардын түзүлүш ыкмаларынын ар түрдүүлүгү көрсөтүлгөн. Бирок, ошого карабастан, булардын бардыгы өткөн, учур жана келер чактардын чегинде ар

түрдүүчө берилет. Этиштин чактык формаларынын түзүлүш ыкмалары боюнча аларды: аналитикалык жана синтетикалык деген эки тайпага бөлүүгө болот. Аналитикалык формалар эки, кээде үч этиштен түзүлөт. *Мен бул маселе тууралуу мурун жазган элем. По этому вопросу я раньше писал*. Синтетикалык чактардын формаларына этиштердин негизине белгилүү мүчөлөрдүн улануу жолу менен түзүлгөн формалар кирет.

Буйрук ыңгай буйрук, сураныч, тапшырма берүү, аргасыздык жана башка маанилерди көрсөтөт. Бул ыңгайда кыймыл-аракетке болгон ниет, тилек, максат жана каалоо белгилүү бир жакка, анын ичинде сүйлөөчүнүн өзүнө багытталат. Акыркы учурда этиш кыймыл-аракеттин аргасыздыктын жана каалоонун ишке ашырылышын көрсөтөт. Экинчи жакка багытталган кыймыл-аракет, б.а., буйрук берүү ирээтинде же сураныч түрүндө кызмат кылуучу же көрсөтүүчү болушу мүмкүн: *жибер (отправь), жибергиле (отправьте), жибериңиз (отправьте Вы), жибериңиздер (отправьте вы)*. Эгерде этиштин кыймыл-аракети сүйлөөчүгө да, угуучуга (экинчи) да эмес, калгандардын бардыгына багытталса, ал буйрук берүү, көрсөтмө берүү, милдеттендирүү маанилерине ээ болот. Мисалы: *Асан мага эртең саат 10до келсин. Пусть Асан завтра придет ко мне в 10 часов.* Ошентип, этиштин буйрук ыңгайы кыймыл-аракеттин кимге багытталгандыгына карата, белгилүү грамматикалык жабдылышка ээ болуу менен, ал жак жана сан карым-катышта болот.

Шартуулук категориясынын негизинде бир кыймыл экинчи бир кыймылдан көз карандылыгында болот, мында бир кыймыл башка бир кыймылдын болушуна шарт түзөт. *Ушул дарыны ичсең жакшы болот элең. - Если бы ты приняла это лекарство, то ты бы выздоровела*. Шарттуу ыңгай этиштин негизине *-са, (-се, -со, -сө)* мүчөлөрүнүн улануусу аркылуу жана экинчи жактын таандык түрү менен жасалат. *Ал барса болмок.. Если бы он пошел. Эгер ал мында кайтып келсе. Если бы он обратно возвратился сюда.* Шартуу ыңгайда этиштер жак мүчөлөрүн кабыл алышы мүмкүн.

Ниет ыңгай семантикалык деңгээлде бириккен бир катар түрдүү формалар менен берилет. Бул ыңгайдын мааниси бир кыйла ырааттуу түрдө аналитикалык формада болот, мында алар этиштин негизинен түзүлүп, *-гы*

(-ги, -гу, гү), - кы (-ки, -ку, -кү) жана таандыктык мүчөлөрдүн жардамы менен, ошондой эле *кел* этишинин маанилери аркылуу түзүлөт, ал жөнөкөй учур жана өткөн чактардын (*келет/келди*) формасында, үчүнчү жакта гана колдонулат, ошондой эле таандык мүчөсү каалоону билдирген кыймылдын кайсы жакка тиешелүү экендигин көрсөтөт.

Этиштик негизде көрсөтүлгөн, кыймыл-аракетти ишке ашыруу ниети ырааттуу түрдө этиштин жөндөлүш формалары аркылуу, *мак (мек, мок, мөк) жана макчы (мекчи, мокчу, мөкчү)* аффикстеринин жардамы менен, жактама аффикстердин биринчи типтеги ат атоочторунун айкашында түзүлгөндүгүн көрсөтөт.

Ошентип, англис, орус жана кыргыз тилдеринде ыңгай категориясын кароо бизге бир катар жалпы жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Ыңгай категориясы – бул грамматикалык категория, ал кыймыл -аракеттин модалдуулугун аныктайт, б.а., кыймылдын чындыкка болгон мамилесин билдирет. Англис тилиндеги ыңгай категориясы жөнүндөгү бул жобону толугу менен орус жана кыргыз тилдеринде колдонууга болот.

2. Ыңгай системасында универсалдуу оппозиция – бул баяндагыч ыңгайды (жай) кыйыр (башка бардыгы) ыңгайлар менен карама-каршы коюу болуп эсептелет. Англис жана орус тилдеринде кыйыр ыңгайлардын подсистемасында эки формасы (шарттуу жана буйрук), кыргыз тилинде – төрт (шарттуу, буйрук, тилек жана ниет) формасы бар.

3. Каралып жаткан тилдерде жай ыңгай чыныгы кыймыл-аракетти билдирет, мында өткөн, учур жана келер чактардагы кыймыл-аракеттин бар экендигин аныктайт же аны жокко чыгарат. Аталган тилдердеги баяндагыч ыңгайдын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү катары анын милдеттүү түрдөгү чактар менен байланышы эсептелет. Баяндагыч ыңгайдын формалары англис, орус жана кыргыз тилдериндеги чактык формалардын атайын морфологиялык көрсөткүчтөрүн эмес, шексиздик жана реалдуулуктун модалдуулук маанисин көрсөтөт. Баяндагыч ыңгайдагы этиштердин модалдуулугу, негизинен, кыймыл жана анын субъектисинин ортосундагы мүнөздөрүнүн байланыштарына көз каранды болот. Бул байланыш чыныгы, мүмкүндүк, каалагандык, зарылдык жана башка маанилерде болушу мүмкүн. Бул мамиледе биринчи иретте, баяндагыч ыңгайдын формаларынын кыргыз тилиндеги этиштер менен ар түрдүү модалдык маанилерде

колдонулушун белгилеп кетүү зарыл. Салыштырылып жаткан тилдерде баяндагыч ыңгайдагы этиштер жак боюнча өзгөрөт. Бирок, кыргыз жана англис тилдеринде баяндагыч ыңгайдын бардык чактары ар бир жагы үчүн формаларга ээ. Орус тилиндеги жак формалары учур жана келер чактарда гана көрсөтүлөт, ал эми өткөн чакта ар бир жак үчүн атайын формалар болбойт.

4. Тилдердин типологиялык системаларынын айырмачылыктарынын болушуна карабастан англис, орус жана кыргыз тилдериндеги этиштин буйрук ыңгай категориясы бир катар жалпы учурларга ээ: а) кандайдыр бир кыймыл-аракетти жасоого ниеттенген башка бир жактын, сүйлөөчүнүн эркин көрсөткөн семантикалардын окшоштугу; б) негизги формаларды түзүүнүн типологиялык окшоштугу (орус тилинде агглютинация ыкмасынын басымдуулук кылышы – бул кыргыз тилинде сөз жасоо жана сөз өзгөртүүнүн негизги ыкмаларынан болуп саналат). Изилденип жаткан тилдерде буйрук, чечим, эрк, сүйлөөчүнүн кыймыл жасоого болгон ниети аңгемелешүүчү аркылуу үчүнчү жакка берилиши мүмкүн. Орус тилиндеги буйрук ыңгайдын үчүнчү жак формасы аналитикалык жол менен, *пусть, пускай, да* деген бөлүкчөлөр аркылуу берилет: *Пусть соберутся учащиеся вашего класса. Сиздин класстын окуучулары чогулсун*.

Баяндагыч ыңгай көптүк жана жекелик сандагы үчүнчү жактын формасы жана этиштин учур чагы менен түзүлөт. Ал эми кыргыз тилинде үчүнчү жак өзгөчө ыкма менен жасалат: этиштин негизине *–сун, -сын* мүчөлөрүнүн улануусу аркылуу түзүлөт. Каралып жаткан тилдерде бул формалардын маанилери окшош. Орус тилиндеги буйрук ыңгайдын маани берүүчү структурасы англис тилинин семаларынын “ниеттүүлүк” окшоштугуна караганда абдан татаалдык менен мүнөздөлөт. Типологиялык окшоштуктун түзүлүү формаларынын учурлары, семантиканын окшоштугу сүйлөөчүнүн эркин билдирүүчү башка бир жактын, кандайдыр бир кыймылды жасоого болгон ниети англис, орус жана кыргыз тилдериндеги буйрук ыңгайдын негизги маанилеринде дал келүүчүлүктүн болушун аныктоого негиз түзөт.

5. Салыштырылып жаткан тилдердеги шарттуу ыңгайдын формаларынын маанилери божомолдуулук, гипотетикалык кыймылдын белгилерин көрсөткөндүгү менен мүнөздөлөт. Англис, орус жана кыргыз тилдериндеги шарттуу ыңгайлар багыныңкы сүйлөмдүн ар кандай түрлөрүндө байланыштыруучу каражат

катарында гана көрсөтүлбөстөн, ар түрдүү лексикалык курамдар менен бирдикте ар кандай кошумча модалдык маанилерди түзүү үчүн да кеңири колдонулат. Кыргыз тилинде этиш шарттуу ыңгайга ээ болот, бирок анын мааниси жана колдонулушу англис жана орус тилдериндеги шарттуу ыңгайдын маанилеринен бир кыйла айырмаланат.

Кыргыз тилиндеги этиштин шарттуу ыңгайы бир кыймыл-аракет, башка бир негизги кыймыл-аракеттин болушуна өбөлгө түзгөндүгү менен шартталат. Шарттуу ыңгайдын формалары аркылуу кыймылдын гана шарттуулугу эмес, анын чагынын да шарттуулугу көрсөтүлөт. Шарттуу ыңгайдын формасы шарттуу жана мезгил багыныңкы сүйлөмдөрдө баяндоочтун милдетин аткарат. Кыргыз тилиндеги шарттуу ыңгайдын формасындагы этиш дайыма өз алдынча эмес, башка кыймылдын болушу үчүн шарт түзгөн кыймылды көрсөтөт.

4. Этиштин мамиле грамматикалык категориясы

Субъекттик-объекттүү мамилелердин семантикасы менен алардын тилдеги сүрөттөө каражаттарын салыштырууда гана мамиленин этиштин грамматикалык категориясы катары өзгөчөлөнүшү жана маңызынын ачылышы мүмкүн. Морфологиялык деңгээлде туюк жана тике конструкциялардын элементтеринин ортосундагы каршы багытталган байланышы: *to write — to be written* эки мамилелик форма аркылуу такталган, алардын ичинде тике мамиленин формасы маркировкаланган эмес, ал эми туюк мамиленин формасы (каршы тараптын макировкаланган мүчөсү) *to be* жана негизги этиштин II формасы же этиштин атоочтук II формасынын айкашы аркылуу көрсөтүлөт. Традициялык түрдө, мамиле субъекттик-объекттүү байланыштарды көрсөтүүчү этиштин грамматикалык категориясы катары аныкталат. Бул байланыштар төмөндөгүлөрдүн:

- кыймыл-аракеттин субъектиси жана кыймылдын өзү
- кыймыл-аракеттин субъекти жана объектиси;
- субъект, объект жана кыймыл-аракеттин ортосундагы мамилелер катары каралат.

Мамилени аныктоодо В.Н. Ярцева кыймыл-аракеттин булагын негиз катары көрсөтөт: “...грамматикалык түрдө көрсөтүлгөн анык кыймыл-аракеттин пайда болуу булагысыз, мамиленин болушу такыр мүмкүн эмес”[131:110].

А.И. Смирницкий мындай деп жазат: “Тике мамиленин формасы этиш менен көрсөтүлгөн процесс, грамматикалык жактан байланышкан этиштин сөз формасы, жана ушул сөз менен белгиленген предметтен келип чыгат жана ага сырттан багытталат. Ал эми туюк мамиледе, тескерисинче, процесс этиштин сөз формасы менен грамматикалык жактан байланышкан сөз менен белгиленет жана ага ичтен багытталат” [110:266].

Түрк тилдерин изилдөөчүлөр мамиленин маңызын ар түдүүчө түшүндүрүшсө да, көпчүлүгү мамилени грамматикалык категория катары таанышат. Мисалы, Н.К. Дмитриев, А.Н. Кононов ж.б. мамилени кыймыл-аракеттин объектти жана субъектисинин ортосундагы байланыш же этиштин формасы катары көрсөтүлгөн кыймыл-аракеттин субъектиси менен объектисинин ортосундагы ар кандай мамилелерди чагылдыруучу каражат катары аныкташат [52:179; 79:187]. Ал эми Н.А. Баскаков өзүнүн эмгегинде мамиленин аныктамасын мындайча келтирет: “мамиле аракетте болгон субъекттин жана объекттин кыймыл-аракетинин өзүнө болгон мамилесин чагылдырат ...” [16:333].

Ар түрдүү тилдерде мамилелик формалардын бирдей эместиги жана чагылдырылыш жагынан да, семантикалык толуктугу жагынан да ар түрдүүлүгү ушул формаларды талдоодо жана типологиялык салыштырууда көптөгөн кыйынчылыктарды туудурат. Өткөн кылымдын 70-жылдарында айтылган мамиленин универсалдуу теориясы (А.А. Холодович ж.б.) ар кандай тектеш эмес тилдерде мамиленин формаларын бирдей баяндаганы көрсөтүлгөн. Ушул теория боюнча мамиле түшүнүгү менен катар диатеза түшүнүгү колдонулат жана мамиле “грамматикалык жактан маркировкаланган этиштеги диатеза” катары аныкталат (А.А. Холодович) [85:160].

Диатеза – этиштик лексеманын, анын компоненттеринин (субъект, объект, адресат ж.б.) жана аларды чагылдыруучу сүйлөм мүчөлөрүнүн (ээ жана толуктооч) ролдорунун дал келиши болуп саналат. “*The boy played the piano*” сүйлөмүндө “*to play*” этишинин активдүү формасы төмөнкү диатезага ээ: “*the boy*” сөзү – кыймыл-аракеттин субъектиси – ээнин ордун ээлейт, “*piano*” сөзү – кыймыл-аракеттин объектиси – тике толуктоочтун ордун ээлейт.

Флективдүү тилдерде (мис., орус тилинде) сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүндөгү алдыңкы роль форма түзүүчү аффикстерге таандык, ал эми англис

тилинде сөздөрдүн тартибине жараша болот. Ошондуктан, орус тилиндеги бул сыяктуу сүйлөмүндө, “*Писатель написал книгу*” этиштин активдүү формасы болгон “*написать*” мындай диатезага ээ: “*писатель*” – кыймыл-аракеттин субъектиси – атооч жөндөмөсүндө болуп, ээнин милдетин аткарат, “*книга*” – кыймыл-аракеттин объектиси – табыш жөндөмөсүндө турат да, тике толуктоочтун милдетин аткарат. “*Книга была написана писателем* ” сүйлөмүндө этиштин пассивдүү формасы “*написать*” башкача диатезага ээ: “*книга*” – кыймыл-аракеттин объектиси – атооч жөндөмөсүндө турат жана ээнин ролун ойнойт, “*писатель*” – кыймыл-аракеттин субъектиси – жатыш жөндөмөсүнө ээ болуп, агентивдүү толуктоочтун ролун аткарат. Субъект – объектилик мамилелердин семантикасынын талдоосуна көбүрөөк таянып, мамиленин универсалдуу концепциясы тереңдеген жөндөмөлөр деп аталган теория да бар (Ч. Филмор, У. Чейф ж. б.).

Жөндөмө (“ролдук”) грамматикасы – теориянын негизи – бул сүйлөмдүн семантикасын валенттүүлүк системасы катары, “негизги этиштин” атоочтук курамдардын ситуациялык ролдорун аткаруучу менен болгон байланышы аркылуу сүрөттөө методу болуп эсептелет [85:365; 23:234].

Демек, этиштин лексемаларынын ролдору жана аларды туюндуруучу сүйлөм мүчөлөрүнүн ортосундагы дал келүүлөр диатезанын жардамы аркылуу белгиленет. Этиштик лексемалардын компоненттеринин семантикалык, синтаксистик жана морфологиялык сапаттарын эске алуу менен диатеза түшүнүгү морфологиялык категория катары саналган мамиледен айырмаланып универсалдуу болуп саналат. Теорияга ылайык ар бир тилдеги ар бир этиштик лексема жок дегенде бирден диатезага ээ. Бирок, аныктыктын лексемалардын жана кээ бир тилдердин түзүлүш өзгөчөлүктөрүнүн негизинде пайда болгон чектөөлөрдүн айынан диатезаны түзүүнүн бардык логикалык мүмкүнчүлүктөрү ишке ашырылбайт.

Логиканын көз карашында субъект–объектилик мамилелер вариативдүүлүккө ээ эмес жана этиштин мамиле формасынын активдүүлүктөн пассивдүүлүккө өзгөртүлүшү жана тескерисинче, кыймыл-аракеттин субъектисинин жана объектисинин ортосундагы мамилелердин мүнөзү өзгөрүлбөйт. Эгер биз “*The workers built the house»* жана *«The house was built by the workers*” сүйлөмдөрүн карап көрсөк, синтаксистик түзүлүшү жана этиштин көрсөтүлүшүнүн

морфологиялык ыкмасынын айырмачылыктарына карабастан, эки сүйлөм тең, чындыгында бир эле фактыны билдирип жатат. Эки сүйлөмдө тең *үйгө* карата *жумушчулар* тарабынан жасалган кыймыл-аракет тууралуу баяндалып жатат. Демек, ушул фактыны биз кандай гана мамилелик формалар менен сүрөттөбөйлү, *жумушчулар* кыймыл-аракет жасоочу кыймылдын – субъектиси, ал эми *үй* – объектиси болуп кала берет. Бул көз карашта функцияларды өзгөртүүнүн варианттары болушу мүмкүн эмес.

Аракет жасоочу (субъект) бизге белгисиз же бизге кызыгы жок жана контексттен чыгарып таштадык деп божомолдойлук. Анда сүйлөм төмөнкү көрүнүшкө ээ болот: *The house was built.*

Предикативдик белгиге ээ болуп, ошондой эле коммуникативдик аспекте айтылган нерсенин темасы болсо дагы, бул жерде зат атооч *house* ага карата жасалган объектини билдирет (көпчүлүк учурларда бул милдетти ээ аткарат, кыймыл-аракетти аткаруучу менен байланышат).

Экинчи жагынан, кыймыл-аракетти жасоочу тема катары (*the workers*), ал эми ремада объект көрсөтүлбөстөн, кыймыл-аракет жөнүндө гана айтылса, анда сүйлөм мындай көрүнүшкө ээ болот: *The workers built,* жана "*the workers performed an act of building*", жана "*the workers used to build"*. Бул сүйлөмдө "*the workers*" кыймыл-аракеттин субъектисин, б.а., кыймыл-аракеттин түздөн-түз аткаруучусун чагылдырат.

Ошентип, мамиле категориясынын негизи болгон кыймыл-аракеттин синтаксистик жана логикалык багытынын ортосундагы негизги карама - каршылыгына дуушар болдук. Башкача айтканда, кыймыл-аракеттин логикалык вектору (субъект-предикат-объект) жана кыймыл-аракеттин синтаксистик вектору (ээ – баяндооч – толуктооч) бирге багытталган активдүү конструкцияда гана грамматикалык ээ жана кыймыл-аракеттин логикалык субъектиси окшош болушат. Сүйлөмдү түзүүнүн пассивдүү формасында алар карама-каршы багытта болушат.

Мамилелик өзгөрүүлөрдүн мүмкүн болушу, биринчиден, этиштин семантикасы менен аныкталат. Мисалы, пассивдин формалары динамикалык чектелген этиштерге таандык, бул этиштин түрлөрү байкала турган натыйжаларга ээ, чекке багытталган жана ага толугу менен жеткен объектиге карата субъекттин кыймыл-аракетин билдирет:

e. g.: to kill, to shut, to destroy, to purchase.

Тескерисинче, пассивдүү өзгөрүүнүн нөлдүк потенциясы ар кандай абалдарды, мамилелерди, сапаттарды жана касиеттерди билдирүүчү “кыймыл-аракетсиз” (статикалык этиштер) деп аталуучу этиштерге ээ болушат ж.б.:

e. g.: to remain, to cost, to belong,

жана субъектик этиштер, б.а., субъектин чөйрөсүнөн сырткары чыкпаган кыймыл-аракетти билдирген этиштер:

e. g.: to shine, to blossom, to come.

Мамиле категориясы этиштердин өтмө/өтпөс (транзитивдүүлүк/ интранзитивдүүлүк) категориясы менен тыгыз байланышкан. Мааниси жагынан бул эки категория тең “субъект-предикат-объект” системасында мамилелерди көрсөтүшөт, жана этиштик лексемалардын мамилелик өзгөрүүлөрүндө катышуу жөндөмдүүлүгүнө ээ, анын семантикасы көп жагынан ушундай элементтен (б. а., өтмө/өтпөс) көз каранды болот.

Этиштердин өтмө/өтпөс категориясы кеңири түшүнүктө тике толуктоочтун сүйлөмдө бар болушу же жок экендиги боюнча этиштин сүйлөмдөгү сиснтаксистик касиеттеринин мүнөзүн көрсөтөт: *The man is writing (vt) a letter – The man is sitting (vi) at the table;* тар түшүнүктө - толуктоочту талап кылган же талап кылбаган этиштик лексеманын маанисинин мүнөзүн чагылдырат: *to read, to build* (тике толуктооч адатта бар болот же бар экендиги божомолдонот) – *to sit, to meditate* (тике толуктоочтун болушу мүмкүн эмес). Өтмө/өтпөс этиштеринин категориясынын мазмундук жагы – субъектик-предикаттык-объекттүү мамилелеринин типтеринин берилиши: өтмөлүк – субъекттин кыймыл-аракетинин объектке болгон багыты, өтпөстүк – кыймыл-аракет субъекттин чөйрөсүндө көмүскөдө калышы эсептелет. Башка сөз менен айтканда, өтмө этиштер – булар тике толуктоочко ээ боло турган (ээ болушу мүмкүн болгон) этиштер болуп саналат (адатта алар кандайдыр бир материалдык же идеалдык объектилерге карата болгон алардын кабыл алуусун, эмоциясын билдирген кыймыл-аракеттер болуп саналат ж.б.: *to solve a problem, to see a star, to love children*). Тескерисинче, өтпөс этиштер тике толуктоочтор менен айкалышпайт (*the man is dreaming*), бирок алар толуктоочтун башка түрлөрүнө ээ болушу мүмкүн (*to dream of happiness, to talk about studies, to look at a portrait*), мисалы, кыйыр толуктооч болот. Кыйыр

толуктоочту талап кылган этиштер, кыйыр-өтмө тобуна киришет. Кээ бир этиштер бир эле учурда– тике жана кыйыр эки толуктоочту талап кылышы мүмкүн (*e. g.: He asked me a question*). Мындай этиштер дитранзитивдик этиштер деп аталат.

Ошентип, мамиле – бул семантикалык жактан кыймыл-аракеттин синтаксистик (ээ → баяндооч → толуктооч) жана логикалык (субъект → предикат → объект) багытынын туура келбестигинин мүмкүнчүлүгүнө негизделген этиштин категориясы болуп саналат. Морфологиялык деңгээлде мамиле категориясы анык жана туюк мамилелердин формалары менен көрсөтүлөт (актив — оппозициянын маркировкаланган эмес мүчөсү, пассив аналитикалык форма — *to be* жардамчы этиши жана негизги этиштин II атоочтук айкашы менен берилет). Мамиле категориясы өтмө/өтпөс этиштер менен түздөн-түз байланышта, ал эми азыркы англис тилинде бул байланыш салыштырмалуу болгон учурлар да кездешет. Ар кандай тилдердеги бирдей эмес мамилелик формаларды салыштыруу үчүн универсалдуу түшүнүк болгон диатеза, б.а., этиштик лексемалардын компоненттеринин ролдору менен аларды көрсөтүүчү сүйлөм мүчөлөрүнүн дал келиши колдонулат.

Азыркы англис тилиндеги мамиле системасы башка тилдерге, англис тилине жакын тилдерге да таандык эмес бир катар спецификалык касиеттерге ээ болушу менен мүнөздөлөт. Бул өзгөчөлүктөр тил системасынын өнүгүү процессинин түздөн-түз натыйжасы болуп саналат, жана адабий англис тилинин түзүлүшүнүн баштапкы этаптарында орун алган фактылар жана кубулуштар менен шартталат. Ошондуктан англис тилиндеги азыркы мамилелик формалардын толук талдоосу аларды диахронияда изилдемейинче мүмкүн эмес. Англис тилиндеги сүйлөмдө номинативдүү түзүлүш сакталып калса да, номинативдүүлүк башкача мүнөзгө ээ болуп калган. Азыркы англис тилинде жактама ат атоочтордун чоң эмес тобун эсепке албаганда, ээнин жөндөмөсү атооч эмес болуп саналат. Зат атоочтор атооч, барыш жана табыш жөндөмөлөрүнүн ортосундагы айырмачылыктарды жоготуп койгон жана субъекттик-объекттүү мамилелер зат атоочтун грамматикалык формалары менен берилбейт. Ошентип, азыркы англис тилиндеги сүйлөмдө номинативдүүлүк ээни өзгөчө – атооч жөндөмөсү менен бөлбөө көрсөтүлгөн, анткени анын формалары баяндоочтун активдүү же пассивдүүлүгүнөн көз каранды эмес.

Белгилүү болгондой, ар түрдүү индоевропалык тилдерде активдүү конструкциянын тике толуктоочу жана пассивдин ээсинин ортосунда белгилүү параллелизмдин болушу байкалат. Салыштырыңыз, мис., орус тилинде: *Я читаю книгу* жана *Книга читается мною*.

Азыркы англис тили үчүн башка өз ара байланыш таандык: пассивдүү конструкциянын ээси активдин тике толуктоочко гана эмес кыйыр толуктоочко да туура келиши мүмкүн. Салыштырыңыз: *She gave the boy a book "ал балага китепти берди"* жана *The book was given to the boy "китеп балага берилди",* бирок дагы *The boy was given a book "балага китеп берилди"*.

Акыркы типтеги сүйлөмдөр азыркы англис тилинде гана пайда боло баштады. Алардын өнүгүүсү, зат атоочтордогу жөндөмөлөрдүн айырмачылыктарынын жоголушу, объекттик – субъекттүү мамилелерди чагылдыруу үчүн жалпы жөндөмөнүн формасынын пайда болушу жана сөз тартибинин грамматикалашуу жана кийинки фиксациясы менен байланышкан [110:203].

Активдүү конструкциянын кыйыр толуктоочу пассивдүү конструкцияда ээге өтүшүнүн себеби азыркы англис тилине мүнөздүү. Ал сөз тартибинин так фиксациясынын орто кылымдагы англис тилинде жок болушу жана кыйыр толуктоочтун стилистикалык максаттар менен (эмоционалдык сүрөттөлгөн тилде) сүйлөмдүн башына келиши аркылуу түшүндүрүлөт. Мындай жагдайда кыйыр толуктоочтун синтаксистик функциясы сөздөрдүн тартиби менен эмес, сөздүн өзүнүн формасы менен көрсөтүлөт: зат атоочту ылайыктуу ат атооч менен алмаштырганда, ат атооч объекттик жөндөмөдө колдонулат: *Him was given a book* "*ага китепти берди".* Англис тилинин андан аркы өнүгүүсү сөз тартибинин абдан так фиксациясына алып келген: ээ → баяндооч → кыйыр толуктооч → тике толуктооч. Мындай шарттарда конструкциянын баштапкы түшүнүгү өзгөрүлөт *The boy was given a book:* өзүнүн формасы боюнча ээден айырмаланбаган (экөө тең жалпы жөндөмө менен сүрөттөлгөн) мурунку кыйыр толуктооч (*the boy*), сүйлөмдөгү ээлеген ордуна карата – сүйлөмдүн башында, баяндоочтун алдында болгондуктан, ээ катары карала баштайт, ал эми мурунку ээ (*a book*) тике толуктооч катары түшүнүлөт. Мындай баштапкы түшүнүктүн өзгөрүшүнүн натыйжасында дифференциация мүмкүн болгон жагдайларда дагы (ат атоочтордо, атооч жана объектик жөндөмөлөрдүн карама-каршы коюлушу), объектик

жөндөмөнүн формасы атооч жөндөмөсүнүн формасы менен алмаштырыла баштайт: *Him was given a book* сүйлөмү *He was given a book* менен алмаштырылат. Демек, азыркы англис тилинде кыймыл-аракеттин түз эмес объектисин билдирген ээ менен болгон пассивдүү конструкциясы өнүгүүдө жана таркалууда.

Англис тилинин тарыхый өнүгүүсүнүн спецификасы анын түзүлүшүндө бир нече өзгөчөлүктөрдүн пайда болушуна себеп болду. Азыркы англис тилинде грамматикалык маанилерди чагылдыруучу аналитикалык формалар үстөмдүк кылат. Аналитикалык формаларда, алардын маңызына, структурасына жана кызматтарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу көптөгөн карама-каршы ойлор, талаш-тартыш суроолор жана маселелер арбын. Алардын бири - формасы боюнча дал келүүчү этиштик аналитикалык формаларга жана байланыштыруучу этиштин атооч менен болгон предикативдик айкашына чек коюу болуп саналат.

Ошентип, мамиле – бул семантикалык жактан кыймыл-аракеттин логикалык (субъект → предикат → объект) жана синтаксистик (ээ → баяндооч → толуктооч) багыттарынын дал келбөө мүмкүнчүлүгүнө негизделген этиштин категориясы болуп саналат. Азыркы англис тилинде өзүнүн мамилесин “аткаруучу – кыймыл-аракет – объект” системасында көрсөтүүчү салыштырмалуу туруктуу мамиле категориясы бар. Бирок, англис тилиндеги мамилелик формалар татаал жана узак жолду басып өтүп, толугу менен түзүлүп, өзүнүн өнүгүшүн токтотту деген пикир жаңылыштык болуп эсептелет. Ар бир тилдин азыркы мезгилдеги өнүгүш этабында көптөгөн тил кубулуштарынын жаңы мааниге ээ болушу күтүлүүдө жана бул процесс калыптанган түшүнүктөрдү жана категорияларды белгилөөнүн жаңы каражаттарын издөөнү шарттайт. Тил ичиндеги олуттуу динамизмге ээ болгон англис тили үчүн бул өзгөчө актуалдуу. Ага ылайык сөз түркүмүнүн эң “мобилдүү” саналган этиш сөздөрү эң чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Этиштик категориялардын мазмуну гана эмес, алардын формалдуу сүрөттөлүшүнүн жолдору дагы өзгөрүүдө. Бул жагынан англис тилиндеги мамиле категориясы башкалар сыяктуу эле өзгөрүү процессинде болуп, ага байланыштуу көптөгөн суроолорду жана маселелерди илимий жактан толугу менен карап чыгуу зарылдыгы пайда болууда.

Англис тилиндеги туюк мамиле кыргыз тилинде ар кандай жолдор менен: туюк мамиле, негизги мамиле, өздүк мамиле, кош мамиле аркылуу берилет жана кыргыз

тилиндеги башка каражаттар менен көрсөтүлөт. Бул каражаттар көптөгөн ар кандай кошумча түшүнүктөрдү чагылдыруу үчүн колдонулат жана алардын маанилери кошумча каражаттар жана контекст аркылуу түшүндүрүлөт. Ошондуктан, туюк мамиленин чак формаларын бир тилден экинчи тилде көрсөтүп берүүдө ар кандай системадагы тилдердин өзгөчөлүгү менен шартталган олуттуу айырмачылыктар каралат, бирок буга карабастан бул тилдерде аларды типологиялык жактан окшош кылуучу кубулуштар бар.

Орус тилинде мамиле категориясы бир гана өтмө этиштерге ээ. Орус тилинде үч мамиле бар. Алар: тике мамиле, кандайдыр бир синтаксистик структуралар менен көрсөтүлгөн, табыш жөндөмөсү менен берилген, түз объектке багытталган, кыймыл-аракетти билдирген өтмө этиштерди камтыйт; өздүк-орточо мамиле, морфологиялык көрсөткүчү болуп, – *ся* аффикси саналат жана ал өтмө этиштин негизине уланат; туюк мамиле, морфологиялык көрсөткүчү болуп, тике мамиленин этиштерине улануучу – *ся* аффикси же *быть* этишинин жактама формалары жана *–м, -н (-нн), -т* суффиксинин жардамы менен өтмө этиштерден пайда болуучу туюк атоочтуктун формалары болуп саналат. Ал эми кыймыл-аракеттин субъектиси болгон жак же предметти көрсөтүүчү зат атооч жатыш жөндөмөсүнүн формаларына ээ болот.

5. *Этиштин түр грамматикалык категориясы*

Бүгүнкү күндө изилдөөчүлөрдүн арасында азыркы англис тилиндеги түр категориясына карата бирдиктүү пикир жок. Демек М. Дейчбейн англис тилиндеги *Present Indefinite* формалары менен берилүүчү итеративдүү, жана *will, would* жана *used to* этиштеринин жардамы аркылуу түзүлүүчү фреквентатив формаларын ичине камтыган этиштин тогуз түрүн бөлүп көргөзөт. В.Н. Ярцева туура сындоо менен бул түрлөрдү көргөзүүчү мыйзам ченемдүү каражаттардын жоктугун белгилейт. Дал ошондуктан. И.П. Иванова [58] англис тилинде түрдү өзгөчө грамматикалык категория катары эсептебейт, анткени, анын грамматикалык мааниси чак категориясы менен тыгыз жуурулушкандагына байланыштуу өзгөчөлөнгөн морфологиялык каражаттарга ээ эмес, - деп эсептейт.

Ошол эле учурларда. А.И. Смирницкий [101] жана Л.С. Бархударовдор [12] сыяктуу лингвисттер түр грамматикалык категориясынын узартылган жана

узартылган эмес формаларын бөлүп көргөзүшөт. Л.С. Бархударов узартылган түр заттын аныk учурдагы кыймыл-аракетинин болуп өткөндүгүн көргөзөт жана өз ичине эки курамдык элементти же “семаларды” алат: узактык (процесстүүлүк) жана аныктык (конкреттүүлүк): *to be* этишинин ылайык келген чак формасы жана – *ing* формасы менен берилген.

Тактап айтканда, англис тилинин түрдүк формаларынын өзгөчөлүгү жөнүндө кеп кылганда буларды айтууга туура келет: кыймыл-аракет болуп жаткандагы убакыттын “бөлүгүн” көргөзүшү керек. В.Д. Аракин түр грамматикалык категориясына төмөнкүдөй аныктама берет: “Түр грамматикалык категориясы адатта этиш менен белгиленген, кыймыл-аракеттин болуусун жана процессти билдирген, лексико-грамматикалык категория катары аныкталат, - кайталануучулук, улануучулук, кыймылдын жана натыйжалуулуктун тездиги, бүткөндүк жана бүтпөгөндүк, чектелгендик б.а., анын ички чегине болгон кыймыл-аракеттин мамилеси ”[8].

Англис тилинде түрдү кыймыл-аракет болуп жаткандагы учурдагы убакыттын “бөлүгүн” көргөзүүчү грамматикалык категория катары аныктаса болот. Ошондуктан, англис тилиндеги чактык формалар менен ажырабай турган байланышта болушат деп баса белгилесек болот. Эгерде бул форма учур чактын узартылган түр формасында болсо, анда сүйлөп жаткан учурда көп кырдуу кыймыл-аракет болуп өтөт.

Eg: Kate is reading a book. Же болбосо, учур чактагы узартылган түр формасынын бир канча убакытка созулгандыгынын так белгиленбегендиги:

Eg: I am also working hard at my English.

Эгерде бул өткөн чактагы узартылган түр формасы болсо, анда көп кырдуу кыймыл-аракет кандайдыр бир өткөн чактын белгилүү учурун же кандайдыр бир белгилүү өткөн чактын убактысынын так белгиленбегендигин билдирет:

Eg: When he came into the room she was playing the piano.

Узартылган же узартылган эмес түрлөрдүн перфекттүү формалары дагы көптүк маанини көргөзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Түр – чактын ички структурасын жана анда болуучу жагдайдын ийкемдүүлүгүн көргөзүүчү этиштин категориясы болуп саналат. Кең мааниде түр түшүнүктүк категория катарында универсалдуу мүнөзгө ээ жана ар түрдүү

дүйнөлүк тилдерде, тигил же бул (лексикалык, сөз өзгөртүүчүлүк ж.б.) каражаттар менен белгиленет; башка жагынан караганда, түрдүн түшүнүк категориясы грамматикалык категориялар менен камсыз болгон түр грамматикалык категориясы болушу мүмкүн (түр тар мааниде). Славян тилдеринде түрдүн грамматикалык категориясынын болушу мүнөздүү өзгөчөлүк катары эсептелет.

Орус тилинде түр категориясы салыштырмалуу кеч кабыл алынган (XVI к. аягында, XVII к. башында), жана XVII кылымда М. Смотрицкий жана Ю. Крижаничанын грамматикасында пайда болгон.

Орус тилиндеги бай чак системасын алмаштырган түр категориясы бир катар окумуштуулардын эмгектеринде (Н.И. Греч, А.Х. Востоков ж.б.) чак категориясынан так чектөөгө ээ болгон эмес. А.Х. Востоков өзүнүн “Русской грамматике” деген эмгегинде түрдү үчкө бөлүп караган: бүткөн түр, бүтпөгөн түр жана көп кырдуу түр. Бул үч түрдөн тышкары да ал чактын он формасын бөлуп көрсөткөн жана түр менен чактын ортосундагы так чек араны бөлүп көрсөтө алган эмес.

Г. Павский өзүнүн “Филологиялык байкоолор” деген эмгегинде узартылган түрдүн үч даражасын сунуштайт, ал кийинчерээк К.С. Аксаков жана Н.П. Некрасовдор тарабынан колдоого алынган. Г. Павский этиштердеги кыймыл-аракеттин даражасы өлчөм, көлөм жана улануучулук болот деп эсептеген. А.А. Потебня узартылган даража теориясын кабыл алуу менен ал төрт узартылган даражаны бөлүп көрсөткөн. Улануучулук даражасын Потебня этиштин бүткөн жана бүтпөгөн кыймыл-аракети менен байланыштырат, бирок аларды окшоштурбайт.

Г.К. Ульянов, Ф.Ф. Фортунатов, А.А. Шахматов, А.М. Пешковский, В.В. Виноградов жана башка окумуштуулар тарабынан бул эки – бүткөн жана бүтпөгөн түрлөр колдоого ээ болгон. Түр категориясынын грамматика-семантикалык аныктамасына жана түрлөрдүн түзүлүш системасынын илилдөөсүнө чон көңүл бурулган. Ошентип, түр категориясы дегенде биз кыймыл-аракеттин сандык эмес, сапаттык мүнөдөмөсүн көргөзгөн категорияны түшүнөбүз. Бирок, азыркы мезгилге чейин түр категориясынын аныктамасы, алардын бүткөн жана бүтпөгөн түрлөрүнүн ортосундагы айырмалар жөнүндө бирдиктүү пикир жок.

Кээ бир окумуштуулар түрдү чактагы кыймыл-аракетти бөлүштүрүүчү категория катары карашкан (А.Х. Востоков, Ф.И. Буслаев, А.А. Потебня, А.М. Пешковский), башкалары түрдүн аныктамасында кыймыл-аракеттин болуп өтүү ийкемдүүлүгүн баса белгилешкен (А. Болдырев, А.А. Шахматов, В.А. Богородицкий), үчүнчүлөрү түрдү анын чегине, натыйжасына болгон мамиледеги кыймыл-аракетти көрсөтүүчү категория катары карашкан (В.В. Виноградов жана башка көптөгөн азыркы изилдөөчүлөр).

Орус жана башка славян тилдеринде бири-бирине карама-каршы коюлган эки – бүткөн жана бүтпөгөн маанини, түр грамматикалык категориясы деп аташкан. Бул эки карама – каршылык орус тилинде сөзсүз болуучу жагдай, орус тилиндеги ар бир этиш тигил же бул түр категориясынын маанисине ээ.

Мисалы: Решено. Я женюсь [бүтпөгөн түр] *на Мари и уезжаю с ней в Париж и Я женюсь* [бүткөн түр] *на Ирине, если она согласится жить со мной в шалаше.*

Акыркы он жылда функционалдык грамматиканын теориясы чоң ийгиликтерге жетишти. Функционалдык-семантикалык категориялар тармагын түп-тамырынан бери изилдөө жүргүзүлүүдө, Функционалдык-семантикалык талаа аныкталууда жана баяндалууда, аспектуалдык маанилерди вербалдаштыруунун түрдүү деңгээлдеги каражаттары аныкталууда. Ошондой болсо да түркологияда, анын ичинде кыргыз тил илиминде этиштин түр категориясынын лингвистикалык статусу боюнча проблемасы, кыймыл-аракет жана аспектуалдык ыкмалары чечилбеген маселелердин бири болуп калууда.

Окумуштуу-түркологдордун бир тобу түр категориясы (Н.А. Баскаков, Н.И. Ашмарин, Г.Д. Санжеев, Н.Ф. Катанов, Р. Газизов, Б.А. Серебренников, В.Н. Хангильдин, Д.М. Насилов, Ф.А. Ганиев, Р.З. Мурясов жана башкалар.) славян тилдерине мүнөздүү, ал түрк тилдеринде кездештейт,- деп белгилешет. Белгилүү болгондой, түрк тилдериндеги баштапкы этиштин формалары жана аспектуалдык маанилери менен аналитикалык конструкцияларында түр категориясына көңүл бурулбастан изилдөөгө алынган (И. Гиганов, А. Казембек, Г. Алпаров, М. Иванов, К. Насыри, А. Мансуров и др.).

Лингвисттердин башка тобу (Ал. Архангельский, М. Курбангалиев, А.К. Боровков, В.А. Богородицкий, А.И. Харисов, Г.Ш. Шарипов, Н.З. Бакиева жана башкалар.), түрк тилдериннин ар түрдүү материалдарында түр категориясы бар деп

далилдешет, ошол эле учурда, түрдүк маанилердин фармаларынын өзгөзчөлүгүн белгилешет. Ошентип, грамматикалык түр категориясынын бар экендигин таануучулар, негизинен анын өкүлү болгон В.А. Богородицкий түрдүн бир канча санын бөлүп белгилейт. Мисалы, М.К. Уюкбаев бүтпөгөн жана бүткөн түрлөрдү бөлүп көргөзөт, А.И. Харисов – баштапкы, узартылган жана бүткөн, А.К. Боровков, И.А. Батманов – бүткөн жана бүтпөгөн түрдү, жеке жана көп кырдуу түрдү, Р.И.Терегулов, К.З. Ахмеров, Н.А. Альпиев – бүткөн жана бүтпөгөн түрлөрдү, Н.А. Баскаков – терс жана оң түрлөрдү, Т. Сайранбаев – бүткөн, улантылган жана белгисиз түрлөрдү, И.Е. Маманов – бүткөн жана бүтпөгөн түрлөрдү, Г.Ш. Шарипов башталуучу жана натыйжалуу түрлөрдү, Г.Д. Санжеев – күчөтүлгөн, ылдамдатылган жана алсызданган жана башка түрлөрдү белгилешет.

Үчүнчү топтогу тилчи илимпоздор ортодогу абалды ээлешет, алар түрк тилдеринде түрдүк маанилер менен болгон этиштик формалардын бар экендигин таанышат, бирок славян тилдериндеги этиштин бүткөн жана бүтпөгөн түрлөрүнөн айырмаланат деген ойлорун айтышат (Н.К. Дмитриев, А.Н. Кононов, З.И. Алиева, А.А. Юлдашев ж.б.).

Биз жогорудагы илимпоздордун эмгектерин кылдат талдап жана кыргыз тилиндеги кеп-жагдайларды эсепке алуу менен (Н.К. Дмитриев, А.Н. Кононов, З.И. Алиева, А.А. Юлдашев ж.б.), үчүнчү топтогу илимпоздордун пикирлерине кошулабыз жана кыргыз тилинде түр категориясы бар деп эсептейбиз, бирок, ал орус жана англис тилдериндеги этиштин бүткөн түр жана бүтпөгөн түр формаларынан айырмаланат.

Мисалы: *Мен бул китепти кечээ кечинде эле окуп койгомун (бүткөн түр).*

Мен бул китепти окуп жатам(белгисиз). Бирок белгисиз өткөн чактын жана этиштин бүткөн түрүнүн ортосунда дайыма эле так чек боло бербейт.

Этиштин грамматикалык категориялары каралып жаткан тилдерде өзүнчө эмес, категориалдык комплексте болушат. Орус тилинде этиш системасында түр, мамиле, ыңгай, чак жана жак болгон бирдиктүү комплекс бар. Түр жана мамиле – көз каранды эмес категориялар катары, ыңгайды аныктайт, ыңгай этиштин чагын аныктайт, ал жакты аныктайт. Грамматикалык категориялардын формасы жана мазмуну тыгыз байланышта келип, категориялардын комплекстүү түзүлүшүнө

байланыштуу автономдуулукка ээ. Тилде маанини билдирүүчү бош категориялар болушу мүмкүн жана алар конкреттүү тилде кээ бир себептерге байланыштуу потенциалдуу болуп калган. Орус тилинде, мисалы, этиштин бүткөн түрүнөн пайда болгон келер чактын атоочтуктары структуралык жактан уюшулганы менен иш жүзүндө функцияга ээ эмес.

Англис, орус жана кыргыз тилдеринде этиштин грамматикалык категориялары бири-бири менен тыгыз байланышта жайгашкан. Алардын арасында эки жактуу байланыш бар: а) парадигматикалык (парадигма арасында) жана б) функционалдык. Парадигматикалык байланыштар морфологиялык категориялар айкын болгон парадигмалар ортосундагы көз карандылыкка тиешеси бар; функционалдык байланыштар морфологиялык категориялардын жана мыйзамченемдүүлүктүн маанисине алардын түз жана кыйыр колдонулушуна байланыштуу болот. Этиштин категорияларынын ортосундагы парадигматикалык жана функционалдык байланыштар ушул категориялардын топтук системаларынын касиетине ээ болуучу бирдиктин өзгөчө түрү катары мүнөздөлөт. Этиштин морфологиялык категорияларынын ар бири ушул системага анын бир мүчөсү катары кирет.

Системалык байланыштар чак, түр, ыңгай категорияларынын арасында бир кыйла тыгызыраак болот. Системалык байланыштар, ошондой эле, жак менен роддун, жак менен сандын, ыңгай менен жактын, түр менен мамиленин ортосунда да болот. Өз ара байланыштардын тигил же бул көрүнүштөрү түр жана ыңгай, түр жана жак, чак жана жак, мамиле жана жак, мамиле жана ыңгай, мамиле жана чак, ыңгай жана сан, ыңгай жана род, чак жана род, сан жана род категорияларына дагы мүнөздүү. Түр жана сан, мамиле жана сан, түр жана род, мамиле жана род категорияларынын ортосунда түз байланыштар жок болсо да, кыйыр, кайчылаш байланыштардын кээ бир көрүнүштөрү бар.

Этиштин морфологиялык категориялары алардын арасындагы байланыштардын мүнөзүнө көз каранды эмес бир эле сөз формалары менен көрсөтүлүшү мүмкүн болгон категориялар катары бири-бири менен айкалышат (жак жана род категорияларынын биримдигинин гана болушу мүмкүн эмес). Ар кандай морфологиялык формалар, морфологиялык категорияларды өз ичине камтыган өзүнүн курамы боюнча ар кандай болгон комплекстер аркылуу

мүнөздөлөт. Этиштин морфологиялык категориялары (лексемалары) жай ыңгайдын жактама формаларында бир кыйла толук көрсөтүлгөн, ал эми, инфинитивдин, атоочтуктун жана чакчылдын формаларында толук эмес көрсөтүлөт. Ар кандай категориялардын бир эле сөз формаларында биригиши морфологиялык категориялардын парадигматикалык байланыштарынын өзгөчө түрү болуп эсептелет. Функционалдык жактан бул парадигматикалык байланыштар морфологиялык формалардын маанилеринин жүзөгө ашышы үчүн олуттуу ролго ээ. Тигил же бул лексеманын формаларын колдонууда бир эле убакытта морфологиялык маанилердин бир нечеси көрсөтүлөт. Этиштин категорияларынын парадигматикалык өз ара байланыштарынын өзгөчө түрү алардын формалдуу көрсөтүлүшүнүн каражаттарында айкын болот. Бир эле формалдуу көрсөткүч ар кандай категорияларды чагылдырууда катышышы мүмкүн.

Этиштин да грамматикалык категориялары өздөрүнүн категориалдык мүмкүнчүлүктөрү боюнча бирдей эмес. Аларды мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чоң жана кичине категориялар деп ажыратса да болот.

2-таблица. Этиштин грамматикалык категорияларынын парадигмасы

Грамматикалык категория	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
Кең парадигма	чак	чак	Чак
	мамиле	мамиле	Мамиле
	ыңгай	ыңгай	Ыңгай
	жак	Жак	Жак
			Сан
			Род
			түр
Орто парадигма		Сан	
Тар парадигма	род	Род	
	түр	Түр	
	сан		

2. 3. Сын атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары

Тил таануучулар арасында сын атоочтун салыштырма даражасын грамматикалык категория катарында кароодо түрдүү көз караштар бар. Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча суффиксиалдуу сын атоочтун салыштырма даражасы сөз түзүүчү үлгү (модел) катары каралса, ал эми сын атоочтун сөз айкаштары *more/most, less/least* синтаксистик бирдик катарында каралат. [105:35; 7:123]. Бир катар авторлор сын атоочтун салыштырма даражасы салыштыруу түшүндүрмөсүнүн борборунда туруу менен, грамматика-морфологиялык категориясын түзөт дешет [61:162; 93:21].

В.Н. Жигадлонун ою боюнча: “Салыштырма даража категориясы грамматикалык окуу китептерде сын атоочтун бир формасы катары каралат, б.а., сөз өзгөртүүгө кирет, бирок грамматикалык категориялардын катарында эске алынбайт. Сын атоочко таандык, бирок, морфологиялык жабдылышы дайыма грамматикалык формага ээ болушу анын жекече грамматикалык категория экендигин далилдейт. Ошондуктан, салыштырма даражаны өз адынча грамматикалык категория катарында кароо туура болот” [55:40].

А.И. Смирницкий мындайча түшүндүрөт: “салыштырма даража сөз жасоочулук эмес, грамматикалык мүнөздө болуп, төмөндөгүнү далилдейт: салыштырма даража категориясы ар түрдүү формаларда болгону менен сын атоочтун лексикалык мааниси боюнча кала берет” [110:156].

М.Я. Блохтун пикири боюнча сын атоочтун салыштырма даражасынын категориясы грамматика-морфологиялык категория катары каралат. Анын мүчөлөрү синтетикалык жана аналитикалык мүнөзгө ээ болгон парадигмада түзүлөт. М.Я. Блох “формалуу-грамматикалык аналитикалык жеке маанилик негизин, аналитикалык ыктардын мазмуундук негизи менен түздөн-түз байланыштыруу жөндүү”, деп белгилейт. Эгерде ушул көз караш менен каралып жаткан түшүнүккө баа берсек, анда аналитикалык мазмууну мүнөздүн чагылышында болуш керектиги айкын болот, б. а., келишпөөчүлүк, “дисклюзивдүүлүк” материалдык сөзгө гана таандык болгон кээ бир морфологиялык белгини, кадимки белгини ачып көргөзөт (материалдык –

жардамчы элементтердин өз ара катышы, андыктан, мына ушул сөз жеке өзү грамматикалык мүнөзгө ээ…)” [22:85-86].

Англис, кыргыз жана орус тилдеринин салыштырма даражасынын парадигмасы үч формадан турат: негизги, салыштырма жана күчөтмө формалар. Кээ бир тил таануучулар салыштырма даражаны проблемалуу деп эсептешет, себеби негизги даража өзүнчө жеке турганда эч кандай салыштырууну көргөзбөйт, демек ал салыштырма даражасынан чыгарылышы керек [74:319; 120:143]. Тескерисинче, бир катар авторлор (Блох М. Я., Исхаков Ф.Г., Исаев Д.) сын атоочтун салыштырма даражасынын үч формасын бөлүп көргөзүшөт Түрк адабияттарында салыштырма даражасы үчтөн көп кездешкен учурлар да болот (Баскаков Н.А., Батманов И.А., Эйвазов А., Давлетов С.).

Биз англис, кыргыз жана орус тилдериндеги сын атоочтун грамматикалык категориясын классикалык парадигма деп эсептейбиз (негизги даража – маркировкалуу эмес, салыштырма жана күчөтмө даражалар – маркировкалуу формалар). Изилденип жаткан тилдердин сын атоочтук салыштырма даражалары синтетикалык жана аналитикалык ыкмалар менен жасалат. Англис тилине аналитикалык форма мүнөздүү болгондуктан, бул тил аналитизмдин жоболоруна жооп берет.

Кыргыз тилинде салыштырма даража синтетикалык ыкма менен, күчөтмө даража – аналитикалык жол менен гана түзүлөт. Англис жана кыргыз тилдеринде агглютинативдик ыкма менен түзүлгөн сын атоочтордун салыштырма даражаларынын компаративдик моделдери окшош. Бирок, дал ушул системада жалпы изилденип жаткан тилдердин категорияларында формалдуулук да, ошондой эле мазмундуу гетерогендик да байкалат. Англис тилинде салыштырма жана күчөтмө даражалары маркировкалуу деп эсептелсе, кыргыз тилинде салыштырма даражада гана маркер бар [51:18]. Бир муундуу сын атоочтун салыштырма даражасы англис тилинде синтетикалык жол менен *-er* морфемасынын жардамы аркылуу *(strong- strong**er**, easy- easi**er**)* түзүлөт, кыргыз тилиндеги кээ бир эки муундуу сын атоочтор так-даана – *ыраак* коррелицияга ээ *(жакшы-жакшы**раак**, узун-узуну**раак**)*. Англис тилиндеги эки жана үч муундуу сын атоочтордун салыштырма даражасы аналитикалык жол менен, кызматчы сөз – *more* -нун жардамы аркылуу түзүлөт *(beautiful - **more** beautiful, intelligent - **more** intelligent),*

кыргыз тилиндеги экививаленти болуп – *ыраак* морфемасы кызмат кылат *(сулуу-сулуу**раак**, акылдуу, акылдуу**раак**)*. Орус тилинин салыштырма даражасы англис тилиндегидей эле синтетикалык жана аналитикалык жолдор менен *-ее* (же *ей*) же болбосо аз натыйжалуу *–е* же *–ше (сильный – сильн**ей**, полный – полн**ей**, старый – стра**ше**, тонкий - тонь**ше**)* морфемалары аркылуу түзүлөт. Сын атоочтор салыштырма даражанын формасында болгон учурда эч кандай ээрчишүүгө ээ болбойт. Орус тилиндеги салыштырма даража да аналитикалык жол менен жасалып, сын атоочтун негизги даражасынын алдына *более* же *менее (более сильный, более сильная, более сильной, более сильные)* деген сөздөр колдонулат.

Англис тилиндеги сын атоочтун күчөтмө даражасын ала турган болсок, мында бир муунду жана кээ бир эки муунду сын атоочтор өзүнүн маркировкаланган формасы менен мүнөздөлөт, алар *-est (the great**est**, the eld**est**),* суффиксинин, ал эми кыргыз тили корреляттык болгондуктан *эң, өтө (эн чоң, өтө сулуу)* деген сөздөрдүн жардамы менен түзүлөт. Англис тилиндеги үч же андан көп муундуу сын атоочтордун күчөтмө даражасы аналитикалык жол менен - *most - эң, өтө,* (*the most difficult – өтө оор)* деген сөздөр ылайык келет. Орус тилиндеги сын атоочтун күчөтмө даражасы аналитикалык ыкма менен, сын атоочтун негизги формасына *самый (самый сильный, самый старый)* деген сөздүн жардамы аркылуу түзүлөт.

Кыргыз тилиндеги сын атоочтун салыштырма даражасынын түзүлүш жолдорунун бири болуп атайын синтаксистик конструкция эсептелет. Сын атоочтун өзү негизги даражада туруп, ал эми салыштырма даражасында предметтердин сапаттык белгилери жөндөмө мүчөлөр менен жабдылат: предметтердин аттарын атаган, чоң көлөмгө ээ болгон сөздөр атооч жөндөмөсүндө турат, ошондой эле нерселерди атаган аттар, баштапкы тилде салыштырылат. Чыгыш жөндөмөнүн *–дан - ден, -дон, -тан, - тен, - тон,* маркерине *than* (*stronger than*) байламтасы туура келет. Кыргыз тилиндеги сын атоочтун салыштырма даражасы – *караганда, көрө* деген жандоочтордун жардамы менен жасалат, ал эми салыштырылып жаткан зат атоочко барыш жөндөмөсүнүн – *га* мүчөсү уланат. Кыргыз тилиндеги берилген конструкциянын корреляты, англис тилиндеги *than*, ал эми орус тилинде *чем* байламталарына туура келет.

Орус тилиндеги күчөтмө даражанын элатив деп аталуучу өзгөчө формасы бар, ал **“**чектелүүчүлүк**”** сема менен жогорку сапаттагы даражаны билдиргенине

карабастан, эгерде сын атоочтун уңгусу түпчүл үнсүздөр *г, к, х (ближайший, мельчайший ж. б.)* менен аяктаса, аффиксалдык – *ейш(-ий,-ая,-ее) жана – айш (-ий,-ай,-ое)* морфемалары уланып, синтетикалык жол менен түзүлөт. Англис тилинде элатив аналитикалык ыкма менен жасалат: *the most beautiful woman.* Бул учурда аныкталуучу зат атооч белгисиз артикль менен колдонулат.

Сын атооч зат атооч жана тактооч менен көп кырдуу лексикалык байланышта болот. Бул жөнүндө В. Г. Беляевская буларды белгилейт: "Жалпысынан абстрактуу заттар конкреттүү заттарга караганда көбүрөөк тар семантикалык борборго жана вариативдүү чоң зонага ээ, ал эми башка сөз түркүмдөрүнө мындай конотаттуу жана вариативдүү моделдик өз ара катнаш белгилери көбүрөөк мүнөздүү" [21:97].

Каралып жаткан тилдердеги сын атоочтордун грамматикалык категориялары бири-биринен бир кыйла айырмаланып турат: орус тилиндеги сын атоочтор зат атоочтор менен ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ жана алар сан, жөндөмө жана род боюнча аныкталат. Ушул эле учурда англис жана кыргыз тилинин сын атоочтору зат атооч менен сан, жөндөмө жана род боюнча ээрчишпейт. Салыштырылып жаткан тилдерде сын атоочтун зат атооч менен айкашын карап көрөбүз.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, англис жана кыргыз тилиндеги сын атооч, зат атооч менен ээрчишпейт, болгону ал зат атоочко ыкташат, ошондуктан аны бул тайпадагы тилдердин мүнөздүү типологиялык өзгөчөлүктөрү катары кароого туура келет. Азыркы англис тилинин системасындагы сын атоочтун эң негизги айырмачылыгы – анда морфологиялык категориялар: род, сан жана жөндөмөлөрдүн жоктугу болуп эсептелет. Англис тилинде сакталып калган жалгыз сөз өзгөртүүчү – салыштырма даража категориясы бар:

a red apple - кызыл алма –красное яблоко

red apples - кызыл алмалар –красные яблоки

big schools - чоң мектептер- большие школы

in big schools - чоң мектептерде- в больших школах

Кыргыз тилиндеги контексттен тышкары колдонулуп келген сын атоочтор, зат атоочтун жөндөмө мүчөлөрүн кабыл алат: зат атооч барыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн формасында келе алат. Башкаруу синтаксистик байланышы болуп эсептелет. Мисалы: *Бул анын эмгегине татыктуу сыйлык* (зат атооч барыш жөндөмөсүнүн формасында).

Айылга ылайыктуу (зат атооч жатыш жөндөмөсүнүн формасында)

Үйдөн чоң, балдан таттуу (зат атооч чыгыш жөндөмөсүнүн формасында).

Салыштырма даража кыргыз тилиндеги сын атоочтун бирден-бир грамматикалык категориясы болуп эсептелет.

Сөз өзгөртүү системасы өнүккөн орус тилинде сын атоочтун зат атооч менен салыштырма даража, род, сан жана жөндөмө категориялары менен ээрчишүүсү мүнөздөлөт. Зат атоочтон айырмаланып, сын атоочтун род, сан жана жөндөмө формалары лексикалык жана грамматикалык маанилерди көрсөтүүчү өз алдынча каражаттар болуп эсептелбейт, ошондуктан алар толугу менен сын атооч ээрчишкен зат атоочтун род, сан жана жөндөмөлөргө көз каранды. Мисалы: *чистая комната, теплый пол, зимнее утро, зимняя вишня.* Орус тилиндеги атооч жөндөмөдө жекелик санда турган сын атоочтун род боюнча айырмачылыгы бар, мужской, женский жана средний роддорундагы жөндөмө мүчөлөрү ар түрдүү. Көптүк сандагы сын атоочтор роддук айырмачылыкка ээ эмес, себеби, бардык үч роддун мүчөлөрү бирдей. [94:44]

1) Прислуживали два карлика в римских кафтанах и венках из кленовых листьев… [119: 95].

2) Знатные гости садились ужинать кровяными колбасами, свиными головами с фаршем, удивительными земляными яблоками, чудной сладости и сытости, под названием – картофель… [119:95].

Англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сын атооч зат атоочтун конкреттүү жана абстрактуу, жандуу жана жансыз, саналуучу жана саналбоочу, энчилүү жана жалпы категориялары менен айкалышат.

Кыргыз тилинде сын атоочтор препозицияда турат, ал эми англис тилиндеги сын атоочтор препозиция менен бирге, постпозицияда да турушу мүмкүн, мисалы: *An ugly, big-shouldered hippie Radcliffe girl, annoyed at my invation* [156:119].

I had gotten into the habit of window shopping on Fifth Avenue, looking at the wonderful and silly extravagant things I would have bought Jennifer had I not wanted to keep up that fiction of … normal [156:147].

Кайрадан баягы жаңы баш кошкондогусундай куулук-шумдугу жок ачык мүнөз, ак пейил боло алар бекен? [3:428].

Постпозиция аныктоочко семантикалык салмак берет, бул учурларда ал обочолонган абалда болот да, белгилүү семантикалык басымды алып жүрөт: *the bitter cold; there a light glowed, warm, tawny, against the brightness of the night* [B. Show]. Ошондой эле француз тилинин таасири менен пайда болгон көптөгөн туруктуу айкаштарды бөлүп көргөзүү зарыл, мисалы, *knight errant - странствующий рыцарь, court martial-военный суд.* Постпозициялык орунга семантикалык жана граматикалык табияты норма болгон сын атоочтун бүтүндөй бир тайпасы турат. Бул тайпаны *-able и -ible* суффикстери менен болгон сын атоочтор түзөт, - *no bedrooms available; the only person visible, a piece of information not at all reliable.* Мындан тышкары, бир гана постпозицияга кирүүгө жөндөмдүү болгон сын атоочтор да бар: *incarnate, designate, elect the devil incarnate, the minister designate* ж. б.

Орус тилиндеги постпозицияны ээлеген сын атоочтор предикативдик милдетти аткарат да, атама сүйлөмдү түзөт, аны төмөндөгү мисалдардан көрсөк болот: *Стол (есть) коричневый. Снег (есть) белый.* Демек, *снег белый* конструкциясы –баяндоочтук, ал эми *белый снег* конструкциясы – атрибутивдик (аныктоочтук), себеби, биринчи конструкциядагы – *белый* белгиси зат менен этиш аркылуу байланышкан (нөлдүк байланышта), ал эми экинчиде ошондой эле –*белый* белгиси ошол эле зат менен тикеден-тике, түздөн-түз байланышат [94:44-50].

Ошол эле учурда орус тилиндеги сын атоочтун зат атоочко болгон постпозициялык мамилесин байкоого болот. Бул терминологиялык жана номенклатуралык айкаштар үчүн мүнөздүү: *торт шоколадный, рыба копченная, костюмы мужские*. Ушуга окшогон аталыштарга постпозициялык сын атоочтор да ээ боло алат (*копченая рыба, шоколадный торт, мужские костюмы*), бирок, мындай учурларда алар терминологиялык мүнөздөн ажырап калат. Сын атоочтун постпозициясы туруктуу жана архаикалык сөз айкаштары үчүн да мүнөздүү: *ангел мой, боже правый;* демек, бул стилистикалык инверсия үчүн да мүнөздүү болот: *у Лукоморья дуб зеленый (поэт.), голь кабацкая (народ. поэт.)ж. б.*

Сын атооч зат атооч жана предлогдун айкашындагы негизги компонент экендигин карап көрөлү. Ушул моделде колдонулган предлогдор, сын атоочтун ортосундагы ар түрдүү мамилелерди билдирүү үчүн кызмат кылат. Мисалы, зат атоочтун сапаттын сүрөттөөчү, ушул сын-сыпатка ээ болуучу заттын атын атоочу,

ошондой эле кандайдыр бир объектиге карата анын сапатынын мүнөзүн аныктоочу, анын пайда болуу шартын, себебин, ордун жана мезгилин көрсөтөт ж. б. Каралып жаткан ушул моделдин синтаксистик байланышы морфологиялык жол менен эмес, жөнөкөй сөз тартиби аркылуу ишке ашырылат: *thick with dust, available for meeting, rich in resources ж.б.*

Сын атооч менен зат атоочтун предлогсуз айкашуу тиби *worth the trouble, unlike her* салыштырмалуу сейрек жолугат, демек, бул англис тили үчүн мүнөздүү эмес.

Кыргыз тилинде ушундай сөз айкаштарына инвертировкалуу сөз тартибинин жандоочтук сөз айкаштарынын байланышы туура келет: *жолугушууга ыңгайлуу, ресурстарга бай, жумуштан чарчоо, тарых сабагынан жакшы, жардам үчүн ыраазычылык, калың чаң басуу. ж.б.*

Орус тилиндеги сын атоочтор негизги компонент катары зат атооч менен предлогсуз жана предлогдуу айкашып, сан, род, жөндөмө аркылуу ээрчишет: *высокий ростом*, *довольный ответом, полный сомнений, готовый к бою, красный от жары, черный от зависти ж. б.*

Сөз айкашынын негизги компоненти катары сын атооч жалгыз гана зат атооч эмес семантикалык ролду аткарган “сапат даражасын аныктоочу” тактооч менен да көп кырдуу лексикалык байланышта болот.

Бирок иш бүтөөрүнө канчалык жакындаган сайын, Борктун тынчсызданууcу ошончолук күчөй баштады [6:149].

Жалпыга жарыя айтчу басма сөзүбүздү өзүбүзгө ыңгайлуу, курулай кадыр-барк гана берүүчү таң калаарлык принцип ушунчалык күчтүү экенин мен анда кайдан билипмин [4:46].

I felt strangely guilty at not having been the one to break it to her [156:149]. *You were fairly prosperous* [148:91].

Салыштырылып жаткан тилдердеги изилденген материалдардан сын атоочту тактоочтун ар кандай түрлөрү коштоп жүрөрү көрүнүп турат.

1. кыймыл-аракеттин образын көрсөткөн тактоочтор: англис тилинде – *calculatedly stupid remark, cheerfully, awkwardly, bravely, deadly, a strangely emotional moment, an obviously frightened person, supposedly happy game*; кыргыз тилинде – *бат, тез,*

дароо, кайта, кайра, акырын, жай, кыргызча, досторчо; орус тилинде – *пешком, вдребезги, вплавь, врукопашную ж. б.*

I'd gone all the way up there for a nice, friendly, normal, cocktaily, supposedly happy football game ... [133:261].

Машина жай алдыга жыла бергенде жигит рулду бек кармай, ошол алдын тиктеген калыбында каңк этти [114:95].

Шел он медленно и устало; усталось замечалась в бессильно опущенных руках, в натужном, пристегивающемся, когда одна нога только подставляется к другой, шаге, в сильно оседающем при хромоте теле – больше всего он походил на подранка, который, не выдерживая погони, двигается лишь по инерции [103:99].

2. көлөм, даража жана күчөтмө тактоочтор: англис тилинде – *greatly, fully, exceeding, extremely, pretty,gladly, honestly, rather, very, a little, quite, almost;* кыргыз тилинде – *ушунчалык, өлгүдөй, такыр, таптакыр, араң, зорго, аябай, абдан, аябаган, өтө өңчөй, саал, саал-паал*; орус тилинде – *очень, умеренно, сильно, совсем, черезчур, слишком, еле-еле, почти ж.б.*

That's pretty eloqueni, said my wife [156:108].

«You were fortunate, said Hercule Poirot Sir Josephn said "Eh", again exceedingly fortunate, said Hercule Poirot firmly [103:111].

Мына ушуну, жараным, төкпөй-чачпай оозмо-ооз айтып баргайсыз, кадырлуу молла Алымкулдун сөзү! – деп аткарылууга өтө кыйын талап коюп, "болсо ана, болбосо ана" дегендей жарашуудан бой качырды [73:65].

Чуть дело касалось коней, отец, обычно спокойный, даже вялый, никому не спускал [103:97].

А то, что один из них может увидеть второго, а второй первого нет, ему и в голову бы не взбрело – слишком простая для этого голова [103:98].

3. чыныгы, билинбей жүрүүчү сырткы процессти, абалды көргөзгөн орун жана мезгил (бышыктооч) тактоочтор:

... a great many strangers come to Capri for a few days, or a few weeks... [148:222].

Борк компьютерге отурганы жатканда дабыш угулду. Төмөн жактан Жесси келатты [6:155].

3) Большая черная фигура на мгновенье застыла у двери, потом кинулась к Настене [103:8].

Демек, изилденип жаткан тилдердеги салыштырма даражанын парадигмасы талдоодо көргөзүлгөндөй бул тилдердеги изоморфтук жана алломорфтук өзгөчөлүктөрүн компаративдүүлүктү көргөзүүчү ыкмалардан табууга болот. Ошентип, англис тилинде сын атоочтун салыштырма даражасынын эки суффикс–маркери – *er* жана *-est* бар. Жалпысынан алганда алардын ролу төмөндөп, түзүлүшү чектелген сөздөр аркылуу чектелет жана баары *more* жана *most* аналитикалык кореляттар менен тез-тез алмаштырылат.

Кыргыз тилинде – *ыраак* мүчөсүнөн сырткары жөндөмө мүчөлөрү да бар (чыгыш жөндөмөсүнүн *-дан* жана барыш жөндөмөсүнүн *–га* мүчөсү) атты түзүүчү –салыштыруунун объекти жана сөз жасоочу мүчөлөр болуп саналышат. Алломорфизмдин мааниси салыштырылып жаткан тилдерде төмөндөгүчө болот. Кыргыз тилинде бардык сапаттык сын атоочтордун салыштырма даражасы синтетикалык жол менен, ал эми күчөтмө даража аналитикалык жол менен жасалса, англис тилиндеги сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражалары синтетикалык жана аналитикалык жолдор менен түзүлөт. Орус тилинде салыштырма даража синтетикалык жана аналитикалык, ал эми күчөтмө даража аналитикалык гана жол менен түзүлөт.

Каралып жаткан тилдердеги сын атоочтун грамматикалык категорияларында бир кыйла айырмачылыктар бар: орус тилиндеги сын атоочтор зат атоочтор менен ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, алар род, сан жана жөндөмөлөрдү аныктайт, ошол эле учурда англис (жактама жана шилтеме ат атоочтордон башкасы) жана кыргыз тилдериндеги сын атоочтор род, сан жана жөндөмө боюнча ээрчишүү касиетине ээ эмес.

2.4. Тактоочтун грамматикалык категориясынын өз ара байланышы

Тактоочтор өзгөрүлбөстүгү менен морфологиялык обочолонгон сөздөрдүн классын түзөт. Ошону менен бирге “өзгөрүлбөстүк” термини тактоочко мүнөздүү болушу мүмкүн эмес, анткени тактоочтордун салыштырма мүчөлөрү структуралык жактан флексия менен жакындашат, ошондой эле парадигмалык форманы жана системаны жаратат, бирок, аларды сөз өзгөртүүчү формалар катары кароого болбойт (Баженова Б.И.) деген көз караштар да бар. Каралып жаткан тилдердеги

салыштырма даража бардык класстарга мүнөздүү эмес, болгону сапаттык жана кээ бир мезгил жана мейкиндикти билдирген тактоочторго гана мүнөздүү болот деген талаш-тартыштар болгон. Мындан сырткары, салыштырмалуулуктун мүчөлөрү менен флексияны байланыштыруу өтө эле талаштуу маселе, анткени менен алар синтаксистик айкаштардын өзгөрүшүнө таасир эте алышпайт. Өзүнүн лексикалык маанисине жараша даража боюнча өзгөрүү белгисин билдирген анча көп эмес тактоочтор гана салыштырма даражада өзгөрөт [14:121]. Биз салыштырып жаткан тилдердеги тактоочтун грамматикалык категориясы классикалык парадигма болуп эсептелет (негизги форма –маркировкалуу эмес, салыштырма жана күчөтмө – маркировкалуу формалар).

Каралып жаткан тилдердеги тактоочтун салыштырма даражасы синтетикалык жана аналитикалык жол менен түзүлөт. Англис жана кыргыз тилдериндеги тактоочтун салыштырма даражасы агглютинативдик ыкма менен түзүлгөн окшош компаративдик моделдерге ээ. Англис тилиндеги бир жана эки муундуу тактоочтордун салыштырма даражасы синтетикалык жол менен *–er* (*slow - slower)* морфемасынын жардамы аркылуу түзүлөт. Ал эми кыргыз тилиндеги тактоочтордун салыштырма даражасы так,–ы*раак* даана корреляциясы жана анын – *ирээк, (кеч-кечирээк)* фонетикалык варианты менен жасалат. Англис тилиндеги эки же үч муундуу тактоочтордун салыштырма даражасы аналитикалык жол менен, *more (more politely)* кызматчы сөзүнүн жардамы аркылуу түзүлөт, ал эми кыргыз тилиндеги эквиваленти болуп – *ыраак* морфемасы эсептелет. Орус тилинде салыштырма даража англис тилиндегидей эле синтетикалык жана аналитикалык жол менен *ее (*же *ей)* жана аз натыйжалуу *–е же –ше (медленно - медленней, далеко - дальше)* морфемаларынын жардамы аркылуу түзүлөт. Англис тилиндеги бир жана эки муундуу тактоочтордун күчөтмө даражасын салыштыруу *–est* маркировкаланган формасы менен мүнөздөлөт, кыргыз тилинде болсо – *эң, өтө, абдан* кореляттары колдонулат. Англис тилиндеги үч жана көп муундуу тактоочтордун күчөтмө даражасы аналитикалык жол менен *most* сөзүнүн жардамы аркылуу түзүлсө, кыргыз тилинде алар *–эң, өтө, абдан* деген сөздөргө туура келет. Демек, англис, орус жана кыргыз тилдери морфологиялык ар түрдүү типтерге киргени менен алар компаративдүүлүк грамматикалык моделдердин окшоштугуна ээ, б.а., дээрлик бирдей, бирок этикалык шарттуулук чөйрөсүндө айырмаланып

турат. Каралып жаткан тилдердин жалпы категорияларында, ушул системада, мазмуундуулук жактан да жана формалардын топторунда да гетерогендик байкалат.

Тактоочтун башка класстагы сөздөр менен айкашуу ийкемдүүлүгү, бул сөз түркүмүнүн мүнөздөмөсүнүн маанилүү аспекти болуп саналат жана салыштырылып жаткан тилдерде тактоочтордун мыйзам ченемдүү иш аракеттерин сүрөттөө бир далай кызыгууларды туудурган. Салыштырылып жаткан тилдердеги тактоочтор маани берүүчү, ошондой эле, кызматчы сөз түркүмдөрүнүн чөйрөсүндөгү сөздөр менен кеңири айкашуу (ээрчишүү) ийкемдүүлүгүнө ээ. Тактоочтордун айкашуусун окуп үйрөнүү алардын өз ара айкашуу (комбинационные) мүмкүнчүлүгүн ачууга, сөздөрдүн тегерегинде синтаксистик мамилелерди көрсөтүү үчүн кайсы грамматикалык формалар колдонулушу керек экендигин аныктоого жол берет. Тактоочтор сөз айкаштарда негизги компонент катарында тактоочтор жана зат атоочтор менен айкашат. Комбинатордук менен күчөткүч (интенсификатордук) ийкемдүүлүккө ээ болгон тактоочтордун негизги көпчүлүк бөлүгү сапаттык тактоочторго таандык: *slowly; cheaply, powerfully; ылдам, жай, тез, медленно, дешево, быстро* жана башка. Бул тактоочтор күчөтмөлөр (интенсификаторлор) менен эркин айкашышат: *very fluently, exstremely cheaply, so guickly ушунчалык ылдам, өлгүдөй алыс, өтө жай; очень медленно, ужасно дешево, так быстро* жана башкалар.

Өтө кеңири тараган тактоочтук сөз айкаштар катары, ядролук тактоочторго тутумдашкан, көз каранды компоненттери градациялуу тактоочтор саналат жана аны сан же өлчөм жагынан аныктап турат, алардын көрсөткөн сын-сыпатын күчөтөт же тактайт: *too soon, very quickly, so easily; саал жогору, аябай алыс, очень быстро, слишком легко....* Бардык эле тактоочтор бирдей өлчөмдө күчөткүчтөр менен эркин айкаша бербестигин белгилеп кетүү зарыл. Кээ бир тактоочторду эсепке албаганда, мейкиндик тактоочтор үчүн мындай айкаш мүнөздүү эмес: *far – very far, near – too near, close – very close; жакын – ушунчалык жакын, алыс – өтө алыс, жогору – саал жогору, далеко – очень далеко, высоко – слишком высоко.*

Салыштырылып жаткан тилдерде сапаттык тактоочтордун өз ара айкашуулары кездешет: *perfectly still, suddenly still, frequently unbearably, балача тез сүйлөө и др.*
The winters were bitter, marrow-chilling, the summers frequently unbearably

oppressive [161:29].

Крокодилдер эки-үч адамдын өмүрүнчөлүк узак жашайт дешет, кармасам деле кайра кое бермекмин [3:157].

...остров торчал сейчас особенно голо и неказисто, захотелось из-за пещеры, в которой он ночевал во время охоты, и которая навела его на удачу [103:122].

Орус жана кыргыз тилдеринде темпоралдык тактоочтордун өз ара айкашуулары арбын кездешет: *быйыл күзүндө, бүгүн кечинде, бир күнү эртең менен, эртең эрте, күн мурун; сегодня ночью, завтра утром, рано утром* ж.б.

Эртең менен университетке лекция окуу үчүн жөнөгөндө, ал өзүнө-өзү ээ болчу [6:86].

Момун жандана түштү: айтса-айтпаса төгүнбү, бала быйыл күздө окууга барат [3:72].

Постоянно теперь видели Петра, объезжающего лагеря на косматой лошаденке [103:268].

Бир кыйла кеңири таркалган тактоочторго, көз каранды компоненттери сан-өлчөм тактоочтор болгон адвербиалдык сөз айкаштары башка ядролук тактоочторго тутумдашат, ошондой эле аны сан жана өлчөм жагынан айкындап турат, алардын сын-сыпатын күчөтөт же аныктайт: *very guickly, too soon, too early, so easily, so slowly; саал жогору, кыйла бийик, аябай алыс; очень быстро, слишком быстро, так легко.*

1) It's too early for us to have dinner. Jessy works so slowly [159:138]. *Только потом их не было слышно так близко.*

2) Адал ниетин ээрчип, бир кыялданганда Каар сотунун концепциясын оюна келгендей жылдырыштырып, андан оо кыйла кийин чыккан сөздү алдаганча нары сүрүп барат да, ошондогу элдин оозуна салат, ошолор Понтий Пилаттын өзүнө айтышса дейт [4:174).

3) Он постоянно хотел есть, и все кругом представлялось ему, как и он, голодным и жадным; его домогал даже воздух, сосущий и острый, - слишком много приходилось воздуха на одного человека [103:120].

Какой далекой она казалась и как скоро он свершилась! – другой цели он не придумал [103:122].

Англис тилиндеги постпозициядагы кыймыл-аракет жана темпоралдык тактоочторго *enough* менен бирге ядролук тактоочтук класстагы сөздөр кирет: мисалы, *slowly enough, soon enough*. Мейкиндик тактоочтор *enough* менен айрым бир учурларды эсепке албаганда көбүнчө айкашпайт: *far enough, near enough, close enough.*

Мисалы: *"We aren't working guickly enough. We'd better hurry* [158:138].

Кыргыз тилинен айырмаланып англис жана орус тилдеринде мейкиндик тактоочтордун ортосундагы айкаштар арбын жолугат: *over there, in there, down there, вон там, там внизу и т. д*.

1) We'll have a chance to find out something about each, may be, down here, [161:33].

2) ... what happened there but over here is Tenenessee [103:31].

3) A few doors farther down, Mr. Wallace, who also had a souvenier stopped them [103:54].

Англис тилиндеги постпозицияда суткалык убакытты билдирген темпоралдык тактоочторго баш ийген зат атоочтор тура алат: *today, tonight, yesterday, tomorrow* жана бул тактоочтордун маанисин айкындайт: *yesterday afternoon, tomorrow morning.*

...and we should have sighted Hao Island yesterday morning [161:301].

Кыргыз жана орус тилдеринде мындай сөз айкаштарга ээрчишкен сөз айкаштары туура келет: *кечээ эртең менен - вчера утром.*

Тактоочтор дагы зат атоочтун көз каранды мүчөсү катарында кабыл алынып, эреже катары сол жана оң багыныңкы позицияны ээлеп турат. Англис жана кыргыз тилдериндеги бардык тактоочтордун зат атооч менен айкашуу ийкемдүүлүгү жалпы категориялык өзгөчөлүккө ээ боло албайт. Биздин байкоо жүргүзүүбүзгө ылайык тактоочторду так ушундай колдонуу, синтаксистик бир өңчөй айкындоочтук сөз айкаштарында гана болушу мүмкүн, мында алар аныктагыч милдетти аткарат да, түшүнүктөрдүн өлчөмүн чектеген мындай сөз айкаштардын зат атооч аркылуу берилген баш мүчөсү боло алат. Эреже боюнча, бул жерде мейкиндик жана темпоралдык тактоочтор айкындагыч тактоочтордун ролунда колдонулат, ал эми зат менен аныкталуучунун ролун – өзүнүн мааниси жагынан жакын ушул сыяктуу бышыктоочтун милдетинде колдонулуучу атоочтуктар (имени) менен мезгилдик же мейкиндик семантикалары аткарышат.

1) ... there is a cinema opposite [159:168].

2) Кыш күнү эле, эрте маал, бульварда кар зампарлап жаап турган [3:61].

3) ... оолагыраак бир жакка кеткендир дегенсишип, эки жырткыч көнүмүш түнөк жайына кайрылып келатышкан [4:213].

Орус тилинде мындай сөз айкаштары ыкташуу байланышында болот, ал атрибутивдик мамилелер болгон – сын-сыпаттын, даражанын, белгинин пайда болуу чегин ж.б. билдирет: *очень не дурак, почти банкир, немного зануда, совсем глупыш.* Аныктагыч компоненттердин курамы сын атоочко катышы жок сандык тактоочтор менен чектелет. Аныкталуучу компонент дагы сапаттык-баалоочу мааниге ээ болгон лексикалык жактан чектелген зат атоочтор болот.

Зат атоочтор тактоочторго карата препозициялык орунду да ээлей алат. Орус тилинин ушул модели ыкташуу байланышында келет. Аныктагыч компонент бышыктагыч жана сапат-бышыктагыч тактоочтор аркылуу чектелген: *по-старому, по-русски.* Модель атрибутивдик мамилени көрсөтөт, мында тактоочтор бир гана белгилүү зат атооч же семантикалык жактан жакын болгон зат атоочтордун чакан тобунда колдонулат: *нос горбинкой, прогулка верхом, судак по-польски.* Атрибутивдик катыштан тышкары бул модель атрибутивдик-бышыктагыч мамилени: кыймыл-аракет *(чай вприкуску, взгляд исподлобья, чай вдвоем, яйца всмятку),* атрибутивдик-мейкиндик *(дверь направо, шаг назад, стол посредине, поездка домой),* мезгил-аныктагыч *(поездка зимой, встреча утром)* мамилелерди да көрсөтөт. Англис тилинде мезгил жана орун тактоочтор менен болгон ушундай сөз айкаштары да кездешет: *the people behind, the man upstairs, a year abroad*.

Late, later, before, after темпоралдык тактоочтору, *west, south, away, down* мейкиндик тактоочтору о.э., мезгилдин бөлүктөрүнө туура келген жана аралыкты билдирген тактоочтор зат атоочтор менен айкаша алышат. *алыс, бир* Мисалы: *a moment later, a week later, a step farther, fifteen yards away.* Мындай окшоштуктар кыргыз тилинде да кездешет: *бир ай кеч, чакырым карыш жогору (төмөн), күн мурун ж. б.* Орус тилинде мындай сөз айкаштарга предлогдуу сөз айкалыштарынын ээрчишүүсү туура келет: *позже на неделю, дальше на километр, на день раньше.*

Тактоочтор кызматчы сөздөр менен да айкаша алышат. Кыргыз тилинде – жандоочтор, англис жана орус тилдеринде – предлогдор менен айкашат.

Салыштырылып жаткан тилдерде бышыктагыч мамиледеги бөлүкчөлөр тактоочторго биригүү менен мейкиндик же мезгилдик мамилелердин так маанисин көрсөтүү үчүн кызмат кылат, же болбосо тактоочтун маанисине кошумча маанилүү белгилерди кошот.

Англис жана орус тилдериндеги мейкиндик жана мезгилдик тактоочтор көбүнчө предлогдор менен айкашат. Бул жерде алар тактоочторго аныктоочу маанини кошуп турат. *here, здесь* мейкиндик тактоочтор жана *there, там* предлогдору менен айкаша алышат, *along, around, down, from, in, near, on, out (of), over, round, through, under, up, внизу, вверху, вокруг, сквозь, недалеко* ж.б.

Мейкиндик тактоочтор *far, close, south, east* предлогдор *from, of, to* менен айкашышат.

... and the two had come close to a tumbling fight over the subject [148:75].

Темпоралдык тактоочтор предлогдор менен колдонулат: *till tomorow, by now, from tonight, for once, since today, for tomorrow, before today, after then, until yesterday* ж. б.

1) After awhile the people who came to the market would pay four or five cents for a small mullet and toss it to mose on their way out [148:345].

2) By midafternoon the highway was packed on both sides with parked cars [148:37].

Тактоочтор *at , from, near, toward(s)* предлогдору менен колдонулат.

It's my guess that fiction at home, as much as anything, has been the cause of the irritability that is breaking up his fine mind [148:150].

Предлог *from* төмөндөгү мейкиндик тактоочтор менен айкашат: *above, abroad, below, downstairs, indoors, inside, outdoors, outside, upstairs, within.*

... but those who bought into them, put down the cash, were drawn from outside [148:247].

Кыргыз тилиндеги тактоочтор жандооч сөздөр менен да колдонулат. Алар сүйлөмдө сөздөрдүн синтаксистик байланышын гана көргөзүү үчүн кызмат кылбастан, мейкиндик, мезгил, себеп-натыйжа ж.б. мамилелерди бир кыйла ачык-айкын көрсөтүү үчүн да колдонулат. Дал ушул акыркы милдетти аткаруу менен жандооч сөздөр кээ бир тактоочтор менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө да ээ боло алат. Кыймыл-аракет же ал-абалдын убакыт алкагын тактоо үчүн мейкиндик семантикасы төмөндөгү жандооч сөздөр менен бирге келет: *чейин, кийин, бери,*

менен, ары, бою, дейре. Мисалы, *кечке чейин, түштөн кийин, эртеден бери, эртең менен, кечээтен бери, түнү бою,өмүр бою, карата, карай, көздөй* и др.

1) Түнү бою көпүрөнүн астында ою он, санаасы сан болуп отуруп таң атырды эле, эми биерден чыгып кетиштин айласы жанын кашайтты [3:185 бет].

2) Сакманчы күнү-түнү менен тыным көрбөйт [3:302].

3) Бүгүн эртеден бери ушул адырдын үстүндө көрүнбөгөн жип менен асманга байлап койгондой канатын жайып, шашылбай -этпей жалгыз куш каалгып учуп жүрөт... [3:143].

Жандооч сөздөрдүн мейкиндик тактоочтор менен колдонулушу анча көп учурабайт, бул алардын ичиндеги сөздөрдүн семантикалык алгачкылыгы же кыймыл-аракеттин чектүүлүгү менен түшүндүрүлөт.

Мисалы: *ары карата, ылдый карай, төмөн көздөй, жогору карай.*

Баланын күрмөсүнүн жакасынан абайлап тиштеди, бир жерине тишим тийип кетпесин деп аярлык менен тиштеди, анан акырын өйдө карай силкип жалына отургузду [4:333].

Салыштырылып жаткан тилдерде тактоочтор менен кээ бир гана бөлүкчөлөр айкашышы мүмкүн, себеби алар тактоочтордун мазмунуна белгилүү бир маанилик белгини берүү үчүн кызмат кылышат. Бөлүкчөлөрдүн колдонулушу тактоочтордо сөздөрдүн ээлеген ордуна байланыштуу эмес, б.а., алар менен бирге колдонулган синтаксистик функцияны аткарган сөздөргө таасир этпейт [69:128]. Бул бөлүкчөлөрдү ар түрдүү сөз түркүмдөрү менен айкашуу принциби аркылуу классификациялап, аларды үч тайпага бөлүүгө болот: 1) бир гана атооч сөздөр менен айкашуучу бөлүкчөлөр; 2) предикативдер менен гана айкаша турган же предикативдик сөз айкашынын курамына кирүүчү бөлүкчөлөр; 3) атоочтор менен да, предикативдер менен да бирге колдонулуучу бөлүкчөлөр.

Англис жана орус тилдеринде тактоочтор менен төмөндөгү бөлүкчөлөр айкашышы мүмкүн: *even, only, just, right, very, too, pretty; даже, только, только что, очень, слишком ж.б. Мисалы, even then, only today, just now, right now, too far; только сегодня, только сейчас, прямо сейчас ж. б.*

1) During the foregoing address, the progress of the speaker was too plainly read by those most interested in his success [148:143].

2) Only then they had not sounded so near [148:108].

3) I am sorry I was so beastly to you just now [148:155].

Извини, я был так жесток к тебе только что.

Кыргыз тилинде тактоочтор менен төмөнкү бөлүкчөлөр колдонулат:

күчөтмө мааниси менен: *эң, өтө, абдан, тим эле, жөн эле, эң эле, абдан эле, көп эле, өтө эле* (*эң жакын, тим эле алыс, жөн эле узак* ж.б.*);*

чектөөчү мааниси менен: *эле, гана* (*азыр эле, жана эле*, *ошондо гана, эми гана, азыр гана, кечээ эле,* ж.б.*);*

аныктоочу мааниси менен: *да, дагы, деле, так, нак; (эртең дагы, бүгүн деле, так азыр, нак эми, эртең да ж.б.);*

терс мааниси менен: *эч* (*эч качан, эч убакта, эч кайда, эч кайсы ж.б.*).

Мисалы: *1) Мындан нары биз эч качан жолукпайбыз* [4:68].

2) Ошо илгерки окуянын таасири ушунчалык экен, адамга кечээ эле болгондой сезиле берет [4:143].

3) Ал чындыктын сырын билер түйшүктүү жолуна жаңы гана кирип бараткан... [4:79].

Демек, талдоо көргөзгөндөй изилденип жаткан тилдердеги тактоочтордун салыштырма даражасынын парадигмаларын алардан изоморфдук жана алломорфдук өзгөчөлүктөрдөгү компаративдүүлүктү билдирүүчү ыкмалардан табууга болот.

Англис тилинде тактоочтордун салыштырма даражасынын эки суффикстик маркери *–er* жана *–est* бар. Кыргыз тилинде *–раак* мүчөсүнөн сырткары жөндөмө мүчөлөрү бар. Салыштырылып жаткан тилдерде алломорфизмдин мазмуну төмөндөгүдө турат, кыргыз тилинде дээрлик бардык тактоочтордун салыштырма даражасы синтетикалык жол менен, ал эми күчөтмө даража аналитикалык жол менен гана түзүлөт, ошол эле учурда англис тилиндеги сын атоочтордун салыштырма жана күчөтмө даражалары синтетикалык да, аналитикалык да жолдор менен түзүлөт. Орус тилинде салыштырма даража синтетикалык жана аналитикалык, ал эми күчөтмө даража аналитикалык гана жолдор менен жасалат жана ээрчишүүгө ээ.

Тактоочтор сөз айкаштарынын баш мүчөсүн түзүү менен каралып жаткан тилдерде, тактоочтордун даражасы же салыштырма-окшоштук тактоочтор

экендиги такталат. Сапаттык же сандык тактоочтор даражаны көрсөтүүчү башка класстагы сөздөр аркылуу аныкталууга жөндөмдүү.

Ат атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары

Биз изилдеп жаткан тилдерде ат атооч зат атоочтун, сын атоочтун жана сан атоочтун ордуна колдонулат. Бирок, бул сөз түркүмүнүн башка сөз түркүмдөрүнөн өзгөчөлүгү катары, алардын номинативдүүлүккө ээ эместиги эсептелет, тескерисинче ал көрсөткүчтүк функцияга ээ, б.а., эч нерсени атабайт, алар болгону жакты же предметтерди, алардын касиеттерин же сапатын көрсөтүүдө жана предметтердин санын жалпылоодо колдонулат. Ат атоочтун мааниси контекстте гана аныкталат. Биз изилдеп жаткан: англис, кыргыз жана орус тилдеринде бири-биринен кескин айырмаланган морфологиялык белгилер бар. Мисалы, англис тилиндеги ат атоочторго жак жана сандын грамматикалык маанилери таандык. Ат атоочтордун классы жалпысынан алганда грамматикалык сан жана жөндөмө категорияларынын болушу менен мүнөздөлөт. Бул эки категория тең ат атоочтун бардык эле топторуна таандык эмес. Жактама ат атооч ат атоочтордун жөндөмө категориясын ачык-айкын көргөзгөн жападан - жалгыз категория болуп эсептелет. Кыргыз тилинин жактама ат атоочу сан, жөндөмө жана жак категорияларынын болгондугу менен мүнөздөлөт. Орус тилинин жактама ат атоочу дагы жак, сан жана жөндөмө грамматикалык категорияларына ээ. Азыркы англис жана орус тилдеринде жактын маанисин негизинен жактама ат атооч аткарат, бул тилдердеги жак мааниси таандык болгон этиштер да бул маанини туюндурган каражаттарга ээ эмес, бир гана көрсөткүчү *–s* форманты болгон үчүнчү жак материалдык каражат катарында каралат. Көптүк санда жана этиштин калган чактык формаларында жак формалдык көрсөткүчкө (*to be* этишин эсепке албаганда) ээ эмес.

Азыркы кыргыз тилинде жактама ат атооч бул маанинин жалгыз гана түзүүчүсү болуп эсептелбейт. Алар негизинен ат атоочтук, б.а., дейксистик (шилтемелик) милдетти аткарышат. Жак мүчөлөр жактын көрсөткүчү болуп эсептелет, алар жактама-предикативдүү, б.а., грамматикалык субъектин жагын жана жактама-таандыктык, б.а., атрибутивдик таандыктык конструкцияларында жакка ээ болуусун көрсөтөт. Ар бир сөз айкашында жакты билдирген эки элемент

болгондуктан, анда жак маанiси эки жолу, б.а., ал плеонастикалык негизде көрсөтүлөт. Изилденип жаткан тилдердеги жактама ат атоочтордогу жактын маанилери бирдей эле терминдер менен мүнөздөлөт, т.а., морфологиялык жактан көрсөтүлгөн грамматикалык лексикалык маани болуп саналат. Эгерде жак маанiси тилде бир бүтүндүк катары алып каралса, азыркы англис тилинде бул маани морфологиялык эмес жол менен берилген грамматикалык, лексикалык маани катары мүнөздөлүшү мүмкүн. Азыркы кыргыз тилинде ал морфологиялык жактан берилген грамматикалык лексикалык маани болуп саналат. Демек, бул айырмачылык бир гана каралып жаткан маанини көрсөтүү ыкмаларынан көрүнөт. Кыргыз тилинде жакты көрсөтүү маанiси дайыма жактама-баяндоочтук аффикстер менен байланышат, ал эми англис тилинде бул маани жактама ат атоочтор аркылуу берилет.

Англис жана орус тилдериндеги жекелик жана көптүк сандарда турган жактама ат атоочтордун жак маанилери алардын өздөрүнүн семантикасында башка сөздөр менен берилет. Бул максатты ишке ашыруу үчүн кыргыз тилиндеги жактама ат атоочтордо аффикстер колдонот. Бирок сандык маанини билдирүү үчүн жактама ат атоочторго таандык болгон мүчөлөр (аффикстер) гана колдонулбастан, башка сөз түркүмдөрү үчүн колдонулуучу *–лар* мүчөсү да колдонулат. Бир эле ат атоочтун чегинде көптүк сандын эки форманттын табууга мүмкүн экендигин (*б-из-дики*) белгилеп кетүү зарыл. Бул дистрибутивдик мамиледе кыргыз тилинин жактама ат атоочу англис жана орус тилдерине салыштырганда зат атоочко жакыныраак тургандыгын далилдейт.

Азыркы англис жана орус тилдериндеги жактама ат атоочтордо сөз өзгөртүүчү сан категориясы байкалбайт, анткени ат атоочтордун жекелик жана көптүк сандары ошол маанини камтыган семантикадагы башка сөздөр менен берилет. Азыркы кыргыз тилинде жактын маанiси аффиксалдык жол аркылуу көрсөтүлөт, ошондой болсо да, каралып жаткан маанини түзүүдө жактама ат атоочко таандык болгон аффикстер гана эмес зат атоочко тиешелүү мүчөлөр да катышышат. Биринчиге – *ен* (жек. сан) жана – *из* (көпт. сан), ал эми экинчиге *–о* (*жек. сан*) жана – *лар* (көпт. сан) аффикстери тиешелүү.

Каралып жаткан тилдерде жактама ат атоочтун көптүк санын түзүүдө супплетивдик ыкма мүнөздүү. Англис тилинде: жекелик санда *–I, you, she, he, It,*

көптүк санда –*we, you, they*; орус тилинде: жекелик санда – *я, ты, он, она, оно*, көптүк санда – *мы, вы, они* колдонулат. Кыргыз тилинде: жекелик санда – *мен, сен, сиз, ал*, ал эми көптүк санда – *биз, биздер, силер, сиздер, алар* колдонулат. Англис, орус жана кыргыз тилдериндеги ат атоочтун экинчи жагынын өнүгүшүндө кээ бир окшоштуктар бар. Типологиялык жактан карасак, англисче *"you"* (*сиз*, бир адамга кайрылууда), ошондой эле кыргызча *"сиз"* (бир адамга кайрылууда) бирдей эле типте, б.а., жекелик сандагы ат атоочтун ордуна көптүк сандагы ат атоочту колдонуу аркылуу түзүлүшөт. Бирок, бул тилдердин азыркы абалында кыргызча "*сиз*", орусча "*вы*" жана англисче "*you*" ат атоочторунун ортосундагы көрүнөөлүк айырмачылыктын бар экендигин белгилеп кетүү зарыл. Мында англис тилинин "*you*" ат атоочу учур чакта башка бир экинчи жактагы жактама ат атоочко карама-каршы келбейт (мурунку жаңы англис тилиндегидей *you-thou*), ал *"thou"* ат атоочун колдонуудан сүрүп чыгарып, азыркы тилде "ат атоочтордун сылык түрдөгү кайрылуу катарынан нейтралдуу ат атоочтордун катарына өтүп кеткен" [86:307].

"*Сиз*" ат атоочун ала турган болсок, ал көптүк сандагы ат атоочтордун тобунан, сылыктыкты көрсөткөн ат атоочтордун тобуна өтүп кеткендерден болуп саналат жана азыркы кыргыз тилинде буга карама-каршы турган "*сен*" деген түгөйү бар. Кыргыз тилин изилдеген материалдардан көптүк сандын экинчи жагындагы "*сиз*" деген ат атооч, акырындык менен жекелик сандагы экинчи жактын "*сен*" деген ат атоочун колдонуудан сүрүп чыгаргандыгын көрсөтүүгө болот. Бирок, бул процесс кыргыз тилинде өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Англис тилиндеги үчүнчү жактагы, жекелик сандагы ат атоочтук үч форма, кыргыз тилинде "*ал*" деген ат атооч аркылуу гана берилет, анткени бул тилде роддун жок болгондугуна байланыштуу бул ат атооч жандуу жана жансыз нерселердин аныктыгын көрсөтүүчү жана алардын ордуна колдонулуучу кызматты аткарат.

Англис жана орус тилиндеги үчүнчү жактагы жекелик сандагы жактама ат атооч роддун мужской женский жана средний роддорунун семаларын айырмалайт. Роддун мааниси дал ошол сөздөрдүн семантикасында берилген. Жактама ат атоочтун үчүнчү жактагы көптүк санын ала турган болсок, бул жерде мындай карама-каршылыктар жоюлуп кетет (бир гана "*they-они*" формасы бардык роддор үчүн колдонулат).

Азыркы кыргыз тилинде жактама ат атооч род боюнча карама-каршылыктарга ээ эмес. Роддорго бөлүү зарычылыгы башка каражаттарга таянууга алып келет. Кыргыз тилинде роддун маанисин көрсөтүүдө контекст жана ар түрдүү жагдайлар өзгөчө мааниге ээ болот. Мисалы: *Балам, аны үйгө киргизчи. Суукта үшүп калды го. Эне-атасы жок бечера кызга кыйын болду го.* Контекстен анын аял киши экенине кубо болдук.

Изилденип жаткан тилдерде жактама ат атоочтор жөндөмөлөр боюнча жакталат. Бул тилдерде жөндөмөлөр сандык катышы боюнча дагы айырмаланышат. Аталган тилдерде жөндөмөлөр системасынын статусу окшош эмес. Эгерде англис тилинде жөндөмөлөрдүн формаларынын ортосундагы синтаксистик милдеттерди аткарган жөндөмөлөрдүн ордун кайрадан бөлүштүрүүгө мүмкүн болсо, анда атооч сөздөрдүн башка сөздөргө болгон байланышын көрсөтүү үчүн башка каражаттар кызмат кылат, ал эми азыркы кыргыз тилинде жөндөмө системасы туруктуу болуп, бир атооч сөздүн башкаларга болгон катышынын негизги салмагы жөндөмө формаларына түшөт. Изилденип жаткан тилдерибизде жөндөмөнүн маанисин көрсөтүү зарылдыгы боюнча буларды айтууга болот: жөндөмөлөрдүн маанилеринин формалары морфологиялык көрсөтүлгөн грамматикалык, синтаксистик маани болуп эсептелет.

Англис, кыргыз жана орус тилдериндеги *this* жана *that*, *ушу/ушул*, *бу/бул, ошо/ошол, этот/эта/это)* жана *тот/та/то* шилтеме ат атоочтору сан грамматикалык категориясына ээ болот. Демек, англис жана орус тилдеринде алар жеке эле субстантивдүү колдонууда гана эмес, сын атооч катарында да колдонулуп атрибутивдик ролду аткарат *(this man – бул киши – these men –бул кишилер; that man- тигил киши, those men- тиги кишилер)*. *This-these* жана *that- those* ат атоочторунун көптүк сандагы формасынын түзүлүшү зат атоочтордун бул формаларынын түзүлүшүнөн айырмаланып турат. Бул жагдай ат атоочторго таандык болгон көптүк сан формаларынын түзүлүшүнүн спецификалык өзгөчөлүгү катары кабыл алынат, мүмкүн бул өзгөчөлүктөр аларды зат атоочтордон айырмалап турат жана каралып жаткан ат атоочтордун көптүк сан формаларынын болушу эмне себептен аларды субстантивдешүүгө алып барбагандыгын түшүндүрөт. Көбүнчө сын атоочтордун чөйрөсүндө англис тили сан категориясын тааныбайт жана анын *this* жана *that* ат атоочторунда келиши атрибутивдик

колдонуу учурунда бул сөздөрдү ат атоочтордун өздөрүнүн ичинде да өзгөчө абалга коет. Аларды ушундай ат атоочтордон айырмалап, мисалы, *other* ат атоочу кээ бир айкаштарда колдонулушу мүмкүн. *Others books* сын атоочтук ат атооч болуу менен көптүк сан формасына ээ эмес, ал эми *Others wanted to go there* деген сүйлөмдө *others* зат атоочтук ат атооч болот да көптүк сан формасында мүнөздөлөт. *Others* ат атоочунан айырмаланып *this* жана *that* шилтеме ат атоочторунун көптүк сан формаларынын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү аларда субстантивдүүлүктүн жоктугун айгинелейт. Ошондуктан, бул ат атоочтор адъективдүү (сын атоочтук) мүнөздөгү жападан жалгыз сан формасын айырмалаган сөздөрдүн калдыгы катарында сакталып калган. *Such* ат атоочу белгилүү бир предметтин сапатын көрсөтүү менен орус тилиндеги “такой” деген сөзгө дал келет. *This* жана *that* сыяктуу эле анафорикалык *sich* бирдик түшүнүктөрдүн мазмунуна таандык болушу мүмкүн: *Have you seen a skilful boxer watch his antagonist with a quiet, incessant eye? Such an eye as this did the pony keep upon whatever man took the rope* же бүтүндөй бир сүйлөмдүн мазмунунда: *Clearly this wild country spoke a language other than mine – the world here was a term of endearment. Such was my conclusion. Such* жогоруда айтылгандардын жыйынтыгы болуп калат. *Such* ат атоочу *that* сыяктуу эле багыныңкы сүйлөмдүн же аныктоочу, *as* кириш сөзүнүн мазмуну менен байланышта болуп, көрсөтүүчү болушу мүмкүн: *The happiest hour of the day for such passages as these was that of luncheon.* (*The*) *same* сөзү бир предметтин өзүнөн мурда айтылган экинчи бир предметке окшоштугун билдирет: *He did make one or two feeble efforts to take up the work again but there was always the same coldness, the same want of sympathy on the part of the world to fight against*. Чектөөчү сүйлөмдүн айкашында *(the*) *same* көрсөтүүчү болушу мүмкүн: *The same law that had worked in her was working in the family she had watched like a mother.* Кийинки мисалда *(the) same* окшоштукту көрсөтөт, бирок анафоралык да, көрсөткүчтүк да боло албайт: *They both get hold of the same bit of line, and pull at it in opposite directions*. *Such* жана *(the) same* ат атоочтору өзгөрүлбөс. Акыркысы белгилүү артикль менен күчөтүлгөн көрсөткүчтүк мааниде (“так” ошол) колдонулат.

Качан гана жекелик сандын формасына ырааттуу түрдө көптүк сан формасы карама-каршы коюлганда, сан категориясы толук түрдө өздүк жана күчөтмө ат

атоочтордун тобунда кездешет, мисалы: *myself – ourselves, yourself – yourselves* ж.б. Англис тилиндеги өздүк ат атоочтун сан категориясы плеонастикалык түрдө, б.а., биринчи жана экинчи компоненттери аркылуу көрсөтүлөт. Эгерде биринчи компонентте жекелик жана көптүк сандар өзүнчө бөлөк сөздөр менен берилсе (лексика-семантикалык), анда экинчисинде жекелик сан нөл аффикси аркылуу берилет, ал эми көптүк сан- *–s* аффикси уланып көрсөтүлөт. Башка сөз менен айтканда, лексика-семантикалык түрдө күрсөтүлгөн биринчи компоненттеги жак түшүнүгү өзүнүн формалдуу-грамматикалык туюндурулушун экинчи компоненттен кездештирет (Устинова Н. Ф.).

Азыркы кыргыз тилинде өздүк ат атоочтордун көптүк саны аффиксалдык түрдө түзүлөт, б.а., жекелик санга мүчө уланбай, ал эми көптүк санга *–өз* аффикси уланып жасалат. Мындан сырткары, каралып жаткан ат атоочтун көптүк саны дагы ат атоочтордун II-III жактарын бириктирген *–нор, -лор* аффикстеринин жардамы менен түзүлөт, анткени экинчи жакта бул аффикс көптүк санда турган *өзүбүз* деген формага кошулушу мүмкүн. Бул жерде биз көптүк сандын эки көрсөткүчүнө ээ болобуз.

Жак категориясы азыркы англис жана кыргыз тилдеринде өзгөрүүчү компоненттер аркылуу көрсөтүлөт (англис тилинде булар биринчи компоненттер, кыргыз тилинде экинчи компоненттер): *myself- myselves, himself – himselves ж.б.*; *өзүм –өзүбүз*. Кыргыз тилиндеги аныктама ат атоочторунун жак маанаиси таандык ат атоочтор аркылуу берилет.

Англис тилиндеги жактама ат атоочтор род категориясына (*he, she*) ээ, бирок жөндөмө категориясы жок. Ал эми кыргыз тилиндеги өздүк ат атоочтор род категориясына ээ эмес, бирок жөндөмөлөр боюнча жөндөлөт.

Зат атоочтордой эле ат атоочтор да эки жөндөмөлүү жөндөлүш системасына ээ, бирок жалпы жөндөмө илик жөндөмөгө белгисиз ат атоочтордун топторунда карама-каршы коюлат (*somebody – somebody's),* кош *(each other – each other's),* белгисиз-жактама (*one – one's*), жиктеме (*other – other's*), зат атоочтордогу, жактама ат атоочтордогу, сурама жана катыштык ат атоочтордогу атооч жөндөмөсүнүн объективдүү жөндөмөгө карама-каршы коюлгандыгына күбө болобуз (*I – me, who – whom*), азыркы англис тилинде бул зат атоочко таандык эмес.

Англис жана орус тилдериндеги таандык ат атоочтор азыркы кыргыз тилиндеги таандык ат атоочтордун өзгөчө топторуна карама-каршы коюлбайт. Мындай ат атоочтор кыргыз тилинде жок. Бирок, таандык ат атоочту көрсөткөн маани англис жана орус тилдеринде жактама-таандык аффикстер, жактама ат атоочтордун таандык жөндөмөсү жана өздүк ат атоочтор аркылуу берилет. Ал морфологиялык жана морфологиялык-синтаксистик жол менен берилиши мүмкүн. Англис тилиндеги таандык ат атоочтордун көз каранды формасынын эквиваленти кыргыз тилинде таандык маанини көрсөткөн морфологиялык жол болуп эсептелет.

Ат атооч зат атооч менен көп кырдуу лексикалык байланышты түзөт. Каралып жаткан тилдерде ат атоочтун грамматикалык категориясы бир кыйла өзгөчөлөнөт: орус тилиндеги ат атоочтор зат атоочтор менен род, сан жана жөндөмөлөр боюнча ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ *(наша страна красивая, богатая, мы любим)*, ошол эле учурда англис (жактама жана шилтеме ат атоочтордон сырткары) жана кыргыз тилдериндеги ат атоочтор род, сан жана жөндөмөлөр боюнча ээрчишпейт *(бул биздин шаар, биздин кыздар сулуу)*. Англис жана кыргыз тилдериндеги ат атоочтор (белгисиз, сурама) зат атоочтор менен ээрчишпейт, бирок ыкташат, ушундан улам бул группадагы тилдерге кандай типологиялык өзгөчөлүктөр мүнөздүү экендигин кароо зарылдыгы келип чыгат. Ат атооч зат атоочко карата препозицияны ээлейт. Мисалы, англис тилинде: *my house, any house, his house, this house, that house,* ыкташуу байланышында келет. Ээрчишүү жактама жана шилтеме ат атоочтордун ичинде байкалат. Ээрчишүүнү көрсөтүүдө зат атоочтун көптүк санынын *–(e) s* морфемасы кызмат кылат.

Кыргыз тилинде синтаксистик байланыштын түрү ат атоочтун топторунан көз каранды болот. Проф. А. Жапар ат атооч менен зат атоочтун айкашынын жардамында синтаксистик байланыштын үч түрүн бөлүп көрсөтөт:

1. *“Мен, биз, сен, силер, сиздер, ким, эмне, эч ким, эчтеме, эч кайсы, эч нерсе, ар ким, бир нерсе, бирдеме”* ат атоочтору көз каранды компоненттердин ролунда болуп, кыйыр жөндөмөлөрдүн формасында гана колдонулушу мүмкүн. Мындан сырткары илик жөндөмөдөн башка бардык кыйыр жөндөмөлөр башкаруу жолу менен семантикалык абалында зат атоочторго багынышат. Мисалы: *Мен шаарды кыдырам. Бүгүн тоого эч ким чыккан жок. Сен эч нерсени унуткан жоксунбу?*

2. *“Ал, бул, тигил, тэтигил, ошол, эмне, кайсы, эч кандай, эч бир, бардык, ар бир, кайсы бир, кээ бир, кай бир”*, ат атоочтору көз каранды компоненттердин ролунда болуп, зат атоочтор менен ыкташуу же изафеттик байланыш ыкмасы аркылуу жана алардын кээ бирлери гана башкаруу жолу менен сейрек айкашышат.

3. *“Кандай, канча, нече, канчанчы, неченчи, эч кандай”* ат атоочтору зат атоочтор менен ыкташуу жолу аркылуу айкашат. Кээде алар кыйыр жөндөмөлөр формасында кездешет, бирок бул учурда ат атооч толугу менен субстантивдешет [54:118,119].

Орус тилиндеги: *мой дом – моя книга – мое яблоко; мои дома- мои книги - мои яблоки; в моем доме- моей книги –моих яблок, этот дом – эти дома* **м**исалдарында көрсөтүлгөндөй ат атооч зат атоочтор менен род, сан жана жөндөмө аркылуу ээрчишет. Качан багыныңкы сөздөр жөндөлбөөчү *“его, ее, их”* деген ат атоочтук-сын атооч болгон учурларда синтаксистик байланыш атоочтук ыкташуу катарында төмөндөгү мисалдарда көрсөтүлгөндөй колдонулат: *его труд, ее успехи, их доблесть.*

Англис тилинде ат атооч зат атоочко “*of*“ предлогунун кошулушу менен постпозицияда турушу мүмкүн. Ыкташуу байланыш колдонулат: *a friend of mine*. Орус тилинде мындай типтеги сөз айкашына препозитивдүү сөз айкашы зат атооч менен род, сан жана жөндөмө боюнча ээрчишүүсүнө дал келет: *мой друг.* Кыргыз тилинде жөндөмөдө жана санда ээрчишүү байкалат, ошондой болсо да, ат атооч препозицияны ядродон ээлейт: *менин досум.*

Демек, ат атоочтун грамматикалык категорияларын иликтөө бизге төмөндөгүдөй бир катар корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Ат атоочтор классы жалпысынан грамматикалык сан жана жөндөмө категорияларынын болушу менен мүнөздөлөт. Бул эки категория ат атоочтун бардык эле топторуна мүнөздүү эмес. Грамматикалык сан категориясына *this* жана *that* шилтеме ат атоочтору жана жиктеме *other* ат атоочтору ээ. Сан категориясынын бир кыйла толук көрсөтүлүшүн өздүк жана күчөтмө ат атоочторунун топторунан кездештирүүгө болот, мында жекелик сандын формасы көптүк сандын формасына иреттүү түрдө карама-каршы коюлат, мисалы: *myself – ourselves, yourself – yourselves ж.б.*

Ат атоочтордун грамматикалык категориялары каралып жаткан тилдерде бир кыйла айырмаланат. Орус тилинде ат атоочтор зат атоочтор менен ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, мында алар сан, род жана жөндөмөлөрдү аныктайт, ошол эле учурда англис (жактама жана шилтеме ат атоочтордон сырткары) жана кыргыз тилдериндеги ат атоочтор род, сан жана жөндөмөдө ээрчишпейт. Ат атооч (белгисиз, суроолуу) англис тилиндегидей эле, кыргыз тилинде да зат атооч менен ээрчишпестен ага ыкташат, ошондуктан, бул көрүнүштөрдү ушул группадагы тилдердин типологиялык өзгөчөлүгү катарында кароо зарылдыгы келип чыгат.

2. 6. Сан атоочтун грамматикалык категорияларынын өз ара байланыштары

Англис тилиндеги сан атооч сан, жөндөмө жана башка морфологиялык категорияларга ээ эмес (Ilyish B.). Сан атооч конкреттүү лексикалык мааниге ээ болуу менен заттын санын эсептөөдө же заттын ирээтин билүүдө колдонулат. Алардын бир гана өздөрүнө таандык морфологиялык белгилери бар, сүйлөмдө баш жана айкындооч мүчөлөрдүн милдетин аткарат жана алар көбүнчө субстантивдешет. Бул өзгөчөлүктөрдүн бардыгы сан атоочту өзгөчө сөз түркүмү катарында көрсөтөт.

С.А. Жанботинская англис тилинин сан атоочун мүнөздөөдө сан атоочко гана таандык болгон жалпы категориалдык «жеке гана сан» маанисин белгилейт да, сан атоочтун грамматикалык белгиси катары морфологиялык категориялардын жоктугун эсептейт. Англис тилиндеги сан атоочтор өзгөчө сөз жасоочу “кошуу”, “көбөйтүү” ыкмаларына ээ: сан атооч зат атооч менен бирдиктүү синтаксистик комплексти түзөт. Сүйлөмдө сан атооч аныктооч жана баяндоочтук мүчөнүн синтаксистик позициясын ээлейт [53:22].

Англис тилиндеги сан атоочтордун топторун аныктоодо түрдүү көз караштар бар. А.И. Смирницкий иреттик сандарды “ …булар сын атоочтой эле грамматикалык өзгөчөлүктөргө ээ жана аларды сын атоочтордон айырмалоочу жана өзүнчө сөз түркүмү катарында бөлүүгө мүмкүндүк берүүчү эч кандай атайын өзгөчөлүктөр жок, демек, аларды сан атоочторго кошууга негиз жок” деп белгилейт [110:63].

Сан атоочторду эсептик жана иреттик сандарга бөлүү менен В.Д. Беленькая иреттик сандар сын атоочтордон айырмалануучу морфологиялык мүнөздөмөлөргө ээ эмес жана алар сын атоочтордун өзгөчө топтору деп эсептейт [134:50].

Бир катар башка изилдөөчүлөрдүн тобу [143:92-93; 140:73] сан атоочтордун төмөндөгүдөй спецификалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүшөт: а) эсептик сан атоочторго туура келүүчү иреттик сан атоочтор бар; б) мында сын атоочтор предметтин сапаттык белгисин билдиргендей, эсептик да, иреттик да сан атоочтор предметтердин сандык белгисин аныктайт; в) иреттик сан атоочтор эсептик сан атоочтордой эле бир гана конкреттүү зат атоочтор менен айкашат, мында сан атооч сын атоочко окшоп бардык зат атоочторду, анын ичинде абстрактуу заттарды да аныктай алат; г) эсептик сан атоочтор иреттик сан ат атоочтордой эле нерселерди эсептегенде алардын иретин көрсөтөт; иреттик сан атооч өзүнө гана таандык *–th* суффиксине ээ, бирок эсептик зат атоочторго окшоп мындай суффикстерди (*gross, score*) кабыл ала албайт; д) сын атоочтордон айырмаланып, иреттик сан атоочтор эсептик сан атоочтордой эле текстте сандык белгилер менен алмаштырылышы мүмкүн.

Сан атоочтор сөз өзгөртүүчү формага ээ эмес. Сан атоочтордо айкашуу өтө эле чектелген жана өзгөчөлөнгөн. Сан атоочтор бир гана зат атоочтор менен айкаша алат, ошондой эле, ат атоочтор менен да айкашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Сан атоочтор бири-бири менен айкашканда, сандардын жаңы лексикалык бирдиги түзүлөт, ал тутумдуу сан деп аталат. Бул кубулуш жалгыз гана сан атоочко таандык көрүнүш [14:428].

Англис жана орус тилдеринде сан атоочтордун парадигмасы эсептик жана сапаттык сан атоочтордо карама-каршы коюлат, ошол эле убакта кыргыз тилиндеги сан атоочтордун жалпы парадигмасында эсептик, иреттик жакындаштырылган, жамдама жана бөлчөк сан атоочтор катышат.

Англис, орус жана кыргыз тилдеринде эсептик сан атоочтор жана алардын типтери сүйлөм түзүүдө активдүү ролду аткаруу менен башка сөз түркүмдөрүндөгү сөздөр менен синтаксистик байланышты түзөт, ошону менен катар өзүнүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүнүн натыйжасында көбүнчө зат атоочтор менен айкашышат. Синтаксистик жактан эсептик сан атоочтор төмөндөгүчө мүнөздөлөт: а) аныкталуучу менен препозитивдүү айкашта болот; б) сүйлөмдө аныктоочтук

жана баяндоочтук милдетти аткарат; в) субстантивдешүү жолу менен башка лексика-семантикалык сөздөрдүн топторуна оңой өтөт, ошондуктан алардын сүйлөмдөгү милдеттери өзгөрөт; г) кыргыз тилинде жөндөмө-парадигмалык формалар бышыктооч катарында кызмат аткаруу менен оңой түзүлөт.

Эсептик сан атоочтордун ичинен салыштырылып жаткан тилдерде өзгөчө карап чыгууга *бир, one, один,* сөзү татыктуу. Алар полисемантикалык жана полифункционалдык болушат. *Бир* сөзү ар түрдүү сөз түркүмдөр менен айкашып сын атоочту, ат атоочту түзөт, заттын жалгыз экендигин, кыймыл-аракеттин күтүүсүз, биримдик маанисин көрсөтөт. Англис тилиндеги *one* сөзү дагы сан атоочтун, белгисиз ат атоочтун, сөздүн вариантынын жана белгисиз артиклдин милдеттерин аткарат. *One* сөзү *“адам”, “балдар”, “карыялар”* ж.б., деген сөздөрдүн ордуна колдонулат жана убакыттын маанисин билдирген (*day, morning, evening, night*) сөздөр менен айкашып, айкындоочтун милдетин аткарат. Каралып жаткан тилдердеги сүйлөмдө аныктооч катары колдонулган зат атоочторду коштоочу эсептик сан атоочтор эсептик же иреттик квантификатор-сөздөрү деп аталышат. Булар узундукту, көлөмдү, салмакты жана убакытты көрсөтүүчү семантикалык бирдиктер. Алар белгилүү жалпылыкка ээ,жана ар түрдүү тилдерде, тилдер аралык жалпы каражаттарды ачып көрсөтүүдө башкалардан айырмаланган метатилдер катарында кызмат кылышат. Мындан тышкары орус тилиндеги *один* сан ат атоочу көптүк сандагы зат атоочтордун жанында көптүк сан формасына ээ болот, бирок, бул учурда ал өзүнүн сандык маанисин жоготот да, такыр башка белгисиздик же чектелгендик касиетин кабыл алат: мис.: *Одни знакомые рассказывали (белгисиздик). Сидели одни мальчики (чектелгендик, б.а., балдар гана).*

Одни сан атоочу эсептик маанини көптүк сан формасындагы зат атоочтордун жанында турганда гана сактай алат:*одни брюки, одни часы* ж.б.

Кыргыз тилиндеги *бир* эсептик саны орус тилиндей эле белгисиздик мааниге ээ, бирок ал сан категориясынан сырткары турат. Кыргыз жана орус тилдериндеги эсептик сан атоочтор зат атоочко аныктоочтун ролунда аныкталгыч менен ар түрдүү байланышат [60:66].

Орус тилинде эсептик сан атоочтор атооч жана табыш жөндөмөлөүндө андан илик жөндөмөсүнүн формасын талап кылуу аркылуу зат атооч менен башкарылат,

ал эми башка бардык жөндөмөлөрдө зат атооч менен жөндөмөдө ээрчишет. Мында *эки, үч, төрт* эсептик сандары менен атооч жана табыш жөндөмөлөрдө зат атооч жекелик, калган учурларда көптүк санда турат.

Кыргыз тилиндеги эсептик сан атоочтор зат атоочко аныктоочтун ролун аткаруучулар аныкталгыч менен алардын айкашы бир типтүү болуп эсептелет. Бардык эсептик сан атоочтор зат атооч менен ыкташуу жолу аркылуу байланышат, жөндөмөлөр боюнча өзгөрбөйт. Бул учурда зат атоочтор дайыма жекелик сандын формасында болот. Бул жерде кыргыз тилдеги сан атоочтор сүйлөмдө аныктооч катары өздөрүнүн жөндөлүш ийкемдүүлүгүн жоготот, өзгөрбөөчү категорияга айланат жана өзүнүн касиеттерине жараша сын атоочко жакындайт.

Каралып жаткан тилдердеги иреттик сан атоочтор бир өңчөй предметтерди эсептөөдө алардын иретин түшүндүргөн айрым сан атоочтордун топтору катарында каралат. Бир катар авторлор иреттик сандарды сын атоочтун ичинде изилдешет, анткени бардык сын атоочтор катары алар сан жана жөндөмө категорияларына ээ эмес, ошондой эле сүйлөмдө алар сын атоочторго окшош кызматты аткарышат жана зат атоочтун жанында аныктоочтун ролунда (Швачко С. А., Nesfield J., Sweet H. A., Curme G. O., BelenkayaV.D.) болот деп эсептешет. Ошого карабастан көпчүлүк авторлор иреттик сөздөрдү сан атоочтордун өзүнчө бир тобу катары карашат, бул сөздөр лексикалык жактан эсептик сан атоочтон келип чыгат жана ар бир эсептик сан атоочко иреттик сандар туура келет. Эсептик сан атоочтор да, иреттик сан атоочтор да натуралдык сандар менен өз ара карым-катнашта болушат [55:342; 14:428; 65:341].

Изилденип жаткан тилдердеги факты-материалдарды негиз кылып биз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келебиз: 1) иреттик сан атоочтор каралып жаткан тилдердеги сан атоочтун айрым топторунан болуп эсептелет, анкени алар бир кыйла анык түрдөгү сандардын негизги мазмунун көрсөтүшөт: сандардын абстрактуу эмес маанисин, бирок табигый сандык тартипте жайгашкан предметтердин ырааттуулугун билдирет; 2) салыштырып жаткан тилдердеги иреттик сан атоочтордун өздөрүнө гана таандык эсептик сан атоочторго улануучу суффикстер бар: англис тилинде – *th* суффикси (*төрттөн* баштап), кыргыз тилинде – *(и) нчи,* орус тилинде – *ый, - ой* (*биринчи, -экинчи, -үчүнчү* сан атоочторунан сырткары). Англис тилинде *биринчи, экинчи, үчүнчү* деген

түшүнүктөрдү көрсөтүү үчүн *first* (*один* деген сөз менен этимологиялык жактан байланышпайт), *second* (француз тилинен келип чыккан) жана *third* (*third* байыркы англис сөзүнөн алынган); 3) англис тилиндеги иреттик сан атоочтор белгилүү жана белгисиз артиклдер менен, ал эми орус, кыргыз тилдеринде зат атоочтордун жана эсептик сан атоочтордун милдетин аткаруучу башка сөз түркүмдөрү менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ; 4) сүйлөмдө иреттик сан атоочтордун негизги милдети аныктоочтун милдетин аткаруу болуп эсептелет. Ал ошондой эле, бышыктоочтун да милдетин да аткарат. Субстантивдүү болуу менен бирге иреттик сан атоочтор зат атоочтор аткарган систаксистик милдеттерди да аткара алат: булар ээ, баяндооч, толуктооч жана бышыктоочтор болушат. Иреттик сан атоочтор киринди сөздөрдүн милдетин аткарууда да колдонулат ошондой эле эсептик сан атоочтор аталган тилдерде ар дайым зат атоочту аныктап, тактап турат.

Кыргыз тилинде чамалама сан атоочтор предметтердин жакындаштырылган же чамалаган, белгисиз санын көрсөтөт. Англис тилинен өзгөчөлөнүп, кыргыз тилинде жакындаштырылган санды көрсөтүү үчүн сан атоочтор атоочтуктардын оң жана терс формалары менен айкаша колдонулат жана кайталануучу *“миң”, “миллион”, “миллиард”* сан атоочтору, кайталануучу *“нече”* ат атооч сөзү, *–ча, -дай, -лаган, -лап, -лар* аффикстеринин улануусунун эсебинен жана алардын фонетикалык варианттарынын жардамы аркылуу жасалат, ал эми англис тилинде эсептик сан атоочтор менен модалдык *must, may + to be* этиштеринин айкашы колдонулат.

Жамдама ат атоочтор бир өңчөй саналуучу предметтердин жыйындысын көрсөтөт. Семантикалык жактан жамдама ат атоочтор заттык жана эсептик түшүнүктөрдү билдирет, ошондуктан алар өзүнөн кийин эсептелүүчү зат атоочтордун болушун талап кылбайт. Англис тилинде топ жана жамдама маанилер лексикалык жана синтаксистик жолдор менен берилет.

Изилденип жаткан тилдерде бөлчөк сан атоочтор эсептик сан атоочтордун айрым топтору катары каралат. Бөлчөк сан атоочтор абстрактуу да, ошондой эле так жана белгилүү бир санды эсептик сан атоочтор менен берилгендигин көрсөтөт.

Кыргыз тилинен өзгөчөлөнүп, англис тилинде бөлчөк сан атоочтор эсептик жана иреттик сан атоочтор аркылуу берилет.

Ошентип, сан атоочтун категорияларынын аракеттенүү чөйрөсүндө, өзүнүн генетикалык жана түзүлүштүк гетерогендүүлүгүнө карабастан, каралып жаткан тилдерде алломорфтуулук касиеттерге караганда изоморфтуулук касиеттер арбын. Балким, бул адамзаттын ой жүгүртүүсүндөгү универсалдуулук сан түшүнүгү менен жана анын ар түрдүү тилдердин системасындагы бөлүнүшү менен байланышат.

Сан атоочтор зат атоочтор менен негизги компоненттери сөз айкаштарда ядросу болгон көп кырдуу лексикалык байланышты түзөт жана зат атоочко карата сан атоочтор препозицияны ээлейт. Мисалы: *Курултайга биздин ишканадан болгону беш гана делегат катышып жатат. We came home from Mr. Boythorn's after six pleasant weeks [166].*

Англис тилиндегидей эле, кыргыз тилинде да ядролук зат атоочтор менен иреттик сан атоочтор ыкташуу жолу аркылуу айкашат, анткени акыркылары жөндөмө, сан жана таандыктык категориялар боюнча сөз өзгөртүү формаларына ээ эмес: *the first page, the first boy, биринчи барак, экинчи бала.* Кыргыз жана англис тилдериндеги бул сөз айкаштары орус тилиндеги сөз айкаштарына род, сан жана жөндөмө боюнча дал келет: *первая страница, первый мальчик, первые страницы, на первой странице – первой страницы*. Англис жана кыргыз тилдеринде ядролук зат атоочтор эсептик сан атоочтор менен ыкташуу жолу аркылуу айкашышат: *one student, бир окуучу.* Ал эми орус тилинде ушундай моделдер ээрчишүү жана ыкташууларда байкалат. Жөндөмөдөгү ээрчишүүнүн мисалдары: *один стол, одной стены, одному солнцу.* Сан атооч атооч жана илик жөндөмөлөрүндө колдонулганда гана сан атооч менен зат атооч род боюнча ээрчишет жана сан атооч зат атоочту илик жөндөмөсү аркылуу башкарат: *два стола, две комнаты*. *“Эки”* сан атоочу кыйыр жөндөмөлөрдө колдонулганда гана, зат атооч менен род жана жөндөмө боюнча ээрчишүүсү байкалат: *двух стен, двумя стульями.* Сөз айкаштарынын үлгүлөрү *“эки”* жана башка калган сан атоочтор менен биригүүсү мүмкүн эмес, ошондуктан, *“эки”* саны зат атооч жана род боюнча ээрчишет, ал эми *“үч, төрт жана андан жогорку* ” сан атоочтор менен ээрчишүү болбойт.

Атооч, илик жана табыш жөндөмөлөрүнүн формаларында турган зат атоочтордун сөз айкаштары *“үч* жана *андан жогорку”* сан атоочтор менен башкарууга ээ: *три дома, десять домов*. Эгерде *“үч* жана *андан жогорку”* сан атоочтору кыйыр жөндөмөлөрдө турса, анда бул жерде ээрчишүү жөндөмөлөрдө

байкалат. Англис тилиндеги мисалда көрсөтүлгөндөй, ээрчишүү көптүк санда орун алат: *two students*, ал эми башкаруу синтаксистик байланыштын бир түрү катары өзүнүн морфологиялык туюндурулушун жөндөмө мүчөлөрү түрүндө кабыл алат: *a twenty minutes' meeting, a two hour's flight.*

Англис тилинде сан атоочтун постпозициясы менен берилген сөз айкаштары бар. Мисалы: *Room 55, Bus 38, Page 7, Chapter 1*. Бул сөз айкаштары кыргыз жана орус тилдерине төмөндөгүдөй которулат: *элүү бешинчи бөлмө - пятьдесят пятая комната, отуз сегизинчи автобус - тридцать восьмой автобус, жетинчи барак - седьмая страница, биринчи бап - первая глава,* бул жерде ээрчишүү байкалат. Бирок, орус тилинде сандык аныктагычтары бар жаңы нерселердин жана кубулуштардын пайда болушу, модификациясын, түзүлгөн жылын, кезектүүлүгүн көрсөтүүчү аттардын пайда болушуна алып келгендигин белгилеп кетүү зарыл: *ТУ-154, Пентиум – 4.*

Демек, изилденип жаткан тилдердеги сан атоочтун парадигмасынын талдоосу көрсөткөндөй, сан атоочтун категориялары аракеттенүү чөйрөсүндө өзүнүн генетикалык жана структуралык гетерогендүүлүгүнө карабастан, бул тилдер алломорфтуулукка караганда, изоморфтуулук касиеттерге көбүрөөк ээ. Балким, бул адамзаттын ой жүгүртүүсүндөгү универсалдык сан түшүнүгү жана анын ар түрдүү тилдердин системасындагы бөлүнүшү менен байланышкан.

Экинчи бап боюнча корутунду

Демек, англис, орус жана кыргыз тилдериндеги сан атоочтун, тактоочтун, ат атоочтун жана сын атоочтун грамматикалык категорияларынын талдоосу бизге төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Изилденип жаткан тилдердеги сын атооч менен тактоочтун салыштырма даражасынын парадигмаларынын талдоосу, салыштырылып жаткан тилдердеги изоморфтуу жана алломорфтуу өзгөчөлүктөрүн компаративдүүлүктү көрсөтүү ыкмалардан табууга мүмкүндүк берет.

Ошентип, англис тилинде сын атоочтун салыштырма даражасынын – *er* жана -*est* эки суффикс–маркери бар. Жалпысынан алганда алардын ролу төмөндөп, түзүлүшү чектелген сөздөр аркылуу чектелет жана баары *more* жана *most*

аналитикалык корреляттары менен тез-тез алмаштырылат. Кыргыз тилинде – *раак* мүчөсүнөн сырткары жөндөмө мүчөлөрү да бар (чыгыш жөндөмөсүнүн *-дан* жана барыш жөндөмөсүнүн *–га* мүчөсү) атты түзүүчү –салыштыруунун объекти жана сөз жасоочу мүчөлөр болуп саналышат. Алломорфизмдин маанисиси салыштырылып жаткан тилдерде төмөндөгүчө болот. Кыргыз тилинде бардык сапаттык сын атоочтордун салыштырма даражасы синтетикалык жол менен, ал эми күчөтмө даража аналитикалык жол менен жасалса, англис тилиндеги сын атоочтун салыштырма жана күчөтмө даражалары синтетикалык жана аналитикалык жолдор менен түзүлөт. Орус тилинде салыштырма даража синтетикалык жана аналитикалык, ал эми күчөтмө даража аналитикалык гана жол менен түзүлөт.

Каралып жаткан тилдердеги сын атоочтун грамматикалык категорияларында бир кыйла айырмачылыктар бар: орус тилиндеги сын атоочтор зат атоочтор менен ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, алар род, сан жана жөндөмөлөрдү аныктайт, ошол эле учурда англис (жактама жана шилтеме ат атоочтордон башкасы) жана кыргыз тилдериндеги сын атоочтор род, сан жана жөндөмө боюнча ээрчишүү касиетине ээ эмес.

Тактоочтор сөз айкаштарындагы негизги мүчө болуу менен, каралып жаткан тилдерде тактоочтун даражасы же салыштырма-окшоштук тактооч экендиги такталууда. Сапаттык же сандык тактоочтор даражаны көрсөтүүчү башка класстагы сөздөр аркылуу аныкталууга жөндөмдүү.

Ат атоочтор классы жалпысынан грамматикалык сан жана жөндөмө категоряларынын болушу менен мүнөздөлөт. Бул эки категория ат атоочтун бардык эле топторуна мүнөздүү эмес. Грамматикалык сан категориясына *this* жана *that* шилтеме ат атоочтору жана жиктеме *other* ат атоочтору ээ.

Сан категориясынын бир кыйла толук көрсөтүлүшүн өздүк жана күчөтмө ат атоочторунун топторунан кездештирүүгө болот, мында жекелик сандын формасы көптүк сандын формасына иреттүү түрдө карама-каршы коюлат, мисалы: *myself – ourselves, yourself – yourselves ж.б.*

Ат атоочтордун грамматикалык категориялары каралып жаткан тилдерде бир кыйла айырмаланат. Орус тилинде ат атоочтор зат атоочтор менен ээрчишүү жөндөмдүүлүгүнө ээ, мында алар сан, род жана жөндөмөлөрдү аныктайт, ошол эле учурда англис (жактама жана шилтеме ат атоочтордон сырткары) жана кыргыз

тилдериндеги ат атоочтор род, сан жана жөндөмө боюнча ээрчишпейт. Ат атооч (белгисиз, суроолуу) англис тилиндегидей эле, кыргыз тилинде да зат атооч менен ээрчишпестен ага ыкташат, ошондуктан, бул көрүнүштөрдү ушул группадагы тилдердин типологиялык өзгөчөлүгү катарында кароо зарылдыгы келип чыгат.

Демек, изилденип жаткан тилдердеги сан атоочтун парадигмасынын талдоосу көрсөткөндөй, сан атоочтун категориялары аракеттенүү чөйрөсүндө өзүнүн генетикалык жана структуралык гетерогендүүлүгүнө карабастан, бул тилдер алломорфтуулукка караганда, изоморфтуулук касиеттерге көбүрөөк ээ. Балким, бул адамзаттын ой жүгүртүүсүндөгү универсалдык сан түшүнүгү жана анын ар түрдүү тилдердин системасындагы бөлүнүшү менен байланышкан.

3 -таблица.Сын атоочтун грамматикалык категорияларынын парадигмасы.

Парадигма	Грамматикалык категория		
	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
кең парадигма	салыштырма даража	салыштырма даража	салыштырма даража
	-	-	сан
	-	-	жөндөмө
	-	-	род
орто парадигма			
тар парадигма			

4 -таблица. Тактоочтун грамматикалык категориясынын парадигмасы

Парадигма	Грамматикалык категория		
	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
кең парадигма	салыштырма даража	салыштырма даража	салыштырма даража
орто парадигма			
тар парадигма			

5 -таблица. Ат атоочтун грамматикалык категорияларынын парадигмасы

Парадигма	Грамматикалык категория		
	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
кең парадигма	жак	жак	жак
	сан	сан	сан
		жөндөмө	жөндөмө
			род
орто парадигма	род		
тар парадигма	жөндөмө	род	

6 -таблица. Сан атоочтун грамматикалык категорияларынын парадигмасы

Парадигма	Грамматикалык категория		
	Англис тилинде	Кыргыз тилинде	Орус тилинде
кең парадигма	-	-	сан
	-	-	жөндөмө
	-	-	род
орто парадигма	сан		
тар парадигма		сан	

Натыйжада, грамматикалык категориялар сүйлөм мүчөлөрүнүн позициялык орун алышына таасир берүүчү бирден бир фактор болуп саналат. Предикат өзүнүн бардык грамматикалык жана лексикалык мазмундары менен бирдикте эң маанилүү, бирок синтаксистик конструкциянын жалгыз компоненти эмес, ал субъектик-предикаттык-объекттүү мамилелердин курамынын бир бөлүгү катарында каралат. Мында предикатты бир кыйла жогорку даражадагы категория катарында түшүндүрүү максатка ылайыктуу, себеби бул категорияга карата түр, мамиле, ыңгай, чак, жак грамматикалык (морфологиялык) категориялары анын белгилеринин системасы катары көрсөтүлөт. Ушундай талдоонун багытын өнүктүрүү аркылуу субъект менен объектти жөндөмө, сан жана род грамматикалык категорияларына карата жогорку категория катары түшүндүрүү менен мындан ары көңүлдүн борборунда синтаксистик конструкциянын деңгээлинде Субъект. Предикат. Объект тибиндеги категориялар аралык байланыштар бар деп

тастыктасак болот. Бирок, Субъекттин Предикаттын, Объекттин анык репрезентациясы бир кыйла төмөнкү даражадагы ылайыктуу грамматикалык категориялардын катышуусунда болуп өтөт, ошондуктан талдоо процессинде эсептөөнүн баштапкы түйүнү болбосо дагы акыркысы кароодон чыгарылбайт (схеманы караңыз).

Англис жана орус тилдеринде

Субъект	Предикат	Объект
жөндөмө, сан, род	түр, мамиле, ыңгай, чак, жак, род, сан	жөндөмө, сан, род

Кыргыз тилинде

Субъект	Объект	Предикат
жөндөмө, сан, род	жөндөмө, сан, род	түр, мамиле, ыңгай, чак, жак, род, сан

Субъекттик-предикаттык-объекттүү семантика морфологиялык формаларды жана алардын ортосундагы типтүү синтаксистик мамилелерди ичине камтуучу конструкцияда ишке ашат. Ошондуктан, категориялар аралык байланыштардын синтаксистик деңгээли мына ушул учурда басымдуулук кылганы менен, сырткы жана ички системалык таасир этүүлөрдүн көйгөйлөрүн өз ичине алат. Ошондой эле, тескерисинче, предикаттын грамматикалык категорияларынын ички системалык (жеке өз ара) байланыштарын бир гана морфологиялык деңгээлге кошууга мүмкүн эмес, бирок аны белгилүү бир деңгээлде басымдуулук кылат деп эсептесек болот (өзгөчө категориялар арасындагы парадигматикалык байланыштардын чөйрөсүн). Себеби, предикаттын этиштик категориялар системасы алардын жүзөгө ашуу процессинде жеке эмес, өз ара байланышкан. Этиштин грамматикалык категорияларынын системалары үчүн чөйрөнүн көрүнүштөрүнүн бири болуп синтаксистик конструкциялардын ар түрдүү типтери эсептелет, бул жерде ылайыктуу этиштик формалар жүзөгө ашат. Мындан сырткары чөйрөнүн башка типтери да кездешет, көбүнчө алар кептик жагдай жана контекст болуп саналат.

КОРУТУНДУ

Флективдүү жана агглютинативдүү тилдердеги маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категорияларына жүргүзүлгөн изилдөө (англис, орус жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык элементтердин оз ара байланыштары) төмөнкүдөй корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Салыштырылып жаткан тилдердеги грамматикалык категориялар бири-бири менен өз ара тыгыз карым-катнашта болот жана ич ара бири-бирине өтүү тенденциясына ээ. Мисалы, этиштин түр категориясы чак категориясы менен тыгыз байланышта; зат атоочтун сан категориясы башка сөз түркүмдөрүнүн сан категориялары менен тыгыз байланышта; жак категориясы этиштер менен ат атоочторду байланыштырат; жөндөмө категориясы атооч сөздөрдү этиштер менен этиштин атрибутивдүү формасы болгон атоочтук аркылуу байланыштырат. Грамматикалык категориялардын өз ара таасир этүүлөрү бир сөз түркүмүнүн чөйрөсүндө да жана ар түрдүү сөз түркүмдөрүнүн чөйрөсүндө да байкалат. Грамматикалык категориялардын өз ара катнашуусунун бир канча жолдору бар.

Биринчиден, форма системасына таандык болгон грамматикалык категориялардын бирөөнү көрсөтүүчү форма белгилүү шарттарда маанини көрсөтүүгө жөндөмдүү болуп, ал башка грамматикалык категорияны мүнөздөгөн маани болуп эсептелет. Мисалы, каралып жаткан тилдердеги өткөн чактын формасы этиштин шарттуу ыңгайынын грамматикалык категориясынын маанисин көрсөтүү, жагдайды сүрөттөө жана белгилөөгө багытталат б.а., мында сүйлөөчүнүн реалдуу эмес жагдайга тиешеси бар экендигин көрсөтүү үчүн колдонулат.

Экинчиден, өз ара айкалыштарга алардын туура келүүчү маанилерин жалпылаштырууга белгилүү чектөө болгондо гана категориялар өз ара таасир этишет.

Үчүнчүдөн, сүйлөмдө категориялардын сүйлөм мүчөлөрүнүн биринен болуусу, ошол эле структурада, б.а., башка категорияга тиешелүү болгон тигил же бул мүчөнүн пайда болушун шарттайт. Төртүнчүдөн, категориялардын өз ара карым-катнашы тилде качан гана ошол эле формалардын системасында мүчөлөр орун алганда пайда болот, алар өзүнүн мааниси боюнча ар түрдүү категорияларга кирет.

Англис тилиндеги бир флективдүү системанын чегинде жалгыз өткөн жана учур чактагы формалары гана болбостон, ирреалис да болот. Тил системасында категориялардын өз ара таасир этүүлөрүнүн бөлөк формалары да болуп калышы мүмкүн.

2. Семантикалык оппозиция – грамматикалык категориялардын компоненттеринин биригүү ыкмаларынан болуп саналат. Категориялдуу структурада маанилүү ролду башка ыкма – оппозитивдүү эмес айырмачылыктардын катыштары да аткара алат. Бирок, бардык эле грамматикалык категориялар грамматикалык формалардын парадигмасын түзө бербейт: сөздүн унгусу бир эле граммема менен көрсөтүлгөндө ушундай жагдайлар пайда болушу мүмкүн. Ушул сыяктуу грамматикалык категориялар бир эле сөздүн ар кандай формаларын гана эмес, ар түрдүү сөздөрдү (б.а., ар түрдүү лексемаларды) карама-каршы коёт жана алар сөз классификациялоочулар деп аталышат. Сөздөрдү классификациялоо категориясынын типтүү мисалы болуп, зат атоочтордун род категориясы эсептелет: мисалы, орус тилинде ар бир зат атооч үч роддун бирөөнө таандык болот, бирок, орус тилинде роддук парадигманы түзүү мүмкүнчүлүгү жок (б.а., роддун маанисин эркин алмаштыруу). Тескерисинче, орус тилиндеги сын атоочтордун род категориясы сөз өзгөртүүчү болуп саналат. (бул типтеги парадигмаларды салыштырабыз*: красивый-красивая-красивое* ж.б.) Негизги синтаксистик – грамматикалык категориялар болуп род жана жөндөмө (атооч сөздөрдө), мамилелер (этиште) эсептелет: род ээрчишүүнүн морфологиялык көрсөткүчү, ал эми жөндөмө башкаруунун морфологиялык көрсөткүчү менен байланышкан. Андан сырткары, жөндөмөдөй эле мамиле дагы этиштин аргументтеринин семантикалык жана синтаксистик айырмачылыктарын камсыз кылат, б.а., мындай синтаксистик маанилер ээ, толуктоочтой, жана дал ушундай агенс, пациенс, орун жана себепке окшошпогон семантикалык маанилер ж.б. эсептелет. Синтаксистик (ээрчишүү) категорияга этиштин жак, чак жана род категориялары кирет. Каралып жаткан тилдерде кездешүүчү грамматикалык категориялардын басымдуу бөлүгү семантикалык категорияларга кирет.

Каралып жаткан тилдердин ичинен англис тилиндеги зат атоочтордун өзгөчө семантикалык категориялары болуп сан жана белгилүүлүк/ белгисиздик категориялары эсептелет. Сан, белгилүүлүк/белгисиздик жана жөндөмө

категориялары өз ара тыгыз байланышат жана дайыма бирдиктүү грамматикалык көрсөткүчтөр (флексиялар) аркылуу белгиленет. Флективдүү жөндөмө жана сандык парадигмалар орус тилине таандык. Сан категориясы адатта эки граммема (жекелик жана көптүк сандар) менен берилет, бирок каралып жаткан тилдерде жуп объектерди билдирген, негизи байланышкан жуп сандагы сөздөр да кездешет (*scissors, trousers*, *губы*, *глаза*, *берега*, *ата-эне, идиш-аяк* ж.б.у. сыяктуу).

3. Флективдүү англис, орус тилдери жана агглютинативдүү кыргыз тилдериндеги зат атооч менен этиштин грамматикалык категориялары морфологиялык тилдик түзүлүшүндөгү айырмачылыктарга жана өзгөчөлүктөргө карабастан, окшоштук-семантикалык-түшүнүктүк негизге ээ, ошол эле учурда грамматикалык категорияларды лексика-грамматикалык туюндурууда өзүнүн тилдик тибинин нормативдүү белгилери пайда болот. Этиштин категориалдык маанисинин өзгөчөлүгү анын кеңири түшүнүктүк негизи жана синтаксистик багыты, анын баяндоочтук функциясы менен тикеден-тике байланышы, ошондой эле предикаттын категориялашуусунун зарылдыгы сүйлөмдүн маанисинин түзүлүшүнүн негизги фактору катары аныкталат.

4. Каралып жаткан тилдердеги грамматикалык категориялардын саны ар түрдүүчө: грамматикалык анкетасы өтө өнүккөн тилдер бар, ал эми айрым тилдерде грамматикалык категориялардын мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Грамматикалык категориялар өздөрүнүн категориалдык мүмкүнчүлүктөрү боюнча бирдей эмес. Аларды мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чоң жана кичине категориялар деп ажыратса да болот. Биз аларды *кең, орто* жана *тар* парадигма деп белгилейбиз. Тил системасында алардын ар биринин ролу башкалардан мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Ар тилдин өзгөчөлүгү ушул грамматикалык категориялардын ар биринин салыштырма салмагында ачык көрсөтүлөт. Кайсы грамматикалык категория негизги, ал эми кайсынысы анча маанилүү эмес экендиги тилдердин морфологиялык түзүлүшү менен аныкталат. Орус жана кыргыз тилдеринде *кең парадигмага* зат атоочтун жөндөмө категориясы, орус тилиндеги род категориялары кирет. Англис тилинде *орто парадигмалардын* грамматикалык категориялары болуп белгилүүлүк/белгисиздик категориялары эсептелет. Англис жана кыргыз тилдериндеги *тар парадигмалардын* грамматикалык категориясына родду, англис тилинде жөндөмөнү, ал эми орус жана кыргыз тилдерине

белгилүүлүк/белгисиздик категорияларын киргизсек болот. Биз салыштырып жаткан тилдерде этиштин чак, ыңгай, мамиле жана жак грамматикалык категорияларын *кең парадигмага* кошуу изоморфизм болуп саналат. Орус тилиндеги этиштин род жана сан категориялары *кең парадигмага*, ошол эле учурда кыргыз жана англис тилдериндеги родду этиштин категориясы катарында *тар парадигмага* кошууга болот.

5. Тилдин грамматикалык бирдиктери бири-бири менен белгилүү бир мамиледе (катнашта) болот. Бул мамилелер жуп болушат: биринчиден, бул жакын турган мамиледеги бирдиктердин ырааттуу кенен жайылган, чынжыр түрүндөгү катар байланыштары, б.а., бир сызыктуу мамиле болот; экинчиден, ошол грамматикалык класстын чегинде, бири-бири менен тыгыз байланышта болгон мамилердин бирдиктери же системалуу түр өзгөртүүчү кандайдыр бир бирдиктер (модификация), б.а., бир сызыктуу эмес мамилелер болуп саналат. Бир сызыктуу мамиле синтагматикалык, ал эми бир сызыктуу эмес мамилелер парадигматикалык деп аталат. Ошол эле бирдиктердин ар түрдүү грамматикалык маанилери сөздөрдүн формаларынын парадигматикалык мамилелеринде же синтаксистик конструкцияларында ачык-айкын көрүнөт. Мисалы, зат атоочтордун жөндөмө парадигмасында анын формаларынын ар түрдүү маанилери белгилүү болот (абстрактуу жөндөмө маанилери); этиштин учур жана келер чактагы жакталышында анын ар түрдүү жактык жана сандык маанилери көрсөтүлөт, өткөн чакта – ар түрдүү роддук жана сандык маанилери, ал эми ыңгайдын формаларынын парадигмасында – ар түрдүү модалдык маанилер (жай, шарттуулук, ниеттүүлүк), сүйлөмдүн парадигмасында алардын ар түрдүү объектилик-модалдык маанилери көрсөтүлөт.

6. Бул изилдөөнүн келечектүүлүгү (перспективасы) тилдин түзүлүшү аналитикалык-синтетикалык түзүлүшкө ык койгон флективдүү англис тилиндеги, флективдүү синтетикалык орус тилиндеги жана морфологиялык түзүлүшү боюнча агглютинативдүү тилдерге кирген кыргыз тилиндеги грамматикалык категориялар системаларынын функционалдык-семантикалык талааларын түзүүгө өбөлгө болушу менен түшүндүрүлөт. Ал өз кезегинде жалпы тил илимине, салыштырма-типологиялык, тарыхый тил илимине айрым материалдарды берип, эки тилдүү сөздүктөрдү түзүүгө, окуп-үйрөнүүгө да көмөк көрсөтөт деп эсептейбиз.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Абрамов Б.А. Теоретическая грамматика немецкого языка. – М,2001.-286 с.

2. Адмони В.Г. Грамматический строй как система построения и общая теория грамматики. – Л.:Наука, 1988. – 238 с.

3. Айтматов Ч.Т. 3 томдон турган чыгармалар. –1 бөлүк.- Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 448 б.

4. Айтматов Ч.Т. Кыямат.- Фрунзе: Адабият, 1988. –348 б.

5. Айтматов Ч.Т. Джамиля. - Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 76с.

6. Айтматов Ч.Т. Кассандра тамгасы. – 6 том, Бишкек: «Бийиктик», 2008.–274 б.

7. Алхазова Н.Д. Компаративные конструкции в современном английском языке. – В сб.: Строй и функционирование романских и германских языков (Романо-германская филология). – Кишинев:Штиница, 1982. – 123-128 с.

8. Ахматов Т.К., Давлетов С.А., Жапаров Ш.Ж., Захарова О.В. Кыргызский язык. Учебник для русских групп вузов Киргизской.ССР. – Фрунзе.: Мектеп., 1975, 43 б

9. Апресян Ю.Д. Лексическая семантика. Синонимические средства языка.- М.: Наука, 1974. – 364 с.

10. Аракин В.Д. Сравнительная типология английского и русского языков: Учеб. пособие для студентов пед.ин-тов иностр.яз. -М.: Просвещение, 1989. -2-е изд. -254 с.

11. Арутюнова Н.Д. Предложение и его смысл (логико-семантические проблемы).- М.: Наука, 1976. –383 с.

12. Бабенко Л.Г. Филологический анализ текста. Основные теории, принципы и аспекты анализа. - Учебник для вузов. - М.: Академический Проект; Екатеринбург: Деловая книга, 2004. – 464 с. .

13. Бакеев К. Кыргыз тилинин грамматикасы. I Бөлүк. Фонетика жана морфология. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1950. – 129 б.

14. Бархударов Л.С., Штеллинг Д. А. Грамматика английского языка. – М., 1963. – 428 с.

15. Баскаков И.А. Каракалпакский язык, II. Фонетика и морфология. Часть 1. – М., 1952. – 211-213 с.

16. Баскаков И.А. Каракалпакский язык, часть II. – М.: Изд-во Академии наук, 1952. – 544 с.

17. Батманов И.А. Части речи в киргизском языке. Вып.2.; Казань- Фрунзе. Киргизгосиздат, 1955.- 67 с.

18. Бекбалаев А.А. Синтаксическая номинация в современном немецком языке. – Фрунзе: Илим, 1990. – 132 с.

19. Бекбалаев А.А. Вопросы истории и теории синтаксической номинации. – Бишкек: Илим, 1991. – 162 с.

20. Белошапкова В.А, Земская Е.А, Милослаский И.Г, Панов М.В. Современный русский язык: учебник для студентов филол. спец. Университетов и педагогических институтов, М.: Высшая школа., 1975. с.261.

21. Белявская В.Г. Семантика слова. – М., 1987. – 127 с.

22. Блох М.Я. Вопросы изучения грамматического строя языка. – М.: МГПИ им. В.И. Ленина, 1976. – 108 с.

23. Блох М.Я. Теоретическая грамматика английского языка: Учебник. – 2-е изд. - М.: Высшая школа, 1994. с. 52, 234.

24. Блох М.Я. Теоретические основы грамматики. – М.: “Высшая школа” 2005. – 65 с.

25. Богородицкий В.А. Введение в изучение современных романских и германских языков. – М.: Изд-во лит-ры на иностр. яз., 1959. – 91-92 с.

26. Бондарко А.В. Грамматическая категория и контекст. – Л.: Наука, 1971.

27. Бондарко А.В. Теория морфологических категорий. - Л.: Наука, 1976.
– 255 с.

28. Бондарко А. В. Грамматическое значение и смысл. – Л.: Наука, 1978. –175 с.

29. Бубенникова О.А. О языковой ситуации в современной Англии // Германистика в России. Традиции и перспективы. Материалы научно-методического семинара. - Новосибирск, 2004. - 7-10 с.

30. Булыгина Т.В. Проблемы теории морфологических моделей. - М.,1977.с. 25.

31. Булыгина Т.В., Крылов С.А. Категории//Лингвистический энциклопедический словарь. – М., 1990.

32. Буранов Дж. Сравнительная типология английского и тюркских языков. – М: Высшая школа, 1983. – 267 с.

33. Валгина Н.С., Розенталь Д.Э., Фомина М.И. Современный русский язык.- М.: Высш. шк.., 1971. – 512 с.

34. Виноградов В.В. Русский язык (грамматическое учение о слове). - 2-е изд. – 3 изд., М.: Высш. шк., 1986. - 614 с.

35. Гак В.Г. Теоретическая грамматика французского языка.- М.: Добросвет, 2000: - 832 с.

36. Гак В.Г. О контрастивной лингвистике. – В кн.: Новое в зарубежной лингвистике. Вып. XXV. – М.:Прогресс, 1989. – 5-9 с.

37. Ганшина М., Васильевская Н. Грамматика английского языка. – М., 1974.

38. Гин Я.И. Поэтика грамматического рода. - Петрозаводск, 1992.

39. Грамматика киргизского литературного языка. Фонетика и морфология. - Фрунзе: Илим, 1987. – 402 с.

40. Грамматика русского языка, т.1.- М., 1960. –с. 8.

41. Грамматика современного русского литературного языка /под редакцией Шведовой. - М. 1970, 600 с.

42. Гумбольдт, Вильгельм фон. Избранные труды по языкознанию./Перевод с немецкого / Под редакцией и с предисловием д.ф.н., проф. Г.В. Рамишвили. - М.: Прогресс, 2000 -397 с.

43. Давлетов С. Кыргыз тилиндеги тактоочтор. -Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1960. - 79 б.

44. Давлетов С., Муканбаев Ж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1 бөлүм. – Фрунзе:Мектеп, 1982. – 141-14 6 с.

45. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: Морфология Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студенттери учун окуу китеби. – Фрунзе: Мектеп, 1980.- 235 б.

46. Даниленко В.Л. Ономасиологическое направление в грамматике. – Иркутск: Изд-во Иркут. ун-та, 1990. с. 179, 255, 266.

47. Дербишева З.К. Теоретические основы контрастивной морфологии. – Бишкек, 2000. – 218 с.

48. Джолдошбеков А.Д. Немецкие предлоги и их функциональные соответствия в киргизском языке. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 92 с.

49. Дыйканов К. Имя существительное в киргизском языке. АН КиргССР. – Фрунзе: Изд-во, 1955. – 101 с.

50. Десницкая А.В. Предисловие. – В кн.: Актуальные вопросы сравнительного языкознания.- Л.: Наука, 1989. – 3-4 с.

51. Джамашева Г З. Типологическая категория компаративности (на мат. англ. и кырг. яз): Автореф. дис. :канд. филол. наук. – Ташкент, 1989. – 18 с.

52. Дмитриев Н. К.Грамматика башкирского языка. - М.; Л.: Изд. АН СССР, 1948.- 276 с.

53. Жаботинская С.А. Числительные в современном английском языке (К вопросу о категориальном статусе): Дис. канд. филол. наук. - Киев, 1982.

54. Жапар А. Синтаксический строй кыргызского языка. Ч.1. Учебник для вузов. - Бишкек: Мектеп, 1992.- 429 с.

55. Жигадло В.Н., Иванова И.П., Иофик Л.И. Современный английский язык. Теоретический курс грамматики. - М.: Изд-во лит-ры на иностр. яз., 1956–342 с.

56. Заботина М.В. Категория временного порядка: русско-французские соответствия/М.В. Заботина//Русская и сопоставительная филология: состояние и перспективы: Международная научная конференция, посвященная 200-летию Казанского университета (Казань, 4-6 октября 2004 г.): Труды и материалы: /Под общ. ред. К.Р. Галиуллина. - Казань: Изд-во Казан. ун-та, 2004. 110-111 с.

57.Загидуллин Р.З. Теоретические и методологические основы переводческого тезауруса (на материале английского языка для специальных целей): Дисс. … док.филол. наук. – М., 1994. – 397 с.

58. Зализняк А.А. Категория рода одушевленности в русском языке // Вопросы языкознания. - М., 1964, № 1, 25-40 с.

59. Зализняк А.А. Русское именное словоизменение с приложением избранных работ по современному русскому языку и общему языкознанию.- М., 2002. с. 34.

60. Захарова О.В. Сопоставительная грамматика русского и киргизского языков. Фрунзе: Мектеп, 1965, с. 67.

61. Зуфарова Н.З. Степени сравнения и сравнительные конструкции в современном английском и узбекском языках: Дис.: канд. филол. наук. – Ташкент: Узб. ССР. Ин-т языка и лит. Им. А. С. Пушкина, 1971. – 162 с.

62. Ельмслев Л.О категориях личности-неличности и одушевленности-неодушевленности в сб. “Материалы к спецкурсу по структурной типологии языков” (сост. О.Г.Ревзина). - М: МГУ, Лаборатория структурной типологии и лингвостатистики, 1975. с. 44.

63. Емельянова О.В. Функциональная и семантическая характеристика местоимения, // Сб.: Спорные вопросы английской грамматики. ред. Бурлакова В.В. - Л.: Изд-во ЛГУ, 1988 с.

64. Иванова И.П, Бурлакова В.В., Почепцов Г.Г. Теоретическая грамматика современного английского языка.- М.: Высш. шк. 1981.- 285 с.

65. Ильиш Б.А. Современный английский язык: Теоретический курс. – 2-е. изд. испр. и доп. – М.: Изд-во лит. на иностр. яз., 1968. – 341 с.

66. Исаев Д. Кыргыз тилинин грамматикасы. 1 бөлүк. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1951.- 212 б.

67. Исаев Д., Токоев К. Кыргыз тилинин окуу китеби. 1 б. – Фрунзе, 1965. – 158 б.

68. Исхаков Ф.Г. Имя прилагательное. – В книге: Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков. Ч. 2. Морфология. – М, 1956.

69. Калыгулова С.Ш. Сопостовительные исследование наречий английского и кыргызского языков Дис. канд. филол. наук, - Бишкек, 2001-180 с.

70. Карпинская О.Г. Типология рода в славянских языках //Вопросы языкознания. - М., 1961. - № 6. 61-76 с.

71. Касевич В.А. Элементы общей лингвистики. – М.: Наука, 1977. – 183 с.

72. Касевич В.А. Семантика. Синтаксис. Морфология. -М., 1988. - 178-217 с.

73. Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 565 б.

74. Каушанская В.Л. Грамматика английского языка. Пособие для студентов пед. ин-тов. 3-е изд. – Л.: Просвещение, 1967. – 319 с.

75. Кашкин Б.В. Текстовые функции неопределенного артикля//Вестник СпбГУ, серия 2. - 1997, №1.

76. Кирилина А.В. Гендер: лингвистические аспекты. - .М.: Институт социологии РАН, 1999. – 51 с.

77. Кирилина А.В. Развитие гендерных исследований в лингвистике // Филологические науки. - 1998. – №3, 57 с.

78. Кобозева И. М. Лексическая семантика. – М.: Эдиториал УРСС, 2000. – 350 с.

79. Кононов А.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка.- М.-Л., 1960. – 187р.

80. Кошевая И.Г., Дубовский Ю.А. Сравнительная типология английского и русского языков.- М.: Высш. школа, 1980. с. 199-200.

81. Кыргызский язык: Учебник для рус. групп вузов КиргССР/Т. К.Ахматов, С. А. Давлетов, Ш.Х. Жапаров, О.В. Захарова.–Фрунзе: Мектеп, 1975.–301 с.

82. Кудайбергенов С. Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. – Фрунзе: КыргССР илимдер Академиясы, 1960. – 81 б.

83. Кубрякова Е.С. Имя прилагательное // Историко-типологическая морфология германских языков. - М., 1977. 286-352 с.

84. Лайонз Д. Введение в теоретическую лингвистику: Пер. с англ. - М.: Прогресс, 1978. – 543 с.

85. Лингвистический энциклопедический словарь. /Под ред. В. Н. Ярцевой.- М.: Сов. энцикл., 1990. – 684 с.

86. Майтинская Е.Е. Местоимения в языках разных систем. -М.:Наука, 1969. -307 с.

87. Маркус С. Грамматический род и его логическая модель. - Сб. “Математическая лингвистика” // “Мир”. - М., 1984. 122-144 с.

88. Мелиоранский П.М. Краткая грамматика казак-киргизского языка. Ч.1. Фонетика и этимология. - СПб, 1894. – 37 с.

89. Мейе А. Основные особенности германской группы языков.–М., 2003.–48 с.

90. Мельчук И.А. Курс общей морфологии. Т. II. Часть 2: Морфологические значения. Пер. с франц. - М., 1998.

91. Милославский И.Г. Морфологические категории современного русского языка. -М., 1981.

92. Набоков В. Лолита.- М., 2001.

93. Назарова Л.А. Система сравнения прилагательных в современном английском языке: Автореф. дис. :канд. филол. наук.- М., 1985, 21с.

94. Найманова Ч.К. Валентность и сочетаемость частей речи в разносистемных языках: монография. Бишкек, 2004, 44-50 б.

95. Никитевич В.М. Грамматические категории в современном русском языке. – М.:Учпедгиз, 1963. – 246 с.

96. Орузбаева Б.О. Кыргызский язык. – Бишкек, 1994.

97. Падучева Е.В. Высказывание и его соотнесенность с действительностью.- М.: УРСС. 2004, 288с.

98. Панфилов В.З. Категория мышления и языка. Становление и развитие категории качества // Вопр. языкознания. –1976. - № 6. 3-18 с.

99. Пешковский А.М. Русский синтаксис в научном освещении. – 7-е изд.– М.: Учпедгиз. 1956. – 511 с.

100. Потебня А.А. Из записок по русской грамматике. Т. 1-2. - М. / Учпедгиз, 1958.- 536 с.

101. Прокош Э. Сравнительная грамматика германских языков.-М.,1954.-408 с.

102. Пушкина Е.Н. Проблема рода в современном английском языке: Автореф. дис. … канд. филол. наук. - Горький, 1976.

103. Распутин В. Повести. – Вильнюс: Мокслас,1985. –336 с.

104. Ревзин И.И. Модели языка. - М.: Изд. АН СССР, 1962. 39 с.

105. Ревзин И.И. К типологии формы степеней сравнения в славянских языках. – В кн.: Исследования по структурной типологии. – М.:Наука, 1963. 35-41 с.

106. Реформатский А.А. Введение в языковедение. - М.: Просвещение, 1967. - 272 с.

107. Розенталь Д.Е. Словарь справочник лингвистических терминов. – М, 1985. 360 с.

108. Салькова М.А. Когнитивный аспект средств выражения темпоральности в английском дискурсе.//Вестник МГЛУ. Выпуск 460. Грамматические средства выражения когнитивно-функциональной семантики. - М, 2001. 17-26 с.

109. Симонова К.Н.Функционально - семантическое поле количественности в современном английском языке в сопоставлении с русским языком: Автореф. дис.: канд. филол. наук. - Пятигорск, 2003 - 23 с.

110. Смирницкий А.И. Морфология английского языка. – М.: Изд-во лит. на иностр. яз., 1959. - 203 с.

111. Солнцев В.М. О значении изучения восточных и других языков для развития общего языкознания//ВЯ. – 1979, № 1. – 321 с.

112. Современный русский язык, часть 2. “Высшая школа”, 1997, с. 145–150

113. Советский Энциклопедческий Словарь. – М.: 1989, 142-б

114. Стамов А. Эгиз тал.- Фрунзе: Адабият, 1988. – 416 б.

115. Талми Л. Отношение грамматики к познанию // Вестник МГУ. Серия 9. Филология, 1999. - 89 -115 с.

116. Теория функциональной грамматики: Введение. Аспектуальность. Временная локализованность. Таксис. (отв. ред. А.В. Бондарко). - Л., 1987.

117. Тимпко Л.А. Категория рода в современном английском языке: Автореф. дис. … канд. филол. наук.- М., 1970. с. 6.

118. Тимпко Л.А. Род как историческая и социолингвистическая категория. - М., 1985.

119. Толстой А. Петр Первый. –5-е изд.- Фрунзе: Кыргызстан, 1980.–748 с.

120. Уметалиева Б.Ж. Имя прилагательнгое в современном киргизском языке. – Фрунзе: Мектеп, 1965. -143 с.

121. Фортунатов Ф.Ф. Избранные труды. Т.1. – М.: Учпедгиз. 1956.- 471с.

122. Чонбашев К.С. Сопоставительная грамматика русского и киргизского языков (Синтаксис). – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 188 с.

123. Чоробаева Н.А. Кыргыз, орус жана англис тилдериндеги зат атоочторду салыштырма-типологичлык жактан изилдөө.- Бишкек, 2007 – 78 б.

124. Шахматов А.А. Из трудов по современному русскому языку: (Учение о частях речи).- М.: Учпедгиз, 1952. - 271 с.

125. Швачко С. А. Логическая и языковая категория количества. Подготовка учителя иностранного языка в педагогическом вузе//Вопросы методологии. – Киев, 1981. – С.96-102.

126. Шведова Н.Ю. Структурные схемы предложения и их регулярные реализации//Грамматика современного русского литературного языка/Отв. Ред. Н.Ю. Шведова.- М., 1970.-767с.

127. Щерба Л.В. О частях речи в русском языке // Щерба Л.В. Избранные работы по русскому языку. - М.: 1957.- 188с.

128. Штелинг Д.А. Английский артикль и его роль в грамматике текста // ИЯШ. - 1978, №6.

129. Юсупов У.К. Проблемы сопоставительной лингвистики. – Ташкент, 1983. – 135 с.

130. Эйвазов А.Г. Степени имен прилагательных в современном турецком литературном языке: Автореф. дис. :канд. филол. наук.- Баку, 1964.
131. Ярцева В.Н. Контрастивная лингвистика. – М: Наука, 1981. – 110 с.
132. Allan Keith/ Nouns and countability // Language. Vol 56. No 3. 1980. - pp. 541 - 567.
133. Balinger G.D. Nine Stories, Franny and Zoosy. Naise High the Roof Bens, Carpenters 303. – M.: Progress Publishers, 1982. – 437 p.
134. Belenkaya V.D. Modern English. Morphology. – V., 1966 - 50-52 p.
135. Curme G.O. English Grammar.-New York: Barnes & Noble, 1953. – 308 p.
136. Christie A. Sparkling Cianide. – London: Pan Books.1977.– 189 p.
137. Corbett G. Gender. - Cambridge: Cambridge University Press, 1991.p. 62
138. Gordon E.M. A Grammar of Present-day English : Parts of Speech. – M.: Higher School, 1974. - 332 p.
139. Fodor J. The origin of grammatical gender.- Lingua 8, № 1-2, 1989
140. Ilyish B. The structure of Modern English. – Leningrad, 1971.
141. Jakobson R. Zur Struktur des russischen Verbums. - Prague, 1932. - S. 74-79.
142. Jespersen O. Essentials of English grammar.- London, 1943. - 193-196 p.
143. Khaimovich B. S., Rogovskaya A course in English Grammar. – M., 1967. – P.92-96.
144. Klein J. Benachteiligung der Frau im generischen Maskulinum - eine feministische Schimдre oder psycolinguistische Realitдt? Oellers, Norbert (Hrsg.): Akten des Germдnistentags, Teil 1. Tьbingen, 1987, pp. 310-319.
145. Konishi T. The connotation of gender: A semantic differential study of German and Spanish // Word, 1994, Vol. 45, N3, pp. 317-326
146. Lakoff G. Women, Fire, and Dangerous Things. What Categories Reveal about the Mind. Chicago: The University of Chicago Press, 1987
147. Lohmann J. Genus und Sexus. Gttingen, 1960148. Maugham W. S. Rain and other short stories.- M.: Progress Publishers, 1977. – 407 p.
148. Maugham W.S. Theatre. – M.; 1979. – 150 p; Short stories. M.: Progress Publishers, 1977. – 407 p.
149. Nabokov V. The Annotated Lolita. - England: Penguin books.

150. Nesfield J. English Grammar: Past and Present in Three Parts. – London: Macmillan and Co., Ltd., 1944. – 470 p.
151. Nida E. Morphology: The Descriptive Analysis of Words. Second and Compl: New Ed. based on Actual Language Material. – Ann Arbour, 1946. – 342p.
152. Pinker, S. The Language Instinct. How the Mind Creates Language. N.Y., 1994 - 494.p.
153. Quirk R., Greenbaum S., Leech G., Svartvik J. A University Grammar of English. - Moscow, 1982. – 391p.
154. Romaine S. Communicating Gender. - London: Lawrence Erlbaum Associates Publishers, 1999. p. 97.
155. Rosch E. Principles of categorization. // Cognition and Categorization. Hillsdale, N. J.: Lawrence Erlbaum, 1975 – 98.p.
156. Segal E.: Love Story, 2006 – 206 p.
157. Sweet H. A new English Grammar: logical and historical. In 2 parts. Last ed.- Oxf., 1990. - 499 p.
158. Trnka B. Methode de comparison analitique et grammaire compare historique// Trav.de cercle Linguistique de Prague. – 1929, v.1. – 33 p.
159. The Heinemann English grammar. GB., The Bath Press, Avon, 1992, - 336p.
160. A University Grammar of English. Quirk R., Greenbaum S., Leech Y.N., Svartvik. - M.: Vysshaia skola, 1982. - 391 p.150. Wilder R. The Sea and the Stars. - N. - Y., 1967. - 207 p.
161. Wilder R. The Sea and the Stars. New York. 1967. - 207p.
162. Седельникова А.А. Порядка слов. info@krugosvet.ru 2009
163. http://www.mijnwoordenboek.nl/definition 2007
164. http://en.wikipedia.org/wiki/Lexeme 2006
165. http://www.englishbiz.co.uk/grammar/main 2007
166. www.SchoolofEnglish.org.uk